КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**ЗАРИНА КУЛБАРАКОВА**

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ТОТЕМДИК БЕЛГИЛЕРИ

*монография*

«Улуу Тоолор»
Бишкек–2023

УДК 398:821.51.0
ББК 82.3 (3 Кир)
К 90

*Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү*

*Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңешинде басмага сунуш кылынды*

**Жооптуу редактору:**
академик *А. А. Акматалиев*

**Рецензенттер:**
*Орозобекова Ж.К.* – филология илимдеринин доктору
*Көлбаева М.К.* – филология илимдеринин доктору, доцент

**Кулбаракова, Зарина Анарбековна.**
К 90 **«Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери:** (монография). – Б.: «Улуу Тоолор», 2023. – 264 б.

ISBN 978-9967-12-963-4

Китепте «Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери тууралуу сөз болот. С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин варианттары негизги, М. Мусулманкулов, Б. Сазанов, Ш. Рысмендеевдин варианттары кошумча катары каралды. Тотем жаныбарлары жана алардын тотемдик белгилеринин айырмачылыгы, диахрондук жана синхрондук абалы, архетиптик моделдери, генетикалык келип чыгышы талдоого алынды. Психологиялык, антропологиялык, тарыхый-этнографиялык көз караштарга жол берилип, комплекстүү иликтөөлөр орун алды. «Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилеринин көркөм функциясына, сюжетке, мотивке жана поэтикалык синтаксиске тийгизген таасирине көңүл бурулду.

Китеп ЖОЖдордун студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга жана жалпы эле манастаанууга кызыккан окурмандарга сунушталат.

**УДК 398:821.51.0**
**ББК 82.3 (3 Кир)**

ISBN 978-9967-12-963-4
© Кулбаракова З., 2023

## БАШ СӨЗ

Автор абдан кызыгуу жана изденүүчүлүк менен «Манас» эпосундагы жаныбарлар дүйнөсүн иликтегени бул эмгектен көрүнүп турат. Эмгекте С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин варианттарынын негизиндеги «Манас» эпосунун тексти каралып, баатырдын төрөлүшү, баатырдын үйлөнүшү, баатырдын эрдиктери жана баатырдын өлүмүнө байланыштуу сюжеттерден жаныбарлардын тотемдик белгилери жана алардын көркөм чагылдырылышы каралган. Эки вариант боюнча аталган сюжеттерде көп кездешкен жаныбарлардан образдар системасы, түш көрүү мотиви жана кырдаалдардын сүрөттөлүшү иликтенди. «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн жаныбарлар өздөрүнө көбүрөөк тотемдик белгилерди сактоо менен чагылдырылганын анализге алган. Алардын тотемдик белгилерин талдоо менен тотем жаныбары жана тотемдик белгинин айырмачылыгы аныкталган. Тотемдик белгилер менен бирге анимистик байланыштын болгонун жана алардын архетиптик модели баса белгиленген. Айрым сюжеттерде тотем менен табунун карым-катышы да белгилүү болгону көрүнүп турат.

«Манас» эпосундагы канаттуу куштар – жакшылык-жамандыктын жарчылары, жырткыч жаныбарлар коргоочулук милдет аткарган тотемдик белгилерге ээ экендиги аныкталды. «Манас» эпосундагы тотемдик белгилерди этнографиялык, тарыхый булактар, оозеки жана жазма булактар, кол-өнөрчүлүк өңүтүнөн кароо

менен синхрондук жана диахрондук абалын иликтөөгө аракет жасаган. Тактап айтканда автор эмгегинде «Манас» эпосун комплекстүү изилдөөгө алган. Тотемдик белгилердин алгачкы коомдук ишеним формасынан тартып бүгүнкү күнгө дейре этнографиялык колдонуу формасына чейин катмарланган эволюциясын көрсөтүп, аларды системалаштыруу жана жиктөө, өзгөчөлүгүн көрсөтүү максатта изилдеген.

«Манас» эпосундагы жаныбарлар жана алардын тотемдик белгилеринин өзгөчөлүгүн айырмалап көрсөтүүдө түрк тилдүү элдердин айрым эпосторуна, монгол-бурят эпосуна тарыхый-генетикалык жана тарыхый-типологиялык ыкмада салыштырган. Айрым сюжеттерге структуралык анализ жүргүзгөн. Мында да комплекстүү анализге алуу үчүн дүйнөлүк мифологиянын ракурсунан синкреттүү кароо менен талдоого алган. Мындан сырткары, М. Мусулманкулов, Б. Сазанов, Ш. Рысмендеевдин варианттарындагы жаныбарлар салыштырмалуу каралып, алардын негизинде көркөм-тематикалык классификацияны сунуштап отурат.

Жыйынтыктап айтканда, Зарина Кулбаракованын «Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери» аттуу эмгеги өз максатына жеткен, иштин актуалдуулугу, максат, милдеттери, илимий жаңылыгы да камтылган. Китептин структурасы логикалык ырааттуулук менен, тыкан түзүлгөн. Тиешелүү илимий теориялык факт-материалдардын негизинде, адис катары илимий тыянактарды чыгарган. Китеп ЖОЖдордун студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга жана жалпы эле манастаанууга кызыккан окурмандарга сунушталат.

*А.А. Акматалиев*
*Академик*

## КИРИШҮҮ

«Манас» эпосунда түркүн жан-жаныбарлар, адамдын жашоо тиричилигиндеги төрт түлүк малдан баштап, ар түркүн жапайы жаныбарларга, түрдүү мифтик жандыктарга чейин учурайт. Алардын идеялык-эстетикалык семантикасын комплекстүү түрдө изилдөө жана аны анализдөө, жиктөө бирден-бир актуалдуу илимий маселелерден. Анткени эпостаануудa жаныбарлардын образдарынын көркөм кызматын системалаштырып изилдөө да орчундуу орунда турат. Эпостук жаныбарлар тотемизм түшүнүгү менен тыгыз байланышта экендигин көрөбүз, демек ага кайрылбай коюуга мүмкүн эмес. «Манас» эпосунун башынан аягына чейинки ири сюжеттен майда окуяларга чейин, жаныбарлардын катышуусу кеңири учурайт. Алардын тотемизм элементтерин алып жүргөн айрымдары кийинки доорлордо эволюциялык өзгөрүүгө дуушар болгон. Жаныбарлардын образдарындагы мындай катмарланган тотемдик белгилер улуттук аң-сезимдин, улуттук поэтикалык-эстетикалык калыптанышында баштапкы ролду ойногон. Анткени, «Манас» эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышын жана алардын тотемдик белгилерин этнографиялык маданий-материалдык булактардан, тарыхтан, оозеки-жазма булактардан көрүүгө болот. Тарыхый өнүгүү менен катар эпикалык мурастардагы мезгилдик этаптуулукту «Манас» эпосундагы жаныбарлар дүйнөсүн иликтөө

жолу аркылуу да белгилөөгө болот. Бул – эпостун бай тилин дагы тереңдетип чечмелегенге, эпикалык образдарды системалаштырууга, тотемдик белгилерди генетикалык аңдап билүүгө, өзгөчөлүгүн белгилөөгө алып келет.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин, көчмөндөрдүн, бүтүндөй адам баласынын ааламдык маселелерин камтыган элдик эпикалык чыгарма. Учурда «Манас» эпосу ар тараптуу изилдөөгө алынса дагы аны изилдөө ишинин али чети оюла элек»[1]. Буга чейин эпостун поэтикасындагы тулпарлардын көркөм образы, көчмөндөрдүн жашоосундагы ролу, жылкы культу, каармандар менен байланышы деталдуу изилденген (Орозобекова, Ж.К. «Манас» эпосундагы тулпарлардын көркөм образы жана сыпаттоо ыкмалары [Текст]: филол. ил. канд. дисс.:10.01.09 / Ж.К. Орозобекова. – Бишкек, 1994. – 158 б.). Жаныбарларга салыштырылган каармандардын көркөм келбетин иликтөө жана айрым тотем жаныбарларын анализдөө иши болуп келген (Сарыпбеков, Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе, 1977. – 175 б.). Бирок, Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери эпостун классикалык варианттары менен бирге жазма варианттар пайда болуп, аларды көтөрмөлөө иши жайылууда. Аларда салттуу образдык туюнтмалардагы сакралдуу терең маани-мазмундар жупунуланып, улуттук идеяны бурмалоо учурлары да камтылган. Ушундай шартта С. Орозбаков жана С. Каралаевдин айтуучулук өнөрүнөн жаралган эпостун классикалык үлгүсүн жана ага катарлаш башка манасчылардын да варианттарын тереңден

[1] *Кыдырбаева, Р.З.* Эпос Манас: Генезис. Поэтика. Сказительство [Текст] / Р.З. Кыдырбаева. – Бишкек, 1996. – 22-б.

изилдөө абдан актуалдуу. Айрыкча ааламдашуу мезгилинде эпоско дүйнөлүк мифологиянын өңүтүнөн, түрк тилдүү элдердин эпосторуна салыштыруу менен комплекстүү кароо зарылчылыгы бар. Муну менен улуттук аң-сезимдин калыптаныш этабын, рухий баалуулуктун өзгөчөлүгүн терең өздөштүрүү бүгүнкү күндүн талабы.

Ошондуктан бул китепте «Манас» эпосундагы жаныбарлар дүйнөсү системага салынып, алардын көркөм чагылдырылышынан тартып көркөм функция аткарган көмөкчү каражатка чейин, тотемдик белгилеринин берилиши жана архетиптик модели изилдөөгө алынды.

# 1. «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

«Манас» эпосунун изилдениши эки тарыхый этаптан турат. Биринчиси XX кылымдын 30-жылдарынан тартып советтик окумуштуулар изилдеген этап, экинчиси 1992-жылдан тартып «Манасты» тарыхый-этнографиялык өңүттөн караган жаңы көз караштар кошулган мезгил.

*Советтик окумуштуулардын изилдөөлөрү.* Проф. П.А.Фалев «Манас» эпосундагы көркөм өзгөчөлүгүн Радловдун жазып алган материалынын негизинде алгач иликтөөгө алган. 1922-жылы «Наука и просвещение» деген журналга «О кара-кыргызском эпосе» аттуу макаласын жарыялаган. Эпикалык тилдин кандай курулганын талдоого алып, окуялардын көркөм берилишин, ыр саптардын көркөм түзүлүшүн караган[1]. Андан кийин Б. Солтоноев «Манас» деген ат менен чакан эмгек жазып, айтуучулук өнөр жана жомокчулук тууралуу сөз козгогон[2]. В.В. Бартольддун эмгектеринде эпос элдик оозеки булак катары пайдаланылган[3]. М.О. Ауэзов «Манас» эпосун өмүр бою изилдеп, эпикалык жанрына, тарыхый

[1] *Шмидт, А. Э. Профессор П.А. Фалев* (Некролог) [Текст] / А. Э. Шмидт // Наука и просвещение. – Ташкент, 1922. – №2. – С. 51-53-б.

2 *Солтоноев Белек Солтонкелди уулу* [Электронный ресурс] / Режим доступа: https://ky.wikipedia.org/wiki/Солтоноев_Белек_Солтонкелди уулу – Загл. с экрана., 1-б.

[3] *Бартольд, В. В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 52-б.

кыртышына, сюжеттерге, каармандарга, көркөм тилине көп ирет кайрылган[1]. Ал эми С.М Абрамзон «Кыргызский героический эпос «Манас» деген макаласында этнографиялык материал катары аз изилденгенин билдирген. Бул окумуштууга катарлаш А.Н. Бернштам «Манас» эпосун тарыхый булак катары карап, кыргыз элинин каада-салтын, үрп-адатын, социалдык-турмушун изилдөөдө эң негизги булак экендигин белгилеген[2]. Бул окумуштуулар албетте алгач тарыхый аспектиден карап эки тыянакка келишкен эле:

1) 820-847-жж. туура келген кыргыз урууларынын көз карандысыздык үчүн күрөшкөн мезгилин чагылдырган тарыхый повесть.

2) Эпикалык Манастын образынын негизинде тарыхый образ жатат. Ал образ элди эркиндикке бошотуу мүнөзүндөгү тарыхый башкаруучу жана 820-847-жж. дал келет.

1935-37-жж. Е.Д. Поливанов «Манас» эпосунун ири сюжеттерин которуп, поэтикалык тилине лингвистикалык талдоо жүргүзөт. Анын «Киргизский героический эпос «Манас» аттуу эмгегинде жаныбарлардын сүрөттөлүшүн туура которуу маселесин «Чоң казат» эпизодунун мисалында козгогон[3].

Б.Н. Путилов «Манас» эпосунун эпикалык айтуучулук өзгөчөлүгүн изилдеген. Ал орус тилине которулган текстти жеткиликсиз жана кунарсыз деп эсептеген.

---

[1] *Ауэзов, М. О.* Киргизский героический эпос «Манас» [Текст] / М.О. Ауэзов // Мысли разных лет – Алма-Ата, 1961. – С.453-541-б.

[2] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 3-121-б.

[3] *Поливанов, Е. Д.* Киргизский героический эпос «Манас» [Текст]: исслед. и пер. / Е. Д. Поливанов. – Бишкек: Фонд «Сорос-Кыргызстан», 1999. – 80-б.

«Манастын» эпикалык өзгөчөлүгүн таануу үчүн кол жазма нускасына кайрылуу керектигин эскерткен. «Эпическое сказительство» аттуу эмгегинде эпикалык тилди бирден-бир байыткан жаныбарлар дүйнөсүнүн катышы бар экендигин белгилейт[1].

«Манас» эпосун тектеш түрк элдеринин эпосторуна салыштыруу 1950-жылдардан кийин күч алган. Мындай окумуштуулардан Е.М. Мелетинскийди (Мелетинский, 2001), В.М. Жирмунскийди (Жирмунский, 1974), Е.А. Костюхинди (Костюхин, 1989), атоого болот. 1961-жылы «Киргизский героический эпос «Манас» аттуу илимий журналга ошол кезде олуттуу ойлорун билдирген М.Богданова[2], П.Н. Берков, М. Ауэзов[3] болгон. Алар эпостун табиятын, мазмунун жана формасын салыштыруу иретинде аныктоого аракет кылышкан. Ар бири эмгектеринде жаныбарлардын сүрөттөлүшүнө жана мотивдерде орун алган жаныбарлардын көркөм чагылдырылышына көңүл бурушкан. Айрыкча Костюхин жаныбарлар эпосу катары жөнөкөй кара сөз уңгуларынан тартып ири эпоско чейин эволюциялык жолун караган. Фольклордогу жаныбарлардын жанрдык катышын изилдеп «Манас» эпосуна токтолуп өткөн. Жалпы жаныбарлардын түрүн жана эпостогу формасын көрсөткөн[4].

---

[1] *Путилов, Б. Н.* Эпическое сказительство: Типология и этническая специфика (Исследования по фольклору и мифологии Востока) [Текст] / Б. Н. Путилов. – М.: Изд. фирма Вост. лит. РАН, 1997. – 48 с.

[2] *Богданова, М. И.* Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас» [Текст] / М. И. Богданова // Киргизский героич. эпос «Манас»: сб. науч. тр. – М., 1961. – 197-234 с.

[3] *Ауэзов, М. О.* Киргизский героический эпос «Манас» [Текст] / М.О.Ауэзов // Мысли разных лет – Алма-Ата, 1961. – 15-84 с.

[4] *Костюхин, Е. А.* Типы и формы животного эпоса [Текст] / Е. А. Костюхин. – М.: Наука, 1987. – 270 с.

«Манас» эпосуна адабий талдоо, фольклордук сын көз караш айткан муун 1960-жылдардан кийин пайда болгон. Жарыялап чыгаруу ишин Б. Юнусалиев колго алып, С. Орозбаков менен С. Каралаевдин орток варианттары чыккан. С. Мусаев да эпостун басылышына бир кыйла демилгелүү эмгектерди жасаган. «Манас» эпосунун сюжетине сүңгүп кирип тилинен баштап идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүнө чейин маселелерди изилдеген Р.З. Кыдырбаева (Кыдырбаева, 1996), К.А. Рахматуллин (Рахматуллин 1968), Р. Сарыпбековдорду (Сарыпбеков, 1987) айтууга болот. «Алмамбеттин образынын эволюциясы» аттуу эмгегинде Р. Сарыпбеков ар тараптуу изилдеп, каармандын жаралышына жана образ катары түзүлгөн формасына жаныбарлардын да көркөм кызматы бар экендигин белгилейт. Жырткыч жаныбарга салыштыруу менен Алмамбеттин образынын ачылышына көмөкчү болгонун айтат[1]. Булардан жаныбарлар дүйнөсүнө кеңири токтолгон окумуштуу-манастаануучу Р.З. Кыдырбаева образдар системасын, баатырдын образын алгылыктуу изилдөөдө жаныбарларга салыштыруу иретинде көркөм сүрөттөлүп берилгенин белгилеген жана баатырдын минген атын талдоого алган (Кыдырбаева, 1996). Мындан сырткары окумуштуу эпостун генезисин изилдеп мифтик көз караш менен бирге мифтик жандыктардын сакталып калганын баса белгилейт жана алардын көркөм сүрөттөлүшү менен поэтиканы байытканын айтат (Кыдырбаева, 1996). Илимпоз түрк элдеринин эпосторунда адамдын кебетесин тотем болуп калган жаныбарлардын кебетеси менен кошуп,

[1] *Сарыпбеков Р.* «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим, 1987. – 12-б.

аралаштырып сүрөттөө адаттагы көрүнүш экендигин баса белгилейт[1]. Ал эми К. Кырбашев 1983-жылы «Манас» эпосунун стили» аттуу эмгегинде эпостун сюжеттик курулушу, окуянын жүрүшү жана берилиши борбордук каарманга бекем байланып, экинчи пландагы каармандар аны менен байланышып окуялар сериясы уланаарын айтат. Каармандар менен бирге алардын минген аттарын иликтөөгө алган[2].

Э. Абдылдаев «Манас» эпосунун мифтик катмарларын изилдеп, жаныбарлар дүйнөсүнө токтолуп өтөт. Кайберен, Алп кара куш, Кумайыкты генетикалык жактан изилдеп түрк-монгол мифологиясы менен эпосторуна салыштырган[3]. Ал эми этнографтардан жаныбарларга көп кайрылган И. Молдобаев. Г.Н. Потаниндeн кийин эле казак эпосу «Талас пай мергенди» изилдеп Ир-Гокшенин образында «Манас» эпосундагы Көкчөгө окшош тарабы бар экендигин жана анын уулу Ир-Манас Манаска үндөшүп кетерин айткан. Ир-Манастын Как-кул аты да Ак куладай зор ат болуп сүрөттөлөт. Токрау районунда көчүп-конгон казактар да Ир-Гокшенин уулу Ир-Манас болгонун ырасташып, чоң көлөмдө таканын изи калып калган жерди көрсөтүшүп Как-кул аттын изи деп айтышыптыр[4]. Окумуштуу С. Орозбаковдун вариантын комп-

[1] *Кыдырбаева, Р. З.* Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 6-б.

[2] *Кырбашев, К.* «Манас» эпосунун стили (С.Орозбаков, С.Каралаевдин варианттары боюнча) [Текст] / К. Кырбашев. – Фрунзе: Илим, 1983. – 54-б.

[3] *Абдылдаев, Э.* «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 81-б.

[4] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 93 с.

лекстүү изилдөө менен мифтик жандыктарды талдоого алган, бирок генетикалык түбүнө терең иликтөө жүргүзбөстөн тарыхый-типологиялык изилдөө менен чектелген, тарыхый булактарынан издеген. И. Молдобаев «Манас» – историко-культурный памятник кыргызов» – деген эмгегинде төмөнкүчө пикир келтирген: «Не выяснено, каким образом появились в строках эпоса такие названия неизвестных животных, как баяс, жабыр баян, кылыч куйрук и другие»[1]. И. Молдобаев мыкты этнограф окумуштуу катары «Манас» эпосундагы тотемдик белгилерди катмарланган тарыхый кыртышын калдыгы катары карап, бирок алар кыйла өзгөрүүгө учурап көркөм поэтикага айланганын айтат. Мындай көз караш менен кыргыздардын исламга чейинки ишенимин, дүйнөгө болгон көз карашын талдай билген.

Кийинки изилдөөлөрдөн Ж. Орозобекованын «Культ коня в художественном составе эпоса «Манас» аттуу эмгегин айтууга болот. Эпостун поэтикасындагы тулпарлардын образын архаикалык катмарынан тартып баатырдын мине турган атына чейинки эволюциясын караган. Көркөм образын, көчмөндөрдүн жашоосундагы ролун, жылкы культун, каармандар менен байланышын деталдуу изилдеген[2]. «Манас» эпосуна тил аспектисинен изилдөө жүргүзгөн Г. Кушбакова «Зоонимия кыргызского языка» аттуу эмгекти жазган. Эмгегинде жаныбарларга коюлган аттарды, алардын ичинен жылкыларга коюлган аттарды системалаштырып чыккан. Жаныбардын мүнөзүнө, дене түзүлүшүнө, түрүнө, метафоралык

---

[1] Жогорудагы китеп, 93-94-б.

[2] *Орозобекова, Ж. К.* «Манас» эпосундагы тулпарлардын көркөм образы жана сыпаттоо ыкмалары [Текст]: филол. илим. канд. ... дис.: 10.01.09 / Ж. К. Орозобекова. – Бишкек, 1994. – 158-б.

мотивировкасына жана лексика-синтаксистик, мифонимдик аталыштарга жараша классификациялаган[1].

Адабиятчы окумуштуулардан тотемизмге жана тотемдик белгилерге А. Акматалиев (Акматалиев, 2016), Л. Үкүбаева (Үкүбаева, 2004) токтолгон. Окумуштуулар Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жаныбарлар дүйнөсүн, аларга тиешелүү уламыштарды кароо менен жазуучунун руханий азыгы «Манас» эпосу болгон деп белгилешкен.

*Чет элдик окумуштуулардын изилдөөлөрү.* Тотемизм дүйнө элдеринин бардык тарыхый ишениминде кездешкен дүйнө таануу формасы. Аны ар тараптуу изилдөө XIX-XX кылымдарда башталган. Тотемизм термини түндүк Америка индеецтеринин тотем уруусунун атынан алынган. 1869-жылы Макк Ленан биринчи жолу тотемди жана тотемизмди эскерип, батыш Британ журналдарына жарыялаган. Ошондон улам илимге (тарых, этнография, антропология, фольклор, психология) тотем жана тотемизм түшүнүгү болуп кирген. Кийинки олуттуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн Робертсон Смит болгон, андан кийин анын жолун улаган жана теориялык негизин түзүп психология менен байланыштырган ири изилдөөчүлөрдөн Дж. Фрэзер (Фрэзер, 2001) жана Джевонс чоң салымдарын кошкон. Тарыхый, фольклордук жана антропологиялык аспектиден теориясын иштеп чыккан Зигмунд Фрейд «Тотем и Табу» китебин жазган. Австралиялык урууларды изилдөөдө Говит жана Файзон тотемдик ишенимдер боюнча баштоочулардан болсо, кийин XX кылымда алардын жолун улап теориялык жана илмий негизин түзгөндөр Б. Спинсер жана Гиллен салымдарын

[1] *Кушбакова, Г.* Зоонимия кыргызского языка: на материале эпоса «Манас» [Текст] / Г. Кушбакова. – Бишкек: Общественный фонд «Билге», 2015. – 119 с.

кошушкан. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк илимде тотемизм тармагынын теориялык жана илимий методологиялык негиз катары бул изилдөөчүлөрдүн эмгектери негиз бойдон калууда. Айрыкча кийинки мезгилдерде Э. Тайлор (Тайлор, 1989.) тарых жана фольклор жаатында илимий теориялык калыбын иштеп чыгып олуттуу салымын кошту. Джон Пауль Рокс, Ж. Пиклер, В. Сомло да тотемизмдин көп катмардуу жана көп кырдуу көз караштагы теорияларын алдыга коюшкан. Алар тотемизмди белгиден, символдон келип чыккан белгилер системасы деп аташкан[1].

Дүйнөлүк эпосторду анын ичинде түрк элдеринин эпосторуна кайрылуу менен тотемизм системасын изилдеген изилдөөчүлөрдөн Проппту, Структуралист Клод Леви-Строссту айтууга болот. Түрк элдеринин эпикалык чыгармаларын изилдөөдө тотемизмге токтолгон окумуштуулардан Бахаеддин Өгел (Ögel, 2010), Өзкул Чобаноглу (Çobanoğlu, 2003) болгон. Албетте бул окумуштуулар салыштыруу иретинде «Манас» эпосуна токтолуп өтүшкөн. Бирок жаныбарларга деталдуу токтолуп, тарыхый-генетикалык аспектиден иликтөө жетишсиз болгон.

К. Райхл (Райхл, 2008), С.М. Боура (Боура, 2002), Т. Хатто (Хатто, 1977) эмгектеринде «Манас» эпосунун ар кыл маселелерин козгоп, жаныбарлардан жылкыларга көбүрөөк токтолуп, жылкыга каармандардын анимистик жакындыгын көчмөндүн бирден-бир өзгөчөлүгү деп эсептешкен[2] [135, 28-б.].

Жалпысынан алганда буга чейин «Манас» эпосунун поэтикасын иликтөөдө, этнографиялык булак катары

[1] *Фрейд, Зигмунд,* Тотем и табу. Психология первобытной культуры и религии [Текст] / Фрейд Зигмунд. – М.: Олимп-Аст, 1997. – 10-25 с.

[2] *Райхл, К.* Тюркский эпос: Традиции, формы, поэтическая структура [Текст] / К. Райхл. – М.: Вост. лит. РАН, 2008. – 28 с.

пайдаланууда жана образдар системасын иликтөөдө же эпикалык катмарларын анализдөөдө, манасчылык өнөрдүн өзгөчөлүгүн көрсөтүүдө жаныбарларга кайрылуу болгон. Айрым жерлерде анализге алынган. Жылкы культуна жана баатырдын аттарына көбүрөөк басым жасалып изилденген. «Манас» эпосундагы бүтүндөй жаныбарларга системалуу изилдөө иши жана алардын тотемдик белгилерин алып чыгуу анализи жетишсиз болгондугу байкалып турат. Ошондуктан жаныбарларды комплекстүү түрдө иликтөө, дүйнөлүк мифология менен түрк тилдүү элдердин эпосторунун көркөмдүк өңүтүнөн карап өзгөчөлүгүн аныктоо деңгээли актуалдуу бойдон кала берген.

## 2. «МАНАС» ЭПОСУНУН СЮЖЕТИНДЕГИ ЖАНЫБАРЛАРДЫН КӨРКӨМ ФУНКЦИЯСЫ, ТОТЕМ ЖАНА ТОТЕМДИК БЕЛГИНИН АЙЫРМАЧЫЛЫГЫ

«Манас» эпосундагы жаныбарлар дүйнөсү баатырдын ата-теги, баатырдын балалык чагы, баатырдын үйлөнүшү, баатырдын эрдиктери, баатырдын өлүмү аттуу ири сюжеттик линия менен каралды. Алардын алган орду жана көркөм чагылдырылышын иргеп изилдөө талап кылынат. Анткени жаныбарлар дүйнөсү эпостун башынан аягына чейин кездешет жана жеке жаныбардын көркөм портретинен тартып көркөм функция аткарган көмөкчү каражат катары да кызмат аткарганын көрүүгө болот. Алардын ар бири сюжеттик окуяларды курчутуп, эпикалык тилди байыткан жана айрымдары тотемдик белгилерди сактап калган. Алгачкы коомдун көз караш ишеними болгон тотем жаныбарларынын издери жана андан бери келген маданий-социалдык катмарланган кыртыштары эпосто сакталып калган.

С. Орозбаков жана С. Каралаевдин вариантындагы «Манас» эпосунда түркүн жан-жаныбарлар – адамдын жашоо тиричилигинде олуттуу орунда болгон төрт түлүк малдан баштап, ар түркүн жапайы жан-жаныбарларга, түрдүү мифтик жандыктарга чейин учурайт.

**Баатырдын ата-теги сюжети.** С. Орозбаковдун вариантында Жакыптын Алтай жергесинде сансыз малын, жылкысын жайып жашап турганы баяндалат. Үй

жаныбарларынан жылкы, кой-эчки, төө жана алардын балдары саналып өтөт. Алтай жергесинин пейзаждык сүрөттөөлөрүнөн илбирс, сүлөөсүн, канаттуудан каз-өрдөк айтылат. С. Каралаевдин вариантында болсо Алтай жергесинин пейзаждык сүрөттөлүшүнүн деталдуу берилгенин көрө албайбыз. Жакыптын сансыз мал-мүлкү, мал-жаны, сан кара деп айтылып, жапайы жандыктар пейзаждык сүрөттөөдө орун алган эмес.

**Баатырдын балалык чагы сюжети.** С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин вариантында баатыр төрөлөөр алдында кытай каны Эсенкан түш көрөт, түшүндө тактысынын башына зор канаттуу бүркүт келип конот. Түшүн «кыргыздан кыраан чыгат» – деп аярлары жоруп, кытай колу тынчсызданып калат. Баласыздыктан зар какшаган Жакып менен Чыйырды да түш көрүп, түшүндө Жакып барчын бүркүттү колуна кармап салбырынга чыгат. Бүркүттөн жан-жаныбар сестенип качат. С. Орозбаковдо Жакып бала бүркүттү тапка келтирет, С. Каралаевде колуна кондуруп аңчылыкка чыгып кетет. Ал эми Чыйырдынын түшүнө С. Орозбаковдо ак селдечен карыя кирип ак алма берет, алманы жеген Чыйырдынын ичи толуп, бою узарып ажыдаар ышкырып чыгат. Ал дүйнөнү оп тартчудай ызгаар менен жер-жүзүнө көз салат. С. Каралаевде Чыйырды ак шумкарды көргөнүн Жакыпка айтат. Бирок деталдуу берилген эмес. Бул сюжетте түш көрүү мотиви менен бирге бүркүт, барчын бүркүт, ак шумкар, ажыдаар берилген.

**Баатырдын үйлөнүшү сюжети.** Эки вариантта бирдей бала Манастын майда эрдиктери айтылат. Ошпур койчуга берилип, козу кайтарган Манас кытай-калмак 40 баланы чогултуп оюн курат. Кол салган кытай колун

кайрып, кытай балдарын сабап өзүнө караттат. Бул кичи сюжетте Манас кырк чилтенге (бөрүгө айланган касиети бар) жолугуп алардан колдоочулук алат, шер атанат. Кийинки кичи сюжеттерден баатырдын атрибуттарына ээ болуучу типтүү мотивдерден Манас Ак кулалуу жана ак шумкардуу болот. С. Орозбаковдо Манас төрөлгөн учурда эле Ак кула да бир убакта туулат. С. Каралаевде Кула бээ кулун тууп, Торучаар Манастын Ак куланы данга алмаштырып алганга чейинки минген аты болот. Кумайыктуу болушу жана аны Каныкейге бактырышы да бул ири сюжеттин ичинде.

**Баатырдын эрдиктери сюжети.** Көкөтөйдүн ашы, Кичи казат жана Чоң казат эпизоддору бул ири сюжеттин негизги окуяларын түзөт. Бул эпизоддордо образдардын сүрөттөлүшүндө жана баатырлардын эрөөлүн, согуш талааларын баяндаганда жырткыч жаныбарлардан арстан, жолборс, кабылан, каман, аюу, илбээсин, бөрү, куу түлкү, кулжа, теке, бугу-марал, бүркүт, тоту, ак куу, каз-өрдөк, жагалмай, карга-кузгун кездешет. Мифтик жандыктар С. Каралаевдин вариантына караганда С. Орозбаковдо арбын. Алар: Адам балык, Адамжаба, Адамуш, Ажыдаар, Ажына, Алп кара куш, Асанаш (жалкы мүйүз), Баяндас, Заңгар, Асылгыям, Жабыр баян, Чаюш (сыйкырдуу пил) ж.б. Көпчүлүк терс образдар жырткыч жаныбарларга жана мифтик жандыктарга салыштырылып айтылат. С. Каралаевде Малгын, Мадыкан дөөлөр жырткыч жаныбарларга салыштырылат. Алардын жеңилбес күчүн көрсөтүү максатта жаныбарлар көбүрөөк көркөм функция аткарып калган.

**Баатырдын өлүмү сюжети.** Манас Чоң казатта жарадар болгондо эки вариантта тең Каныкей түш көрөт. Түшүндө бүркүт боосун тытып көккө учат. Бул түш

көрүү мотивинде да баатыр бүркүт аркылуу элестүү чагылдырылган.

Жогорудагы ири сюжеттерде алган орду жана аткарган көркөм кызматы боюнча жаныбарлардын тотемдик белгилеринин эң көп кездешкени төмөнкү сюжеттик линия ичиндеги үч тематикада каралды:

**Мотивдер:** түш көрүү мотиви

**Образдар системасы:** каарманды сүрөттөөдө

**Кырдаалды сүрөттөө:** согуш көрүнүшү, баатырлардын эрөөлү ж.б.

**1.Мотивдер.** Түш көрүү, ата менен баланын мамилеси, баатырдын төрөлүшү, баатырга ат коюу, баатырдын үйлөнүшү мотивдеринде жаныбарлардын сүрөттөлүшү арбын кездешет, салттуу поэтикалык формулаларга терең сиңип, көркөм эпикалык тексти байытып, көркөм сүрөттөлүп берилген. Жаныбарлардын ичинен канаттуулар тынымсыз кайталанып берилген, түш көрүү мотивинде басымдуулук кылат.

«Манас» эпосунда негизги сюжеттик линияны курган, эң ири түш көрүү мотивдери Жакыптын түшү (Чыйырдынын түшү), Эсенкандын түшү, Манастын түшү, Каныкейдин түшү болуп эсептелет. Жакыптын түшү менен Эсенкандын түшү Манастын төрөлүшү жана балалык чагындагы сюжетте, Манастын түшү Алмамбеттин окуясында, Каныкейдин түшү Кичи казатта – Манастын Четбээжинге кеткен сюжетте кездешет. Бул түштөрдө жогоруда белгилеп өткөндөй көбүнчө жаныбарлар чагылдырылат. Жаныбарлардын ар бирөөсүнүн өзгөчө белгилери бар жана түштү, аянды билдирген жалпы типологиялык окшоштуктарды камтыйт. Мисалы Жакыптын[1]

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 57-б.

жана Каныкейдин[1] түшүндөгү бүркүт, Манастын түшүндөгү[2] жолборс кыраакылыктын жана күчтүүлүктүн символу катары чагылдырылат. Бирок тотемдик белгилери боюнча бири-биринен өзгөчөлөнүп турат. Жолборс эр жүрөк башкаруучу болсо, бүркүт эркиндиктин жарчысы. Жаныбарлардын бул белгисин кыргыз уруулары ардактаган жана чыгаан баатырларын аларга салыштырып айтышкан. Түштөгү жаныбарлар башкы каармандардын гиперболалык образын алдын ала ачып берүүгө негиз салып турат. Ошондой эле баатырды жолборс, бүркүт, кабылан, бөрүгө салыштыруу күчтүү жана жеңилбестигин аллегориялык мааниде билдирет. Аян түштө басымдуулук кылган канаттуулардын бири – бүркүт. Ал мотивди ары сырдуу, ары коогаландуу кылып көркөмдөгөн.

**Бүркүт** – кыргыз элинде кыраакылыкты, эркиндикти, күчтүүлүктү жана кайраттуулукту билдирет. Ал куштардын төрөсү. Мергенчилердин дайыма аңчылыка алып чыккан алгыр кушу. Кушту бапестеп баккан. Бүркүттүн түшкө кириши баатырдын төрөлүшүнөн кабар берип турат. Жөн бала эмес бүркүт сымал кыраакы, күчтүү жана журт бийлеген азамат төрөлөөрүнөн алдын ала айтат. Бул жерден төрөлө элек баатыр баланын руханий дүйнөсү менен бүркүт анимистик байланышта болгонун көрүүгө болот жана анын күчтүү, кыраакылык белгилери аркылуу чагылдырылган.

С.Орозбаковдун варианты боюнча Жакыптын (С.К. шумкар, куш), Чыйырдынын (С.К. куш), Каныкейдин (С.К. бүркүт) түш көрүүлөрүндө бүркүт аркылуу болочоктогу баатырдан кабар берет. Түш көрүү мотивинде бүркүт

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – I-т. – 61-б.

[2] Жогорудагы китеп, 35-б.

көркөм элестүү боёкчо берген, анын бала Манастын ортосундагы руханий байланышын чагылдырууда. Бүркүттүн көркөм сюжеттеги ордуна карата тотемдик белгилери – колдоочулук, көк жиберген кабарчы, руханий жан.

**2. Образдар системасы.** Каарманды сүрөттөөдө көбүнчө баатырдын сүрөттөлүшү менен байланыштуу. Баатырдын (мейли антагонист каармандар болсун) сырткы портретин сүрөттөөдө: күчтүүлүгүн, жеңилбестигин, кайраттуулугун жана психологиялык портретин сүрөттөөдө: ак көңүл, күйүмдүү, айкөлдүгү жаныбарлардын образына салыштырылып баяндалат. Манастаануучу – илимпоз Раиса Кыдырбаева түрк элдеринин эпосторунда адамдын кебетесин тотем болуп калган жаныбарлардын кебетеси менен кошуп, аралаштырып сүрөттөө адаттагы көрүнүш экендигин баса белгилейт[1]. Каармандардын образын жаратууда тотемдик белгилер баатырдын образын ачып берүүдө өзгөчө көркөм функцияларды аткарат.

Манас, Алмамбет, Сыргак, Чубак баатырлардын сүрөттөлүшү **бүркүт, шумкар, жолборс, кабылан, бөрү** жаныбарларынын тотемдик белгилери менен коштолот. Бул белгилер салыштыруудан мурун эпитет катары көркөм функциялык кызматты да аткарат. Кабылан Манас, Арстан Манас, Көк жал Манас, Арстан Бакай ж.б. Баатырдын атын даңазалап, тотемдик ишенимдин боёкчосу менен ошол жаныбардын белгиси аркылуу образын ар тараптуу ачканга көмөкчү болот. Ал дайыма салттуу поэтикалык формула катары эпостун башынан аягына чейин кездешет. Аккуланы данга алмаштыруу

---

[1] *Кыдырбаева, Р. З.* Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 6-б.

эпизодунда жол жүрүп келе жаткан Манас чоң дөбөгө чыгып уктап калат. Ошондо аны Карача көрүп ойгото албай кыйналат:

*Оң жагында жолдошу,*
*Арылдап жанын жаланган,*
*Ач арсланы бар экен,*
*Арслан тийсе оң кылбас,*
*Айкырып турса бул адам,*
*Баарыбызды соо кылбас[1].*

**Арстан** баатырдын жанында колдоочу болуп, анын тотемдик белгиси айбаттуулук, күчтүүлүк аркылуу баатырдын образын жеңилбес катары сүрөттөп берүүдө. Ал эми баатырды сүрөттөөдө дайыма коштоп жүргөн салттуу поэтикалык формула катары да арстан, кабылан менен сүрөттөлөт:

*Арт жагына караса,*
*Арстандай жалы бар экен,*
*Сыягы бүтүн заары күч,*
*Катылганды кылат түз[2].*

Бул саптардан Манастын арстандай жалы болгондугун жана арстанга салыштырылып айтылганын көрүп олтурабыз.

Манас баатырдан башка дагы эпикалык каармандар **ажыдаар, жылан, үкү, керик, качырга** салыштырылып, алардын тотемдик белгилери менен сыпатталат. Мисалга Коңурбай эр сайышта ажыдаарга, Жолой аңкоо төөгө, Эсенкан ышкырган жыланга ал эми Алмамбет

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 345-б.

[2] Жогорудагы китеп, 345-б.

менен Сыргактын чалгынында Малгун дөө качырга, букага салыштырылат.

*Качыр сымал Чоӊ Малгун,*
*Алышканды түк койбойт,*
*Бир чочконун этине,*
*Бир жегенде түк тойбойт*[1].

Бул ыр саптарда «Чоӊ казат» эпизодундагы дөөлөрдүн чабуул менен кирип келген жери баяндалган. Алардын дөөлүк сапатын сүрөттөөдө качырга салыштырылып душмандын колун дагы да каардуу көрсөткөн. Бул сыпаттоолор окуянын жүрүшүндө образды көркөм сүрөттөө максатында бекемделип берилген. Жаныбарга салыштыруу менен Малгундун эки эсе күчтүүлүгү артып, качырдын сапатын алган, алышканды түк койбогону менен мүнөздөлөт. Малгун менен Мадыкан дөөлөр «Манас» эпосунда качыр жана бука минип адам кейпин көбүрөөк алган, демек, эволюциялык өзгөрүүгө учураган.

Эпосто, адам колуна үйрөтүлгөн жаныбарлар менен анимистик алакасы тыгыз болгон. Алсак ит, ат жана куш. Алар пир тутуп ит төрөсү Кумайык, куш төрөсү Буудайык, жылкынын колдоочу пири Камбар Ата бар деп берилет. Манас менен **Ак кула**, **Кумайык** жана **Ак шумкар** кандайдыр бир анимистик байланышта болгондой сүрөттөлөт. Айрыкча баатырдын образы минген аты Ак куланын сүрөттөлүшү менен көркөм баяндалып берилген. Албетте баатырдын мындай атрибуттарынын болушу типтүү мотивдерден, бирок алардын түпкү тамыры тотемдик ишенимге барып такалаарын баамдадык. Бул боюнча үчүнчү бөлүмдө айтылат.

[1] Жогорудагы китеп, 658-б.

Образдар системасында жаныбарлардын, айрыкча: жырткыч-арстан, жолборс, бөрүлөрдүн образды сүрөттөөдө көркөм салыштыруу каражаты катары кызмат аткарганын көрдүк. Алардын деңгээли ар кандай кездешет. Манастын образы жырткыч жана мифтик жандыктар менен сүрөттөлсө, Алмамбеттики көбүнчө бөрүгө (СОВ) салыштырылып айтылган. Душмандардын колу терс ипостаска ээ жаныбарлар менен баяндалып берилген. Тактап айтканда ички психологиялык жана каармандын сырткы портретинин түзүлүшүндө жаныбарлар көркөм функциялык кызмат өтөгөн. Бул көркөм функциясы аркылуу тотемдик белгилерди көрүүгө болот.

**3. Кырдаалды сүрөттөө.** Ал эми кырдаалды сүрөттөөдө көбүнчө баатырлардын эрөөлүндө (Кошой менен Жолойдун күрөшү, Манас менен Коңурбай, Алмамбет менен Мадыкан дөө), жортуулда, чоң казатта жаныбарлар жана алардын тотемдик белгилерин кездештирүүгө болот. «Чалгын» эпизодунан Алмамбет менен Сыргактын алдынан куу түлкү, куу өрдөк жана кубулган кулжа чыгат. Алар бардыгынан кабар алып турган чалгынчы, жолдон адаштырган жана адамга кубулган сыйкырдуу жаныбар болот. Дүйнөлүк мифологияда түлкү байыркы тотем болгон, кулжа көчмөн түрк урууларында жана кыргыз элинде жалпы ат менен кайберендер түркүмүнө кирет. Бирок түлкүнүн терс сапатынан улам душмандарга кызмат кылган жаныбар катары сүрөттөлгөнүн байкоого болот. Хоорай элинде (хакас эли) аркар-кулжа, эчки-теке мергенчилерди алдап чытырман токойго алып кирген касиетке ээ жаныбар катары «Маадай кара» эпосунда, «Пайның аңчы» жомогунда кездешет[1]. Албетте

[1] *Бутанаев, В. Я.* Мир Хонгорского (хакасского) фольклора [Текст]: моногр. / В. Я. Бутанаев, И. И. Бутанаева. – Абакан.: Изд-во Хакас. гос. ун-та, 2008. – 42 с.

Сибирь чөлкөмүндөгү тектеш түрк элдеринде тотемдик ишеним белгилери көбүрөөк сакталып калган. Ал эми «Манас» эпосунда Эсенкандын сөзүн туюп турган бул жаныбарлар каарманды, кырдаалды сүрөттөөдө же мотивди курчутууда көркөм функция аткаруу менен анимистик белгиге өтүп кеткен. Анткени кытай колу ыйык туткан жандыктар деп баяндалат.

Ал эми жапайы жаныбарлар, айрыкча кабылан, бөрү, жолборс, арстандардан адам баласы корккон жана жаратылышта күчтүү жандык катары карашкан. Алардын мүнөзүн өз кан-жанына сиңирип алууга умтулушкан жана тотем тутуп аяр мамиле кылышкан. Бул ишеним эпосто белги жана символ катары, метафора жана салыштыруу иретинде кездешет. Буларга көңүл буруп карабастан эпостун поэтикасын, көркөм сөз каражаттарын, этнографиялык баалуулуктарын, улуттук негизин, тотем жаныбарларынын генетикалык тамырын дароо изилдөөгө алуу мүмкүн эмес.

С.Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда көптөгөн түрдүү жапайы айбанаттар душмандардын колун жана согуш талааларын сүрөттөөдө колдонулган. «Чоң казатта», Манастын колунун жүрүштөрүндө кабылан, керик, пил, мады, аюунун түрлөрүн (Тумгак аюу, Кетечек аюу, Суңал аюу) кезиктирүүгө болот. Алар, биринчиден, жаратылыш аймактарын ээлеген жаныбар катары баяндалса экинчиден аскерлердин жана баатырлардын символикалык белгилери катары көркөм кызмат өтөгөн. Керик, пилдер кытай аскерлеринин минген атынын ордуна болсо, манасчы алардын өздөрүн минген унаасына окшотуп сюжеттин көркөмдүгүн апыртып, курчутуп берген. Айрыкча эпикалык душмандардын жерин пейзаждык сүрөттөөдө мифтик жандыктар

кенен орун алган, каармандардын бакма жана минген жаныбарлары болуп тири укмуш баяндалат.

Үй жаныбарлары: «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөн» сюжетте, «Манастын балалык чагы», «Көкөтөйдүн ашында» арбын. Мындай сюжеттик кездешүүлөр М. Мусулманкулов, Б. Сазанов, Ш. Рысмендеевдин варианттарына да тиешелүү. Бирок мифтик жандыктар акыркы үч вариантта аз аталышта жана «Чоң казатта» гана көбүрөөк орун алган. Жапайы жаныбарлар Манастын балалык чагында, улуу жана кичи көчтөрдө, салбурунда, чоң казатта кездешет.

С. Орозбаковдун вариантында жаныбарлар пейзаждык сүрөттөлүшүнөн башка каармандардын образын ар тараптуу баяндоодо катышат. Алар салыштыруу, эпитет, метафора жана көркөм клише катары көркөм функциялык кызматты аткарат. Мындай көркөм функция кийинки төрт вариантта жупуну жана каармандын психологиялык портретинин баяндалышында арбыныраак.

«Манас» эпосундагы жаныбарлардын кездешүү жыштыгы боюнча жапайы жаныбарлар, үй жаныбарлары, канаттуулар, курт-кумурскалар жана суу жандыктары, мифтик жаныбарлар болуп көркөм классификацияланды жана 1-тиркемеде берилди. Бул жиктөөдө тулпарлар жалпы жонунан «жылкы» аталышы менен кирди. Алардын аталыштарына токтолгон жокбуз. Себеби тулпарлар баатырлар менен кош бирдикте сүрөттөлгөнү менен айрым сюжеттерде персонаждар катары өзгөчө орунду ээлейт.

Эпикалык каармандардын социологиялык-турмуштук бөлүгү жана табияттын бир бөлүгү катары пейзаждык сүрөттөөдөгү, мал-чарбачылыктагы жаныбарлар сюжет ичинен көрсөтүлүп берилди. Образды сүрөттөөдө

учураган айрым салыштыруу жана салттуу поэтикалык формулалар түрүндөгү жаныбарлар да көрсөтүлдү. Арийне, мындай контрастуу көрсөтүү жаныбарлардын эпостогу ордун, маанисин жана мифопоэтикалык чөйрөсүн ар тараптуу иликтөөгө мүмкүнчүлүк берет.

## 2.1 «Манас» эпосундагы тотем жаныбары жана тотемдик белгилер

Жаныбарлардын эпикалык чыгармага сүңгүп кирген тарыхы алгачкы коомдон башталат. Адамзат жаралгандан тарта дүйнөгө көз карашын билдирип алгач тотемдик жана мифтик дүйнөнү жараткан. Ал дүйнө бара-бара өнүгүп социалдык-турмуштун өнүгүүсү менен ар түрдүү формаларды алган. Бирок катмарланган байыркынын изи тарыхта, этнографиялык булактарда жана эң негизгиси элдик оозеки чыгармачылыкка түстүү адабий формада калды. Эскерте кетчү нерсе, Жер шарындагы континенттик алкакка жараша дүйнөгө болгон көз караш, улуттук аң-сезим ар түрдүүчө өнүккөн. Алсак, Европанын мифтик формадагы дүйнөсү тез унутулуп, көбүрөөк өндүрүштүк-технологиянын шарданынын алдында калган. Алар көбүрөөк материалдык кендерди издөө менен жер жүзүндөгү ачылбаган жерлерди издешкен. Америка, Индия, Мадагаскар, Австралия сыяктуу континенттер илим тармагына алардын түшүнүгү менен кирген, алардын көз карашы менен дүйнөгө таанылган. Жөнөкөй мисал, Индия материгин издеп Тынч океанды сүзүп өткөн Колумб Америкага барат. Жаңылыш ойлоп алгандыктан азыркы Латын Америкадагы майаларды индеец деп атаган, дүйнө ал урууларды ушул ат менен таанызды. Негизи Колумбдун издегени алтын эле.

Азия чөлкөмү убакыт жана мейкиндикке көп көңүл бургандыктан ааламды басып алуу, каратуу түшүнүгүнөн кыйла алыс эле. Айрыкча түрк тилдүү көчмөн элдер, анын ичинде кыргыз эли жаратылыш жана биз, бул – аалам дешкен. Жаратылышка жакын жашагандыктан тоо-талаа мейкиндиктерин жашоо-турмушу деп, убакытты, чексиз жашоону убактылуу келип-кетүүчү нерсе катары карашкан. Көчмөндөрдүн өздүк табияты да мына ушул ипостаста: адам, жаратылыш жана көк (рухтар дүйнөсү). Алардын тамак-ашынан, алтын кенинен да мурун аркасынан туяк калтыруу, ата-баба салтын улоо маңызы бийик турган. Демек, жасалмалуулук артта калган. Мындай жасалмалуулук тескерисинче батышта күч алган.

Дүйнөнүн алгачкы башталышында албетте көз караштардын формасы окшош болгон. Алсак, тотемдик формасы, мифтик формасы жана анимистик, фетишистик формалар. «Жашоо дарагын», «канаттуу-куштун культун», «бөрү культун» «аюу культун» «бугу-марал культун» же жаныбардын адам кейпин алганын, коргоочу катары жардамга келишин бардык дүйнө элдеринен кезиктирүүгө болот. Түрк уруулары бул формаларды жаратылыш, убакыт жана мейкиндик менен бирге сактап калган. Аалам биздики жана анда бардыгы камтылышы керек деген көчмөндүн жан дүйнөсүндө орун тапкан. Бирок башка элдердин таасири жана кылым өткөн сайын дүйнө көз карашынын формалары өзгөрүүгө учурап, руханий баалуулуктарына сүңгүп кирип кеткен.

«Манас» эпосунан тотемдин элементтерин алып жүргөн жаныбарларды жана тотемдик белгилерди арбын көрүүгө болот. Алар албетте уруучулук коомдун тарыхый мезгилин калтырып эволюциялык өзгөрүүгө учурап

жаңы форманы алышкан. Эгерде тотемдик белгилерди ээрчий келсек, тотем жаныбарын алып чыгууга мүмкүн. **Бул бөлүмдө тотем жаныбары менен тотемдик белгилерин айырмалай кароону көздөп, эпостон ири эпизоддук сюжеттерге кайрылуу менен маселени чечүүнү пландадык.**

Фрэзердин пикири боюнча тотемизм ишеним эмес коомдук магия болгон, жаратылышты багынтуу максатында ар түрдүү жакындоону ойлоп табышкан. Буга кайчылаш пикирде болгон Тайлор тотемизмдин генезисин кароо менен алгачкы ишеним же болбосо дүйнө таанымдын алгачкы формасы деген. 1900 жылдары Пиклер жана Сомло тотемизмди белгиден, символдон келип чыккан белгилер системасы деп аташкан[1]. Тотемизмдин негизги предмети идол жана архетип, семиотика болгон деп эсептешкен. Башкача айтканда тотем бар урууда пиктография (сүрөт жазуу) сөзсүз болгон, социалдык топту билдирүү максатында жаныбарлардын же өсүмдүктөрдөн сүрөтү алынган жана ал уруу атына коюлуп алгачкы уруучулуктун психологиясы катары элестетүү жана ишенүүдөн улам тотемизм келип чыккан. Тотемдик белгинин моделин алып жүргөн чыныгы уруу башчысы болгон. Мындай кызыктуу теориялык-ойлордон улам түрк элдеринин жазма жана оозеки-эпикалык булактарында тотемдик белги кандай, ал тотемизмдин калдыгыбы же кандайдыр бир тотемизм элементин алып жүргөн жазма жана руханий байланыштагы символбу деген пикирге такалат экенсиң. **Демек, тотемдик белгилер деген, – уруучулук коомдун ишенип туткан тотемдин өзүн (жаныбар, өсүмдүк, ыйык жер, кандайдыр бир**

[1] *Тайлор, Э. Б.* Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б.Тайлор. – Смоленск: Русич, 2000. – 65 с.

**предмет) эмес, анын адам менен кандайдыр бир руханий байланыш элементтерин билдирет. «Манас» эпосундагы тотемдик белгилер – кыргыздардын алгачкы дүйнө таанымынын бир формасы катары эпосто сакталып калган калдыгы, элементтери.**

Тотем түшүнүгү Түндүк Америкалык индеецтериндеги уруунун аталышынан келип чыккан. Алар – тотемдик ишенимди эң көп туткан элдердин бири. Тотемизм термини да мына ошондон улам калыптанган. Тотемизм – айбандардын жана өсүмдүктөрдүн (кээде табият кубулуштарынын жана жансыз предметтердин) ортосунда касиеттүү тууганчылык байланышы бар деген ишенимге негизделген урууулук коомдогу диний түшүнүк, миф, үрп-адат, салттардын комплекси[1]. Ал эми жаныбардын тотемдик белгиси деп – жаныбарлардын элдик ишеними менен чегерилген жана жаныбардын жаратылыштагы табият-күчүн туюнткан, ал аркылуу адамга байланыш түзүлгөн жогорку күч, сыйкыр же символдук белгини айтаар элек. Тотемдик белгилерди изилдеген окумуштуу Джон Пауль Рокс туура айткан: «Тотем бул кудай эмес, жаратылыш чөйрөсүндө адам баласына жакын турган досу»[2]. Адам баласынын жаныбарларга болгон жакындыкты сезүүсү аларга аяр мамиле кылуусу дегендик. Мындай аныктамадан улам тотемдик белгилери алгач пайда болуп тотемизмдин (ишеним же алгачкы дүйнө таануу көз карашы дейли) өнүгүүсүнө түрткү болгон, андан кийин диний ишенимдердин жана диндердин адам жашоосуна киргенинен тартып тотемизм калдыктары

[1] *Каратаев, О.К.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 282-б.

[2] Jean-Paul, Roux, Orta Asya'da Kutsal Bitkiler ve Hayvanlar [Текст] / Roux Jean-Paul. – İstanbul: Kabalcı Yayınevi, 2005. – 8 s.

материалдык маданиятта жана оозеки чыгармаларда белгиге, символдорго өткөн деген бүтүмгө келебиз. Буга «Манас» эпосунда көп учураган жаныбарлардын тотемдик белгилерин айтууга болот. Каармандар менен жаныбар ортосундагы руханий байланышты көрөбүз. Мисалы, баатырлардын минген аты менен болгон куттуу байланышты алсак, жылкы баласы менен адамдын ортосундагы руханий байланыштын белгилери сакталып калган. Культтук, тотемдик, анимистик белгилер эпосто калдык катары кездешет. Албетте кыргыз эли Енисей аймагында жашап турганда жылкы культу кыйла сакталып турган. Бирок эпосто жылкы культунун элементтерин гана айрым жерлерден байкасак болот (С.Каралаевдин вариантында Манас менен бир убакта Торучаар, С.Орозбаковдо Ак кула туулат: анимистик байланыш). Алтургай жакын жүргөн баатырдын аты каарманды жоодо айыктырып дартына дабаа болот (Алмамбеттин минген аты Сарала С.Орозбаковдун вариантында мээр чөп жеп, аны мингенде Алмамбет өзүнө келе түшөт), бул көрүнүштү деле тотем жаныбар деп дароо айта салуу мүмкүн эмес. Бул тотемизмдин элементин сактап калган белги катары гана көңүлүбүздү бура алат. Түрк тилдүү элдердин эпикалык булактарында, анын ичинде «Манас» эпосунда оор акыбалда калган каармандарга жана башка бардык эле баатырларга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттын образы эң эле кенен тараган. Аттын куйрук-жалы, көкүлү, эти адамдарга күч-кубат, кайрат берчү касиетке эгедер тумар (көз тумар) катары кызмат өтөйт. Бул дагы тотемдин бир белгиси. Албетте, кыргыздардын түшүнүгүндө, көз карашында тотемизм туруктуу түрдө орун алып, фольклордук чыгармалардан эпос, жомок,

санжыра, уламыш өңдүү жанрларында, алардын идеялык-тематикалык мазмунунда чагылган. Тотемдик ишенимден белгиге өтүп бара жаткан көз караштардын, образдардын өзүнчө бир катмары «Манас» эпосунда да жолугат десек болот. Бул өзгөчө эпикалык чыгарманын байыркылыгын, анын өсүп-өнүгүү кырдаалын аныктоого мүмкүндүк берет.

Манас баатырдын төрөлүшү сюжетинен карап көрөлү:

*Шер этин таап алсам – деп,*
*Казаныма салсам – деп,*
*Мыктап жатып тойсом – деп,*
*Аңкаганым койсом – деп,*
*Андан кийин өлсөм – деп,*
*Кыямат жүзүн көрсөм – деп,*
*Тилек кылат байбиче[1].*

Чыйырдынын кош бойлуу мезгилинде кабыландын жүрөгүнө талгак болушу да «жаныбар адамды айыктырат» (бул учурда кыйналган жандын талгагын басат дегендик), кийинки сюжеттерде «баланын оңой бала эмес кабыландай болоору», «бала Манастын коргоочусу» сыяктуу белгилерди туюнтаарын көрүп турабыз.

Кырк мерген ууга чыгып ата албай Кытайдын Кочку мергени жолборс атканын жылкычылардан угуп, Жакып токсон төөнүн буудайын берип, ошол жолборстун этин алдырат. Аны чала бышырып жегенден кийин гана Чыйырдынын талгагы канат:

*«Бүткүл шерди сойгону,*
*Сойгон шердин этине*

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 62-б.

*Байбиче мыктап тойгону,*
*Талгагын анан койгону»[1].*

Боюнда бар аялдын тигил же бул тамакка талгак болуусу табигый көрүнүш. Ооба, күндөлүк турмушта кош бойлуу аялдар кадимки эле жеп жаткан тамак-аштын кээ бир түрлөрүнө талгак болушат. Бирок кабыландын же кыйынчылык менен алынуучу башка жан-жаныбарлардын эттерине, сорпосуна талгак болуу көбүнчө эпикалык чыгармаларда жолугат (кыргыз элинин кечээ жакындагы турмушунда атагы чыккан кээ бир баатырлардын энелери кош бойлуу кезинде кабыландын жүрөгүнө талгак болгондугу). Бул көрүнүш, сыягы, алгачкы коомдук түзүлүш мезгилиндеги көз караштар, башкача айтканда тотемизм менен байланыштуу болушу толук ыктымал. Жогоруда айтып өткөндөй эле «жаныбардын адамга дабаа болуу» белгиси кабыландын жүрөгүнө же этине талгак болуу мотивинде сакталып калган. Кээ бир элдер тотем жандыктын этин жешпейт. Тескерисинче, айрым элдерде тотем жандыктын эти касиеттүү күч-кубат берет деген ишеним бар. Мына ушундай көз караштардын түрк, моңгол, иран урууларындагы чагылдырылышына жылкы, бука, ит, бөрү, төө, бугу, буура, короз жана башкалар жаныбарлардын культу менен тыгыз байланышкан. «Манас» эпосундагы керемет бойго бүтүү мотивинде шердин этине талгак болуу болочок баатырдын төрөлүшүнөн белги берет.

Тотем жаныбары – жеке адамдын же бир уруунун, топтун руханий – колдоочусу жана жаратылыш жашоо шартына байланыштуу же уруунун кызыкчылыгынан

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 64-б.

улам кандайдыр бир ыйык деп саналган жаныбар[1]. Тотем туткан жаныбарга аңчылык кылбастан ага сыйынып, анын атынан уруу же уруу башчысын атап урматташкан. Мисалы, бүгүнкү күнгө чейин Индия өлкөсүндө уйлар ыйык деп эсептелинип эти жана сүтү азык катары колдонулбайт. Индия элинин тотемдик мифологиясы боюнча уйлар мүйүзүнө адамдарды илип алып топон суудан куткарып калган, алгачкы жер түзүлүшүн мүйүз ортосуна көтөрүп турат деген да байыркы архаикалык катмар да бул мифологиянын негизин түзүп турат[2]. Э.Б. Тайлордун пикири боюнча тотем – бул жаныбар, адамдын бир кулк-мүнөзүн чагылдырган жана анимистик байланышта болгон коргоочу катары кызмат өтөгөн жаратылыш көрүнүшүнөн[3]. Алгачкы уруучулук коомунда жаныбарлар алдында коркуу сезимин жеңүү максатта жана ага теңелүү үчүн адам жаныбардын мүнөзүн өзүнө ыйгарууга аракет кылган деген пикирди окумуштуу айткысы келсе керек. Анткени биздин пикирибиз боюнча жаныбарлар дүйнөсү өсүмдүктөргө караганда адамдын жашоо шартында көп аралашкан тирүү жандык катары жана дайыма аңчылыкта карама-каршы келген күч болуп, адамзаттын дүйнө таануу көз карашында объективдүү нерсеге айланган. Э.Б. Тайлор тотемдин эки түрүн белгилеп өтөт: **1. Ички, 2. Сырткы.**

---

[1] *Киндря, Н. А.* Животные-тотемы в древнем сознании: лингвосемиотический контекст [Текст] / Н. А. Киндря // Уч. Зап. Рос. гос. социал. ун-та. – М., 2010. – № 1 (77). – 139 с.

[2] *Редкозубова, О. С.* Мифология Индии как первоначальная философия [Электронный ресурс] / О. С. Редкозубова, О. В. Ромах. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/v/mifologiya-indii-kak-pervonachalnaya-filosofiya – Загл. с экрана., 3 с.

[3] *Тайлор, Э. Б.* Первобытная культура [Текст] / Э. Б. Тайлор. – М.: Наука, 1989. – 456 с.

**Ички тотем** – жаныбарды адам мүнөзүнө жакындатып кайсы бир тарабын окшотуп, адаттарын сиңирип, денесинен тырмак, тиш же терисин алып жүрүү.

**Сырткы тотем** – жаныбар адам баласын ар тараптан коргоо менен колдойт жана коргоочу пири катары жандап жүрөт[1].

Заманбап техниканын учурунда кайсы гана интернет сайтын ачпаңыз дароо эле «жылдыздар төлгөсү» (гороскоп) же «жылыңыз эмне айтат» деген жазууну көрөбүз. Алардан көз ала албай, аз да болсо бизге тиешелүү жылдыз алдындагы жандык же жыл алдындагы жандык эмне айтаар экен деген бир саамдык ишенимге кире калабыз. Мына ошол жандык алдында берилген жылдар ар бир тотем-жаныбарларынын сырткы формасын алып жүргөн байыркы элементти билдирет. Жада калса өзүбүз ишенбей турган тотемизм жашообуздун бир бурчун ээлеп турат. Жакындарыбыздын кулк-мүнөзүн жаныбарга окшотуп «Жылы боюнча уй эле, өзү дагы уйдай кенебейт, дайыма камарабай кош көңүл жүрөт» – деген толгон-токой комментарийлерди угууга болот. Бул тотем-жаныбарларынын ички формасын алган байыркынын калдыгы. Арийне, аргасыз өзүбүз тотемдик белгилерди жашообузда активдүү колдонуп жүргөнүбүзгө этибар албайбыз. Жада калса келе жаткан жыл кандай жыл жана ал башка жылдардагы адамдар үчүн эмне алып келет деген маалыматты кулак түрө угуп, айтылган кептерге ишенип алдын ала божомолдоп жоруп, ошол жаныбардын кулк-мүнөзүнө жараша мамиле түзүп баштайбыз. Тайлор белгилеген сырткы тотем учурда да жашап келет, бирок жыл санагы же жылдыздар төлгөсү катары гана белгини сактап калган. Бул көрүнүштү эпостон

---

[1] Жогорудагы китеп, 457-б.

карап көрөлү: «Манас» эпосунда негизги жаныбар-тотемди ичине каткан бул кырк чилтен, башкача айтканда бөрүнүн элесин берген Манас баатырдын коргоочусу. Бөрү түрүндө чыга келген кырк чилтен (С.О.) кийинки сюжеттерде баатырды дайыма коштоп жүргөн. Бөрү деген сөз кырк чилтен жөнүндө сөз болуп жатканда көп учурайт. Бөрү бала Манастын алдынан утурлап чыккан баяндоодо кадимки бөрүлөрдүн элесин тартат.

*Кудаанын үйү экен – деп,*
*Куп ошондой билиңиз!»*
*Кырк чилтен айта салганы,*
*Бир силкинип бирөө*
*Көк бөрү боло калганы.*
*«Бирде бөрү, бирде адам,*
*Анык сонун экен!» – деп,*
*Көөнүнө бала алганы[1].*

Кырк чилтендин балага кезигүүсү эпосто баланы кут даарыды деген маанини берет. Анткени колдоочу көзгө көрүнгөндө башыңа кут конот деген алигиче кыргыздарда ишеним бар. Бөрүнүн адам кейпин кийип баланы өзүнө тартуусу эпикалык салттуу мотивдерден.

*«Бери бастыр, балам» – деп,*
*Кырк чилтен сүйлөп калганы.*
*«Кайгырбагын өзүң – деп, –*
*Жумгун балам көзүң!» – деп,*
*Кайберен* кырк чилтен*
*Балага айтып туруптур,*

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 2-т. – 186-б.

*Бала көзүн жумуптур,*
*Жумган жерде кулагы*
*Лаилалла иллалла*
*Келме шахадат угуптур,*
*Алды-артында, караса,*
*Көз жеткен жердин баарында*
*Көп-көк темир кийинген*
*Көп аскер курчап туруптур.*
*Алтындуу таажы* башында*
*Агала сакал бирөө тур*
*Аскеринин кашында.*
*Жумуп турган көзү бар,*
*Сурай турган Манастын*
*Чилтендерден сөзү бар*[1]*.*

Албетте, кырк чилтен катмарланган мотив. Анын чилтен (иран. чил-кырк, тен-дене, адам) сөзүнө кыргыздын ыйык саны кырк айкалышып бир айтылып калган[2]. Кырк чилтендин бөрүгө, кайберенге айланышы байыркы тотемдик ишенимдин калдыгы менен жуурулушуп кеткендигин билдирет. Коргоочулук функцияны бөрү (кайберен), кырк саны, чилтен бирдей аткаргандыктан архаикалык катмардан улам камтылганын көрөбүз. Кырк чилтендин ичине аларды бириктирген архетиптик модели коргоочулук жана колдоочулук касиети.

Байыркы чыгыш түрк – Орхон-Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башкалар түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбар – илбирс менен карышкыр жана башка жаныбарлар айтылат. Алардын

[1] Жогорудагы китеп, 214-б.

[2] «Манас» энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред.; «Мурас» илимий пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 1-т. – 378-б.

ичинен бөрү байыркы көк түрктөрдүн тотеми болгонун И. Бичурин белгилейт. Ал эми бул салттуу тотемдик түшүнүк «Манас» эпосунда да колдонулат. Эпостун башкы каарманы Манастын туруктуу эпитеттеринин бири «көк жал», «көк бөрү» болуп берилет. Кошойдун «кыргыздарды кырк уруу бөрү» сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кырк чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дамамат колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине, образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт.

Башкыр (башкорт, башкурт) элинин ишениминде жана аңыздарында карышкыр жол баштоочу же жол көрсөтүүчү жаныбар катары көрсөтүлөт. Мисалы түштүк-чыгыш башкорт эли (усергандар, тангаурдар жана бурзяндар) душмандын чабуулунан кийин жер кезип чөлдүн кучагынан чыгалбай турганда карышкыр кайдан-жайдан пайда болуп, элди чөлдөн алып чыгып кеткен деген аңыз айтылат. Алар баш-башчы, корт-карышкыр деп чечмелешет. Урал тоолорун мекендеп калган уруулар асабасына карышкырдын башы чегерилген сүрөттү желбиретип алып жүрүшкөн. Ал эми Таджетдин Ялсыгул (1767–1838) аттуу башкыр элинин жазуучусу айле уруусунун санжырасына байланыштырып төмөнкүдөй аңызды келтирет: «Хантыл аттуу адам Медина шаарынан Булгар шаарына чейин карышкырдын аркасынан ээрчип жүрүп жеткен жана ал элине кайтып келгенде айле уруусунун башчысы болуп калган. Андан кийин Хантылдын тукуму башкорт аталып жалпы элдин атына өткөн». Мындай мотивди жомоктордон да көрүүгө болот, жолдон адашкан баатырларга жол көрсөтүп карышкыр жардамга келген. Башкыр эл жомокторунун негизги мотивдеринин бири

болуп адамга карышкырдын жол көрсөтүп жардам бергени (Мисалы: «Алтын канат», «Санай баатыр», «Алтын алма», «Юлбат» ж.б.) саналат[1].

**Тотем жаныбары жана жаныбардын тотемдик белгилеринин айырмачылыгы «Манас» эпосундагы «Чоң казаттагы» «Чалгын» эпизодунда ажырымдуу мисалда кездешет.** С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун варианттарында бирдей Алмамбет менен Сыргактын Бээжиндин түштүк дарбазасына чалгындап барганы айтылат. Бирок С. Каралаевде Алмамбет эки гана жаныбарга кездешет: бири түлкү, экинчиси куу кулжа. С.Орозбаковдо болсо түлкү менен кулжадан сырткары өрдөк дагы кайсыл бир деңгээлде Алмамбетке жолтоо болот. Чалгында Эсенкандын аярлары сыйкырлаган (С.О.) же аярлар түлкүгө, куу кулжага (С.К.) айланып алдынан тороп чыгышат. Түлкү жолдон адаштырган, митаам, кытайлардын пири болгон жаныбар катары сүрөттөлөт. Куу кулжа бирде көрүнүп, бирде жок болуп кеткен жаныбар катары Алмамбеттин айласын кетирет. Түлкү кайып жаныбарынан жаралган жана кара күчкө кызмат өтөгөн кытай колунун сыйкырдуу жандыгы деп баяндалат. Албетте бул жаныбарларды кыргыз эли, түрк уруулары бир учурда тотем туткан чыгаар, бирок эпикалык аспектиден караганда кара күчтүн (душмандардын) пири болуп кеткен. Түлкү жер жандыгы катары жер үстүндөгү адам жашоосун көзөмөлдөгөн жогорку күчтүн бир колу. Мындай түшүнүк кытай, Сибирь элдеринде, герландия эскимосторунда, каряктарда кездешет.

---

[1] *Бускунов, А. М.* Культы животных и птиц в башкирской мифологии и истории общественной мысли [Текст] / А. М. Бускунов, М. М. Кульшарипов // Вестн. Башкир. ун-та. – Башкортостан, 2012. – № 1. – С. 369-369-б.

Түлкү аялга айланып мергенчилерге турмушка чыккан. Кечинде терисин ыргытып токойго чуркап кетчү. Билип калган күйөөсү терисин өрттөп аялын түбөлүккө алып калат. Аял ашкан сулуу болуп, ал адамдар арасына кошулаар замат адамдар ортосунда ырк кеткен. Аны адамдарды сынаган пир келген турбайбы деп божомолдошкон[1]. Түлкүнүн адам менен катнашта болуп тукумун улоо сюжети боюнча А.И. Золотарев кызыктуу пикир келтирет. Окумуштуунун ою боюнча алгачкы коомдо экзогамия институту пайда болуп, социлдык чөйрөнү көзөмөлдөп калганда тотем жоюла баштаган. Аны андан ары сактап калуу жана тукумун улоо максатта магия аркылуу байланышкан. Тотемдик жаныбарды магиялык жол менен сактап калууну окумуштуу интихиум[2] деп атаган. Социалдык экзогамиялык институт чөйрөсүнө жаныбарларды катыштырып, аларды адамдар уламышка айландырышкан. Мындай интихиумдар Австралияда, Түндүк Америкадагы омаха уруусунда кезигет, бизондор жана түлкүлөр адам чөйрөсүнө аралашып тукум калтырганы айтылат[3]. Биздин оюбуз боюнча алгачкы коомдо инцест күч алып турганда эле жаныбарлардын адам социумуна аралашуусу күч алмак. Экзогамиялык[4] институттун

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 592 с.

[2] Интихиум-тотемическая надстройка рода «регулирует» магическим путем (интихиум) размножение тотемного вида, идеально проецируя родовую организацию на животно-растительный мир [77, 10-б.].

[3] *Золотарев, А.* Пережитки тотемизма у народов Сибири [Текст] / А. Золотарев. – Л.: Изд-во ин-та народов Севера ЦИК СССР, 1934. – 10 с.

[4] Экзогамия (гр. exo – сыртта, gamus – нике) – бир коомдук же этностук топтун ичинде никелешүүгө жана жыныстык мамилеге тыюу салуучу салт. Экзогамиянын тарыхый баштапкы формасы алгачкы общиналык коомдо түзүлгөн ата же эне тарабынан аныкталуучу тике туугандардын ортосунда никелешүүгө тыюу салган уруктук экзогамия болгон [81, 330-б.].

пайда болуусу менен албетте инцест[1] токтоп калган. Ошону менен жаныбардын адам баласына болгон социалдык катнашы да чектелип калат эле. Жогорудагы мергенчинин түлкүгө үйлөнүшү сюжетинде (Сибирь элдеринде) анимистик байланыш көбүрөөк орун алгандай. Анткени тотем жеке адам үчүн, топтук уруу үчүн да алгачкы дүйнөгө болгон көз карашындагы руханий идеология болгон. Балким А.И. Золотарев Австралия жана Түндүк Америкадагы уруулардын магиялык ипостасын көбүрөөк көрүп, магиялык жол аркылуу жаныбар менен байланышып тотемдик тукумун сактап калуу үчүн аракет экендигин айткан[2]. Эгерде «Манас» эпосундагы кытай менен калмактын түлкүсү менен кулжасын карап көрсөк магиялык жол (интихиум) аркылуу тотемди сактап калганга аракет кылган деп айтсак болот. Ал эми эпостогу кыргыз эли көчмөн катары бул магиялык жол аркылуу байланышкан эмес. Бул көчмөндүн бирден-бир өзгөчөлүгү. Көк алдындагы жерди айлана алкагында жана убакыт менен мейкиндик ичинде, алардын кучагында адам өзүн жана жаратылышты эсепке алган. Тактап айтканда көчмөндүн көз карашында кеңири мейкиндикти кучагына алган. Анда кандай гана жаныбар болбосун жашоого укуктуу, кандай гана магия болбосун доорун сүрүүгө укуктуу. Аларга тийиштик кылбастан

[1] Инцест (лат. Incestum – кан аралашуу) – кандаш туугандардын ортосунда болуучу нике жана жыныстык байланыштардын тиби. Ал алгачкы коомдун баштапкы мезгилдерине мүнөздүү болгон, урук-уруу пайда болгон мезгилде экзогамия аркылуу жоюлган. Инцест жаңы муундун начарлашына, тукумдун бузулушуна алып келет, ошондуктан ага тыюу салуу адам маданиятынын калыптануусунда зор роль ойногон. Инцес тыюу салуу эң алгачкы социо-маданий норма болгон [81, 125-б.].

[2] Золотарев, А. Пережитки тотемизма у народов Сибири [Текст] / А.Золотарев. – Л.: Изд-во ин-та народов Севера ЦИК СССР, 1934. – 10-35 с.

өз көз карашы менен жашаган. Эпосто да түлкү менен куу кулжанын кытай-калмактын магиялык жолу аркылуу жиберилген чалгынчылары катары орун алгандыгы көчмөндүн кеңири алкакка көз жүгүрткөнүнөн улам болгон чыгаар.

Каргага жалгыз туруштук берген түлкү деген ишеним да түндүк-чыгыш Азияда кездешет. Карганын күчүнө тең келген жандык – түлкү. Түлкү бар жерде карга учкан эмес. Карга менен түлкү эриш-аркак жер менен жылдызды, суу менен абаны жараткан жандык ээлери тууралуу миф түндүк муз океанына жакын жашаган урууларда бар. Аларда буга катарлаш Кутх карганын өз аялына көз боёмочулук кылып, түлкү менен жашап кеткен сюжет кездешет[1]. Карганы алдаган түлкү кандай анын торуна чалынганын билбей калган. Демек, түлкүнүн жакшылыкка караганда жамандык тарабы көбүрөөк: демонологиялык, сыйкырчы, каардуу рух образын алган жандык.

С. Каралаевдин вариантындагы «Манас» эпосунда түлкү да кытайдын кара күч пири катары сүрөттөлөт: куу, митаам, айлакер. Анын Алмамбетти жолдон адаштырганы жана кубулуп турганы менен кара күчкө ээ эгедер жаныбар катары элес тартылат. Аны кубалап отуруп акыры Сыргак экөө корумтага алып жеңишке жетишет. Алгач түлкү адамча тил билген жандык болуп баяндалат:

*Карыкандын тагынан*
*Каалап алып келиптир,*
*Кан Эсендин багына*
*Адам тилин үйрөтүп,*

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 592 с.

*Баккан экен жашында*
*Кырк кулач кызыл түлкү экен,*
*Айбандан болгон артык сак*
*Эсенканга мүлк экен[1].*

Алмамбет Эсенкандын колун жакшы билгендиктен алгач түлкү жөнүндө мындай деп кабар таштайт:

*Алты айчылык Бээжинге*
*Алты күндүк кабарды*
*Жетип жеке берүүчү*
*Кыпкызыл калтар түлкү бар.*
*Он күндүк жерден жыт билген,*
*Алты күндүк узак жол*
*Алыстан анык көз көргөн,*
*Түлкүсүн кармап биз алсак,*
*Кытайдын малын чачабыз,*
*Түлкүсү бизден кутулса,*
*Дүмөктүү болуп кайтабыз[2].*

Сыргакты корумтага койдуруп Алмамбет түлкү жашынган буйткага жаан жаадырып, бороон айдатат. Жаны чыдабаган түлкү мейкиндикке чыгып берет. Корумдап жаткан Сыргак бараң мылтыктын сабы менен бир коюп түлкүнү жеңишет.

С.Орозбаковдун вариантында Ташкентти бийлеп турган Панус хан тууралуу сөз болуп, анын сансыз колу жана короосундагы тири укмуш жаныбарлары сүрөттөлүп келип Атыла жөнүндө айтылат. Атыла жан-жаныбардын тилин билген сыйкырчы аяр. Панус хандын кол

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 467-б.

[2] Жогорудагы китеп, 642-б.

алдындагы кызматчысы. Түлкүнү пир туткан Атыла бир күнү Панус хандын буйругу менен Манастын колуна чалгынга барат. Түлкүгө айланып желип-жортуп кыргыздын өргөөсү тигилип турган жайга жакындайт.

*Түлкү болуп Атыла*
*Чыгыптыр Чанач белине,*
*Дагы айтайын өнөрүн,*
*Чанач деген жерине*[1]*.*

Буларга кандай алаамат түшүрсөм деп аяр окуп карды чакырат, ышкыртып жыландарды ойготот. Аны сезип калган Манастын сегиз аяры (Таскыл, Чүкүрүк, Ырдык, Ардалык, Арсанкул, Танабул, Бегүш, Көйүш) туш тарабынан чыгып сыйкырын жандырып кысып киргенде Атыла кайрадан түлкүгө айланат.

*Апсун окуп, силкинип,*
*Түлкү болуп алганы,*
*Төмөн жагы калың чер,*
*Түмөндү көздөй салганы,*
*Тазы болгон Ардалык*
*Артынан кууп калганы*[2]*.*

Ардалык аркасынан кууп келип түлкү токойго кирип таптырбай кетет. Таскыл шумкарга айланып, калган аярлары токойду өрттөп жок кылганда түлкү булт этип качып берет. Шумкар шукшурулуп түлкүнү тээп чала жан кылат. Түлкү кичине чымчыкка айланып жар ичине кирип кетет. Жарды уратып түшүргөндө чымчык жыланга айланып жер алдына кирет. Аярлардын бирөө

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 5-т. – 225-б.
[2] Жогорудагы китеп, 225-б.

кирпиге айланып жыланды ийининен куйруктан тиштеп сууруп чыгат. Ошол кезде Атыланын уулу эшекке айланып издеп келе жаткан болот. Баласы алты аярдын колуна түшүп жарадар болот. Алты аяр мындай деп эскертет: «Балаңды аман алып калгың келсе сыйкырлыгыңды бизге пайдаланба, Панус ханга айтып бар, Манас баштаган кыргыз колу жакын арада жүрүш жасайт, өзү багынып берсин». Айласы кеткен Атыла жеңилип, баласын кармаган бойдон калат. Атыла апсун[1] окуп түлкүнү чакырат.

*Алты аяр кылды дарыны,*
*Апсун окуп, Атыла*
*Келтирди бала жаныны.*
*Кыр ылдый келди бүгүлүп,*
*Узун куйрук, тик кулак*
*Кызыл түлкү жүгүрүп.*
*Оболкунун сөздөрүн*
*Ойлосо келет күлкүсү,*
*Атыланын кашына*
*Оозун ачып окшуду*
*Ошо келген түлкүсү,*
*Ол түлкүнүн оозунан*
*Балыктын чыкты түрпүсү[2].*

---

[1] *Апсун* – (ир. эфсун – сыйкыр) – сыйкыр, сыйкырдык күчкө ээ дуба. Түрүн өзгөртүү, каалаган түс, түргө өтө алуу – жандуу, жансыздардын кейпинде болуу, көрүнбөй калуу, учуу ж.б. чектен тыш мүмкүнчүлүктөргө ээ кылган атайын сөздөрдүн тобу, топтому. Мындай күч, сапат-касиетке ээ кыла турган абалга окуу, атайын дуба сөздөрдү үйрөнүү аркылуу жетишүүгө болот. Андай адам сыйкырчы, сыйкыр дубага ээ адам – деп аталат. Сыйкырчылардын арасында да көп окуп, көптү билген, жөндөмдүү, өзгөчө мыктылары, билгени анча эмес чабалдары да болот. [106, 37-б.]

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 5-т. – 267-б.

Түлкү сыйкырдын күчү менен белгисиз жерден пайда болуп куткаруучу катары балыкты оозунан бүркүп Атыланын колуна берет:

*Түлкү кайра салганы,*
*Атыланын колунда*
*Түрпү чабак калганы...*[1]

Атыла балыкты балага берип аны тирилтип алат. Бала тирилгенге чейин Манастын аярлары согушту токтотуп, Атыла жана анын баласына гумандуулук менен мамиле кылышат. Балык да алгачкы коомдо тукум улоону символдоштурган тотем болгон. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө кенен талдоого алабыз. Дагы бир аярлардын кармашында түлкү жөнүндө таасын сүрөттөлөт. Дуу-ду элинин колу менен Манастын колу беттешерде Бадаң аяры сыйкырын колдонуп кол салат. Манастын аярлары ага каршы сыйкырын жандырып, анын изине түшөт. Бадаң да түлкүгө айланып качат.

*Өгүз, казан жок болду,*
*Өгүз турган жерине*
*Бир кызыл түлкү токтолду.*
*Качты түлкү токтобой,*
*Карматуучу окшобой,*
*Аскер кууду, жабылды,*
*Арасынан аскердин*
*Алтын каргы кер тайган*
*Азыр болуп табылды*[2]*.*

---

[1] Жогорудагы китеп, 267-б.
[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 19-б.

Тайган болуп кубулган Манастын аяры кубалап жетип куйруктан алат. Куйругун жулуп ийинге кирип кеткенде аскерлер түтөтүп аны сууруп алышат. Тайган баса калып кыймылдатпай кармап турганда түлкү адамча сүйлөп мал-мүлкүн, алтын зер буюмдарын берерин айтып жан соогалайт. Митаам түлкүгө жинденген жигиттердин бири Кошубек мурдун кесип алат.

*Кайып кандын иниси*
*Кошо турган Кошумбек*
*Сүйлөп турган түлкүнүн*
*Мурдун кесип алганы.*
*Кыйкырганда бу түлкү*
*Кырк күндүк жерге угулду,*
*Кыжылдап турган калың кол*
*Баары атынан жыгылды[1].*

Ошол кезде алай-дүлөй башталып жер дүңгүрөп, алаамат болгондой жаратылыш кыяматы көрүнөт.

*Дүйнө жүзү дүңгүрөп,*
*Жер чайпалып күңгүрөп,*
*Чакыр-чукур чаң болду,*
*Адамдын баары таң болду.*
*Күн батыш менен күн чыгыш*
*Түшкөндөй болуп жашылды*
*Көк жаңырып басылды[2].*

Түлкүнүн өлүмү жердин алааматына алып келет, ал кара күчтүн дагы бир ипостасы же жер ээлигинин

---

[1] Жогорудагы китеп, 20-б.
[2] Жогорудагы китеп, 22-б.

жиберген сыйкырдуу колу болгондугун бул саптардан көрүүгө болот.

Жогорудагы үч эпизоддон түлкүнүн образы кытай жана калмактар үчүн культтук, тотемдик жаныбар. Аны пир тутуп аярлары түлкү менен анимистик байланышта болушкан. Алардын жаны түлкүгө айланып турган, кара рух аркылуу адамдан түлкүгө, түлкүдөн башка жандыктарга трансформацияланган. Ал эми кыргыздардын көз карашында эпостогу түлкү жер үстүндөгү жамандыкты алып жүргөн жана кара күчтөргө кызмат өтөгөн митаам, кубулган, кайып болуп кеткен касиетке эгедер жаныбар катары каралат. Ошондуктан ал душмандардын образын дагы да күчтүү жана тири укмуштай кылып сүрөттөө ыкмасында колдонулган. Түлкүнүн бул образы кытай жана калмак эли үчүн тотем жаныбары катары толук жооп берет. Пейзаждык сүрөттөөлөрдө албетте түлкүнү кездештирүүгө болот. Бирок ал жерден тотемдик белгилерди алып жүргөн жаныбар катары айтылбайт. Анын сүрөттөлүшү образдар системасында «Түлкүдөй изин жашырып»[1] жана кырдаалды сүрөттөөдө «Түмөнгө түлкүдөй кире албай, түлкү жүрбөс түмөн бар» – деп[2] салттуу поэтикалык формула катары көп кездешет. Анын бул жерде да терс сапаттарды билдирген кошумча каражат экендиги көрүнүп турат.

Демек, түлкү сюжеттик мазмуну жагынан алганда кытай-калмак эли үчүн тотем жаныбары болсо, образдар системасында, кырдаалды сүрөттөөдө көркөм каражат катары колдонулган жаныбардын образы. Анын кара күчкө кызмат кылган белгисин көрүүгө болот.

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 324-б.

2 Жогорудагы китеп, 423-б.

Буга аргумент катары Америкалык индеецтердин түлкүнү, итти, бизонду согуш аскерлеринин бирimдигин негиздөөчүлөрү катары эсептегенин алсак болот[1]. Кытай-калмактын аскер колунда кызмат өтөгөн түлкү чалгынчы катары чагылдырылышы да жөн эмес, ал байыркы ишенимден. **Түлкүнүн эпостогу бул функциясын тотемдик белги деп атоого мүмкүнбү? Эгерде аярдын түлкүнү пир тутканын жана түлкүнү чакырганын, түлкүгө айланганын анын түпкү негизине параллелдүү карай турган болсок, мүмкүн.**

«Чалгын» эпизодундагы куу кулжанын образы дагы түлкүнүкүнө үндөшүп кетет. Бирок ал тотем эмес, тотемдик белгилерди сактап калган жаныбар. Алмамбеттин жолун тороп жолдон адаштырат. Кулжанын кубулганын, кайып болуп кетишин тотемдик белги катары карасак болот. Анткени аярлардын кулжага айланганын жана кулжаны пир тутканын көрө алган жокпуз. Алмамбетти адаштырып келет да көздөн кайым болуп кетет, андан ары өрдөккө кабар берет:

*Кулжа кабар салыптыр,*
*Өрдөктөн кабар алыптыр,*
*Өңкөй улук жыйылып,*
*Баңдулуну урдуруп,*
*Өнөрбантын турдуруп,*
*Каргадан болгон кабары,*
*Канаттуу куштан чабары*
*Эсенканга көп айтып,*
*Эң кыйын душман – деп, айтып[2].*

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 424 с.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 369-б.

Эсенкан каалганы жаптырып, аскерин топтоп камданып калат. Ошондо шаар эли чогулуп куу кулжага, өрдөккө кантип ишенебиз, дүрбөбөй жай-жайыбызга барып жашообузду уланталы дейт.

*Колго аттанып жүргүн – деп,*
*Адамдын баарын кыйнадык.*
*Куу өрдөк келип калды – деп,*
*Курун калган кандай кеп,*
*Өтүрүк шаштык тим эле,*
*Өрдөктүн түбү жин эле,*
*Кулжаңдын түбү кайыптыр,*
*Кумдай аскер жыйышып,*
*Куру дүрбөш айыптыр[1].*

Кулжа менен өрдөккө жете албай калган Алмамбет менен Сыргак кер-мур айтыша кетишет. Кулжа менен өрдөк кабарын айтып кытай эли чогулгуча дароо Манаска кабар жеткирүүнү эп көрүшөт. Эки жаат болуп турганда Манас колу менен жүрүш жасайт. С. Каралаевдин вариантында чалгынчылар тууралуу Эсенканга кабар бергени кулжа чуркап бараткандa атып алышат. Өрдөк тууралуу айтылбайт.

Кулжа (ургаачысы аркар) табиятынан күлүк, аска-зоого чыгып кетип оңойлук менен карматпаган жаныбар. Аңчылардан калган макал бекеринен айтылбаса керек: «Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачка өлүптүр»[2]. Кулжанын Кыргызстанда эки түрү белгилүү, Марко Поло жана Теңир-Тоо кулжасы. Булар Ысык-Көл областына караштуу Жети-Өгүз коругунда, Арпа жана

[1] Жогорудагы китеп, 402-б.
[2] Орусча-кыргызча сөздүк. [Текст] / сост. К. К. Юдахин. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2015. – 1-т. – 494-б.

Аксай тоолорунда мекендешет. Алардын саны 15900. Кызыл китепке кирген[1]. Аң уулоонун мезгилдик сезонуна жараша жаныбарлардын аттарынан айлар аталганы баарыбызга маалым. Тактап айтканда жалган куран, чын куран, бугу, кулжа, теке, баш оона, аяк оона (огоно – монгол тилдеринде кулжа, элик маанисин туюнтат), тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы[2]. Кулжа да июнь айынын атын алган.

Жапайы койлордун эркеги байыркы жана архаикалык тотем катары издери көчмөндөрдүн ишениминде сакталып калган. Кулжа, аркар, кийик, маралды кайберен атап аларга көчмөндөр урмат көрсөтүшкөн. Алар жөнүндө уламыш сюжеттери элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири белгилүү («Кожожаш» эпосу, «Карагул ботом»). «Кайберен» сөзү арабдардын «кайп» – көзгө илээшпөөчү, көрүнбөөчү, жашыруун жана «яран» – жолдош, дос деген сөздөрүнөн келип чыккан[3]. Кайберен деп жалпы атоо алдында аркар-кулжаны тотем катары кыргыз эли тутунганы айдан ачык. Анткени бүгүнкү күнгө чейин этнографиялык-материалдык фактылардан, жазма булактардан жана археологиялык казуулардан чыккан зер буюмдардагы аркар мүйүз оюуларды жана таш сүрөттөрүнөн көрүүгө болот. Мисалы, Абрамзон кыргыз мазарларын көрүп мындайча жазган: «Алай кырка тоосундагы Алай өрөөнүнөн чыгыш Памирди карай кеткен Кызыл-Арт белиндеги кадимки эле эски обоо – мазар ыйык деп эсептелген. «Ашуунун белинде (Кызыл-Арт

---

[1] Кыргыз Республикасынын кызыл китеби [Текст] / жооптуу ред. Э. Дж. Шукуров. – 2-бас. – Бишкек: [б-сыз], 2006. – 54-б.

[2] *Каратаев, О. К.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 180-б.

[3] Жогорудагы китеп, 131-б.

– С. А.) мазар, б.а. күмбөз бар. Аркардын баш сөөктөрү менен мүйүздөрү аркайып турат, топоздордун ак жана кара куйруктары, шамалга желбиреген кездемелердин айрыктары бар эле»[1]. Б.з.ч. V–V кк. адамдын малдын башын көбөйтүү жана аңчылыктын ийгилигин камсыз кылуу максатына байланыштуу келип чыккан ушуга эле окшош культтук магиялык сценалар Аравандагы аскада да бар, ал жерде тоо текелер менен аркарлардын сүрөттөрүнүн катарында, сыягы, культ-магиялык мүнөздөгү бийди бийлеп жаткан адамдардын сүрөттөрү да тартылган[2]. Жети суу аймагынан чыккан археологиялык материалдардан аркардын сүрөтү чыккан. Чырагдандардын бутунун түбү жырткычтын таманына окшош болуп, кооздук элементтери сак казандарына толук окшош келет. Казандардын биринде аркардын көөдөн сүрөтү түшүрүлгөн, ал эми буттарынын таманы жырткычтын таманы сыяктуу берилген[3]. Бүгүнкү күндө шырдакка жана туш кийизге, ат жабдыктарына түшүрүлгөн «кулжа мүйүз», «кочкор мүйүзүн» көрүүгө болот.

Кулжанын Теңир-Тоо кулжасы деп аталышы да көк тиреген аска-зоолордо жашаганынан улам жана көккө (Теңирге, кайып дүйнөсүнө) жакын маанисинде айтылып калган чыгаар. Бирок анын көккө жакын аска-зоодо жүргөнү бул аттын коюлушуна толук жооп бербейт, толук далилге ээ эмес. Анткени кулжанын өзүн эле эмес кайберен деп кийикти, маралды, тоо эчкисин

---

[1] *Абрамзон, С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С. М. Абрамзон. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. – 216-б.

[2] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 254-б.

[3] Жогорудагы китеп, 307-б.

да айтышкан. Алар да көк тиреген тоолорду мекендейт эмеспи. Алардын аты да Теңир тоо кийиги же эчкиси деп аталып калмак. Демек, Теңир Тоо кулжасы деп тотемдик ынанымдан улам коюлуп калган. Анткени кайберендер көчмөндөр үчүн ыйык болгон. Түштүк Сибирь элдеринин жомокторунда кийикти кубалап барган аңчылардын тоо башына кандай чыгып калганын байкабай калган сюжети кеңири. Маселен, Бакыр-Тоого келген мергенчинин алдынан аска бети ачылып, кийик ичине кирип кетет. Мергенчинин маңдайынан жети Теңир чыгат[1]. Кийик бул жерде Теңирдин элчиси катары сүрөттөлөт.

Кыргыз уруулары арасында аркардын сүтүн эмип чоңойгон ата-бабалар тууралуу көп кездешет. Алардын бири окумуштуу А.Н. Бернштамдын жазып калтырганы боюнча Тянь-Шандык кыргыздардан Эсенгул уругу аркардын сүтү менен багылган. Уламыш боюнча көч башынан калып калган бала Эсенгулду аркар эмчегин ийип эмизип аман алып калган. Көчтөгүлөр кайра кайтып келсе аркар сүтүн берип жатканын көрөт. Ошондон тартып Эсенгул уругу көбөйгөн дешет, алар аркар-кулжага аңчылык кылчу эмес. Эгер аркарын кармап алышкан болсо сүтүн саап кое беришкен. Ооруп жаткан адамга дартына дабаа деп беришкен[2]. Мындай мотив түрк урууларында кеңири кездешкен мотивдерден. Бугу уруусунун уламышы боюнча да душмандардын чапкынынан аман калган баланы бугу эмизип жашоо тартуулайт. Ал баладан тарагандар Бугу эне деп аяр мамиле кылып

---

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 24 s.

[2] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 310-б.

уруу аталышын алган. Ч. Валиханов жазып алган легендада тоодо көз жарган кыздарды кайберен колдойт, аркар кейпинде келип балдарын эмизип, коргоп турган[1]. Мисалы, балбал эстеликтеринде жана Көл Тигин, Билге Каган, Илтериш Кагандын күмбөздөрүнөн айкелдер табылган. Аны Түркиялык окумуштуулар кочкор деп чечмелеп жүрүшөт, алардын кулжа түспөлдүү сүрөттөрүн дагы көрүүгө болот. Анадолу аймагындагы Эрзурумдун Олур районунда кочкор айкелдери табылып, алгач түрмөнүн бакчасына коюлуп андан кийин музейге өткөрүлгөн[2]. Мындай кочкор мүйүз, кулжа мүйүз айкелдери жана алардын сүрөтү тартылган балбалдар Карс аймагынан да табылган[3]. Демек, Византия империясынын Анатолия чек арасына кирип барган түрк уруулары койкочкор, аркар-кулжаны бийик тутушкан. Алардын элесин таштарга түшүрүп тотемдик белгисин жоготпогонго аракет кылышкан. Мындай аралаш «Кочкор мүйүз», «аркар мүйүз» көчөтү кыргыз оймо-чиймесинде башкы орунду ээлейт. Көпчүлүк учурда аралаш берилип келет. А.Н. Бернштам бул боюнча төмөнкүдөй пикирди келтирет: «Колдонуу учурунда «кочкор мүйүз», «аркар мүйүз» көчөтү көп учурда оймо-чиймелердин башка да түрлөрүн айкалыштыруу жолу менен татаалдашат. Кыргыз оймо-чиймесинин композициясында «кочкор мүйүз» көчөтүндө башка бир түрү өтө сейрек учурайт. Бул элементте спиралдын санын көбөйтүү «кайталанган мүйүз» сүрөтүн пайда кылат. Мындай ык күмүшкө

[1] *Нарынбаева, Н. О.* Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары [Текст] / Н. О. Нарынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 126 б.

[2] Berkli, Yunus, Erzurumda Yeni Bulunan Haç Motifli Koç Heykelinin Düşündürdükleri [Text] / Yunus Berkli // A.Ü. Türkiyat Araştırmaları Enstitüsü Dergisi. – Erzurum, 2007. – Sayı 34., 215 s.

[3] Жогорудагы китеп, 217-б.

данакерленген алтын сымдардан жасалган күмүш буюмдарда көп учурайт[1].

Шаманизмди изилдеген окумуштуулардын бири Eliade Mircea калмак, монгол, кыргыз шамандары аркар, кочкордун далы сөөктөрү менен жашоо төлгөсүн салышкандыгын белгилейт[2]. Тактап айтканда аркар менен кочкор кыргыздарда жана түрк урууларында бирдей тотем болгон (анын үстүнө кочкор алгачкы колго үйрөтүлгөн кой, кулжа жапайы кой деп да айтылып жүрөт). Кочкор алгачкы тотем болсо, кулжа да теңирчилик, шамандык өкүм сүргөн доорлордо ортого чыккан тотемдерден. Алардын көчмөн жашоо-шартында жана руханий көз карашында аралаш кездешүүсү ушундан болуу керек.

**«Манас» эпосундагы кулжа Эсенкандын чалгынчысы катары жиберилгени культтук кайберен образын жоготкондой. Анын терс, душмандарга (кара күчтөргө) кызмат кылганы өзгөрүмдүү образды жараткан. Кулжанын тарых бою тотем катары келишин албетте этнографиялык материалдардан жана тарыхый булактардан көрөбүз, бирок эпикалык сюжетке кыргыздын тотем туткан эмес кара күчкө кызмат кылган метамарфоздук функцияга ээ жаныбар экендиги ортого чыгып олтурат. Бээжин шаарынын тургундары үчүн ыйык саналган тотем болсо, кыргыздардын тотем тутканын көрө алган жокпуз. Кулжа эпостун поэтикалык тилин байытуу максатта колдонулган көркөм каражат катары образдар системасында салттуу поэтикалык формула катары**

[1] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 552 б.

[2] Eliade, Mircea, Şamanizm [Text] / Mircea Eliade. – Ankara, 1999. – 196 s.

**пайдаланылган.** Мисалы: «Кулжадай көзү кызарып»[1] – баатырларга, душмандарга айтыла берет; «Курбусунда кулжа бар, кайыптын баары мында бар»[2] – душмандын колун сүрөттөгөндө жеңилгис күчтүү маанисин арттыруу максатта берилет; «Кулжа коодон, таш коркок»[3] – абдан бийик жалама зоону сүрөттөгөндө, кулжанын жеткен жери демек абдан бийик тоо деген мааниде. Бул саптардан улам кулжанын тотемдик белгилери көркөм каражаттык функцияга өтүп кеткендигине күбө боло алабыз.

С. Орозбаковдун «Чалгын» эпизодундагы дагы бир кабарчысы өрдөк. Кулжа өрдөккө кабар берип, Эсенканга Манас колу жөнүндө өрдөк жеткирип барат. Өрдөк да кулжа, түлкү сыяктуу алгачкы коомдун тотеми болгон. Бара-бара культтук мүнөздөн чыгып тотемдик белгилери гана эпоско кирген. Мисалы Саян-Алтайдагы түрк тилдүү элдеринин жердин жаралышы тууралуу мифологиясында эки өрдөктүн жерди жараткандыгы айтылат. Алгач кургакчылык жок суу каптап турган кезде Ульген (жер үстү) өрдөгү сууга чумкуп ылайды алып чыгып сууга ыргытат, жер пайда болот. Экинчи өрдөк Эрлик (жер асты) кургакка чыгып таштарды чогултуп тоолорду пайда кылат. Эки өрдөк бири-бирине бир тууган болуп дүйнөнү башкарышат. Айрым бир варианттарында эки өрдөктү дүйнө суусунун ээси Ак эне жиберген болот[4]. Фин-угор мифологиясында да дүйнөнү өрдөк жараткан деп ишенишкен. Суунун үстүнөн кургак

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 92-291-б.

[2] Жогорудагы китеп, 789-б.

[3] Жогорудагы китеп, 125-б.

[4] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х томах / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 2. – 107 с.

издеп жүргөн өрдөк (карельдерде бүркүт, каз деп да айтылат) Вяйнямёйнендин тизесине жумуртка тууйт. Жумуртка сыйгаланып кетип сынып калат. Үстүнкү катмарынан Асман, астынкысынан Жер, сарысынан Күн, агынан Ай, майда кабыктарынан жылдыздар жаралат[1]. Фин-угорлордун Вогул уругунда гана айтылган уламышта өрдөктү Кудайдын уулу деп маани беришет. Аңчы Тунк-покстун көккө чыгып аңчылык кылып жүрсө алдынан алты буттуу кийик чуркап өтөт. Анын аркасынан кубалап аңчынын лыжасынын изи калып калат. Эки бутун атып, төрт буттуу кийик карматпай көздөн кайым болот. Ошол эки из менен өрдөктөр учуп баштаган имиш. Алар жети бир тууган болуп Вогулдардын кудайы Нуми Таремдин жети баласы болгон имиш. Азыр деле кудайдын балдары катары өрдөктөр учуп баратканда айтылат[2]. Бул эки из кыргыздарда «Саманчынын жолу» деп аталат. Чындап өрдөктөр «саманчынын жолу» аркылуу жер оодарыштырып учкан (атамдан укканым бар). Айрыкча Ысык-Көлгө жаздын май айында «саманчынын жолу» көрүнүп калганда өрдөктөр келе баштайт.

Кыргыз элинде өрдөктөрдүн изин оймо-чиймелерден көрүүгө болот. Айрыкча кыз себине арналган туш кийиздерге гүл менен аралаш өрдөк орнаменттери салынган.

Азыркы венгерлердин уламышында алгачкы башкаруучунун аты Либа же Леба болгон. Бул эски венгр тилинде каз-өрдөк дегенди билдирет. Уруусунун аты да Лебедиас (каз-өрдөктөр) болгон. Айрым окумуштуулар орус тилиндеги «лебедь» сөзүн ушундан алынган деп жүрүшөт. Өрдөк уруусу атанган алгачкы венгр уруусу деп айтылат. Тарыхтагы маалыматтар боюнча

---

[1] Жогорудагы китеп, 129-б.

[2] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 37 s.

Хазар мамлекетинин алдында калган венгрлердин королу Алмостун Арпад жана Лебедиас деген эки уулу болот. Хазар падышасы Лебедиасты венгрлердин башчысы кылып кызын берет. Лебедиас баласыз болуп тукуму уланбай калат. Арпад анын ордуна тактыга келет. Ал бүркүт сымал кыраакы болгон деп сүрөттөлөт. Уруусун бүркүт атайт[1]. Демек, алгачкы коомдун тотемин кийинки көз караштардагы пайда болгон тотем сүрүп чыгарган. «Манас» эпосунда да Эсенкан жиберген өрдөк алгачкы тотемдик белгини алып жүргөн канаттуу. Анын орду дүйнөлүк элдердин мифтик тотеми катары топон суудан куткарган канаттуу катары образды түзөт. Тотем катары эпосто унутулуп, белгилери сакталып калган. Кытайлардын тотеми катары сюжеттин ичинен кароого мүмкүн эмес. Кабар алып келген канаттуу белгисин гана сактап калган.

Жалпы жыйынтыктап айта турган болсок, «Чалгын» эпизодунда каралган түлкү, кулжа кытайлар үчүн тотем катары эсептелет, алгач кулжа түрк тилдүү көчмөндөрдүн тотеми болгон жана түлкүнү кара күчкө кызмат кылган образ катары карашкан. Бул эки образдын культтук маанисин кытайларга манасчылар ыйгарганбы же мезгилдин талабы менен терс ипостасты алган жандыктар куттуу болуудан сүрүлүп калгандыктанбы? Айтор эпостун поэтикасы жагынан алып караганда байыркы тотемдик белгилерди сактап калган көркөм каражат экендигин көрөбүз. Эпостогу тотем жаныбары менен тотемдик белгилер бири-бирине чийеленишкен. Айрыкча «Чалгын» эпизодунда чиеленишкен катмардан көбүрөөк тотемдик калдыктарды байкоого болот.

---

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 593 s.

Аңчынын кийикти (кайберенди) кубалоо сюжетине параллель Түштүк Сибирь элдеринде кара түлкүнү кубалоо кездешет. Ага күндөп-түндөп аңчылык кылып жетпей коёт. Бир карыянын айтымында жалама аскага келгенде тоо ачылып кирип кетет. Эгер ал кирсе жер алдындагы кара рухтарды ойготуп алып чыгат имиш. Анын максаты аңчыны жер алдына алып кирип кетүү[1]. Демек, түлкү менен кулжа аңчылык коомчулугунда пайда болгон культтук жаныбарлар. Өрдөк көктүн жиберген медиатору катары канаттуулардын ичинен эң алгачкы тотем. Бул эпизоддо өрдөктүн тотемдик белгилери гана сакталып калган.

Ал эми жогоруда кеп кылган Чыйырдынын кабыландын жүрөгүнө талгак болушу жана кырк чилтендин бала Манаска келишинде бөрүгө айланышы байыркы сюжет катары тотемдик белгилерден кабар берет. Биринчиси шердин этин же жүрөгүн жеп анын сапатын алуу ички тотемдик белгини билдирсе, экинчиси бөрүнүн колдоочу катары сырткы тотемдик белгини билдирет.

## 2.2. Жаныбарлардын тотемдик белгилеринин архетиптик модели. Тотем менен табунун карым-катнашы жана анимизм калдыктары.

«Манас» эпосунун Орозбаков жана Каралаев вариантында жаныбарлардын тотемдик белгилери образдар системасында жана түш көрүү мотивинде бирдей түзүлүштө берилген, салттуу поэтикалык формула катары да бирдей формада чагылдырылган. Бирок С. Орозбаковдун вариантындагы образдар системасында жеке эле

[1] Жогорудагы китеп, 24 б.

жырткыч жаныбарлар эмес мифтик жандыктарга салыштыруу көп орун алган жана душмандардын колу да мифтик жандыктарга толо сүрөттөлөт. С.М. Абрамзон да бул тууралуу мындай деген: «Мифологиялык сюжеттер, анимистикалык элестөөлөр, жаратылыш кубулуштары, магия, «Манас» эпосунда космогоникалык чөйрөнү түзүп каармандардын дагы да көркөмдүгүн ачат. Касиетке ээ жогорку күчтөрдүн натыйжасында сүрөттөлгөн образдар терс таасир калтырбайт, тескерисинче элдин руханий-маданиятын, ишенимин чагылдырып олтурат. Муну менен бир учур эмес бүтүндөй элдин тарыхы айтылууда»[1]. Ал эми С. Каралаевдин вариантында душмандын колу жырткыч жаныбарлардын терс мүнөздөрү менен сыпатталып баяндалат.

«Манас» эпосунда орун алган ар бир тотем жаныбардын тотемдик белгилери кайсы бир деңгээлде сакталып калган. Генетикалык тамырына сүңгүп кире турган болсок, архетиптик моделин көрүүгө болот. Ал эми сюжет ичинде орун алган жаныбарлардын элесинен (Кырк чилтен сюжети, Чалгындагы куу кулжа, түлкү, Манастын Кумайыктуу, ак шумкардуу жана Ак кулалуу болушу, Түш көрүү мотивиндеги канаттуулар) тотемдик белгилерден улам табунун аз санда карым-катнашта орун алганын байкасак болот.

Архетиптик модель деген эмне? Эң биринчи бул термин психология жана антропология жаатында Карл Густав Юнг тарабынан 1919-жылы колдонулуп илимге кирген. Учурда гуманитардык илимдерден тарыхта, этнографияда жана фольклордо, анын ичинде мифологияда колдонулган. Архетип (байыркы гр. – алгачкы образ)

[1] Манас героический эпос киргизского народа [Текст]: сб. науч. тр. – Фрунзе: Илим, 1968. – 209 с.

– адам баласынын аң-сезиминин түпкүрүндөгү генетикалык калыптанган укум-тукумдан уланып келген, жашоо-турмушубузда эреже-адат катары колдонулган психикалык структуранын түпкү базиси. Түштөрдөн, турмуштук мотивдерден кезиктирүүгө болот[1]. Фольклордо архетиптин аныктамасы кыйла башкачараак. Архетип архаикалык феномен жана ал мифологияда, образдарда, элдик оозеки чыгармаларында кездешкен түпкү генетикалык форма, фигура[2]. Ал эми В.Я. Пропп бул феноменди же фигураны модель деп атайт[3]. Ал жомоктордун сюжеттерин талдап отуруп архетиптик моделдерин таап чыккан.

Умай эненин архетиптик модели да Кумай кушу экендиги баарыбызга маалым, бирок ит төрөсү Кумайыктын куш менен болгон байланышы бизди кызыктырбай койгон жок. Кумайыктын генетикалык тамыры Кумай кушуна барып такалаарын айрым изилдөөчүлөр айтып жүрүшөт. Мисалы, А. Боронов төмөнкүдөй пикирди айтат: «Биздин оюбузча «кумай» сөзү иран элдеринин мифологиясындагы кеңири белгилүү «хома(й)» деген бакыт кушунун аты менен байланыштуу. Хома(й) Хумай иран элдеринин мифологиясында бүркүткө окшогон, көлөмү чоң, өтө акылдуу, адамга бакыт, атак-даңк алып келүүчү мифологиялык куш. Анын көлөкөсү түшкөн адам падыша болот, ал адамга дайым эле жолукпайт. Мына ушул бакыт кушу Хомай-Хумай кыргыз тилинде «кумай» деген формага өтүп, иттин аты катары колдонулуп калган. Хумай бакыт алып келүүчү куш болгондуктан, ал дайыма

---

[1] *Юнг, К. Г.* Архетип и символ [Текст] / К. Г. Юнг. – М.: Ренессанс, 1991. – 19 с.

[2] *Юнг, К. Г.* Архетип и символ [Текст] / К. Г. Юнг. – М.: Ренессанс, 1991. – 384 с.

[3] *Пропп, В. Я.* Фольклор и действительность [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 143 с.

ыйык эсептелинген. Дал ушул себептен Хумай ыйык деп аталып, андан Кумай ыйык, Кумайык деген иттин аты пайда болуп, ал эми бул ит болсо ээсин дайыма бакытка жеткизген. Кумайыктай итке ээ пенденин байлыкка тунуп, бакытка жетерлиги жөнүндөгү элдик ишенимдин башаты мына ушул Хумай куштун образына барып такалат»[1]. Бул тууралуу С.М. Абрамзон да эмгегинде мындай деп берет: «Имеется ещё одна грань рассматриваемого образа, свидетельствующая о его глубокой древности. У киргизов отмечен орнаментальный мотив под названием «умай», причем замечательно, что этот элемент орнамента имеет вид птицы и осознается как её изображение. В киргизском же языке «умай» выступает в значении сказочной птицы, которая гнездится в воздухе. Это слово заимствовано из персидского (ḥuma), где оно означает птицу, обитательницу мирового дерева. Повидимому, представление о божестве Умай было некогда связано с древним общечеловеческим мотивом птицы – солнечного божества, творца всего живого, символизирующей плодовитость, плодородие»[2]. Демек, Хумай кушунун тотемдик аты Орто Азия элдеринин ишеними менен бирге элдик оозеки чыгармачылыгына терең кирип, алгач Умай кушу эне катары андан соң ит төрөсү Кумайык болуп семантикалашып кеткен. Кумайык тууралуу аңыздарда да Кумай аттуу куш учуп келип тууп кетет, бирок аны эч ким көрбөйт жана үч күн ичинде күчүк табылса итке айланат, таап алган адам бакытка тунат

---

[1] *Боронов, А.* Манастын Кумайыгы итпи же кушпу? [Электронный ресурс] / А. Боронов. – Режим доступа: http://barakelde.akipress.org/muras/news: 789 20.06.2013. 8:36 – Загл. с экрана., 6 с.

[2] *Абрамзон, С. М.* Киргизы и их этногенетические и историкокультурные связи [Текст] / С. М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990 – 275 с.

имиш[1]. «Манас» эпосунда да Кумайыкты баатыр Манас таап алат. Кумай иран элинин ишениминде Хаома багынын эң чокусунда жашаган куш болот, ал дүйнөнүн жогорку жана төмөнкү чегин кайтарып, бириктирип турган жарчысы. Аны көргөн адам бактылуу болот деп эсептелинген. Азыркы учурда Пайгамбардын хадистеринде «хюма – бейиш кушу» катары кездешет. Ислам адабиятында жана иран адабиятында хюма кушу тууралуу ырлар жана газалдар жазылган. Мисалы Юнус Эмре хюма кушу тууралу төмөнкүчө келтирет:

*«Ne erenler geldi geçti, bunlar yurdu kaldı göçtü,*
*Pervaz vurup Hakka uçtu, Hüta kuşudur, kaz değil»[2].*
*Кандай гана баатырлар келди-кетти, журту калды,*
*Канат кагып көккө учту, каз эмес ал Хюма кушу.*

«Исфандиар» чыгармасында да Хюма аттуу сулуу кыздар бул атты ысым катары алып жүрүшкөн. Ирандыктар бул кушка аруу жана таза деген маанини да ыйгарышкан. Ирандыктар өздөрү Хюма кушун Кытай жергесинде жашаган куш деп айтышат[3]. Кытайда Хюма кушка окшогон бейиш кушту Феникс (Фохо, фен) деп аташат[4]. Ал эми кыргыз эли өз дүйнө таанымында кушту байыртадан эле ыйык тутуп, эне-баланын башаты катары көргөндүктөн бул Кумай кушу аллетерацияланып кеткен. Кумайды, башкача айтканда Умай кушун эне катары кабыл алып ишенишкен. Демек, Ит төрөсү Кумайык

---

[1] *Карымшактегин, З.* Кыргыз тайганы [Текст] / З. Карымшактегин. – Бишкек, 2007. – 15-б.

[2] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 109 s.

[3] Жогорудагы китеп, 109-б.

[4] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х томах / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 2. – 541 с.

тотемдик мифтердин негизинде келип чыккан байыркы тотемдик белгини алып жүргөн жана кийин куштун атын ыйгарып алган жандык. Азыркы учурда да кыргыз коомчулугунда тайган маданий баалуулуктардын ичине кирет. Аны багып асыроону маданий-турмуштун жана улуу мурастын уландысы катары карашат. Бул боюнча 2-тиркемеде тайганчынын окуясы берилген.

Мергенчинин сөзүнөн улам чынында Кумай жору бар экендигине ынандык. Ал Кыргызстандын кызыл китебинде жоголуп бара жаткан жаныбар катары «снежный гриф» деген ат менен катталыптыр[1]. Кыргызстанда таз жору, сары жору, кумай жору деген түрлөрү бар. Бирок эң сейреги Кумай жору, ал адам баласынын көзүнө оңой-олтоң чалдыкпайт. Жоруну учурунда кыргыз эли тотем тутканы да белгилүү. Анткени жоруну уруу аталышына ыйгарышкан. Азыркы кезде да жору уруктары Кыргызстандын аймактарында жашашат. Тактап айтканда жору – оң канаттагы адигине уруулук тобуна кирген теги байыркы ири уруу. Уруунун аталышы кыргыздардын эзелки тотемге ишенүүсүнөн келип чыккан. Бул уруунун өкүлдөрү Каракулжа, Алай, Өзгөн, Ноокат, Карасуу, Чыгыш Түркстандын (КЭР) аймактарын эзелтеден байырлап келишет. Негизги уруктары: ай тамга, ача тамга, кожо, тасма, беш абышка, калдай, жакып, элчибек, чайчы, котурак, барак, ийрек, теңизбай, эсепке, кучкач, калча, каракунас, булаш[2]. Ал эми уламыш боюнча Кумай кушунун жумурткасынан чыккан күчүктү аруу аялзаттын багып алуу мотиви «Манас» эпосунда да баяндалат.

---

[1] Кыргыз Республикасынын кызыл китеби [Текст] / жооптуу ред. Э.Дж. Шукуров. – 2-бас. – Бишкек: [б-сыз], 2006. – 406 б.

[2] *Каратаев, О. К.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 114 б.

Аңчылыкта жүргөн Манас баатыр намаз окуй турган жерде Кумбулактын белинен күчүктү таап алат:

*Намаз окуп турганда,*
*Жаңы бата кылганда,*
*Кум-Булактын белинен,*
*Даарат алган жеринен*
*Кайыбынан кабылды,*
*Кол башындай сур күчүк*
*Көзү ачылбас чагында,*
*Жаңыдан тууган табында*
*Манас канга табылды*[1].

Бакай абдан сүйүнүп Манаска чын Кумайык өзү экенин айтат:

*Кумайыкты көргөндө:*
*«Баабедин!» – деп бакырып,*
*Бакай абаң ошондо*
*Ажыбайды чакырып,*
*Анда Ажыбай муну айтат:*
*«Арслан Манас, көк жалым,*
*Кутмаарек болсун күчүгүң!*
*Кызыр чалган кырааным,*
*Кыйланын баары кабылды,*
*Чын Кумайык табылды,*
*Чын Кумайык өзү экен*[2].

Бакай Кумайыкты эркек киши бакса алты айдан кийин кайып болуп кетээрин эскертип, аялзаттын аруусу Каныкейге берүүнү эп көрөт:

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 577 б.

[2] Жогорудагы китеп, 578-б.

*Көк жору тууп таштаган,*
*Кымбаттуу кыраан башыңа*
*Алда Таала кудайың*
*Куп келтирген кези экен.*
*Ушу турган Кумайык*
*Адам колу өткөндө*
*Айып болот дечү эле.*
*Эркек бакса ушуну*
*Алты күнгө толгондо*
*Кайып болот дечү эле.*
*Коштоп жүргөн ак боз бээ*
*Кокуй, Чубак, бери тарт!*
*Ак боз бээни соёлу,*
*Этине биздер тоёлу,*
*Алакан жайып баарыбыз,*
*Бата кылып коёлу,*
*Атын чын Кумайык коёлу!*[1]

«Манас» эпосунда Кумайыкты көк жору тууп таштап кетет. Аны тапкан адам да жөн эмес, кайыптан жаралган адам. Манастын Кумайыкты таап алган сюжети баатырдын образын кыйла кырдуу, кереметтүү кылып кеңейткен. Бакайдын Кумайыктын жайын даана сүрөттөп айтып берген жеринен да байыркы мифтик жандыктын элесин көрөбүз. Кумайыкты кайыптан жаралган же көктүн Манаска берген энчиси катары айтылат:

*Сур күчүк эмес, кадыр түн*
*Ушу сөзүм угуп бил,*
*Чын жүзүнө чөп чыккан*
*Жерде мындай табылбайт.*

---

[1] Жогорудагы китеп, 578-б.

*Кулак угуп, көз көргөн,*
*Элде мындай табылбайт?*
*Ай-талаада сур күчүк*
*Кулак угуп, көз көргөн,*
*Түк адамга кабылбайт.*
*Кумайык эмес, кадыр түн –*
*Курбум Манас, муну бил!*
*Жүнү айбан дебесең,*
*Адамдан артык ит ошол,*
*Алда Таала жасаган*
*Маңдайыңа Манасың,*
*Жазып койгон мүлк ошол!*
*Бул Кумайык чоңойсо,*
*Жолдош болор өзүңө,*
*Өлгүчө канбайт кумары,*
*Бир көрүнөр көзүңө*[1].

Бакайдын кеңеши менен Каныкейге Кумайыкты Манас берип кетет. Кумайык абдан жандуу чыгып, отко куйругун күйгүзүп алат. Алты айдан кийин келген Манас кыска куйруктуу Кумайыкты көрүп Каныкейди кабыргага тээп сөөгүн майыштырган.

Баатырдын үйлөнүү мотиви албетте бардык түрк эпосторунда тараган мотивдерден. Болочок келинчеги алдын ала акылдуу, ишмер, сулуу катары сүрөттөлүп баатырга татыктуу жандын портретин тарткан. Мындай сүрөттөөлөр Манасчы Каныкейдин образын чагылдырууда Кумайыкты багуусу аркылуу терең чагылдырып берген. Кайыптан жаралган Кумайыкты багуу аруу аялзатынын гана колунан келген. Демек, Каныкей аялзаттын аруусу болгон. Мифтик мотивдин жана Кумайык

[1] Жогорудагы китеп, 580-б.

тууралуу уламыштын «Манас» эпосунда учурашы көркөм эстетикалык сюжеттин курулушуна жана баатырдын болочок келинчегинин образынын ар тараптуу ачылышына түрткү болот.

Негизинен, ит алгачкы коомчулуктун тотеми болчу. Бара-бара колго үйрөтүлүп социалдык муктаждыктан үй жаныбары болуп калган. Дүйнөлүк мифологияда итти тотем катары урматтаган тотемдик мифтер арбын кездешет. Корейлердин мифологиясында күн тутулганда иттин асманга көтөрүлүп күндү керте тиштеп кеткени айтылат. Караңгылык кудайы Камак Нара дайыма күн кудайы менен салгылашып турган. Оттой жанган алтын итти күндү жана айды жок кылууга жиберет. Бирок күн абдан ысык, ай абдан муздак болгондуктан керте тиштеп эле качып жок болот. Күндүн тутулушуна ит себептүү деп эсептешкен. Ит чыдамкай жана жылуулукту алып жүргөн деп ишенишкен да анын сапатын алып калуу максатта иттин этин жеп башташкан[1]. Бүгүнкү күндө да корейлердин салттык ашканасында иттин этинен жасалган тамак-аштары арбын. Грек мифологиясында тескерисинче, Зевс кудайы төрөлгөндө алтын ит анын сыйкырдуу алтын козусу Амалфеяны жеп, азыктанып, дайыма кайтарып жанында жаткан. Зевс чоңоюп, Крондон бийликти тартып алганда, алтын итке Крит аралындагы өзүнүн ыйык храмын кайтартып койгон[2]. Монголдордо нохай – «ит» деген сөздү билдирет. Бир кездерде айрым

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 547 с.

[2] Кун, Н. А. Мифы древней Греции [Электронный ресурс] / Н. А. Кун. – 2017. – Режим доступа: school42.edu.kh.ua// Яндекс диск. – Загл. с экрана., 66 с.

монгол уруулары итти тотем катары көргөн[1]. Түркмөн элинде болсо ит-баш деген ат менен денеси адам, башы иттикиндей персонаж жомокторунда көп кездешет[2]. Казак жомокторунда да Ак төбет жана Сак төбет иттери көп айтылат. А.И. Золотаревдун айтымында иттин бул аталышын кыргыздардын бүбү-бакшыларынын оозунан уккан. Окумуштуу шамандардын Ак дөбөт, Сак дөбөттүн жана жылан, кара үкү, арстан, жолборстун жаны менен байланышканын билдирет[3]. Этнографиялык сөздүктүн авторлору Каратаев жана Эралиевдер кыргыздарда да бир учурда иттин тотем болгонун төмөнкүчө билдиришет: «Тотемдик ишенүүнү кыргыздардын уруулук аталыштарынан да байкоого болот: бөрү, кара куш (баргы), жору, кара багыш, сары багыш, багыш, бугу, дөбөт, мангыт, жагалмай (мунгуш), бечен (чоң багыш), куран (найман), элик (кесек), үкү (солто), чоң багыш ж.б.»[4]. Демек, монголдордогу Ногой уруусу ири уруудан болгондуктан алар ит тотеминин байыркылыгын көп сактап көбүрөөк культтук мүнөздө мамиле кылышкан. Жети суу урууларынын итке өтө этият мамиле кылгандыгы археологиялык табылгалардан билинип турат. Үч буттуулардын ичинен казан түрүндөгүсү көңүлдү бурат. Буттарынын таманы сыртка ийилген, ийилген жеринде итке окшогон жаныбардын башынын сүрөтү бар. Иттин башы

---

[1] *Менгес, Карл Генрих.* Түрк элдери жана алардын тилдери. Түркологияга киришүү [Текст] / Менгес Карл Генрих. – Бишкек: Кыргыз-Түрк Манас ун-нин бас., 2000. – 56-б.

[2] *Золотарев, А.* Пережитки тотемизма у народов Сибири [Текст] / А. Золотарев. – Л.: Изд-во ин-та народов Севера ЦИК СССР, 1934. – 35 с.

[3] Жогорудагы китеп, 36-б.

[4] *Каратаев, О. К.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 600 б.

чапталып жасалган, бир жолкусунда жабыштырылган жер терең оймо менен кооздолгон[1].

Чүй өрөөнүндөгү Карагай-Булакта №9 коргон дөбөдөн иттин (тайгандын) көмүлгөн сөөгү табылган. Археологиялык таштандыларды изилдеген изилдөөчүлөрдөн А.К. Абетеков тайганга 2000 жылдан ашык убакыт болгонун айткан[2]. Бул табылгалар Кыргызстандын аймагында жашаган жана Орто Азиядагы көчмөн элдеринин алгачкы коомдон тартып ит баласына абдан көңүл бурулгандыгын билдирип турат. Маньчжур элинде болсо ит (индахунь) арбактар дүйнөсүнө кетчү босогону кайтарган. Каза болгон адамдардын рухун рухтар дүйнөсүнө өткөрүүчү кызматты кылган. Нурха ци уламышында ит куткаруучу жана коргоочу катары берилген[3]. Мындай байыркы культтук ишеним, тотем катары кароо албетте кыргыздарда болгон. Анткени иттердин дүйнөсү тууралуу да С. Орозбаковдун вариантында кездешет. Манастын кырк чоросунун бири Жайнак Итаалынын элинде үч жыл жүргөнүн айтат. Эки-үч күн калган Итаалы кой союп өзү жебестен Жайнакты коноктойт, көйнөктөтүк кийгизет. Эртеси Итаалынын кошунасы коноктойт. Жайнак үч жыл туруп кетейин десе Итаалы жактырбай «Адамга жакшылык кылсаң курсагы тойгондо жамандык кылат» – деп Итаалылардын ханына алып барышат. Хандын аялы ашкан сулуу болуп Жайнак эси ооп калат, суу сээп эс алдырышат (Каныкейдин Кумайыкты багуусу

---

[1] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 307 б.

[2] *Карымшактегин, З.* Кыргыз тайганы [Текст] / З. Карымшактегин. – Бишкек, 2007. – 36-б.

[3] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 634 с.

да жөн эмес: аруу аялзатынын ит менен байланыштуу жашоо параллелдүүлүгү бар). Ал чүпүрөккө мөөр басып бошотот. Итаалынын үйүнө кайра келип туруп калган Жайнакты козу союп жүргөн келин адамдарды таап кеткин деп ат берип жөнөтөт. Бул окуя «Кошойдун окуялары» эпизодунда берилет[1]. Демек, ит адам баласынын жашоосунда кайсыл бир мезгилде орчундуу орунда турган да коргоочу катары саналган. Анткени ири уруу аты болбосо да, дөбөт, мангыт деген майда уруктар учурайт. Асыресе тотемдик ишенимди жоготуп, тотемдик белгини гана урук аталышында сактап калган. Бир гана ит төрөсү Кумайык делип элдик оозеки чыгармачылыкка, эпикалык сюжетке терең сүңгүп кирип кеткен.

Жыйынтыктап айтканда «Манас» эпосундагы Кумайык ит төрөсү болуп сүрөттөлгөнү менен адамдардын ага жасаган урматын эске албаганда баатыр Манаска кызмат кылган атрибуту. Кумайыктын өз алдынча сюжетин алсак жана тотем жаныбары катары талдаар элек, бирок эпосто тотемдик белгини сактап калган жандык катары ортого чыгып отурат. Анын архетиптик модели, Умай эненин да архетиптик модели кушка барып такалат. Ал эми куш өз кезегинде көктүн жиберген элчиси жана жарчысы катары тотем канаттуусу болгон.

**«Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери жана анимизм калдыктары**. Кыргыз элинин, адам колуна үйрөтүлгөн жаныбарлар менен анимистик алакасы тыгыз болгон. Алардын арасынан жогоруда келтирилгендей ит, ат жана куш. Үй жаныбарларын бир кезде пир тутуп ит төрөсү Кумайык, куш төрөсү

---

[1] «Манас» энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред.; «Мурас» илимий пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 1-т. – 246-б.

Буудайык, жылкынын колдоочусу Камбар Ата, төөнүн пири Ойсул Ата, койдуку Чолпон Ата, уйлардыкы Зеңги Баба, эчки-теке менен аркар-кулжаныкы Кайберен Ата бар деп ишенип келишкен[1]. Ал эми жапайы жаныбарлар, айрыкча кабылан, бөрү, жолборс, арстандардан адам баласы корккон жана жаратылышта күчтүү жандык катары карашкан. Алардын мүнөзүн өз кан-жанына сиңирип алууга умтулушкан жана тотем тутуп аяр мамиле кылышкан. Бул ишеним эпосто белги жана символ катары, метафора жана салыштыруу иретинде кездешет.

Тотем туткан жаныбар менен уруу же жеке адам руханий байланышта болгон. Фольклор таануу илиминде бул көрүнүш анимизм, анимистик байланыш катары белгилүү. Тактап айтканда анимизм (лат. animus – жан, рух) бул – материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөн башкарып турган өзгөчө сыйкырдуу жандардын (нерселердин) бар экенине карата болгон ишеним. Анимистик көз караш боюнча курчап турган дүйнө ак жана кара рухтар менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык руханий күч катары эсептелет. Адам баласы тоо-ташка, түрдүү бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга ж.б. объектилерге сыйынышкан. Ошолордун эгесине арнап курмандык чалышкан. Анимизмдин негизги жоболорунун бири – асман, жер жана суу эгесине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү[2]. Илимге жана фольклор

---

[1] *Кушбакова, Г.* Зоонимия кыргызского языка: на материале эпоса «Манас» [Текст] / Г. Кушбакова. – Бишкек: Общественный фонд «Билге», 2015. – 55 с.

[2] *Каратаев, О. К.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 32-б.

таануу жаатына Э.Б. Тайлор тарабынан сунушталган. Окумуштуу бул терминди алгачкы коомчулуктун ишеними деп караган да төмөнкүчө теориялык аныктамасын келтирген: «Теория анимизма распадается на два главных догмата, составляющих части одного цельного учения. Первый из них касается души отдельных существ, способной продолжать существование после смерти или уничтожения тела. Другой – остальных духов вплоть до могущественных богов. Анимист признает, что духовные существа управляют явлениями материального мира и жизнью человека или влияют на них здесь и за гробом»[1]. «Манас» эпосунан арбактар дүйнөсүнүн элементтерин, руханий жандын трансформацияланышын же байланышын байкоого болот. Жаныбарларды карап жатып каармандардын руханий байланышы көз алдыбызга чалдыкты. Рух жөнүндө окумуштуунун дагы бир пикирин алалы. Ал мында дейт: «У евреев слово «нефеш», дыхание, употребляется для обозначения «жизни, души, ума животного», тогда как «руах» и «нешама», представляют переходное от «дыхания» к «духу». Этим выражениям соответствуют арабские «нефс» и «рух»[2]. Демек «Манас» эпосундагы жаныбарлар менен адамдардын руханий байланышы – анимистик байланыштардын калдыктары кездешет. Анимистик байланышты Манас баатырдын жогоруда сөз кылган Кумайык, Ак кула, Ак шумкарынан карап көрөлү. Алгач ирет эле үй жаныбары жылкы кайдан тотем болсун деген суроо туулат. Бирок жылкы баласы алгачкы коомдук түзүлүштө ыйык тотемдердин бири болгон. Аны колго үйрөткөндөн кийин дагы

[1] *Тайлор, Э. Б.* Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б.Тайлор. – Смоленск: Русич, 2000. – 141 с.

[2] Жогорудагы китеп, 148-б.

адам баласы жылкыны кастарлап, өзүндөй (адамдай) көрүп мойнуна ар кандай коргоочу тумарларды таккан.

С. Каралаевдин вариантында Ак куланы Манас данга алмаштырып алат (баатыр төрөлгөндө башка аты Тайбуурул жарыка келет). С. Орозбаковдун вариантында Манас төрөлгөндө Ак кула да бир убакта туулат. Баатыр менен минген аты руханий байланышта болгон. Баланын төрөлүшү менен кулундун жарыкка келиши анимистик байланыштын белгилерин билдирет. Катаган элинин башчысы Кан Кошой менен Манас беттешерде Кошой балбаны Катыкул балбанына Манасты Ак куласынан жыксаң аны жеңгениң, анан башын кыя чап деп кеңеш берет.

*Канкор эрге бар – деди,*
*Камданып уруш сал – деди,*
*Карууң келсе куткарбай,*
*Алмадай башын ал – деди,*
*Айтканымды ук – деди,*
*Атка минип чык – деди,*
*Найза менен бир уруп,*
*Аккула аттан жык – деди[1].*

Бирок Кошойдун балбаны Ак куладан жыга албай убара болуп, аттын акылдуулугуна жана чапчаңдыгына таң берет. Манастан жеңилип, Кошой экөө доого жыгылат. Бул ыр саптардан аттын согушта баатыр менен бир күчкө куюлган элесин көрүүгө болот. Манас атына мингенде бир кишидей согушка аттанып кирип барган. Анын баатырдыгын арттырган эң маанилүү атрибуттарынын бири аты болгон. Көчмөндөрдүн анын ичинде

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 161-б.

кыргыздардын ат алысты жакындаткан каражат болгону менен атка аяр мамиле жасашкан. Жылкы баласы деп мүнөзүнө жараша мамиле кылышкан. Жада калса Бартольд Тору Айгыр тоо кыркаларына барып калып типтик зоого чыга албаган кыргыздар атты минип чыгып кеткенин айткан. Ошол тоолордо эчки-текенин сүрөтүнөн башка жылкылардын сүрөттөрү бар экендигин белгилеген[1]. Ат үстүндөгү эрдин күчтөнүп бир кишидей аракет кылышы да «Манас» эпосунда Манастын Ак куланы минишинде таасын берилген.

*Чаткаягы чаткалдай,*
*Чатына киши баткандай,*
*Куюшкандын кошконго*
*Он бир карыш казанды*
*Ойноп-күлүп аскандай*
*Болжолу жок чоң Кула ат,*
*Бооруна карандын*
*Момолой ийин казгандай,*
*Болжолу жок чоң Кула*
*Көкүлүн көккө түйдүрүп,*
*Көзүн оттой күйдүрүп,*
*Куйругун жерге шүйдүрүп.*
*Эки каптал эн темир,*
*Эптеп кылган ак каңкы,*
*Карк алтындан чыбыгы,*
*Качкан элик чокулуу,*
*Чоң Кулага токулду*[2].

[1] *Бартольд, В. В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 269-б.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 161-б.

Бул сүрөттөлүштөн Ак кула абдан зор ат катары көз алдыбызга тартылат. Анын чаты Чаткал өрөөнүндөй кең, куюшканды кошкондо он бир карыш казанды селкинчектин баканындай асып койгондой көрүнүштө. Ал аппак ат болгондуктан боорундагы кара темгили момолой ак топурактуу жерде ийин казып койгондой салыштырылган. Качкан элик чокулуу деп түйүлүп жүгүрүп бараткан эликти же аңчыдан качып бараткан эликти элестетүүгө болот. Эки каптал эн темири атка токулганда ошол элик өңдөнүп тыбырчылап түйүлүп турганы сүрөттөлгөн. Атты сүрөттөө, портретин түзүү, көркөмдөп салыштыруу албетте, Орозбаковдун өнөр-чеберчилигинин кайталангыс тарабы. Манастын образын ачууда көмөкчү көркөм каражат катары аттын образынын ролу чоң. Анткени атка минген Манас, ал – баатыр. Башка эпикалык чыгармалардан карасак атсыз баатыр көчмөндөрдө болгон эмес, айрыкча кыргыз эпосторунда жокко эсе.

Ак кула деген ат албетте ак түстөн улам Ак делип, төшүндөгү кара темгилинен кула деген сөз жалганган – деген ой кетет. Бирок, байыркы мотивдерден алып карасак көпчүлүк баатырдын аттары ак түстө болгон (Огуз хан, Көгүдей Мерген, Эр Төштүктүн айрым варианттары, Аттила, Алтын куш жомогунда ж.б.). Индия мифологиясында атка Вишну отурганда ак күчтөргө ээ болот. Кара күчтөрдү талкалап, жиндерди айдайт. Дүйнөгө жарыктык жана бейпилчилик алып келет[1]. Демек ак түстөгү атты кудайлар жиберген. Зордугу да анын кайсыл бир кезде пантеон болгондугунун белгиси. Этнограф И. Молдобаев Г.Н. Потанинден кийин эле казак эпосу

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 20 с.

«Талас пай мергенди» изилдеп Ир-Гокшенин образында «Манас» эпосундагы Көкчөгө окшош тарабы бар экендигин жана анын уулу Ир-Манас Манаска үндөшүп кетерин айткан. Ир-Манастын Как-кул аты да Ак куладай зор ат болуп сүрөттөлөт. Токрау районунда көчүп-конгон казактар да Ир-Гокшенин уулу Ир-Манас болгонун ырасташып, чоң көлөмдө таканын изи калып калган жерди көрсөтүшүп Как-кул аттын изи деп айтышыптыр[1].

Армян эпосу «Давид Сасунский» («Сасна црерде») Санасар баатыр көл түбүнө түшүп ак, зор атты алып чыгат. Ат баатырга кыйынчылыктарды жана кара күчтөрдүн колун жеңиш үчүн жардам берет. Ал шамалдай тез учкан жана буту жерге тийгенде жер оюлуп издер калып калчу экен. Баатырга жардам берген аттардан Чалкуйрукту айтууга болот. Ал адамча сүйлөп сыйкырдуулук менен коёнго айланып, кайрадан ат болуп ит ичпес көлүнөн кырк казанды сууруп чыгат. Эр Төштүккө жанымды сага арнадым деген аттын айтымында ат үстүндөгү адам менен минген атынын ортосунда анимистик байланыш болгон. Чалкуйруктун образында архаикалык мотивдер көбүрөөк сакталып калган. Аттын алгачкы архетиптик модели кудайлар жиберген ак түстө, зор, канаты бар (айрым учурда), адамча сүйлөгөн культтук образ болгон.

«Манас» эпосундагы Ак куланын образынан улам аттын (жылкы) тотем катары урматталышын анимизм сүрүп салып, көбүрөөк орун алгандай ой калтырат. Анткени Ак куланын Манастын башка аттарына караганда С.К.: (Торучаар, Айбанбоз) эң жакын жана руханий байланыштагы аты болгон.

---

[1] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 93 с.

Манастын дагы бир анимистик байланыштын белгилерин чагылдырган ак шумкарын атоого болот. С. Каралаевдин вариантында Чыйырды Жакыпка түшүн айтып ыйлап баласыздыктан кайгырганда, Жакып байбичесин жоошутуп мындай дейт:

*Кула бээм тууса тулпар тууйт,*
*Сыпаты сыны ушундай,*
*Кош басмайыл жырымым,*
*Менин ушундай кылган ырымым.*
*Куу катын тууса шумкар тууйт.*
*Кайгынын баарын жоёлук,*
*Кудай берсе бир уулду*
*Атын эл айткан атты коёлук*[1]*.*

Жакыптын үйүрүндөгү Кула бээнин кулунунун, ак шумкардын келечекте төрөлөөр бала менен байланышта болоорунан кабар берет. Шумкар Манастын аңчылыкта чыгып аң уулаган кушу гана эмес куттуу куш катары да сүрөттөлөт. Маньчжур мифологиясында жанды куткарган жана рухтар дүйнөсүнө алып кеткен куш катары Дээрэ шумкарын эсептешкен[2]. Демек, Жакыптын түшүндөгү шумкар, байбичесинин төрөй турган шумкары – балага рух алып келген куштардан. Анын руху менен бала Манастын руху байланышта болгон.

Шумкар коргоочу рух катары С.М. Абрамзондун Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгегинде төмөнкүдөй баяндалат. Бул тарыхый жазма материал болгон – 1240-жылдагы моңголдордун «Сыр баянында»

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 98-б.

[2] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 634 с.

эпизод кездешет. Ал эпизоддо Темужин 9 жашка толгондо атасы Есугай аны ээрчитип алып, уулуна колукту кудалашканы кетип баратып, жолдо Дэй-Сеченди жолуктурат. Дэй-Сечендин кайда бара жатасың деген суроосуна Есугай: «Мына бул уулум үчүн Олхонут уруусундагы таякесинин кызына куда түшкөнү бара жатамын», – деп жооп берет. Дэй-Сечен анда мындай дептир: «Уулуңдун көзү оттон, жүзү нурдан бүткөндөй. Есугай куда, мен ушул түнү түш көрдүм, түшүмдө колума ак шумкар келип конуптур, ал шумкар ай менен күндү чеңгелдеп алыптыр... Бул эмненин жышаны, деп ойлоорум менен Есугай куда, уулуң экөөң келип калдың. Бул эмне деген түш? Силер, өз кият урууңардын руху менен түшүмдө мага келип, ушул жолугушууну күн мурдатан билдиргениңер го». Башка бир «Алтан Тобчи» деген моңголдук эстеликте Дай Сецэн (Дэй Сечен), кетип баратып Есугайга жолугуп, ал түш көргөнүн, түшүндө киот уруусундагы сүлдөнүн сүрөтү болгон ак шумкар сындуу карганы кармаганын айтат. «Сыр баянынын» жана «Алтын Тобчинин» мазмунунан көрүнүп тургандай, куш (карга жана шумкар) Чынгыз-хан таандык болгон кият уруусунун колдоочусу деп эсептелген[1]. Буга параллель «Кет бука» уламышында Чыңгызхандын уулун жолборс чалып, өлүмүн угузалбай турганда, арасынан Кет бука чыгып күү менен угузуптур. «Алтын боолуу ак шумкар, Алтын боосун тытканы, Айды карай сызганы. Бул эмине болучу?» – деп ырдаган Кет буканын сөзүн Чыңгыз хан дароо түшүнүптүр. Шумкар деп баласын, шумкардын учканын баласынын жаны бул дүйнөдөн учуп кеткенин

[1] *Абрамзон, С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С. М. Абрамзон. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. – 252-б.

билдирген. Мындай руханий байланышты Манас менен шумкардын, Семетей менен шумкардын ортосунан көрүүгө болот. Манастын тукумун улоочу катары Шумкар Семетейге өтөт. Бирок Семетей кайып болоордо ак шумкар да кайып болуп кетет.

Манас аты менен кушунан башка жолборс, кабылан шер, алп кара куш, ажыдаар, бөрү менен анимистик байланышта болгон. Алар бир гана колдоочулук милдет аткарып баатырдын образын көркөм ачып берүүдө сүрөттөлгөн салыштыруу каражаттары катары баяндалган. Бирок алар да кайсыл бир даражада баатыр менен руханий байланышта болгон. Мисалы Чыйырды кош бойлуу кезинде кара шердин этине талгак болгон. Байыркы мезгилде ыйык жаныбардын этин жеп сапатын алуу тотеми болгон. Шердин эти аркылуу Манас сапатын алган жана ал колдоочу катары болуп калган. **Бул тотемдик белгинин анимистик байланыштагы элементи болуп саналат.** С. Орозбаковдун «Манастын Бээжинге кирген» эпизодунда Манасты колдогон жаныбарлар таасын сүрөттөлүп берилген. Баатырдын сүрөттөлүшү аны колдогон жаныбарлар менен баяндалып берилет. Буларда тотемдик белгилерди сактап калган коргоочулук жана жаныбардын сапатын алып калуучу ички тотемдик белгилер учурайт.

*Жети жерден чынжырлап,*
*Жетимиш жерден кишендеп*
*Ажыдаарын сойлотуп,*
*Азуулуу арстан жолборстон*
*Алты жолборс байлатып,*
*Арып менен үстүнө*
*Алп кара куш айлантып,*

*Токой көчкөн эмедей,*
*Тоо жыгылган немедей*
*Доол согуп күңгүрлөп,*
*Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,*
*Толкундуу көлдөй шарданып,*
*Айбатын көргөн адамдар*
*Алыстан карап жарданып,*
*Аралап кирди конокко,*
*Коногу калды домокко[1].*

Ажыдаар да Манастын колдоочу жыланы катары сүрөттөлөт (иран тил. Аждапа – жылан, ажыдаар)[2]. Арстан, жолборстон айырмаланып ажыдаар асманда учкан алп кара кушка параллелдүү түрдө жерде сойлоп коргоочулук кызматын кылат. Манас баатырды колдогон ажыдаар жерде сойлоп жыланга түспөлдөшүп кетет.

Иран мифологиясында ажыдаар кара күчтүн ээси катары берилсе, эпосто андай терс түшүнүктү көрө албайбыз. Ажыдаар айбаттуулук, каардуулук мүнөздү чагылдыруу үчүн да башка баатырларга, Эсенкандын колуна карата колдонулат. С. Каралаевдин вариантындагы «Алмамбеттин жомогу» эпизодунда Алмамбет Кытайда Аверген көлүндөгү алтымыш баштуу ажыдаардан жайчылык өнөрдү үйрөнгөнүн айтат. Аверген ажыдаары монголдордун Аверген Могой ажыдаарына үндөш[3]. Ал дүйнө жүзүнө отун бүркүп турган эбегейсиз мифтик

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 234-б.

[2] «Манас» энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред.; «Мурас» илимий пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 1-т. – 38-39-б.

[3] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 217-б.

жандык. Бул ыр саптарда ажыдаар Манасты коргоочу жылан катары берилген. Бирок Ак шумкар жана Ак куладай ажыдаардын жана алп кара куштун баатыр менен болгон анимистик байланыштагы элементтери кыйла аз. Алар менен болгон байланышында ажыдаардай Манас каарданып, алп кара куш илчүдөй делип салыштыруу иретиндеги мүнөздөрүн алуу элементи гана бар. Бөрү, жолборс, сүлөөсүн, ителги, арстан, аюу жаныбарлары дагы ушундай көркөм кызмат аткарат. Булардан анимистик элементтерди гана аз-аздан байкоого болот.

**«Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери менен табу элементтеринин карым-катнашы.** Тотем бар жерде табу да болгон. Айрыкча тотем туткан жан-жаныбарларга карата сый-урматтын чегинде табу жаралбай койгон эмес. Кайсыл бир деңгээлде табунун да ролу бар. Бул ойду Фрэзер «Золотая ветвь» эмгегинде ырастайт[1]. Полинезия уруулары тотемге деле табу сөзүн колдонушкан. Ал коркуу эмес, -ta (белгилөө) этишине -pu тактооч мүчөсү жалганып Кудай менен предметтин ортосун байланыштырып турган чектөө – «ыйыктык» дегенди билдирет. Полинезияда табу уруу коомунун мыйзамы болгон. Ал ыйык, аны аярла, ага тийбе, этин жебе деген чектөө жана ага карама-каршы «noa» сөзү колдонулган. Норма, кармоого, жегенге болот деген маанини билдирет[2].

«Манас» эпосундагы тотем менен табунун өз ара катышы чиеленишкен жана тотемдик белгилер орун алган жерден кээде табунун издерин кезиктирүүгө болот.

---

[1] *Фрэзер, Дж*. Золотая ветвь: Исследование магии и религии [Текст] / Дж. Фрэзер; пер. с англ. М. К. Рыклина. – М.: ТЕРРА-Книж. клуб, 2001. – Т. 1. – 69 с.

[2] *Фрейд, Зигмунд,* Тотем и табу. Психология первобытной культуры и религии [Текст] / Фрейд Зигмунд. – М.: Олимп-Аст, 1997. – 16 с.

Анын элементтери образдар системасында жана мифтик жандыктардын сүрөттөлүшүндө көбүрөөк берилет. С. Каралаевдин вариантында образдардын сүрөттөлүшүндөгү тотемдик белгилер менен бирге табунун амбиваленттүүлүгү учурайт. Ал эми С. Орозбаковдукунда мифтик жандыктарда көбүрөөк орун алган. Анализдеп көрөлү.

«Көкөтөйдүн ашы» менен «Чоң казат» сюжеттеринде Манастан баштап Алмамбет, Сыргак, Чубак, Эр Көкчө, Эр Төштүк (С.К. «Көкөтөйдүн ашынан кийин» Төштүк жомогу уланып кеткен), Коңурбай жырткыч жаныбарларга салыштырылып берилет. Манасты алдынан сойлоп ажыдаар, үстүнөн бутун тарбайтып алп кара куш, жанынан жандап арстан-жолборс, бир жагынан кара кулак кабылан колдойт. Алмамбет чапчаң бөрү өңдөнүп турат. Сыргак менен Чубак жапайы каман көздөнүп, Эр Көкчө шукшурулган шумкардай, Коңурбай деген катуу жоо, капаста кара жолборс – деп айтылат. Төштүк алгыр куштай октолду – делет.

Манастын «Көкөтөйдүн ашына» келиши, «Бээжинге кирип келиши» колдоочу жаныбарлардын баяндоосу менен чогулуп турган калктын, кытай ханы Эсенкандын үрөйүн учурат. Манастын образынан коркуп, аны ошол кезде урмат көрсөтүп сыйлашкан. Бул эки сезим колдоп жүргөн жаныбарлардын тотемдик белгилеринен улам болууда. Мисалы ажыдаардын (жыландын) тотемдик белгиси колдоочулук, ага карата табу – жырткычтын оп тартуучу сапатынан коркуу. Манас Бээжиндин дарбазасынан кирип келип, Эсенкан тактысын бошотуп берет. Жыйылып турган кытай эли, аларды башкарган хандардын оозу ачылып, бир четинен айбыгып, бир четинен үрөйлөрү учуп Манастан коркуп турат. Бул коркуу

сезимин пайда кылган ажыдаардын табу жана тотемдик белгисин айтууга болот.

*Айбанаттар бышкырып,*
*Так түбүндөгү ажыдаар*
*Сойлоп чыкты ышкырып.*
*Жетимиш эки бүгүлүп,*
*Тактага карай жүгүнүп,*
*Кандарга көзү тигилип,*
*Ажыдаар сойлоду,*
*Ал жердеги кандарың*
*Жеди го – деп, ойлоду.*
*Заар чачып зыркырап,*
*Оозун ачып аркырап,*
*Казандай көзү жаркырап,*
*Ажыдаар сойлоп жеткени,*
*Анык жутат экен – деп,*
*Кандардын шайы кеткени.*
*Аркасынан анын да*
*Алло акбар! – деген сөз*
*Азандын үнүн укканы,*
*Кайра сойлоп ажыдаар*
*Тактага башын тыкканы*[1]*.*

Тотем менен табунун мындай байланышы ажыдаардын эпизод ичинде элестүү сүрөттөлөшүндө жана анын түпкү архетиптик моделинде жатат. Жылан алгачкы дүйнөгө болгон көз караштагы архаикалык тотемдик образ. Жылан дүйнөлүк мифологияда ар түрдүү форманы алган (ажыдаар, эки баштуу жылан, жети баштуу ажыдаар).

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 236-б.

«Манас» эпосундагы ажыдаар баатырды колдоочу катары сүрөттөлгөнү менен тилин соймоңдотуп, жерде сойлоп жүргөн жандык катары баяндалат. Демек көбүрөөк жыландын картинасын берет. Мусулманчылыкта (ыйык куранда) жылан жинден (шайтандан) чакырылган делет. Кыргыздын дүйнөсүнө ислам дини кире баштаганда мусулманчылык акырындан эски адаттарды четтете баштаган. Мындай четтетүүнү кыйыр мааниде ажыдаарга карата айтылган «Алло акбар» сөзүнөн байкасак болот. Азандын үнүн уккан ажыдаар Манас отурган тактынын алдына кирип кеткен.

Дүйнөлүк мифологияда жыландын образы ар түрдүүчө берилип жүрөт, бирок алардын түпкү негизи кайсыл бир учурда тотем болгондугун айгинелейт. Скандинав мифологиясында дүйнөнүн жаралышын ар түрдүү формада элестетишкен. Мелетинский дүйнөнүн убактылуу формасын түзгөн скандинавдардын мифологиясында жыландын образын келтирген. Суу, от жана муздак шамалдан пайда болгон дүйнөдө кара күчтөрдүн дүйнөсү Нифильхейм оттордун дүйнөсүнүн уулуу учкуну Муспелльсхейм менен аралашып суу көбүгүн жаратат. Жер алдында бир канча кылым аккан көбүктүү суудан Имир дөө, уй Аудумла, туздуу таштардан Бури, атасы Бора жаралат. Имир жер кыдырып жүргөндө колтугунан жана бири-бирине тийген буттарынан башка хримтурс дөөлөр жаралган. Боранын балдары (анын ичинен Тор жомогу – бул боюнча өзүнчө миф бар) өз дүйнөсүн куруугa далалат жасап жерди көтөрүп суулардан жыланды кармап ортоңку дүйнөнү курушат. Жылан Мидгард аталып жер үстүн чалгындап жашап жаткан жаныбар менен адамдарды көзөмөлдөп турган[1]. Австралия

[1] Мелетинский, Е. М. От мифа к литературе [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Рос. гос. гуманит. ун-т, 2001. – 144 с.

мифологиясында болсо гигант жыландары Амырга Могус, Темир Могус, Амырга Мос, Мос мифтик жырткыч катары берилет. Бардык жомокторунда терс ипостасты алган жандык катары айтылат[1]. Египет мифологиясында Апоп жана Ренетутет жыландары дүйнөнү эки тарабынан карап турушкан. Адамдар арасына сойлоп келишкен, кээде социалдык-турмушка аралашып жылан-аялга айланып кишилерге турмушка чыккан[2].

Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларында жылан активдүү түрдө орун алган жандык. «Коркут ата» китебинде жылан баатырларга каршы келген кара күч катары сүрөттөлөт. Дүйнөлүк мифологияда жыландар суудан, жерден чыкса, түрк элдеринде көктөн түшкөн варианттары да кездешет.

*«Ta göklerden, indi geldi, bir canlı yılan,*
*Тетиги көктөн түштү жандуу жылан*
*«Her adamı, yutar idi, gördüğü zaman,*
*Көргөн адамын жутаар эле,*
*Salur-Kazan, başın kesti, vermedi aman,*
*Салур-Казан башын чаап жанын алды,*
*«Alplar, beyler, gören var mı Kazan gibi?*
*Алптар, баатырлар барбы Казан сыяктуу?*[3]

Мындай сүрөттөөдөн улам жылан дагы түрк элдеринин көз карашында көк жиберген жандык болгон. Ал кандай гана терс жандык болбосун бардыгын көк эгеси

---

[1] *Путилов, Б. Н.* Героический эпос и действительность [Текст] / Б.Н.Путилов. – Л.: Наука, 1988. – 23 с.

[2] *Мелетинский, Е. М.* От мифа к литературе [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Рос. гос. гуманит. ун-т, 2001. – 146 с.

[3] *Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi* [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 258 s.

жараткан, жер үстүндө анын да жашоого укугу бар деген ой-түшүнүк көчмөндүн дүйнөсүнүн кенендигин билдирет.

Сибирь түрктөрү жыландын элесин жыгачка түшүрүп, алып жүрүшкөн же жылан өңдүү жыгачтан фигура жасашкан. Кыйынчылык учурда жардамга келет деп ишенишкен. Күчтүү жырткыч жаныбардын (карышкыр, түлкү, жылан) сыйкырдуу күчү менен жамандыкты жеңүүгө болот деп шамандардын арасында да туруктуу сакталып калган ишенимдер болгон[1]. Демек, шаманчылык күч алган мезгилде каранын күчүн кара күч менен жеңүү керек деген көз караш орун алган. Кытай жазмаларында эски кытай тилинде уйгурлар жөнүндө жазылган бир уламышта жылан менен куш жөнүндө айтылат. Тонюкуктун биринчи вазири Билге Бука эрктүү баатыр катары айтылып анын атасы жөн эмес, көктөн белги алган адам катары баяндалат. Атасы күн ысыкта Чынар теректин (айрым маалыматтарда дарак) түбүндө жатса куш учуп келип уктатпай сайрай берет. Аны кубалаган адам кайра жатып эс алайын десе куш алдыңкы бутакка конуп жаны-алы калбай сайрайт. Адам кушту кармап алганда үстүнкү бутактан уулуу жылан тилин соймоңдотуп адамды чакканы келе жатканын көрөт. Ошол кезде адам кушту коё берип жыланды өлтүргөн экен[2]. Кушту ошол күндөн тартып урматтап, кушту жакшылыктын жышааны катары карашкан, жыланды жамандыктын жышааны деп эсептешчү экен. Демек, көктөн түшкөн жылан менен куш жакшы менен жамандыкты символдоштуруп турат. Көк Теңир адамга жакшылыкты

[1] Жогорудагы китеп, 48-б.

[2] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 85 s.

биринчи жиберип, аркасынан жамандык келген. Бирок аларды учурунда билип, жакшылыкты туура кабыл алып аны менен жамандыкты жок кылуу адам баласынын колунда экендиги айтылган. Байыркы уйгурлардын (V-VII кк.) жыланга болгон табусу ошол кезде эле болгон. Уйгур каганатына таандык «Төлгө китебинде» («Irk Bitig» IX к.) жыландын сөзү менен жөрөлгө айтылат:

*Я – змея златоглавая,*
*Мне златокожее брюхо мое*
*Рассекли беспощадным мечом,*
*И теперь мне – ползти из норы,*
*Голове моей – дом покидать…*
*Это, знайте, – совсем не к добру.*
*Мен – алтын баштуу жылан,*
*Менин алтын курсагыма,*
*Каардуу кылыч сайылды,*
*Эми ийинден кетишим керек,*
*Алтын башым үйүмдү таштап,*
*Билесизби, бул – жакшылык эмес*[1]

Тарыхый материалдардан да карасак жылан адамбаласынын жашоосунда өз пантеондук функциясын жоготпой келген. Чымкенттен Сайрамга чейинки аралыкта Илан-бозган деген дөңдө узундугу 120, туурасы 105 чарчы келген коргон бар. Мурун бул жерде чоң шаар болгон экен. Жергиликтүү калк арасында шаар тууралуу уламыш айтылат. Ушул шаарда күндөрдүн биринде бир кемпир суунун жээгинде уй саап жатса капыстан эле суудан жылан чыгып келип, кемпирге алтын тыйын сунуп:

[1] Книга гаданий [Электронный ресурс] / Режим доступа: https://ru.wikipedia.org/wiki. – Загл. с экрана., 1 с.

«Эгерде сен мага сүт берип турсаң, мен күн сайын сага ушунча тыйын алып келип турамын» – дейт. Кемпир макул болот да, бат эле байып кетет; бул жөнүндө билип калган падыша мынча байлыкты кайдан алганын сурайт; кемпир адегенде жашырат, бирок кийин чынын айтат. Падыша ишенбейт, бирок аңдып, аныгына жетет. Кемпирдин чындыкты айтканына көзү жетет, бирок падыша кемпирдин жылан менен алакасына ачуусу келип, экөөнү тең кайнап жаткан майга салууга буйрук берет. Ошондон кийин жыландар кыштактын тургундарынын артынан түшүп алышат да, аларды башка жакка көчүп кетүүгө аргасыз кылышат. Самарканга качып барган падыша койдун мүйүзүнө жашынып алып, ал жакка анын койлору менен барган жыландын чакканынан өлөт. Окумуштуу В.В. Бартольд Чымкенттин тегерегинде жашаган түрк урууларынын «Жылан жакшы байлыктын эгеси, түшүңө кирсе жакшы, өңүңдө көрсөң жанч» – деп айткандарын келтирет. Аны өлтүрүү милдет деп эсептегени зороастризмдин калдыгы деп эсептейт[1]. Кыргыз элинин арасында да бүгүнкү күндө «Жыланды түшүңдө көрсөң кенч, өңүңдө жанч» – деп айтышат. Мисалы Сокулукта табылган Карахан дооруна таандык ийдиш-аяктарга штампка (калып) басырып түшүрүлгөн жыландын ийри сызыктуу сүрөтү табылган. А.Н. Бернштам бул боюнча мындай дейт: «Штампта – ичи, көп учурда «нур» түрүндө туш-тарапка чачырап кеткен сызыктар менен толтурулган «күн» – тегерек розетка чоң орун ээлейт. 5 – түрүндөгү фигура кеңири тараган, бул байыркы

[1] *Бартольд, В. В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 223 б.

кыргызстандыктардагы жылан культун билдирүүчү жыландын символу»[1].

Манастын ажыдаар колдоочусу Көк жиберген жамандыкты эмес душмандын үрөйүн учура турган, каранын колун кара күч менен жеңүү ипостас белгисин камтыйт. Ажыдаардын арахетиптик модели – жылан, алгачкы коомдо жылан тотем болгон, түрк элдеринде, анын ичинде кыргыз элинде жылан көк жиберген сыноону символдоштурат. Демек, табу (коркуу менен ыйыктык аралашкан метамарфоза) көбүрөөк орун алган. **«Манас» эпосунда жыландын тотемдик белгиси менен табунун карым-катнашын Манастын колдоочусу ажыдаардан айкын көрүүгө болот.**

Манасты колдогон алп кара куш колдоочу канаттуу катары тотемдик белгини билдирет, ошол эле учурда аны тотем катары урматтоодон улам табунун (бул жерде ыйык кушу) элементин көрүүгө болот. Ал эми арстан-жолборс жана кара кулак кабыландар жырткыч жана күчтүү жаныбар катары тотем болуп алгачкы коомдо коркуудан жаралган. Анын сапатын алуу максатта тотем тутушкан. Коркуу табусунан улам тотем жаралганы айдан ачык. Мындай тотем менен табунун өз ара-катышы табигый көрүнүштөн. Жырткычтардын күчтүүлүгү жанында адам алсыз болуп, анын сапатына жана жаныбардык мүнөзүнө сыйынышкан. Бул жерде коркуудан улам жаралган ыйык тутуу табуну көрсөк болот. Андан кийин гана тотем катары уруу же бир канча адамдар үчүн тотеми болгон. Манастын образынан сестенип, чочулап жана андан душманы коркуп, аскерлери ураандап турганы да

[1] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 348-б.

жаныбарлардын колдоп жанында тургандыгынан улам болушу мүмкүн.

*Арстан кыял, ичи чаар,*
*Каарданса түсү заар,*
*Караганда көзү заар,*
*Каар айтса сөзү заар*
*Канкордун үнү барыптыр,*
*Кошой абаң кулагы*
*Манастын үнүн чалыптыр*[1]*.*

Мындай турпаттан жаныбарлардын тотемдик белгилери менен табунун белгилерин байкоого болот. Образдын структурасы абдан татаал жана катмарланган. Образдын сүрөттөлүш бир линиясынан тотем менен табунун карым-катышта болгон белгилерин көрүүгө мүмкүн.

Алмамбеттин бөрүгө окшоштурулуп сүрөттөлүшүндө да албетте тотемдик белгилер бар. Бирок бөрүнүн жырткычтык сапатынан корккондон улам табу пайда болуп, анын мүнөзүн адам баласы өзүнө сиңирип алуу максатта тотем келип чыккан. Бүгүнкү күнгө чейин эле кыргыздар бөрүнүн атын айтпай «уулума» деп аташчу. Аты айтылса келип мал-жанды кырып кетет, чакырбайлы деген улуулардын сөзүн көп тыңдаганыбыз бар (чоң атамдын айтуусунда). Түрк элдеринде да бөрүнүн тез жана чапчаң, көздөгөнүн бербеген сапатын алуу жана жырткыч катары андан коркуудан улам тотем катары пайда болгон.

С. Каралаевдин вариантында ажыдаар, керик, качыр жана пил (Малгун, Мадыкан дөөлөрдүн атрибуттары)

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 147-б

мифтик мүнөздө сүрөттөлүп, андан башка мифтик жандыктарды көрө албайбыз. С. Орозбаковдо мифтик жандыктардын түркүн-түскүн варианты кездешет. Мисалы: Алты баштуу ажыдаар (Манасты колдогон ажыдаар жылан түспөлдүү; алты баштуу ажыдаар жашоодо кезикпеген мифтик көрүнүштө сүрөттөлөт) Асанаш жылкы (жалкы мүйүз), Адамуш, Кылыч куйрук, Миспилдрик, Жабыр баян, Чаюш, Кутурук, Баяндас, Жетелек, Кырк канаттуу куш, Ача балык, Канаттуу жылан, Кара мар, Ажына, Кара куйрук куш, Куяс, Тарыйнак, Тайбас, Жаян, Кара кур куш, Бир канаттуу куш, Заңгар, Лок аюу, Док аюу. Бул мифтик жандыктар «Көкөтөйдүн ашында», «Эсенкандын колун сүрөттөгөндө», «Чоң казатта», «Манастын Бээжинге киришинде» душмандын колуна тиешелүү же кыргыз баласына зыян келтире турган кооптуу жандыктар катары сүрөттөлөт. Мифтик жандыктар ыйык эмес, көбүрөөк коркунуч келтирген жандык экендиги көрүнүп турат. Булардан тотемдик белгиге караганда табунун белгиси арбын. Талдап көрөлү.

Бул мифтик жандыктардын ичинен кылыч куйрук, баяс жана канаттуу арстан бир сүрөттөлүшкө ээ. Алар көбүнчө душмандын колун жана табиятты сүрөттөөдө бирибиринин ордун алмаштырып толуктап тургандай кездеше берет. Типологиялык жактан окшош келген бул мифтик жандыктар Кытай-калмактын, Манчжурлардын жерлерин, Индистанды жана Кара жөөттөр жашаган жерди баяндоодо берилген. Кылыч куйрук «Чоң Казат» эпизодунда кытайдын калкып келе жаткан аскерлерин сүрөттөөдө да кездешет. Мындан сырткары Алооке кан Анжыянды башкарып кыргызга кырын көрсөтүп турган кезинде, анын кол алдындагы жандыктар тууралуу сөз болот:

*Тарыйнак деген бири бар,*
*Бааш алыкка бактырган*
*Он бир кара били бар.*
*Кылыч куйрук баяс бар,*
*Кызыл аюу саяс бар,*
*Маймыл дарек деген бар,*
*Жабыр баян бир жандар,*
*Бил, керикти жеген бар.*
*Кериги бар, били бар,*
*Мамонттон бири бар.*
*Жолборсу он үч төлдөгөн,*
*Ошолордун баарысы*
*Бири-бирин көрбөгөн.*
*Катын аюу – кетелик,*
*Карышкырдан жүз баккан,*
*Ажайыбын нетелик[1].*

Алооке хандын жөн эмес кара күчкө ээ, каардуу, катуу, колунун кыйла күчтүү экендиги жырткыч жаныбарлардын баяндалышы жана мифтик жандыктардын орун алышы менен көркөм ачылып берилген. Баяс жандыгынын орун алышы да сырдуу жана коркунучтуу ой-сезимди жаратат. Мындай мифтик жандыктарды көркөм сүрөттөп берүү жана көркөм каражат катары колдонуу С. Орозбаковдун бирден-бир айтуучулук өзгөчөлүгү болуп саналат.

Айрым жерлерде кылыч куйрук арстан делип, кылыч куйрук баяс же кылыч куйрук тайбас деп аталат. Мисалы ошол эле Алоокенин жандыктарынын арасында кездешет:

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 437-б.

*Дүйүм жыгач баары бар,*
*Жабыр баян дагы бар,*
*Кылыч куйрук, тайбасы,*
*Кыйындардын баары бар.*
*Кабылан менен шери бар,*
*Ал кезекте Анжиян*
*Калмактын калың эли бар*[1].

Кылыч куйрук сөзү мифтик жандыктын сын-сыпатын ачып берүүдө көмөкчү салыштыруу каражаты катары «кылычтай куйруктуу» деген мааниде көпчүлүк жандыкка айтылышы мүмкүн. Экинчи версия, арстандын кылычтай куйругун башка жандыктарга ыйгаруу менен мифтик өзгөчөлүгүн басып көрсөтүүдө жатат. Үчүнчү версия, кылычтай куйруктуу жаныбарлардан арстандын образын мифтик көз караш менен мифтештирип, культтук мүнөздү алган, ал кийин эпоско аралашып кирген. Анткени айрым саптарда кылыч куйрук жаныбар деген ат менен өзү гана берилген. Эпостогу берилген түшүнүк боюнча азылуу жырткычтардын арасындагы өзгөчө каардуусу жана коркунучтуусу. Сырдуу күчтөргө таандык сапат, касиеттерге ээ. Куйругу кылыч, капталында канаты бар, куйругу тийген жыгач күйүп кетет. Түшүнүктүн түпкү теги байыркы чыгыш элдеринин мифтери менен тутумдашкан. Мисалы: уйгурларда башы, жалпы турпатынын курулушу арстандыкына окшош, бирок тегерек туяктуу, капталында канаты бар, куйругу кылыч жандык бешиктеги балдарды коргоочу дух катары эсептелет. Анын сүрөтү-турпаты баланын уктаганда жанына, төшөгүнүн баш жагына коюлуп, бешиктин үстүнө илинип коюлган. Археологиялык казууда

[1] Жогорудагы китеп, 418-б.

табылган ошондой айбандын турпаты Үрүмчү шаарындагы улуттук музейде сакталуу[1]. Демек, үчүнчү версияга көбүрөөк ыктаган, кылыч куйрук жаныбардын мифтешкен образы. Ал эми анын сыпаты (кылыч куйругу) менен башка жандыктардан күчтүү, сыйкырдуу экендигин ачып көрсөтүү максатта сүрөттөлгөн. Кылыч куйрук түшүнүгү кээде «баяс» – деген ат менен да айтыла бергени да ошондон.

*Чагарактап куйругу,*
*Жагжайыңкы төшү бар,*
*Так чыныдай көзү бар,*
*Кыңшылаган үнү бар,*
*Кызыл сур келген жүнү бар.*
*Чоң казандай башы бар,*
*Уя баскан айгырдын*
*Куйругундай чачы бар.*
*Көкүрөк жүнү самсаалап,*
*Көчүк жагы тарбайып*
*Жыпжылаңач санталак.*
*Азуу тиши бир карыш,*
*Алкымы бар бир кучак,*
*Азууларын карасаң –*
*Өткүр болот – курч бычак,*
*Капталында калы бар,*
*Моюн менен шилиде*
*Кере кулач жалы бар.*
*Чоңдугу бар өгүздөй,*
*Аяк басса адамдай,*
*Капталында канат бар,*
*Куйругунда кылычы,*

[1] «Манас» эпосунун түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / акад. А. Акматалиевдин жалпы ред. менен. – Бишкек: «Бийиктик Плюс», 2015. – 184-б.

*Желдей учат желиши,*
*Жаңы экен ушу келиши.*
*Тырмактары арбайып,*
*Оозу жаман алжайып.*
*Жерди басса айбандай,*
*Көчүк жагын караса*
*Алгыр кыраан тайгандай,*
*Башында мүйүз көрүнөт*
*Найзадан мурун сайгандай»[1].*

Негизи «баяс» эпосто «залим» (зордукчул, адилетсиз, таш боор, кара мүртөз, ырайымсыз маанилеринде) – деп атап, өзгөчө зыяндуу, бардыкка коркунучтуу кара күчтүн – тескеринин ээси катары бул элеске чоң маани берилет. Мунун ачык далилин Манас баатырга Мукамбет Мустапа өзү атайылап белекке келтирген, адилеттик, жакшы иш үчүн кызмат кылууда пайдаланылуучу куралдарды – өзгөчө курч кылыч Ач албарс менен касиеттүү мылтык Аккелтени эң алды менен ушул коркунучтуу жандыкка каршы колдонгондугунан да көрүүгө болот. Мунун өзгөчө мааниси бар, жышааналык белгиге ээ, пайгамбардын тапшыруусу менен узак жылдар бою күтүп жүргөн Абунасыр Айкожо издеп келип таап, Манаска аманат берген. Мылтык менен кылычты жоого каршы ишенимдүү куралданган Манас аларды биринчи болуп эпикалык душман өкүлдөрүнүн бирине, же «каапыр» аталган адам өкүлдөрүнө эмес, кылыч куйрук баяска каршы колдонот[2]. Бир эле кыйкырыгы менен жети жүз он төрт кулжаны оп тартып жутуп, зыянсыз жандарды өлтүргөн

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 589-б.

[2] «Манас» эпосунун түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / акад. А. Акматалиевдин жалпы ред. менен. – Бишкек: «Бийиктик Плюс», 2015. – 66-б.

коркунучтуу, бардык жандуу жан-жаныбарларга зыяндуу күч. Жолборстун эң чоңу тайбас дагы андан коркуп качат да адамдарга келип отко корголойт. Баястын сүрөттөлүшүнө маани бере турган болсок арстандын элесин берген. Бирок мифтешкен образды көрүүгө болот: канаттуу, кылыч өңдөнгөн куйругунда чачы бар, көкүрөк жүнү самсаалаган арстан. Мындай канаттуу арстан же кылыч куйруктуу арстан дүйнөлүк мифологияда кеңири кездешкен образдардан.

Эки дарыя аралыгында жашаган шумерлер Вавилон мамлекетин негиздеп, улуу Вавилон дарбазасын салдырганда канаттуу арстандардын сүрөтүн түшүрүшкөн. Алардын ишениминде канаттуу арстан согуш падышасы болгон. Ал душмандардан Вавилонду коргоп турган[1]. Грек мифологиясында Геракл канаттуу арстан менен чабышат. Ал эми Вавилон падышасы Дарийди согуш талааларында периштелер согуш падышасы – канаттуу арстандын оозунан аман алып калып турушканы «Дарийдин эриктери» аттуу мифтешкен тарыхый окуяда айтылат[2].

Дагы бир кызык нерсе, жабыр баян жандыгы да жогоруда айтылган кылыч куйрук, баяс, тайбас, кылыч куйрук арстанга типтеш келип, коркунучтуу мифтик жандык катары берилет.

*Кабылан, жолборс, каманы,*
*Суу баяны дагы бар,*
*Жабыр баян жандары,*
*Суу мамонут дагы бар*[3] –

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 107 с.

[2] Жогорудагы китеп, 290-б.

[3] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 183-б.

деп Манастын колу Азар көлүнүн жээгине келип Далуш деген жерден суу түбүндө жашаган Балуш элине кезигет. Ал жерден түрдүү жандыктар саналып арасынан жабыр баян да кездешет.

Жабыр баянды чечмелей турган болсок иранча бабр – жолборс, жаен – каардуу, сүрдүү дегенди билдирет[1]. Эпостогу алган орду жана сүрөттөлүшү боюнча жалпы эле азылуулардын, жырткыч айбандардын эң күчтүүсү, коркунучтуусу катары берилген мифтик жандык. Айрым учурда сырдуулук, касиеттүүлүк маңызга ээ катары да айтылат. Анын турган-турпаты менен жолборс же арстан сымал бир жандыкка жакындатаар элек. Анткени Алмамбеттин Котондогу Даң-Дуң тоолоруна баргандагы жабыр баяндын берилиши жана анын терисин жамынып кийим кылынаары айтылган.

*Биз көрбөгөн жандардын*
*Бирөө эмес, баары бар,*
*Жабырбаян дагы бар,*
*Тери кылып кийинген,*
*Бир укмуштай эли бар*[2]*.*

Кийинки эпизоддо Алмамбет Манаска аман-эсен кайтып келип алардын колу тууралуу айтып берип Бозуулду чалгынга жибермей болушат. Бозуул алардын аяры Мардуба чалга барат. Жакын арада жашаган калк ким экендигин жана андан ары кайсыл жол менен сапар алаарын билгиси келген жолоочу болуп Бозуул суроо узатса, чал сен жоо экенсиң деп билип коёт. Элчи катары

[1] «Манас» эпосунун түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / акад. А. Акматалиевдин жалпы ред. менен. – Бишкек: «Бийиктик Плюс», 2015. – 101-б.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 299-б.

согушсуз баш ийип берүүнү керемет тилге салып айтат. Ошондо Мардуба чал Манас тууралуу кеп сурайт:

*Үстүнө темир кийинген,*
*Үрүстөмдөй сыягы,*
*Жамынганы суугa акпас*
*Жабырбаян териси,*
*Жанчышкан жоонун бөрүсү*
*Жаткан колуң кимдики?*
*Дайрага түшсө батпаган,*
*Дабырты жерге жатпаган,*
*Акса суугa батпаган,*
*Арбагы жерге жатпаган*
*Ай-ааламдын баарысы*
*Айбатына батпаган,*
*Айкыргандай ким өзү?*[1]

С. Орозбаковдун ошол кезде билимдүү жана дүйнөгө көз карашы терең болгондуктан Үрүстөмгө салыштырып «жабырдын» терисин жамынган деп Манаска карата айткан. Айтуучулук өнөрүндө мифтик жандыктын да терисин кийгизип баатырдын образын даңазалаган. Демек, «жабырдын» түпкү негизи жолборс же арстан өңдүү азуулуу жаныбар эмеспи. Жолборстун терисин жамынган баатыр типтүү, уламыш-жомоктордо көп кездешкен образ. Анын эрдиги жолборсту өлтүрүп терисин кийип алганда жатат, ошонусу менен даңазаланып баатыр атка конот. Мындай байыркы сюжет грек мифологиясында Гераклдын образында, Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» (албетте мифтик мотив чыгармага айландырылган) поэмасында кездешет.

---

[1] Жогорудагы китеп, 305-б.

Суроого жооп берейин деген Бозуулду Мардуба чал кекиртектен алып сүйлөтпөй мындай деп өзү жооп берет:

*Күрөөкө, соот, кыягы,*
*Үстүнө темир кийинген*
*Үрүстөмдөй сыягы,*
*Жамынганы суунга акпас*
*<u>Жабыр баян териси</u>,*
*Жанчышкан жоонун бөрүсү*
*Жаткан кол менин өзүмкү!*[1]

Жабырдын терисин Мардуба чалдын гана эли эмес, Манастын жакын досу Алмамбет да жамынып жүргөн. Муну Манастын дац-дуң элинин арасынан Алмамбетти сырткы келбетин сүрөттөп издегенинен көрсөк болот:

*Көк жал Манас баатырга*
*Алмамбети жоголуп,*
*Көзгө илинбей дүйнөсү*
*Таш-Кыядан ташышып,*
*Дабырлашып шашышып,*
*Арадагы Дагарды,*
*Аңдабастан аларды*
*Жаяга жана барганы,*
*Жаяны жыйып алганы.*
*Жаадай Сарала аты бар,*
*Жабырбаян тону бар*
*Көрдүңөрбү адам? – деп,*
*Көзөл Манас сурап кеп*[2]*.*

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 307-б.

[2] Жогорудагы китеп, 345-б.

Кыргыз тилиндеги жабыр сөзүнүн жолборс жаныбарынын сапатында кездешкен коркунуч, коогалаң маанисинен алынган чыгаар… Анткени жабыр тартуу, жабыркоо сөзү кыргыз тилине иран тилинен кирген. Иранча (фарсча) жаныбардан сырткары экинчи бир маанисинде j(c)abır – جابر – коогалаң, кооптуу, коркунучтуу дегенди да билдирет[1]. Айган хан Манастан жеңилип кызы Алтынай мусулманчылыкты кабыл алып, сабырдуу, ыймандуу жана акылдуулугу менен баатырга жагып атасын аман алып калат. Алтынайдын да бир жанга жабыр тарттырбаган сүйкүм мүнөзү айтылат:

*Ары сулуу, ары аяр,*
*Ар кызматка куп даяр,*
*Акылы артык, сабырлуу,*
*Адамга кылбас жабырды,*
*Кыйноо тартпай, кыз туруп,*
*Ислам динге бой сунуп,*
*Ырас – деп, Кудай барлыгы*
*Ыйман айткан озунуп*[2]

Жабыр жырткычынын сапатынан улам келип чыккан мындай сөздөр эпосто арбын учурайт. Сөздүн дагы башка мааниге ээ болгондугу мына ушунда. Жаныбардын сапатын алуу, башкача айтканда ички тотемдик белгини билдирет. «Адамга кылбас жабырды» – делип коркунучтуу жаныбардай кооптулук жаратпаган маанисинде берилген. Сөздүн этимологиялык келип чыгышы жырткыч

---

[1] Devellioğlu, F. Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lugat [Текст]: энцикл. сөздүк 24. baskı / Ferit Devellioğlu. – Ankara: Aydın Kitabevi Yayınları, 2007. – 121 s.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 327-б.

жаныбарга барып такалаарын С. Орозбаковдун вариантынан көрүүгө болот. С. Каралаевде жабыркоо сөзүн кездештирүүгө болот, бирок жабыр жандыгы эч бир эпизоддо учурабайт.

Жыйынтыктап айтканда кылыч куйрук, баяс, жабыр, куяс жаныбарларынын түпкү негизи бир, анын архетиптик модели – арстан. Арстанга болгон тотемди бир учурда мифтешкен көз караш сүрүп чыгарып канаттуу арстан, кылыч куйрук баяс, жабыр баяны пайда болгон. И. Молдобаевдин «Манас» – историко-культурный памятник кыргызов» – деген эмгегинде төмөнкүчө пикир келтирген: «Не выяснено, каким образом появились в строках эпоса такие названия неизвестных животных, как баяс, жабыр баян, кылыч куйрук и др.»[1]. Биздин оюбуз боюнча «жабыр» – мифтик жандыгынын миксантропизми. Орто Азия чөлкөмүнө иран сөзү менен бирге тараган. Булардын элдик оозеки мифтик окуялар менен бирге эпикалык чыгармаларга сүңгүп кирген. «Манас» эпосундагы тотемдик белгини генетикалык талдоодо гана көрө алабыз. Ал эми табунун элементтерин алардын орун алган сюжеттериндеги сүрөттөлүшүнөн байкоого болот. Айрым эпизоддордо каармандардын үрөйү учуп бир четинен коркуп турса, экинчиден коркуудан аны урматтоо жана ыйбаа көрсөтүү белгилери чагылдырылган. Бул табунун белгилери жана тотемдик белгилер бир кыйла катмар алдында калган.

---

[1] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 93 с.

# Жыйынтык таблицасы

| | **Тотем** | **Тотемдик белги** | **Анимистик байланыш ....** | **Табунун белгилери** | **Архетиптик модели** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Канаттуу куштар** | Бүркүт | Коргоочу, колдоочулук | Түш аркылуу бала менен руханий байланышы | Күчтүү, кыраа-кылык | Көктүн данакери |
| **Бөрү** | Бөрү | Коргоочу, колдоочулук | Кырк чилтендин бөрүгө айланышы | Жырткыч-тыгы | Жакшы-жаманды калчаган көзөмөлдөөчү |
| **Жолборс** | Жолборс | Коргоочу, колдоочулук | Манастын жандап жүргөн коргоочусу | Жырткыч-тыгы | |
| **Арстан** | Арстан | Коргоочу, колдоочулук | Манастын жандап жүргөн коргоочусу | Жырткыч-тыгы | |
| **Ак кула** | Жылкы | Жан шериги | Баатырдын канаты, урушта экөө бир адамга айланышы | Канаттуу жылкы, мүйүздүү жылкы ишеними | Жылкы культу – көктүн пантеону |
| **Кумайык** | Ит | Итти ыйык саноо (Итаалы окуясы) | Баатырдын жан шериги, атрибуту | Кумай кушунан жаралган, аны тапкан адам бактылуу | Кумай (Умай) кушу, |

## 3. «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ КАНАТТУУ-КУШТАРДЫН ТОТЕМДИК БЕЛГИЛЕРИ – ЖАКШЫ-ЖАМАНДЫК-ТЫН ЖАРЧЫЛАРЫ

Эпосто куштардын түркүн түрлөрү, алгыр куштардан суу куштарга, булбулдан таранчыга чейин бар. Канаттуулардан алгыр куштар (буудайык, бүркүт, ителги, куш, кулаалы, ылаачын, турумтай, жагалмай, кыргый,) өзгөчөлөнүп, каармандарды, окуяларды сүрөттөөдө салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттарды түзүүдө пайдаланылат. Булбул, тоту, күкүк, торгой, улар, бөдөнө, кыргоол, үкү, каркыра, турна, куркулдай, карга, жору, кузгун, сагызган, таан жана башкалар көптөгөн ар кандай канаттуулар, ошондой эле каз, өрдөк, чүрөк, аккуу жана башка суу куштары жөнүндө да айтылат. Канаттуулар пейзаждык сүрөттөөдө, жер-жерлерди баяндоодо жалпы сүрөттөлүп өтөт:

*Бөлүнгөн өрдөк-казы бар,*
*Алмасы бышып көң болгон,*
*Жаңгагы бышып сай толгон,*
*Кызгалдак чөбү кылкылдап,*
*Кымыздык чөп, ышкыны*
*Тегиз бышып былкылдап,*
*Жаткан экен Ак-Талаа[1].*

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 61-б.

Бирок деталдуу сүрөттөөлөргө да орун берилип, ага атайын ыр саптарын бөлүү үчүн С. Каралаев канаттууларды пейзаждык сүрөттөөдө жана образды сүрөттөөдө активдүү түрдө көркөм баяндаган. «Манас» эпосунун образдар системасында эң кызыктуу жана көркөм кызмат өтөгөн куштардын ролу чоң. Алардын ордун карап көрөлү. Жакыптын балалуу болордо түшүнө кирген куш жакшылыктын жарчысы катары тотемдик ынанымдан кабар берет. Анын «куудай болгон жүнү жана кукулуктаган үнү» жакшылыктын жышааны катары көркөм сүрөттөлүп айтылат. Куш кандай канаттуу?

Кушту көчмөн элдери анын ичинде кыргыз эли аздектеп багып ага аяр мамиле кылышкан. Кыргыз элинин жашоосунда маанилүү орунда турган. Мүнүшкөрлөр кармап, тапка келтиришкен. Ургаачысы куш аталып, эркеги чүйлү делет. Анын тобуна туйгун, түш, чүйлү, тынар, кыргый кирет. Кушту туурга аз кондуруп көбүнесе торго кармашкан. Булар келгин куш катары саналып, кыштап калганы кыштоочу куш катары аталып калган. Алардын ичинен кыраанын «Тууруk таман, туз көз» деп аташат. Тоодон каз, куу алат. Түлөк куш абдан акылдуу келет, колго оңойлук менен үйрөтүлбөсө да ээсине көнүп кетсе абдан берилген жандык. Жаңыдан туурга келип үйрөтүлө баштаган куштун түрүн тели куш деп да аташат. Ал чапчаң жана бир орунда турбаган учуру болот[1] [99, 270-271-б.]. Ошондуктан эпосто тели кушка болгон салыштыруулар көп болот. Аны таптоого убакыт көп сарпталгандыктан аны баккан мүнүшкөр чыдамкай,

[1] Кыргыздардын улуттук маданияты: Тарых. Маданият. Мурас. Салт-нарк. Боордоштордун маданияты [Текст] / түз.: К. Жусупов, Ж. Бакашова, К. Иманалиев, М. К. Өмүрбай уулу; ред. А. Эркебаев. – Бишкек, 2012. – 270-271-б.

мыкты мүнүшкөр катары бекталат. Жада калса журт жыйып бакканга барабар катары тапка келбеген семантикалык параллелизм орун алган:

*Кулаалы багып куш кылып,*
*Курама жыйып журт кылып,*
*Тели куш багып куш кылып,*
*Тентиген элди жыйып журт кылып[1]. [1, 274-б.]*

Айтылган аңыздарга караганда[2] [89, 2-б.] куш 7-8 жыл гана жашайт жана ал бардык адамдарга көрүнө бербейт. Ал тандалмалуу гана адамдарга жолугат жана ал адам абдан бактылуу жана ийгиликтүү деп эсептелинген. Айрыкча мергенчилер аң уулоого чыкканда түлөк кушту кезиктирип калган болсо, мергенчилик ийгиликтүү болоорун жорушкан. Куш бүркүткө да, ителгиге да окшошпой сыйда сулуу келген. Куштан бардык майда канаттуулар коркот. Куштун кырааны сындуу, мүрүсү калың жүндүү, барак төштүү болуп тик олтурат. Анын жүндөрү ак же агыш бозомтук түстө болот[3]. [99, 271-б.] Анын атынан бардык канаттуулар аталганынын себеби да ушунда болсо керек.

Канаттуулардын тотемдик ишенимдери менен түшүнүктөрү, образдык туюнтмалар Сагымбай Орозбаковдун варианты жана Саякбай Каралаевдин вариантынын эпикалык жалпы мазмундуулугуна, көркөмдүк даражасынын

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 274-б.

[2] Куштар [Текст]. Кол жазмалар фонду (КРУИА, Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият ин-ту), инв 54., №1 дептер, этнография., 2-б.

[3] Кыргыздардын улуттук маданияты: Тарых. Маданият. Мурас. Салт-нарк. Боордоштордун маданияты [Текст] / түз.: К. Жусупов, Ж.Бакашова, К. Иманалиев, М. К. Өмүрбай уулу; ред. А. Эркебаев. – Бишкек, 2012. – 271-б.

байышына да активдүү таасир тийгизет. Канаттуу тотем катары кездешпесе дагы, тотемдик ынанымдардын калдыктарын сактоо менен сюжет ичинде кездешет.

С. Каралаевдин, С. Орозбаковдун варианттарында балалуу болор алдында, Жакып түшүндө алтын боолуу кушту көтөрүп, аң уулоого чыгат. Жакып бир күн түш көрөт:

*Түшүндө мүшкүл иш көрөт.*
*Кукулуктап үн чыкса,*
*Куштан башка үнү бар.*
*Куйрук-башы жаркылдап,*
*Куудан аппак жүнү бар.*
*Айбат менен караса,*
*Алпкаракуш сүрү бар.*
*Саңоорлору сары алтын,*
*Таканак жүнү баары алтын*[1]*.*

Жакып кушту кармап алып ага алтымыш кулач жибек боо тагат, бапестеп багып алат. Ал куштун караанын көргөндө бардык жан-жаныбарлар ийиндерине качып жок болушат. Бир дагы «чырп» этип учкан куштун үнү угулбай калат. Бул куш кадимки бүркүт деп ойлоор элек, бирок ыр саптарынан анын аппак жүнү менен кукулуктаган үнү алгыр куштун өзү экендигин далилдеп турат. Анын түшүн жоруганга эл чогулуп, кыргыздардан Байжигит, кыпчактардан Тазчечен, нойгуттардан Акбалта, ногойлордон Эштек, Түрктүн уулу Дамбылда, Түмөнбайдын Абдылда болот. Жышанаалуу түштү атайлап салтанат менен жорутуу кеңири белгилүү сюжет.

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А. Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 57-б.

Байжигит мындай деп жоруйт: «Жакыптын куш кармаганы эркек бала болоору, ал баласы ай тийген жердин баарын алып, күн тийген жердин баарын күтөт экен. Алтымыш кулач жибек боо такканың ал балаң алтымыш жашка чыкканча аким болуп, журт сурайт экен. Байбичең ажыдаарды ат кылып мингени ошол баланын ажыдаардай айбаттуу болгону, арстандай кайраттуу болгону. Шумкар кармоо кыздуу болуунун белгиси. Дамбылда токолуң да эркек төрөйт экен» дейт да тилегиң орундалсын Жакып деп баталарын берип тарап кетишет. Көп өтпөй Чыйырдынын боюна бүтүп калат. Ал жолборстун жүрөгүнө катуу талгак болот. Төрөлөөр алдында Жакып дагы түш көрөт.

*Түндө жатып түш көрсөм,*
*Ала-Тоо башын жайладым.*
*Мен бир бала барчын бүркүт кармадым,*
*Салбуурун чыксам салууга,*
*Канаттын күүсү угулду,*
*Каарына карап тура албай,*
*Мунун качырган жандары жыгылды.*
*Кара чаар жолборс каманды,*
*Каршы-терши жарыптыр,*
*Кайыр кылган бир жан жок*
*Канаттуунун баарысы*
*Астына түшүп калыптыр.*
*Көтөрсө боосу сексен төрт,*
*Ал бүркүттүн серп алган жагы кызыл өрт,*
*Күн чыгышка көтөрүп,*
*Салбуурунга барыпмын,*
*Азуулуунун баарына акыр заман салыпмын[1].*

---

[1] Жогорудагы китеп, 58-б.

Кийинки түшүндө барчын бүркүт кирет да, ал болочок баатырдын өзүнөн кабар бергендей символикалык белгини чагылдырып турат. Бүркүт кыргыз элинде кыраакылыкты, эркиндикти, күчтүүлүктү жана кайраттуулукту билдирет. Ал – куштардын төрөсү. Бүркүттүн түшкө кириши баатырдын төрөлүшүнөн кабар берип турат. Жакып салбуурундан кылыч таап алып аны шилтеп ойносо бардыгы качып жоголушат. Боз үй тигип дөбөгө чыкса, көлөкөсү бүтүндөй дүйнөнү каптап калат. Акбалта түшүн жоруп эли-жерибизге барабыз, журт болуп чогулабыз, уулдуу болосуң, ошол уулуң кыргыздын башын бириктирет деп батасын берип түшүн жоруйт.

Жакыптын биринчи түшүнө кирген куш жакшылыктын жарчысы катары тотемдик ынанымдан кабар берет. Анын «куудай болгон жүнү жана кукулуктаган үнү» жакшылыктын жышааны катары көркөм сүрөттөлүп айтылат.

Куш бүркүткө да, ителгиге да окшошпой сыйда сулуу келген. Куштан бардык майда канаттуулар коркот. Куштун кырааны сындуу, мүрүсү калың жүндүү, барак төштүү болуп тик олтурат. Анын жүндөрү ак же агыш бозомтук түстө болот[1]. Анын атынан бардык канаттуулар аталганынын себеби да ушунда болсо керек. «Ак кууну көрсөң атпагын» деген эл макалы дагы ушул ажайып кушту алмустактагы ата-бабаларыбыз касиеттүү эне катары тотем санашкандыгынын бир жаңырыгы деп билген дурус. Ч.Валиханов «Тенкри (Бог)» макаласында мындай деп жазат: «Не стреляют в лебедей, боясь кие,

[1] Кыргыздардын улуттук маданияты: Тарых. Маданият. Мурас. Салт-нарк. Боордоштордун маданияты [Текст] / түз.: К. Жусупов, Ж.Бакашова, К. Иманалиев, М. К. Өмүрбай уулу; ред. А. Эркебаев. – Бишкек, 2012. – 271-б.

и называют его царем птиц. Не бьют сову, филина, дятла, коккарга и кукушку»[1]. Демек кушту эне катары тутуу, эне катары ыйык санап аяр мамиле кылуу тотемдик ынаным байыртадан жашап келген, муну Умай эненин образынан да көрүүгө болот.

«Манас» эпосундагы Манастын балалык чагы эпизодунда бала төрөлөөр алдында Умай эне учуп келип наристени жамбашка чаап тосуп алат. Бул сүрөттөөлөр теңирчилик ишенимин тастыктап турса дагы Умай эненин учуп келген жагдайы таң калдырбай койбойт.

*Умай эне учуп келгени,*
*Шапалактап куйрукка,*
*Чапкылап эми киргени.*
*Анда бала кеп айтат:*
*«Сен айдаган жалган жай,*
*Барбаймын анда» – деп айтат.*
*Кайтарып Умай кеп айтат:*
*«Ырыскың жалган жайда – деп,*
*Баланы жерден алганы,*
*Таппайсың мындан пайда – деп,*
*Жулкунганда ал бала,*
*Ырыскың чөптөн көп болот,*
*Сен барчу ошол жалган жай,*
*Ар кылган ишиң төп болот!»*
*Деп, ошентип Умайың,*
*Уруп кирди баланы,*
*Жалган дүйнө жарыкка,*
*Сүрүп кирди баланы*[2].

---

[1] *Нарынбаева, Н. О.* Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары [Текст] / Н. О. Нарынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 108-б.

[2] Манас [Текст]: эпос / Ш. Рысмендеевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова. – Бишкек: Газета KG, 2013. – 22-б.

Умай эне байыртадан бери эле кыргыздын ишениминде балдардын, боюнда бар энелердин колдоочусу катары айтылып келген. Ал тургай учурда да чоң апаларыбыздын балага май оозантып же болбосо баланын жүрөгүн көтөрүү, дем салуу сыяктуу ырым-жырым жөрөлгөлөрүн жасап жатканда «Менин колуман эмес Умай эненин колунан» деп айтышат. Бул архетип кыргыздар Энесай чөлкөмүн жердеп жатканда эле пайда болгон, анткени бүгүнкү күндө да хакас, тува, шор, алтай элинен учуратууга болот. Ал тургай Красноярск чөлкөмүндөгү ар кайсы аймакта орун алган балбал таштарда куштун сүрөтүн көрүүгө болот. Ал куштарды жергиликтүү элдер Умай кушу деп аташат. Минусинск ойдуңунда жайгашкан Чаа тас чоң мемориалдык таштын бетинде да Умай кушунун сүрөтү чегерилген. Умай куштун алдында оюгу бар экен, сыйынууга келген адамдар бармагын оюкка салып тегеретип каалоо тилектерин айтышат. Көбүнчө ал жерге карапайым-калктын арасынан төрөбөгөн келиндер, никеси бузулган жубайлар, баласыздык менен жабыркаган жубайлар барып сыйынышат. (Хакас кызы Наталья Домогашевадан жазылып алынган интервьюдан, 2012-ж. 18-март.)

Умай эне качандыр бир кезде куш катары кабыл алынган. Бара-бара куш кейпинен адам образына өтүп үй-бүлө очогун балдардын колдоочусу болуп калса керек. Куштун да Умай эне менен салыштырылганы анимистик көз караштын тастыктап турат. Жакшынын жышааны катары адам рухунун кушка байланыштырылганы да ушундан эмеспи. Теңирчилик ишениминде асман – Обо ата же Теңир ата делип ал эми анын жарчысы, медиатору Умай эне болгон. Умай эне куш болуп көктөн түшкөндө Көкө-Теңирдин жиберген жышанасы деп ишенишкен.

Умай кушу учуп келген жерге кут даарыган. «Ал эми куш балдары ак куу, бүркүт, карга Жер менен Көктүн гармониясына көмөктөш данакер, медиатр, Теңирдин элчиси. Алар Көкө Теңирдин кудурети менен адамзаттын касиеттүү пенделери шамандар, кудайлардын урпактары болгон падышалар менен никелешип, уруулардын тукумун улоого катышат. Уруулар өз кезегинде алардын ыйыктыгына сыйынып, урпактарына уламыш сөз калтырышат. Кытайдын тарых жазмаларындагы түрк уламышында эне-бөрү баланы эмизип жаткан маалда бир кесим этти тумшугуна тиштеген карга дагы каалгып айланып жүргөнү айтылат»[1].

Түрк тилдүү элдерде балким Умай атындагы куш качандыр бир кездерде болгон жана ал ыйык саналып, тотемдик ишениминде адам баласынын колдоочу-энеси катары айтылып калган. Арийне бул пикир чындыкка көбүрөөк жакындайт. Жогоруда эскерип өткөндөй балбал таштардын бетинен куштун сүрөттөрүн арбын кездештирүүгө болот. Аларды хакас, алтай элдери Умай ана деп аташат[2]. Балбал таштар тарыхый эмгектерде баатырларга тигилген эстелик таш катары айтылат. Умай куштун балбалдын үстүнө чегилиши адам баласынын жаны обого көтөрүлүп, бул дүйнөдөн учуп бараткaны же болбосо аны Умай кушу өзү алып кетип бараткaнынан кабар бериши мүмкүн.

«Манас» эпосунда берилген Умай эне тууралуу ыр саптарда тотемдик ынанымдын калдыгын көрө алабыз. Анын учуп келгени, бала Манасты төрөтүп жарык

---

[1] *Нарынбаева, Н. О.* Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары [Текст] / Н. О. Нарынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 109-б.

[2] *Бернштам, А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: Айбек. – 1998. – 178 с.

дүйнөгө келтиргени куш болгон тотемдик ишенимин айгинелеп турат. Умай кушу тотем катары жашап келип, мезгил өткөн сайын адам образын кийген. Мындай кушка болгон ишеним дагы тотемдик ишенимдердин калдыктарынан калган. Умай эненин антиподу болгон албарсты, желмогуз кемпир кейипкерлери дагы айрым бир учурларда куш кейпин кийишкен. Аларды карга, үкү же жарканат сымал канаттуулар менен анимистик түшүнүктө байланыштырышкан.

Ч. Валихановдун жазып калтырган баяндамаларында XIX кылымда да кыргыздардын жан алгычка ишенишкени жана ал мал жана канаттуу куштун кейпин кийип же жаратылыштын бир көрүнүшүн алып адам жанын алганы келет деп ишенишкени берилет[1]. Мындан сырткары ал эмгекте жез кемпир менен албарстыга эл абдан ишенгени жана алар күндүзү куштун, түндөсү үкүнүн кейпин кийери айтылат. XIX кылымда мусулман дини жакшы эле кирип калган. Бирок ошого карабастан кыргыздар жез кемпирдин образын узун жомок кылып кышкы түндөрдө айткан. Ал токойдо же тоо-ташты аралап жашаган жана ал жакка барган жолоочулардын жолун торогон. Мергенчилерге жолтоо болуп олжосун тартып алган тири укмуш кемпир же аял катары элестетишкен. Анын образы кыргыздарда ишенимге караганда мифологиялык жомок катарындагы каарманга жакын болгон. Ал эми албарстынын образы болсо чыныгы ишеним катары эл арасында жашаган. Ал төрөп жаткан аялдын же наристенин жанын алганга келип турган. Ал келгенде куш сымал кылактап учуп же жылан болуп сойлоп үйгө кирген, куучу деген шаман чакырылган, куучу албарстыны

---

[1] *Валиханов, Ч. Ч.* Тенкри (Бог) [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // Собр. соч. в пяти т. – Алма-Ата, 1984. – Т. 1. – 210-211 с.

боз үй айланып кубалап улуу от жагып ырымын жасаган. Бул көрүнүш катарында кезиккен эмес, эл оозунда легенда катары айтылган. Бирок уктап жаткан адам кыйналса же наристе-балдар сыркоолоп калган болсо, кош бойлуу аялдар ооруп, түшүнөн адам чочуп ойгонсо албарсты келип басты деген ишеним болгон[1].

Бардык түрк элдеринин жомокторунан жана эпосторунан желмогуз кемпирдин образын көрүүгө болот. Желмогуз кемпирдин архетиптик түбү жез кемпир, жез тырмак, жез тумшук жана албарсты болуп эсептелет. Алтай элинин «Маадай Кара» аттуу эпосунда желмогуз кемпирдин мүнөзүн алган жез тырмак кездешет. Ал эми Хакас элинин «Каан перген» эпосунда мергендин жолун тоскон жез тырмак да, жез тумшук да чыга келет. Алардын образы желмогуз кемпирге окшош жана аткарган функциялары бирдей. С.М. Абрамзондун айтуусу боюнча «Бардык түрк элдеринде албарсты, жез кемпир, желмогуз кемпир жана жез тырмак менен жез тумшук кемпирдин образдуулугу окшош жана кээ бир жерлерде ролу менен алмашып калгандай, бирок түрк элдеринин бардыгында бар. Мейли ишениминде болсун, мейли элдик оозеки чыгармачылыгында болсун»[2]. Мындай жез тырмак, жез тумшук аял же кемпирдин образы сырткы дүйнөдөн келген жана жинден бөлүнүп адам кейпин кийген жиндин образы катарында түрк элдеринде жашаган. С.М. Абрамзондун «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» деген эмгегинде Ф.В. Поярков да ушундай

[1] *Валиханов, Ч. Ч.* Тенкри (Бог) [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // Собр. соч. в пяти т. – Алма-Ата, 1984. – Т. 1. – 211-215 с.

[2] Mahmud, Kaşgari. Divani Lügat-it Türk Dizini. Ankara: Türk Dil Kurumu, 2003. – 261 s. [Электронный ресурс] / Mahmud Kaşgari. – Режим доступа: www.achiq.org/pitikler/dlt-pdf (29.12.2016) – Загл. с экрана., 277-б.

бүтүмгө келген. Умай эненин антиподу албарсты кара ниет жин болгон жана кыргыздан башка хакас, тува, татар, тажик элдеринде жашаган. Айрым учурларда канаттуу кушка айланып адамдарга суук кабар алып келген. Ал эми М.С. Андреев аныктагандай мындай жин аялдын образы татаал жана карама-каршы. Анын пикири (кээ бир изилдөөчүлөр кабыл албаган пикир) боюнча бул образ эң алгач төрөттүн эң байыркы кудайы болгон. Төрөттүн учурунда катышып кийин гана башка ишенимдердин таасири менен ал аял зыян кыла турган жин аялга айланган. М.С. Андреев ошондой эле бул жиндин Умм-ус-сабиян деген (балдардын энеси) арабдашып кеткен атын келтирет. Окумуштуу мындай деп жазат: «Кайсы бир жерде бул жин-аял адам уктап жатканда келип, басып кыйнайт. Ал эми татарларда албарсты тандап алган эркекке аял түрүндө, аялга эркек түрүндө келет. Албарсты келип жүргөн адам чүнчүп ооруп, өлүмгө жакындайт. Сибирь чөлкөмүндөгү түрк элдеринде жолоочуларды жолдон адаштырат». Ушуга байланыштуу Л.П. Потаповдун айтканы абдан кызыктуу. Ал мындай деп жазат: «Карахолдук тувалыктарда албарсты алтайлыктардагы жылаңач аял – тоонун жин ээсинен (Таг иси) эч айырмаланбайт. Ал мергенчилер менен аң уулоо учурунда ойнош болуп, мергенчилердин олжолуу болушун камсыз кылат. Биз Алаша дарыясынын жогору агымына барган кезде тувалык мергенчилердин албарстылар менен ойнош болгон сөздөрүн бир канча жолу уктук». М.С.Абрамзон бул маалыматтардан улам ар кайсы жин-аялдардын функциялары айкалышып кеткендигин же болбосо бир эле жин-аялдын образы ар кайсы жерде ар кандай ишеним жана ат менен бериле турганын айтып өтөт. Окумуштуу ушуну менен кыргыз

демонологиясынын ар тараптуу жана көп персонаждуу болгонун белгилейт. Бирок буга көп токтолбостон окурманын жарыяланган гана изилдөөлөргө көңүл буруусун чакырып өтөт. [25, 195-196-б.] Демек жакшынын жарчысы болгон жана эне-баланын колдоочусу Умайдын антиподу албарсты (ошондой эле жез кемпир: жез тумшук, жез тырмак) кайсыл бир кезде канаттуу кейпин кийген. Анын архетиптик модели да канаттуу кушка барып такалаары жана жамандыктын жарчысы катары өз учурунда ишенимде болгону талашсыз.

Эң кызыктуусу, жамандыктын кабарчысы катары каармандын тикелей жолун торогон канаттуу кушту «Манас» эпосунан кезиктирүүгө болот. Алмамбеттин Көкчөгө келиши окуясында ызгыч куш Алмамбеттин алдынан тороп учуп, бир урунуп алат. Бул куш кандайдыр бир нерсени кабар берээрде урунуп-беринип адам алдын торойт.

*Бир ызгыч куш жолунан*
*Качырып келди ошондо,*
*Канаты менен кагыптыр,*
*Кайып өтүп алыптыр.*
*Ачуу келди Алмамбет,*
*Ушул шылдың кылганы*[1]*.*

Алмамбет турарына жай, тутунарына баркын билген өзү теңдүү эр издеп, жер кезип келе жатып Көкчөгө кезигет. Аны менен достошуп, алты жыл кызматын кылат. Ушакка ишенген Көкчөдөн көңүлү калып аттанып кетет. Кетип бара жатып ызгыч куш Алмамбеттин алдынан тороп учуп, бир урунуп алат. Алмамбет Эр Көкчөгө

---

[1] Манас [Текст]: эпос / Ш. Рысмендеевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова. – Бишкек: Газета KG, 2013. – 66-б.

жинденип келе жатып куштун урунганына эки эселеп ачууланат. Бул куш суук кабардан же жамандыктан кабар берээрде урунуп-беринип адам алдын торойт.

*Түштү арман өзүмө,*
*Адамынын шылдыңы,*
*Аз келгенсип анысы,*
*Шылдың кылат мунусу!*
*Ызгыч-ызгыч-ызгыч куш,*
*Сен ызылдабай ыраак уч,*
*Кара чаар жумурткаң,*
*Этектеп алар балам жок,*
*Кудай кылды чарам жок!*[1] *[3, 67-б.]*

Ызгыч кушту кууп жаа менен атып түшүрөт. Колуна алгандан кийин аны аяп, ыйык санап кайрадан канатын байлап жонуна отургузуп алат. Албетте үйрөтүлбөгөн канаттуу куш дароо адам колуна келбейт, канаты кайрылуу болсо андан бетер бармак эмес. Бул жерден адам канаттуу куштарга жакын болгондугун жана аларды ыйык туткандыгы көрүнүп турат. Жамандыктын жарчысы катары учуп келсе да аны атып алып, кайрадан айыктырып коёт.

*Канатын колго алыптыр,*
*Чүпүрөк менен ороду,*
*Жакшылыкка жоруду.*
*Коюнуна салды эми,*
*«Мен жаралуу каман деп,*
*Кылган ишим жаман» – деп,*
*Алмамбет турду токтолуп.*

---

[1] Жогорудагы китеп, 68-б.

«Манас» эпосунда орун алган куштарга адам баласы руханий жактан жакын болуп байыркы тотемдик белгилерин сактап калган. Муну каармандардын мамилесинен (Алмамбеттин, Жакыптын түшүн жоруган Байжигит) жана көркөм образ катары (Умай эненин келүүсү) сүрөттөлүшүнөн баамдоого болот. Жакыптын биринчи түшүнө куштун кириши жакшы кабардын жышааны экендигин айгинелеп турса, экинчи түшүндөгү бүркүт баатырдын төрөлөөр алдындагы символикалык белги катары аныктап турат. Бала Манас төрөлүп жатканда Умай эненин учуп келип, баланы бар-бар этип жамбашка чаап аман-эсен жерге алып түшкөнү да абдан уникалдуу көрүнүштөрдүн бири. Жакшынын жарчысы катары жер жүзүнө келип, эне-бала колдоочусу катары тутунган Умай эненин архетиптик модели Умай кушуна барып такалаары жана анын тотеми куш экендиги талашсыз. Буга далил катары ыр саптар тастыктап турат – Умай эненин учуп келгени айтылат. Дүйнө түзүмү дайыма жакшылык-жамандык болгон эки нерседен тургандыктан Умай эненин да терс кейипкерлери байыртадан жашап келет. Анын антиподу катары албарсты, жез кемпирлердин образы дагы айрым бир учурларда кушка байланыштуу айтылган. Алар дагы куш кейпин кийип учуп келүү касиетке ээ болушкан. Терс кейипкерлердин дагы куш түрүнө айланышы адам баласына куштун болгон жакындыгынан улам келип чыккан болуу керек. Алардын адамга жамандык, акаарат алып келүүсү үчүн ыйык туткан кушка айлануу максатка ылайык болгон. Ал эми канаттуу куштар алгачкы тотемдик ишенимде жаратылыш менен Көкө-Теңир кабарчысы жана жарчысы катары культтук-көркөм кызмат өтөгөн.

Жогоруда, куштардын жакшы-жамандыктын жарчысы символун алып жүргөн тотемдик белгилерин көрдүк.

Бирок көңүлүбүздү бурган дагы бир негизги нерсе, эпостун сюжетинде куштар кандайдыр бир параллелдүүлүккө ээ экендиги. Тактап айтканда, куштар каармандарды, кырдаалдарды сүрөттөөдө, пейзаждык сүрөттөөдө жана мотивдик окуяларда кездешет. Алар бири-бири менен кандайдыр бир параллелдик өзөк окуяларды камтыйт, бардык сюжеттердеги куштун көркөм функциясы тотемдик белгини (символ) өз ичине алат. Ошону менен бирге жөнөкөй жана татаал, симметриялык жана ар башка көркөм параллелизмдер учурайт. **Демек, тотемдик белгилер көркөм параллелизм функциясын дагы аткарат.**

Көркөм параллелизм эпикалык чыгармаларда кеңири орун алып келген көркөм адабий ыкма. Грек тилинен алганда «катар жүргөн», «жанаша» деген маанини туюнтат[1]. Арийне бул ыкманын маанилүүлүгү учурда изилдеп жаткан предметтин башка бир сюжетте кездешкени жана ошондой эле окшоштук айырмачылыгын белгилөө болуп саналат.

«Түш көрүү» жана «керемет төрөлүү» мотивинде куштардын түшкө кирип аян бериши уникалдуу, мотивдерде куштар «көктөн» – белгисиз бийиктиктен учуп келет, адам баласына кандайдыр бир кабар берет, адам үчүн руханий ыйык жана жашоосунун жарчысы катары кабыл алынат. Баатырдын керемет төрөлүшү мотивинде наристенин коргоочусу Умай куштун учуп келиши сүрөттөлсө, түш көрүү мотивинде төрөлө турган баатырдан кабар берүү катары бүркүткө (куштардын кырааны катары) болгон анимистик байланышын айтып турат. Мындай көркөм параллелизм каарманды сүрөттөөдө

[1] *Кыдырбаева, Р. З.* Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 56-б.

же кырдаалды сүрөттөөдө каармандын психологиялык портретин баяндоодо да кездешет. С.Каралаевдин вариантында Ызгыч куштун бир тал канаты түшүп калганда Алмамбет аны аздектеп, кийимине көрүнбөгөндөй кылып кыстарып алат. Алмамбет менен Ызгыч куштун тагдырынын окшоштугу биринчиден анимистик ишениминен улам байланыштуу болсо, экинчиден каармандын психологиялык дүйнөсү параллелдүү түрдө куш менен окшош болуп турат[1].

Жалпысынан алганда, «Манас» эпосундагы куштардын көркөм чагылдырылышы сюжет ичинде көркөм параллелизмди; жөнөкөй жана татаал, салыштырмалуу жана ошондой эле өтмө параллелизмди камтыйт. Мисалы пейзаждык сүрөттөөдө куш жаратылыштын бир көрүнүшү болсо, ошол көрүнүш мотивдерде жаратылыштан келген жарчы, адам үчүн көктүн кабарчысы, каармандын психологиялык портретин баяндоодо адам менен руханий байланышта болгон анимистик биримдик. Бул өзөктүү, байыркы-мифологиялык параллелизм болуп саналат. Ал эми мотивдерде орун алган куштардын тотемдик белгилери «коргоочу», «колдоочу», «пир» катары кызмат аткарат. Эпикалык чөйрөгө тиешелүү болгон көчүп-конмо тотемдик параллелизмдердин бири. Ал бардык баатырдык окуяларда кездеше берет. Куштун мындай ыйыктыгы байыркы космогоникалык мифке ылайык изин калтырышы мүмкүн. Анткени дүйнөлүк мифтердин көбүндө куш көктөн учуп келип, дүйнөнү жараткан деп айтылат. Мисалы, 12-15-кылымда Жапон аралында Айн уруусу мына ушундай ишенимде жашаган. Жогорку дүйнөнүн ээси Пасе Камуй суу каптап турган жер жүзүнө ыйык кушту – Айн кушун жиберген. Ал зор канаттары

[1] Жогорудагы китеп, 60-б.

менен каккылап, буттары менен челип отуруп кургакты жараткан. Адамдар жаралганда алардын колдоочусу жана жарчысы болуп калган[1]. Сибирь чөлкөмүнүн элдери дагы мына ушундай ишенимди кармануу менен башкачараак ой-түшүнүктү алып келишкен. Өрдөк, суу чулдук, ак куу төмөнкү дүйнөдөн келсе, карга, бүркүт жогорку дүйнөдөн учуп келип жер шарын жараткан имиш[2]. Мындай байыркылыктын архетиптик моделин дагы «Манас» эпосунан көрүүгө болот эле, Алмамбеттин Ызгыч кушту айыктырып аман алып калышы, тагдырлаш экендигин түшүнүү жана аны жамандыктын жарчысы катары ыйык саноо, Жакыптын түшүнө кирген бүркүттү баатырдын колдоочусу катары ыйык тутуу, Умай кушунун көктөн учуп келип наристени колдогону ж.б.

Сибирь чөлкөмүнүн элдери көбүнчө суу куштарын жана талаа куштарын ыйык тутуп келишсе, кыргыз эли бүркүт, ак куу, шумкарды пир тутушкан. Бул дагы жаратылыш чөлкөмгө жараша өзгөрүп, бирок негизги анимистик жана архетиптик, тотемдик белгилерин сактап калган.

Жыйынтыктап айтканда куш тотеминин сюжет ичинде кездешкен төмөнкүдөй параллелизмдерин кездештирүүгө болот:

1. Ыйык, өлтүргөнгө болбойт;
2. Жер шарына жарчы;
3. Адам баласына жакшылык-жамандык кабарчысы;
4. Адам баласынын колдоочусу.

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 43 с.

[2] Бычков, Ю. А. Птица как символ религиозно-мифологической системы традиционной культуре этносов сибири [Электронный ресурс] / Ю. А. Бычков. – Тюмень, 2009. – С. 1-4. – Режим доступа:https://cyberleninka.ru/article/v/ptitsa-kak-simvol-religiozno-mifologicheskoy-sistemy-v-traditsionnoy-kulture-etnosov-sibiri – Загл. с экрана., 3 с.

## 4. ЖАНЫБАРЛАРДЫН ТОТЕМДИК БЕЛГИЛЕРИ – КОРГООЧУЛУК, КОЛДООЧУЛУК КАСИЕТИ

Оозеки-эпикалык жана жазма булактарда орун алган тотемдик белгилерди изилдөө жана ага анализ жасоо көчмөн элдердин, анын ичинде кыргыз элинин руханий дөөлөтүн тамырдан баштап аңдап билүүгө жардам берет. Алгачкы коомчулуктун дүйнө таануу формасын билдирген тотемизм бара-бара өзгөрүү баскычтарынан өтүп, калктын бүтүндөй этнографиялык баалуулуктарында сакталып калган. Арийне бул табигый көрүнүш, ошондой болгон күндө да маданияттын ары кызыктуу жана ары көркөм жаралуусуна өз өбөлгөсүн кошкондой. Окумуштуу этнограф И. Молдобаев да этнографиялык булак катары «Манас» эпосуна көп кайрылып, исламга чейинки кыргыздардын ишеними боюнча иликтөөлөрдү жүргүзгөн. Биз маани бербеген жана аз көрүнгөн тотемдик белгилеринин, айрыкча жаныбарлардын руханий маданиятта алган орду кең. Аны синхрондук жана диахрондук аспектиден карап көрөлү.

«Манас» эпосунан жана Махмуд Кашгаринин «Диван Лугат Ат-Түрк» эмгегинен тотемдин элементтерин алып жүргөн жаныбарларды жана тотемдик белгилерди көрүүгө болот. Алар албетте уруучулук коомдун тарыхый мезгилин калтырып, эволюциялык өзгөрүүгө учурап жаңы форманы алышкан. Фрэзердин пикири боюнча тотемизм ишеним эмес коомдук магия болгон, жаратылышты багынтуу максатында ар түрдүү жакындоону ойлоп

табышкан[1]. Буга кайчылаш пикирде болгон Тайлор тотемизмдин генезисин кароо менен алгачкы ишеним же болбосо дүйнө таанымдын алгачкы формасы деген. 1900-жылдары Пиклер жана Сомло тотемизмди белгиден, символдон келип чыккан белгилер системасы деп аташкан[2]. Алар бир ооздон тотемизмдин негизги предмети идол жана архетип, семиотика болгон деп эсептешкен. Башкача атйканда алардын түшүнүгү боюнча тотем бар урууда пиктография сөзсүз болгон, социалдык топту билдирүү максатында жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн сүрөтү алынган жана ал уруу атына коюлуп алгачкы уруучулуктун психологиясы катары элестетүү жана ишенүүдөн улам тотемизм келип чыккан. Тотемдик белгинин моделин алып жүргөн чыныгы уруу башчысы болгон. Мындай кызыктуу теориялык-ойлордон улам түрк элдеринин жазма жана оозеки-эпикалык булактарында тотемдик белги кандай, ал тотемизмдин калдыгыбы же кандайдыр бир тотемизм элементин алып жүргөн жазма жана руханий байланыштагы символбу деген пикирге такалат экенсиң.

Тотемдин өзү этнографиялык чындык катары синхрондук жана диахрондук абалда жашап келген. Анын «Манас» эпосунда учурашынан улам тарыхый катмарланган этаптардан туруп, белгини сактап калган формасын көрөбүз. Мисалы С. Каралаевдин вариантында образдардын сүрөттөлүшү кыйла жаныбарлардын белгиси менен салыштырылып, аз да болсо тотемдик белгиден кабар берет.

---

[1] *Фрэзер, Дж*. Золотая ветвь: Исследование магии и религии [Текст] / Дж. Фрэзер; пер. с англ. М. К. Рыклина. – М.: ТЕРРА-Книж. клуб, 2001. – Т. 1. – 20 с.

[2] *Тайлор, Э. Б*. Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б.Тайлор. – Смоленск: Русич, 2000. – 65 с.

*Кабылан Манас уул келди Эми карап,*
*Жакып, угуп ал! Атын койгун Манас – деп,*
*Капаңдын баарын жоё көр,*
*Кара калмак, манжуюга Чоң Жинди атка коё көр![1]*

Алгач жөн гана Манастын атына теңеп айтылган жаныбардын элесине караганда көз алдыбызга баатырдын жаныбарга салыштырылып анын «күчтүүлүгү», «тайманбастыгы» келе түшөт. Бирок жаныбардын ошол сапаты алгачкы тотемдик ишенимдин белгисин алып жүрөт жана ал көркөм сүрөттөө функциясын аткарып калган. Бул тотемдин ички белгиси. Жаныбардын сапатын, кыймыл-аракетин өзүнө окшоштуруп, жада калса өзүнө жаккан жана жакын келген жаныбарга салыштырып атоо мүнөздүү. Ал эми сырткы тотем – жашоодо адам баласын коргоп жүргөн колдоочу жана коргоочу болуп саналат. Манас баатыр төрөлөөр алдында жана «Бала чак» эпизодунда эки тарабынан дайыма кара чаар жолборс менен кабылан коргоочу болуп баяндалат.

*Аты «Манас» болсун – деп,*
*Балаңдын аты коюлду.*
*Катындар ороп аларда*
*Бу белгиси дагы бар,*
*Кара чаар кабылан*
*Капталында чамынды,*
*Ал ымыркай баланы*
*Ары-бери үч аттап,*
*Караса көзгө илинбей*
*Кайда экени билинбей*
*Кайып болуп жоголду[2].*

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 91-б.
[2] Жогорудагы китеп,112-б.

Мындай поэтикалык формула эпостун башынан аягына чейин Манастын колдоочусу катары учурайт. Кара чаар жолборс капталынан көрүнө калып, образдын ачылышына көркөм функциялык кызмат аткарган. Мындан сырткары Манастын коргоочусу болуп кабылан, кырк чилтен (С.Орозбаковдун вариантында кырк бөрүгө айланган), бүркүт (С.Каралаевдин, С. Орозбаковдун вариантында Жакыптын түшүндө элестүү түрдө Манастын колдоочусу катары берилет), арстан учурайт. Деги эле эпостогу баатырлардын колдоочусу катары жаныбарлар көп учурайт (Алмамбеттики – бөрү, Кошойдуку – аюу, Коңурбайдыкы – ажыдаар, Сыргак, Чубактыкы – шер ж.б.). И. Молдобаевдин көз карашында Чыйырды шердин (айрым бир варианттарда жолборстун) жүрөгүнө талгак болгону алгачкы коомдун түшүнүгүнөн «партеногенезистен» (кыз кезинде бойго бүтүү) калган. Дж. Фрэзердин «Золотая ветвь» эмгегинен улам Жирмунскийдин мисалдары четке кагылган. Ал мисалда Ассама уруусунда эркектер жоокер болуш үчүн жолборстун жүрөгүн жеш керектиги жана Скандинавия жомокторунда Аунунда падышанын уулу Ингиальде жолборстун жүрөгүн жегенден кийин күчтүү жана эрктүү болуп калгандыгы айтылат. Мындай мотив жаныбардын сапатын алып калуу максатта этин жеш керек болгон тотемдик ишенимден калганын И. Молдобаев өз оюнда билдирет. Чыйырдынын талгак болуусу «кереметтүү бойго бүтүү» («сыйкырдуу түрдө бойго бүтүү», «кудайлардан бойго бүтүү») мотиви менен «жаныбар менен анимистик байланышуу» сыяктуу архаикалык эки мотив айкалышып келип чыкканын баса белгилейт[1]. Бул мотив катмарланган эки мотивдин

[1] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 226 с.

уландысы сыяктуу. Биринчиси кереметтүү бойго бүтүү болсо, экинчиси шердин этин жеген эненин уулу баатырга айланат деген мотив. Бул жерде жолборстун сапатын алып күчтүү, эрктүү, тайманбас адам жаралат деген тотемдик белги бар. Эки мотив жуурулушкан мындай сюжет баатырдын төрөлүшүнөн алдын ала кабар берет. Мындай айкалышкан мотивди – эпикалык өрчүгөн варианты десек жаңылышпайбыз.

16-кылымда тарыхый булактарда кыргыз жоокерлери токой-арстанга салыштырылып айтылган. Кыргыздар биринчи жолу 1503-1504-жылдары кышында болгон окуялар жөнүндөгү баянда аталат: «Ушул кышта Ак-Суу шаарында моңгол ханы Ахмед дүйнөдөн кайткан, анын ордуна уулу Мансур такка отурган, ага бир тууганы Султан-Халил касташып, Моголстанга кетип калат жана ал жердин «жапайы арстандары» аталган кыргыздарга кошулган. Кыргыздар аны өздөрүнүн акими кылып алган»[1]. Биринчиден жоокерди арстанга окшоштуруу болгон, экинчиден элди жаныбардын аты менен аташкан. «Манас» эпосунда мындай окшоштуруулар арбын, бирок анын генетикалык ареалы кыйла түрдүүчө. С. Орозбаковдун вариантындагы «кабылан» жаныбары образдарды ачып сүрөттөөдө окшоштуруу же салыштыруу көркөм функциялык кызмат аткарат. Бирок мифтик элементтер көбүрөөк коштоп турганын көрсөк болот. Мисалы Кошойдун Күңдөй дөө менен алышканы Манастын уу-дуу эли менен чабышында берилет:

[1] *Бартольд, В. В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 50-б.

*Каарданып бул аяр,*
*Кара чаар кабылан –*
*Жолборс боло калганы.*
*Кармап Кошой кулактан*
*Көтөрүп жерге салганы.*
*«Жутмак элең Кошой» – деп,*
*Көпкөк темир кийинген*
*Жигит боло калганы.*
*Эр Кошой каршы турушту,*
*Эки күнү, бир түнү*
*Кошой буга урушту.*
*Экинчи түнү кеч болуп,*
*Күүгүм кирер кез болуп,*
*Күн чыгыштын жагынан*
*Түн карасы чыгыптыр,*
*Кайраттанып эр Кошой*
*Көтөрүп уруп жыгыптыр*[1].

Күңгөй дөө кубулуп жолборско айланып Кошойго кол салат. «Манас» эпосундагы аярдын жолборско айланышы (адамдын жаныбарга, жаныбардын адамга айланган мотиви) мифтик элементти камтыган тотемдик сюжеттердин бири. Мифтик тотемдин белгисин алып жүрөт (мифтик тотем – укмуштай кубулуу жана сыйкырдуу көрүнүш катмарына ээ, жана архетиптик элементтен тарта ошол учурга чейинки кереметтүү баянга айланган тотем жаныбары же өсүмдүк. Тотемдик миф бул түшүнүктөн башкача, тотем катышкан мифтик уламыш)[2].

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 43-б.

[2] *Киндря, Н. А.* Животные-тотемы в древнем сознании: лингвосемиотический контекст [Текст] / Н. А. Киндря // Уч. Зап. Рос. гос. социал. ун-та. – М., 2010. – № 1 (77). – 136 с.

Жолборско айланган аярдын (Күңгөй дөө) эпостогу андан аркы таржымалы өтө кызыктуу, ал жолборс болуп Кошой баатырдан жеңилип баштаганда кушка айланып асманга атырылып учат. Артынан сая кууган Кошой акыры жазбай таамай атып түшүрөт:

*Күңгөй балбан чыркырап,*
*Артылып туруп атына*
*Алда канча жалынды.*
*Баатыр Кошой баргамы,*
*Бая жарадар кара куш*
*Башын үзүп салганы.*
*Лайла малум – деп,*
*Күңгөй өлүп калганы*[1].

Демек, С. Орозбаковдун вариантында тотемдик белги көбүрөөк мифтик элементти камтыган. Бул сюжетте архетиптик модели зооморфтук кейпин кийүү, адамдын жаныбарга айланган байыркы мотиви жана мифтик тотем көбүрөөк сакталып калган. Адамдын жаныбарга айланган мотивинде тотемдин өзүн толук көрө албайбыз, бирок жогоруда сөз болгон бардык элементтерди ичине камтыган тотемдик белгини байкасак болот. Ал «эр жүрөк жолборс», «чыгаан жолборс», «алуучу жолборс өңдөнүп», «жолборс тырмак», «чапчаң жолборс», «алагар жолборс», «жолборс болуп күркүрөп», «жолборс көздүү бачагар», «жолборстой мизин кайтарып», «кармашканы жолборстой», бул поэтикалык формула жалаң баатыр каармандарга карата айтылган салыштыруу, эпитет жана аллегория мүнөзүндөгү көркөм каражаттын ролун аткарган. Бирок анын түпкүрүндө тотемдик белги жатканын баамдасак

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 44-б.

болот. Арийне, мындай көрүнүштү тарыхый-жазма булактардан кездештирүүгө болот. Жусуп Баласагындын «Кут билим» чыгармасында Акдилмиш Эликке кандай аскер башы болуунуу кеңеш берет:

*Жооп берди Акдилмиш: «Кутман Элик,*
*Катуу бол душманыңа күчүң өнүп.*

*Бекке керек кол башчы жолборс жүрөк,*
*Тургандай тынчы кетип жоо титиреп.*

*Бул ишке адам керек күчтүү, алдуу,*
*Башынан көп өткөргөн чабыштарды.*

*Кол башкаруу – эң кыйын, улуу жумуш,*
*Чабуулга баштап кирип, жоону жыгыш.*

*Урушта арстан сымал Жүрөк керек,*
*Чабышка кабыландай билек керек.*

*Доңуздай – көктүк дагы, бөрүдөй күч,*
*Аюунун жаалы менен бугу жүрүш.*

*Аскербашы түлкүдөн ашып кетсин,*
*Кирген буура өңдөнүп албуут келсин.*

*Сагызгандай сак болсун анын өзү,*
*Кузгун сымал курч болсун көрчү көзү!*

*Каарланса арстандай жаалы чыксын,*
*Үкү болуп түнкүсүн уктабасын.*

*А кимде мына ушундай сапат болсо,*
*Чыныгы аскербашы, жоокер ошо*[1]*.*

---

[1] Куттуу билим [Текст]: дастан / [байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков, сүрөтчүсү А. Акматов]. – М.: «Ник» фирмасы, 1993. – 185-б.

Бул ыр саптардан «жолборс жүрөк», «арстан жүрөк» деген сөздөр жаныбардын сапатына салыштырылып аскер башчыга карата айтылган ички тотемдик белгини билдирген сөздөр. Ал белги – коркпогон, тайманбас, качырып кол салуу сапатын ыйгаруу жана дал ошондой сапатта болуу деген түшүнүктү камтыйт. Адам баласынын жүрөгү назик жана коркууга, чочулоого, тынчсызданууга тез берилгендиктен алгачкы коомдун адамдары жолборстун мүнөзүнө карата жүрөгүнүн бекемдигине ишенишкен. Тарых бою мындай ички тотемдер унутта калып, жазма жана оозеки-эпикалык чыгармаларда салыштыруу көркөм каражаты катары белгилүү болуп калды.

*Аскербашы алчу көп сапаттар бар,*
*Согушта ийгиликти берет алар.*

*Биринчи адилеттүү болгун акыр,*
*Калпычыга ишенбейт элиң такыр.*

*Экинчи – жоомарт болуп, олжо тарат,*
*Шарт ошол, ач көз башчы колсуз калат.*

*Үчүнчү – баатыр болсун, жолборс сымак,*
*Жүрөксүз жоону көрсө коркуп турат.*

*Төртүнчү – айла-амалдуу болсун абдан,*
*Амалдуу арстанды да торго салган*[1]*.*

Каармандын өзүн колдоп турган жаныбарга айланышы байыркы мотивдердин бири. Бул мотив алгачкы уруучулук коом түзүлүшүнө таандык. Бир уруунун

[1] Жогорудагы китеп, 186-б.

башчысы урууну же башчысын колдогон жаныбарга (тотем) айланганга кудурети бар деген ишеним жашаган. Аны бардык элдердин жомокторунан көрүүгө болот. Түрк тилдүү элдердин жомокторунда болсо мындай мотив адамдын карышкырга айланышы менен көбүрөөк байланыштуу. Башкыр (башкорт, башкурт) элинин ишениминде жана аңыздарында карышкыр жол баштоочу же жол көрсөтүүчү жаныбар катары көрсөтүлөт. Мисалы түштүк-чыгыш башкорт эли (усергандар, тангаурдар жана бурзяндар) душмандын чабуулунан кийин жер кезип чөлдүн кучагынан чыгалбай турганда карышкыр кайдан-жайдан пайда болуп, элди чөлдөн алып чыгып кеткен деген аңыз айтылат. Алар баш – башчы, корт – карышкыр деп чечмелешет. Урал тоолорун мекендеп калган уруулар асабасына карышкырдын башы чегерилген сүрөттү желбиретип алып жүрүшкөн. Мындай мотивди жомоктордон да көрүүгө болот, жолдон адашкан баатырларга жол көрсөтүп карышкыр жардамга келген. Башкыр эл жомокторунун негизги мотивдеринин бири болуп адамга карышкырдын жол көрсөтүп жардам бергени саналат. Мисалы: «Алтын канат», «Санай баатыр», «Алтын алма», «Юлбат» ж.б. жомокторунун сюжетинде дал ушундай, баатырга карышкыр колдоочулук же коргоочулук көрсөткөндүгү чагылдырылат[1]. Махмуд Кашгаринин эмгегинде да böri/бөрү жана kurt/курт (солужан уруусундагы аталышы) сөзү менен карышкырдын аты кездешет. Börleyü / бөрлейү – бөрү сыяктуу болуу, бөрүдөй болуу мааниси этиштик кызматтагы жаныбар

[1] *Бускунов, А. М.* Культы животных и птиц в башкирской мифологии и истории общественной мысли [Текст] / А. М. Бускунов, М. М. Кульшарипов // Вестн. Башкир. ун-та. – Башкортостан, 2012. – № 1. – 369 с.

аты катары адамга карата пайдаланылганын көрөбүз[1]. Бөрүдөй күчтүү, айбаттуу, тайманбас болуу сымал жырткычтын кулк-мүнөзүн адамга колдонуп же адамдын мүнөзүнө салыштырып айтуу ошол кездеги тотемдик белгиден кабар берет.

Жолборс жаныбары Махмуд Кашгаринин Дивани Лүгат ат-Түрк чыгармасында «asrı» / асры, «esri» / эсри катары кездешет. Дагы бир аталышы «toňa» / тоңа бир түстүү жолборс катары чечмеленет[2]. Жолборс сөзүнүн эки башка уруу тилинде кездешүүсү ошол кезде адамдардын жырткыч айбандарга маани бергени. Махмуд Кашгари түрк урууларынын аңчылыкка өтө көңүл буруп жашаганын айтат. Жада калса аңчылыктын түрлөрүн мисал катары жазып калтырган (sığır/сыгыр – буйткага алуу, saçratgu/сачратгу – тузак тартуу)[3]. Мергенчилик менен жашаган уруулардын жашоо-шартында жаныбарлар өзгөчө орунда турган. Айрыкча жолборс, арстан, кабылан сыяктуу жырткыч жандыктарга маани берип, алардын мүнөзүн өздөрүнө жакындатып тотем катары ыйык тутушкан. Буга мисал катары Махмуд Кашгаринин эмгегиндеги monçuk / мончук (мончок) сөзү эки мааниде чечмеленген[4]. Биринчиси – кооздук үчүн моюнга тагылган асыл-таштардан шуру, экинчиси – аттын мойнуна тагылган асем буюм, атка жана адам мойнуна тагылган «арстан, жолборс тырмагы». Демек, жаныбардын бир мүчөсүн алып жүрүү менен анын коргоочу катары кызмат кылаарына ишенишкен. Жаныбардын өзүн тотем

---

[1] Mahmud, Kaşgari. Divani Lügat-it Türk Dizini. Ankara: Türk Dil Kurumu, 2003. – 261 s. [Электронный ресурс] / Mahmud Kaşgari. – Режим доступа: www.achiq.org/pitikler/dlt-pdf (29.12.2016) – Загл. с экрана., 28-б.

[2] Жогорудагы китеп, 10-б.

[3] Жогорудагы китеп, 157-б.

[4] Жогорудагы китеп, 129-б.

катары тутушуп, анын тырмагын тотемдик белги (мончок тагып) катары алып жүргөндүгү маалым болуп турат. Бүгүнкү күндө кыргыз элинде мончок көз тийүүдөн, суук көз-суук сөздөн сактаган асыл таштан жасалган көзгө окшогон кара же көк ташта ак чекити бар, коргоочу буюм болуп саналат. Ал эми жолборстун тырмагын мончок эмес эрдиктин белгиси катары мергенчилер мындан бир кылым мурун алып жүрүшкөн. Азыркы учурда Кыргызстандын аймагында жолборс жокко эсе, бирок карышкырга аңчылык кылынган мезгилде тишин же тырмагын айыл жергесинде «бөрү жатыш» тери оорусуна каршы колдонушат. Ооруп калган адамдын мойнуна же куруна тагып коюшат, ооруну өзүнө тартып алат деген ишеним бар.

Кыргыз элинин килем токуу кол өнөрчүлүгүндө «жолборс таман» сүрөтүн түшүрүү кеңири. Чийге согулуп түшүрүлгөн оюулар, сүрөттөр да жаныбарлардын келбетин алган[1]. Килемден мурун пайда болгон бул өрмөк өнөрүндө «жолборс көз» көчөтү (сүрөтү) көп колдонулган[2]. Бул оюудан сырткары «кочкор мүйүз», «бүркүт тырмак», «ит куйрук», «бугу мүйүз» сыяктуу шырдакка, туш кийизге, зер буюмдарына, жасалгаларга түшүрүлгөн оюулар арбын. Жаныбардын толук элеси түшүрүлгөн буюмдар аз. Жаныбардын кайсыл бир мүчөсү оюу түрүндө бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. Мындай көрүнүш жаныбарды ачык тотем тутуудан кийинки атрибуттарын колдоочу катары алып жүрүү (тумар, мончок ж.б.) жөрөлгөсүнөн улам келип чыккан. Бара-бара жаныбардын мүчөсү сүрөт болуп килемге түшкөн.

---

[1] *Акматалиев, А.* Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1996. – 112-б.

[2] Жогорудагы китеп, 172-б.

Фирдоусинин «Шах-намесинде» түркүттөр (түрк) менен перстердин ортосундагы Герат алдындагы салгылашуу жөнүндө баян камтылган. Аларды автор «Кытайдын түрктөрү» жана перс полководеци Бахрам Чубин деп атайт. Фирдоуси түркүттүк сыйкырчылыкты жана сыйкырчыны сыпаттап жазат. Ал Бахрам Чубин чечүүчү салгылашуунун мурунку күнү коркунучтуу түш көргөнүнөн башталат. Ал түшүндө түрктөр арстанга айланып, анын аскерлери талкаланганын, Ктезифонго бара турган жолду душмандар тосуп алып, ал эми өзү кечирим сурап жөө бараткканын көрөт. Жаман түшкө карабастан Бахрам салгылашууну баштаган. Түрктөр перстерди чочутуу үчүн сыйкырчылыкты колдонушкан. Сыйкырчылар асманга от ыргытышып, перстерге жаанын жебесин жаадырган шамалды жана кара туманды туудурушкан. Бирок Бахрам мунун өзү алдамчылык гана, чынында жаа жебеси жок деп кыйкырып, натыйжада сыйкырчылык өз максатына жеткен эмес. Салгылашуудан кийин перстер жеңишке ээ болуп, сыйкырчы туткунга түшөт. Ал Бахрамга түштү өзү жибергендигин мойнуна алган[1].

Тарых жазмаларында жоокерлер жапайы жаныбарларга салыштырылып айтылганы көп кездешет. Айрыкча жаныбарларды түшүндө көрүү байыркы мотивдердин бири. Жаныбарлардын аян берип түшкө кирүүсү анимистик байланышты, тотемдик урматты жана айрым учурда кайсы бир жаныбарга табу жаралган учурду туюнтат. Мындай түш көрүү мотиви «Манас» эпосунда да кеңири кездешет. Манас Алмамбеттин келээрин Салбырында жүрүп түш көрөт. Колуна алган ач албарс (кылыч) жолборско айланып жанында турат. Аны

[1] *Гумилев, Л. Н.* Байыркы түрктөр [Текст] / Л. Н. Гумилев. – Бишкек: Ариал-Принт, 1999. – 69-б.

көргөн калың журт Манаска даап бара албай айланып калышат. Түшүн жорутса жолборстой айбаттуу дос табасың деп айтылат. Жакып балалуу болоор алдында түш көрөт. Түшүндө бала бүркүттү кармап алып тапка келтирет[1]. Аны аңчылыка алып барып Жакып коё берет. Бүркүт обого чыкканда жан-жаныбарлар качып жок болот. Арстан-жолборстун бирин койбой алат. Жакыптын түшүн эл чогулуп Акбалта жоруйт: «Бүркүт колуңа кондурганың балалуу болушуң, бүркүтүң менен аңчылыкка чыкканың балаң эрге жетип эл башкарганы, жандыктын баарын алганы душмандарды каратканы. Бүркүттөй эрктүү, күчтүү оболоп учкан баатыр төрөлөт»[2]. Төрөлө элек баланын элеси бүркүт менен салыштырылып бүркүттүн мүнөзү менен адам тагдыры байланыштырылган, кайсы бир деңгээлде колдоочусу катары да каралган.

Бүркүттүн жеке эле колдоочу гана эмес андан келип чыккан уруулар болгон. Нагыз тотем катары бийик тутушкан. VIII кылымда Көк түрктөрдүн Орто Азияда үстөмдүк кыла баштаган мезгилинде Бар-Көл жеринде отурукташкан Шато уруусу бүркүттү ата-теги деп эсептешкен. Анын башчысы Ли-Ко-Йунг (кытай жазмалары боюнча) бүркүттүн уясында төрөлгөн адам баласы болгону айтылган. Өздөрүн көк түрктөрдүн бир бөлүгү катары эсептешкен жана мамлекеттин иштерине активдүү катышып турушкан. Кытай булактарына караганда алар Кытайдан алыс жайгашкан. Бирок Гоби чөлүн басып келип тынымсыз Кытайга чабуул коюп турушкан. Кытай менен көк түрктөрдүн сүйлөшүүлөрүндө

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – I-т. – 98-99-б.

[2] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 57-б.

кытайлыктардын шатор уруусун андан да ары Йин-Шан тоолоруна көчүрүп салуусуна ултиматум коёт. Йин-Шан тоолоруна көчүрүлгөн шато уруусу ага карабастан Кытайдын чек арасына жакындап тынчын алып турган. Кытайда 5 падышачылык аймагы X кылымдан кийин курула баштайт, 3-падышачылыгын шатолор курган. Алар көк түрктөрдөн өзүнчө Кытай менен көп байланышып бара-бара христиан (нестури) динин кабыл алышкан. Бирок көккө болгон сыйынуучулугун (теңирчилик) таштаган эмес. Кийин XIII кылымдан кийин Чыңгыз хандын курган ордосуна чоң салымдарын кошушкан. Өнгүт же ак-татар деген ат менен Ордо аймагына кошулушат. Алардын башчысы Ала-Куш Тегин жана анын уулдары Чыңгыз хандын ордо мамлекетине кызмат кылышкан[1].

Элдик чыгармалардан жана тарыхый жылнаамалардан сырткары жаныбарлардын элесин аска бетинен да көрүүгө болот. Фергана тоо кыркасындагы Көгарт ашуусундагы, азыркы Жалал-Абад шаарынын чыгышындагы аскадагы сүрөттөр Ферганадагы дыйканчылык маданиятынын тоолуу аймакка «чабуулунун» эң кызыктуу эстелиги болуп саналат. Аска таштарга чегилип түшүрүлгөн жана ушуга ылайык «Саймалы-Таш» деп аталган сүрөттөргө алып баруучу жол Фергананын чыгышындагы Көгарт суусунун бай өрөөнү аркылуу өтөт. Бул таш сүрөттөр 1902-ж. эле сүрөтчү Н. Г. Хлудов тарабынан ачылып, кийинчерээк 1903-ж. инженер И. Т. Пославский тарабынан изилденет. 1946-ж. бул сүрөттөрдү Б.М. Зимма изилдеген. Сыягы, ар кыл мезгилдер бою катмарланган, ар түрдүү сүрөттөрдүн арасында эки байыркы сюжет ачык байкалат. Бул биринчиден, жапайы

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – I-т. – 586 s.

жаныбарларга аңчылык кылуу, мында аңчы айбанаттын терисин жамынып алып, өңүп келе жатат, ошондой эле иттин жардамын да пайдаланган, экинчиден, жер айдоо сүрөтү, мында адамдар куштарга окшош кийим кийип алышкан, сокого болсо өгүздөр (топоздор) чегилген[1]. Дүйнөлүк мифология боюнча өгүздөр кайсы бир учурда (индия, кытай мифологиясында) жерди мүйүзүнүн ортосуна кармап турушкан. Көпчүлүк элдин тотеми катары ыйык болуп келген. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө бардык түрк урууларында öküz/өкүз – өгүз, жаныбар катары учурап, экинчи бир мааниси уруу аты болуп берилген[2]. Ошол эле учурда бир катар тарыхчылар (Бернштам А.Н., Бутанаев В.Я., Чоротегин Т.К. ж.б.) «огуз» – тотемдик ишенимдерден келип чыккан этноним, анын мааниси байыркы элдер сыйынган «өгүз» же «буканын» атынан келип чыгарын жазышат[3]. Махмуд Кашгари чыгармасында төмөнкүчө маалыматтарды жазып калтырган: « Түрк элдери негизинен жыйырмага жакын урууга бөлүнөт. Мен булардын ичинен эң негизгисин жана эне тукумундагы урууларын жаздым. Майда таркаган урууларды таштадым. Кишилерде өгүз түркмөндөрүнүн билүүгө кызыгуу пайда болгону үчүн алардын урууларын кийирдим. Урум өлкөсүнөн күн чыгышка карай баарын атап өттүм. Урумга баарынан жакын жайгашкан уруу «беченек» андан кийин «кыпчак», «өгүз», «йамак»,

---

[1] *Бернштам, А. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / А. Н. Бернштам. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. – 2004. – 253-б.

[2] Mahmud, Kaşgari. Divani Lügat-it Türk Dizini. Ankara: Türk Dil Kurumu, 2003. – 261 s. [Электронный ресурс] / Mahmud Kaşgari. – Режим доступа: www.achiq.org/pitikler/dlt-pdf (29.12.2016) – Загл. с экрана., 140-б.

[3] *Каратаев, О. К.* Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О. К. Каратаев; жооптуу ред. Т. Чоротегин, П.Казыбаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 2-б.

«башкурт», «кай», «басмыл», «йабаку», «татар», анан кыргыздар, мына ушулар кытайга жакын жайгашкан»[1]. Өз учурунда В.В.Бартольд огуздар деп Борбордук Азиядагы (Монголия, Түштүк Сибирь) түрктөр аталганын, анын Орто Азияга көчкөн бөлүгү «огуз-түркмөндөр» деп аталып калгандыгын белгилейт[2]. Демек, түрк уруулары үчүн кайсыл бир мезгилде өгүз тотем катары ыйык саналып турган, бара-бара уруу аталышына айланган.

Бүгүнкү күндө кыргыздардын айрым бир уруу аттары да жаныбарлардын атынан аталып калганын көрөбүз (Мисалы: Бугу, Сары багыш). Байыркы мезгилде тотем туткан жаныбардын аты уруу аталышына өткөнү жалпы элди колдойт деген ишенимден улам болгон. Бул жеке тотемден коллективдик тотемге өтүү прогресси. Ал эми уруу атына тамганы (эн белгиси) ыйгарып, асабага же жашаган турак жайга, малга түшүрүшкөнү тотемдин материалдашып анимистик буюмга өткөнү. Башкача айтканда «жолборс тиш», «бүркүт тырмак», «бөрүнүн тиши» сыяктуу буюмдашкан тотемдин сүрөт формасына жалганган түрү жана кийинки эволюциялык баскычы болуп аны ыйык саноо, уруунун атына белги катары алып жүрүү болгон. Акыры «ыйык», «сыйкырдуу» «жандуу» сыяктуу анимистик түшүнүк кетип анын ордуна патриоттуулук, эрдүүлүк, элин сүйүү, коргоо сыяктуу түшүнүктөр ээлеген. Кыргыздардын турмушундагы эн тамга белгилеринин өзгөчө маанисин этностук аталыштар (этнонимдер) чагылдыраары ырас. Мисалы, кош тамга

---

[1] Mahmud, Kaşgari. Divani Lügat-it Türk Dizini. Ankara: Türk Dil Kurumu, 2003. – 261 s. [Электронный ресурс] / Mahmud Kaşgari. – Режим доступа: www.achiq.org/pitikler/dlt-pdf (29.12.2016) – Загл. с экрана., 83-85 с.

[2] *Каратаев, О. К.* Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О. К. Каратаев; жооптуу ред. Т. Чоротегин, П.Казыбаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 2-3-б.

(мунгуш), жагалмай тамга (бугу, муңгуш, сары багыш), ача тамга (жору), кош бычак (баргы), төмөн тамга (кытай), жогору тамга (кытай), үч тамга (каґды), үчөк тамга (базыс), кылыч тамга (базыс), керки тамга (базыс), жаа тамга (азык), ай тамга (саруу, солто) ж.б. Энтамгалардын басымдуу бөлүгү уруулук (урук) тотемдерди аныктоо менен бирге, урук, уруу, уруулук бирикме сыйынган жан-жаныбарлардын, канаттуу жырткыч куштардын символикалуу элестерин чагылдырган[1]. Айыл жергесинде азыр да малга уруунун эн тамгасын басышат.

Тотемдик белги байыркы коомдон тарта тарыхтын бир канча кылымдарын басып келип жоголуп кетти деген ой келе түшөт. И. Молдобаев мыкты этнограф окумуштуу катары «Манас» эпосундагы тотемдик белгилерди катмарланган тарыхый кыртыштын калдыгы катары карап, бирок алар кыйла өзгөрүүгө учурап көркөм поэтикалык тилге айланганын айтат. Мындай көз караш менен кыргыздардын исламга чейинки ишенимин, дүйнөгө болгон көз карашын талдай билген. Чынында катмарланган тотемдик белги байыркы коомдон тарта тарыхтын бир канча кылымдарын басып келип жоголуп кетти деген ой келе түшөт. Арийне, азыркы учурда да жашообуздун бир бурчун ээлейт. Ошол эле жаныбарлар дүйнөсүн алалы, жыл санагын чыгарган 12 жыл жаныбарлар атынан аталган. Жада калса эртең менен туруп ишибизге бараарда радиодон жылдыздар төлгөсүн угабыз (гороскоп). Ага маани берип, керек болсо ишенип дагы алабыз. Букачар жылындагы текечер сиздин күнүңүз бүгүн көңүлдүү өтөт дегенге жетине албай кубанабыз. Мына, бул дагы тотемдик белги. Жаныбарлардын кулк-мүнөзү менен кыйыр түрдө ошол жылдыз (ай

[1] Жогорудагы китеп, 8-б.

ичинде) алдында төрөлгөн адамдарга мүнөздөмө берилет (ички тотемдик белги). Ал эми келечек жылыбызды да келе жаткан жаңы жылга тиешелүү жаныбардын мүнөзү менен өз жылыбызга салыштырып жоруп олтурабыз. Азия чөлкөмүндөгү элдердин жылга карата төлгө салуусу таң калыштуу эмес. Бул улуттук аң-сезимдин базалык архетиптеринин татаал жана көп жылдык түзүлүш процесси. Тотемдик белгилердин этнографиялык чындык катары улуттук аң-сезимдин калыптанышында ролу чоң десек жаңылышбастырбыз.

И. Молдобаев «Манас» эпосундагы тотемдик белгилерди исламга чейинки ишенимдин алгачкы баскычы катары караган. Бирок ал баскыч айкалышкан мотивдерден туруп кыйла эпикалык өзгөрүүгө учураганын айтат. Тотемдик белгилер түзүлүшү жагынан катмарланса дагы анын мифтик-жомоктук чөйрөсү жоголбогонун баса белгилейт. Элдин руханий-маданиятын иликтөөдө этнографиялык чындык катары тарых барактарында изи бар экендигине ынандырат. Окумуштуу: «Тотемдик белгилерди катмарлардан алып чыгуу жана өзгөчөлүгүн табуу дүйнөлүк мифология менен тектеш түрк элдеринин оозеки-эпикалык чыгармаларына кайрылуу, салыштыруу керек. Бул суроо дайыма ачык бойдон калат» – деген пикирди карманган[1].

Демек, Манас баатырды дайыма жандап сүрөттөлгөн жолборс, көк жал арстан жана кара чаар кабылан Манастын бирден-бир колдоочусу катары ачык-айкын баяндалат, так жана даана тотемдик белгини айгинелеп турат:

---

[1] Молдобаев, И. Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 218-219 с.

*Бир мүчөлүн карасаң*
*Комдонуп жаткан көк жолборс.*
*Кара чаар кабылан*
*Капталында чамынып,*
*Чолок көк жал арслан*
*Оң жагында камынып,*
*Асмандан алп кара куш – Зымырык*
*Азыр эңип кетчүүдөй*
*Арбайтып бутун салыптыр.*
*Колдогону бир тогуз,*
*Коржоктотуп Манасты*
*Колдоп жаткан кези экен,*
*Телегейи тең экен,*
*Өзү Шай колдогон шер экен.*
*Алты шердин кенжеси,*
*Өзү Кудайдын сүйгөн мендеси*[1].

Эпика-поэтикалык контексттен караганда

*Кара чаар кабылан*
*Капталында чамынып,*
*Чолок көк жал арслан*
*Оң жагында камынып,*
*Асмандан алп кара куш – Зымырык*
*Азыр эңип кетчүүдөй*
*Арбайтып бутун салыптыр –*

деген алгачкы салттуу поэтикалык формула эпостун (С. Каралаевдин вариантында) башынан аягына чейин кездешет. Баатырдын образын толуктап турган салыштыруу, метафоралык жана гипперболалык боёкчону берип турган көркөм каражат катары көркөм кызмат өтөйт.

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 165-б.

Эгерде диахрониялык абалын карай турган болсок, бул жаныбарлар баатырды дайыма колдоочу катары элестүү түрдө жандап жүрөт. Тотемизм калдыктарынын белгилерин көрүүгө болот.

## Жыйынтык таблицасы

| **Жаныбарлар** | **Тотемдик белгилери** | |
|---|---|---|
| Канаттуу-куштар: бүркүт, шумкар, Умай (Кумай) кушу, Алп кара куш, карга-кузгун;<br><br>Жапайы жаныбарлар: арстан, жолборс, карышкыр, түлкү, кулжа, жылан (ажыдаар) балык;<br><br>Үй жаныбарлары: жылкы, ит, өгүз; | Тарых жазмаларында, археологиялык казууларында, Орхон Энесай жазма эстеликтеринде, кол өнөрчүлүктө, мамлекеттин символикаларында (герб), элдик оозеки чыгармачылыкта, жазма адабияттарда, | Диахрондук абалы |
| Канаттуу-куштар: бүркүт, шумкар, Умай (Кумай) кушу, Алп кара куш, карга-кузгун;<br><br>Жапайы жаныбарлар: арстан, жолборс, карышкыр, түлкү, кулжа, жылан (ажыдаар) балык;<br><br>Үй жаныбарлары: жылкы, ит, өгүз; | Кол өнөрчүлүктө, уузчулукта, тарыхый жазма адабияттарда, элдик оозеки чыгармачылыкта, геральдикада, адабиятта, гороскопто, жыл аттарында, кыргыз элинин мал-чарбачылыгында, маданиятында | Синхрондук абалы |

# 5. ТЕКТЕШ ТҮРК ЭПОСТОРУНУН АСПЕКТИСИНДЕ «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ТОТЕМДИК БЕЛГИЛЕРИ

## («Маадай Кара», «Алтын Арыг», «Огуз хан» ж.б. эпосторунун негизинде)

Бул китепти жазууда салыштыруу ыкмасы тандалып алынды. В.М. Жирмунский белгилегендей салыштыруу бул методологиялык ыкма жана изилдөө обьектисинин орду такталып, учуру менен тарыхый чындыгы аныкталат. Фольклордо чыгармаларды айрыкча эпосторду анализдеп жатып салыштыруу ыкмасына кайрылбай койгонго мүмкүн эмес. Айрыкча түрк тилдүү элдерге таандык фольклордук чыгармалар салыштыруу ыкмасын талап кылат. В.М. Жирмунский салыштыруунун төрт түрүн көрсөткөн:

1) Жөнөкөй салыштыруу (окшоштук жана айырмачылыктарын аныктоо).

2) Тарыхый-типологиялык салыштыруу.

3) Тарыхый-генетикалык салыштыруу.

4) Маданий байланыштын негизинде пайда болгон көрүнүштү салыштыруу, канчалык деңгээлде таасир калтырганын аныктоо[1].

Окумуштуу бир элдин эпосун изилдөө үчүн сөзсүз ошол элге таандык эпос же байланышы бар башка элдин

[1] *Жирмунский, В. М.* Эпическое творчество славянских народов и проблемы сравнительного изучения эпоса [Текст] / В. М. Жирмунский. – М.: Изд. АН СССР, 1958. – 6 с.

эпосу менен типологиялык, генетикалык жагынан салыштыруу керек экендигин айткан. Салыштыруу ыкмасын колдонууда тарыхыйлуулук принцибин сөзсүз эске алуу зарылчылыгын да эскертип өтөт. Эпостогу сюжеттик мотивдерди жана көркөм образдардын структурасын тарыхый типологиялык жана генетикалык салыштыруу менен анализдеп В.М. Жирмунский эки чоң аспектиде изилдеген.

Жомоктук-мифологиялык байыркы мотивдерди ачуу жана алып чыгуу.

Кийинки тарыхый катмарды алып чыгуу жана ачуу[1].

В.М. Жирмунский эпикалык сюжеттин жомоктук-мифологиялык катмарын аныктоодо образдардын берилишин, көркөмдүк өзгөчөлүгүн жана тарыхый салыштырма методу менен образдар системасын, мотивдерди, ишеним системасын анализдеген. Буга параллель изилдөөчү желмогуздун, ажыдаардын жана аяр-сыйкырчылардын мүнөзүн көрсөтүп, иран ишениминен келгендигин айтат. Мында окумуштуу эл аралык этно-маданий байланыштарын карап салыштыруу керек экендигин баса белгилеген.

Алгач эпостун сюжеттик линиясынан мотивдерди, образдар системасын жана кырдаалдардын сүрөттөлүшүн кароо менен жаныбарлардын тотемдик белгилерин алып чыккан элек. Айрыкча мотивдерде жана образдар системасында тотемдик белгилер арбын кездешкендиктен көркөм кызматын, алган ордун баса белгилеп өтүүгө туура келген. Бул бөлүмдө тотемдик белгилердин ордун гана көрсөтпөстөн анын деңгээлин жана көркөмдүк өзгөчөлүгүн, фольклордук чындыгынын, этнографиялык чындыгынын деңгээлин билүү максатта

[1] Жогорудагы китеп, 6-б.

тектеш түрк элдеринин эпосторуна салыштырууну (тарыхый типологиялык салыштырууну жана тарыхый-генетикалык салыштырууну) туура көрдүк. Анткени «Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилеринин өзгөчөлүгүн аныктоо тектеш түрк элдеринин эпосторуна салыштыруу иретинде талдоонун негизинде ишке ашат. Типологиялык жактан жакын келген жана жаныбарлар дүйнөсү кыйла кенен баяндалып берген эпостор менен бирге «Эр Төштүк» эпосуна да кайрылбай коё алган жокпуз. Ал архаикалык эпос болгонуна карабастан С. Каралаевдин «Манасында» Көкөтөйдүн ашында кошулуп кирип кеткен орчундуу орунда турган жомок. «Манас» эпосуна салыштырмалуу кенже эпос, бирок баатырдык катары типтеш. Аны калтырып кетүүгө мүмкүн эмес. Айрым эпизоддору жана жаныбарлар тууралуу баяндоолор алтай-хакас элдеринин эпосторуна үндөшүп кетет. «Манас» эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилери төмөнкү эпикалык сюжеттин негизинде түрк элдеринин эпосторундагы жаныбарларга салыштырылды.

1. Баатырдын ата-теги
2. Баатырдын балалык чагы
3. Баатырдын үйлөнүшү
4. Баатырдын эрдиктери
5. Баатырдын өлүмү

«Манас» эпосунан айырмаланып Сибирь чөлкөмүндөгү тектеш түрк тилдүү элдердин эпосторунда жаныбарлар көбүрөөк сыйкырдуу, байыркы мифтик, тотемдик образды алып жүрөт. Албетте бул табигый көрүнүш. «Манас» эпосуна салыштырмалуу алтай эпосу «Маадай кара», хакас эпосу «Алтын Арыг», бурят эпосу «Гэсэр», якут эпосу «Модун Эр Соготох» байыркы мифтик жана

тотемдик калдыктарды көбүрөөк сактап калган. Эпостор типологиялык жагынан баатырдык жана сюжети жагынан «Манас» эпосуна үндөшүп кетет, бирок жаныбарлар дүйнөсү мифтик тотем, зооморфтук образ катары кездешип айрым гана жерлерден тотемдик белгилерин көрө алабыз. Тотемден тотемдик белгилерге өткөн прогресстин айкын элесин баамдоого болот. Ал эми «Огуз хан» (уйгур, өзбек, түрк элдеринин) эпосу кыйла өзгөчөлөнүп турат. Огуз хан баатырдык эпос катары таанылганы менен генетикалык мазмунду камтыйт: адам баласынын тукум улоосу, атадан туяк калтыруу, атадан балага мурас калтыруу сыяктуу маселелер терең чагылдырылган. Арийне, бул мазмундуу-мотивдерден сөзсүз түрдө жаныбарлардын ордун көрүүгө болот. Өзбек эпосу «Алпамыш» эпосунда жаныбарлардын тотем катары эмес белгилери көбүрөөк учураганын байкадык. «Манас» эпосу сыяктуу образдар системасында жана айрым сюжеттик мотивдерде орун алган. Бул эпостун «Алып-Манаш» атында алтайлыктарда, «Алпамыс» катары каракалпактарда, башкырларда «Алпамыш», казан татарларында «Алпамша», сибирь татарларында «Алып Мямшян» катары белгилүү варианттары бар. Айрым сюжеттик айырмачылыктар бар болгону менен баатырдык-эрдик көрсөтүү сюжетинен тартып байыркы мифтик мотивдерди сактап калган учурлары кездешет. Мисалы, булардын ичинен алтайлыктардын «Алып Манаш» эпосу бардык түрк элдеринин фольклоруна тиешелүү орток архаикалык сюжетти сактап калган. Баатыр Манаш көктөн берилген сыйкырдуу күч менен шамандык касиеттерге ээ болот, ал болочок келинчегин издеп кайып дүйнөгө барат (арбактар дүйнөсүнө барат), кайып өлкөдөн ар кандай

тоскоолдуктарга учурап жеңип чыгат. Мындай шамандык касиеттерге ээ болгон сүрөттөөлөр башкырлардын айрым бир варианттарында кездешет («Алпамыш и Барсын хылуу»)[1]. «Алып Манаш» вариантындагы баатырдын кайып дүйнөгө баруу сюжети кыргыздардын «Эр Төштүк» архаикалык эпосунда чагылдырылган. «Эр Төштүк» да казак, уйгур, алтай элдеринде учураган варианттарга ээ. Г.Н. Потанин «Төштүктүн» жомогун алып сюжетин англо-франктын, Кавказ элинин, Монголдун, Славян элдеринин фольклордук чыгармаларынын сюжеттери менен салыштырып «Төштүктүн» варианттары Монголиядан тартып Батыш Европага чейинки аралыкка тараган» – деген жыйынтыка келет.[2] М.Н. Хангалов «Балаганский сборник» деген эмгегинде буряттардын «Гесер» эпосу менен айрым эпизоддорду салыштырган. Эпостун чыгыш теги жана жанрдык мүнөзү жөнүндө байкоолор П.А. Фалевдин жана В.М. Жирмунскийдин эмгектеринде жолугат. В.М. Жирмунский «Эр Төштүктү» жомок, баатырдык жомок, сыйкырдуу поэма жанрдын айтымында өнүккөнүн атаган. Х.Г. Көроглы болсо эпостун негизги өзөк окуяларын жана анын семантикасын, образдарын иран мифологиясы менен байланыштуу караган. Кийинчерээк Г.Н. Потанин орус тилине «Төштүк» жомогун жана казактардын да «Төслик» жомогун которуп, «Казах-киргизские и алтайские предания, легенды и сказки» деген эмгегине киргизген. Ал эмгегинде казак жомокторунун сюжеттери айрым түрк элдеринин жана монгол, славян элдеринин фольклордук чыгармаларына

[1] *Жирмунский, В. М.* Сказание об Алпамыше и богатырская сказка [Текст] / В. М. Жирмунский. – М.: Вост. лит., 1960. – 266 с.

[2] *Кайыпов, С.* Проблемы поэтики эпоса «Эр Тоштюк» [Текст] / С. Кайыпов. – Фрунзе: Илим, 1990. – 9 с.

окшош экендигин белгилейт[1]. Албетте, «Эр Төштүк» эпосу баатырдык-архаикалык эпос, анын байыркы мотивдери, архаикалык сюжеттер, анимистик байланыштар жана тотемдик көрүнүштөр «Манас» эпосуна салыштырмалуу туруктуу сакталып калган. Сибирь чөлкөмүндөгү түрк элдеринин эпосторунда мындай байыркылыктын изи айкын байкалат. Айрыкча баатырдын жасаган эрдигине байланыштуу жаныбарлар дүйнөсү кыйла сыйкырдуу жана мифтик болуп чагылдырылган. Баатыр ар кыл жаныбарларга туш болуп айрымдары менен достошсо, айрымдары менен салгылашып жүрүп олтурган. Мындай сюжеттүүлүк «Эр Төштүк» эпосунда орун алган. Ал эми Манас баатырдын эрдик көрсөткөн ареалы өзгөргөн, сырткы жана ички душмандардан эли-жерин коргоп хан аталган. Анын түздөн-түз сыйкырдуу күчкө ээ болгон жаныбарлар менен согушка чыкканын көрө албайбыз, кырк жөкөрү менен «Салбурунга» мергенчиликке чыкканын жана жаныбарлар дүйнөсү эпостун пейзаждык сүрөттөөлөрүндө, образдар системасында орун алганын көрөбүз. Ар бир каарман психологиялык болсун, согуш талаасында болсун жасаган мамилесинен бери жаныбарларга салыштырылып айтылат. Мындай салыштыруу «Маадай Кара» эпосунда да көп учурайт, бирок «Эр Төштүктөгү» архаикалык катмар кыйла басым кылат.

Тектеш түрк тилдүү эпостордун ичинен баатырдын ата-теги тууралуу «Маадай Кара» эпосунда өзгөчө баяндалып башталат. Алтай жергесинин ажайып көрүнүшү сүрөттөлөт да баатырдын ата-теги жаратылыш койнундагы кубулуштар катары берилет. Эпосто негизги каарман Маадай Каранын уулу Көгүдей жөнүндө болот. Атасы

---

[1] *Абдылдаев, Э.* Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 17 б.

Маадай Каранын жаратылыш менен кандай эриш-аркак жашоо сүрүп жатканы баяндалат, айрыкча Байтерек төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

*Где воедино бурный бег*
*Сливают семь десятков рек,*
*В долине – лучшей из долин –*
*Стоит великий бай терек –*
*Стоствольный тополь-исполинь.*
*И ухо высунет едва*
*Широкоскулая луна –*
*Как серебром звенит листва,*
*Как блещет золотом она.*
*Семиколенный бай терек*
*Оброс листвой, как днями век.*
*Под каждою из ста ветвей*
*Укроется табун коней*[1].

Байтеректин жалбырактары күмүштөй шылдырап, алтындай жалтылдаган жети катмардан туруп, ар бир жүз бутагынын бирөөсү эле үйүр жылкыны ичине каткан. Мындай керемет салыштыруудан теректин зор көлөмдүү жана улуу дарак экендигин көрүүгө болот.

«Манас» эпосунда жети атасынан бери саналып келип Жакыптын баласыздыктан запкы жеп жүргөн кезинен эпос башталат. Ал эми Гэсэр Көктөгү тэңгэрилер арасында жашап, 99 тэңгэри эскерилет. Эр Соготох да жарымы кудай, жарымы адам сыяктуу ата-тегинен кабар берилет. Алпамыштын ата-теги «Манас» эпосундагы сюжетке үндөш. Ата-теги саналып келип баласыз

[1] Маадай-Кара [Текст]: алтай. героич. эпос. – Горно-Алтайск: Алтай. книж. изд-во, 1979. – 12 с.

болуп кайгы жеген ата-энеси тууралуу эскерилет. «Алтын Арыгда» каарман кыздын төрөлүшү, ата-энеси деталдуу сүрөттөлөт. Баатырдын ата-тегин баяндоо сюжети боюнча алып карасак, канаттуу куштар сүрөттөлгөнү «Маадай Кара» эпосунда культтук мотивде берилген.

«Маадай Кара» эпосу баатырдык эпос катары белгилүү. Маадай аттуу баатырдын эрдигине караганда анын уулу Көгүдей-Мергендин эрдиги эпостун көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Эпос атасынын атынан айтылып калганы «атанын мыкты баласы» – деген учкул сөз айтылган мазмунунда эмеспи. Маадай Кара чачылган элин жыйнап, сансыз мал топтоп, мыкты хан болуп турган. Анын душманы Кара-Кула элине кол салып айласын кетирет. Акыры эки эл тирешип отуруп Кара-Кула Маадай Каранын эли-жерин басып алат. Маадай Караны Кара-Кула келинчеги менен туткунга алып, элин кул кылып кордойт. Маадай Кара жаңы төрөлгөн баласын Бай теректин түбүнө калтырып, Алтайдын ээсине, Бай терекке (тукум улоо касиеттүү багына) аманат калтырат[1] [102, 192-б.]. Бай теректе аттын башындай болгон бири-бирине коёндой окшош алтын күкүк олтурат.

*На верхней ветви золотой,*
*Окружены листвой густой,*
*Кукушки вещие сидят,*
*Пути грядущего следят.*
*Звонкоголосые, они*
*Предвидят будущие дни,*
*И радуют вещуньи тех,*
*Кому сопутствует успех.*

---

[1] Маадай-Кара [Текст]: алтай. героич. эпос. – Горно-Алтайск: Алтай. книж. изд-во, 1979. – 192 с.

*Печалят тех, кому судьба*
*Ютиться в шалаше раба.*
*Начнут кукушки куковать,*
*С золотистой высоты –*
*Пойдут в долинах расцветать*
*Небесно-синие цветы.*
*Так, глядя в будущие дни,*
*Живут на тополе они*[1]*.*

Күкүктөн төмөн жети кабаттуу теректин ортосунда эки кара бүркүт асман аймагын кайтарып жер менен көктүн ортосун карап олтурат. Ал эми Бай теректин түбүндө эки кара дөбөт иттер (алтай текстинде тайгылы) керилип жатып жер аймагын кайтарат. Улуу baктын жанында алтын буурул ат байланып турат. Мындай сүрөттөөлөр алгач тукум улоо багынын жөн наристе эмес баатыр-наристени сактап калышы жана Маадай Каранын туягынын уланышы, бакты кайтарып турган жандыктар наристе менен болгон анимистик байланыштан кабар берет. Алардын жаны наристенин жаны менен бак аркылуу байланышып турганы жана жашоо данакери катары кызмат кылып, адам баласынын өмүрү жер жүзүндө уланышына түрткү бергендей. Каарман менен жашоо дарагынын мындай байланышын «Манас» эпосунан арбын кездештирүүгө болот. Мисалы, чынар терекке Манас, Бакай, Алмамбет салыштырылып образдуу сүрөттөлөт. Жети кан чатак чыгарып Манаска каршы кутумчулук кылганда баатырдын элеси өз кайрылуусу менен эпитеттик форманы алган:

*Бариги алтын чынармын,*
*Балтаң өтсө кесип жык,*

[1] Жогорудагы китеп, 13-б.

*Жалгызың кой да, жамың кыл,*
*Жетөөң эмес жети кан,*
*Жетимишиң чогулуп,*
*Жеңер жериң камын кыл*[1].

Бул жерден үч маселе жаралууда, биринчиси пейзаждык сүрөттөөдөгү жашоо дарагы жан-жаныбарлары менен жер үстүндөгү жашоо дарагын – мифтик башатты түзүп турса, экинчи маселе каарманга чынар теректин эпитеттик формасы ыйгарылганда жан-жаныбарлар байырлайбы, үчүнчү маселе чынар терек генеологиялык дарагыбы же көк менен жерди бириктирген астралдык мейкиндикпи… Жогоруда айтылгандай Чынар теректи жана Бай теректи байырлаган мифологемаларга кайрылып көрөлү.

Күкүк кушу көпчүлүк түрк тилдүү элдердин ишениминде көктүн жер шарына жиберилген медиатору катары белгилүү, анын сайраганы жашоонун уланышын билдирет. Анын түпкү негизи байыркы тотемге барып такалат. Мисалы бурят мергенчилери күкүктү атпай, анын перилик жаны бар деп ишенишкен[2] [53, 316-б.]. Алгачкы коомдо куштар адам жанын жерге алып келген же адам бул жашоо менен кош айтышканда жанын алып учкан периштеге салыштырышкан. Күкүк да алгачкы коомдо адам баласына жашоого үмүт алып келген тотем катары дүйнөлүк мифологияга ордун калтырган. Алтай элдери жаны короздо, якуттар торгойдо же күкүктө, түндүк индеецтердин «гуру» уруусу жаны

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 216-б.

[2] Бурятские народные сказки [Текст] [отв. ред. тома А. Б. Соктоев]. – Новосибирск: Наука, 2000. – 304 с. – (Памятники фольклора народов Сибири и Дальнего Востока. Т. 20.)., 316 с.

көгүчкөндө деп ишенишкен[1] [186, 16-б.]. Байыркы египеттиктер да адам баласынын ичээр суусу түгөнүп өмүр менен кош айтышып бараткanda жаны дароо кушка айланып асманга учуп кетет деп ишенишкен. Мисалы Египет кудайларынын бири Осиристин жаны ылаачын сымал куш болуп жер үстүнө көз салып кыдырып кетчү. Муну пиктографиялык таш боорундагы жазуудан да көрүүгө болот[2] [199, 107-108-б.]. Ушундан улам «Маадай Кара» эпосундагы Күкүктүн жан алгыч эмес, тескерисинче жан алып келе турган, жерге жашоо тартуулаган канаттуу тотем экендигин көрүүгө болот. «Калевала» эпосунда болсо каалабаган адамга турмушка чыккысы келбеген Айно (окумуштуу Лённрот кыздын атын жасалма түрдө өзгөрткөн) жарака кеткен аска боорунда сууну карап отуруп жардан учуп өлөт. Ал учуп баратып: «Сууга жуунбагыла бир туугандарым ал менин каным, аска бетине турбагыла ал менин жүрөгүм, балык уулабагыла ал менин денем, аскадагы кайыңды кыйбагыла ал менин жаным, бактагы үч күкүк куш жер үстүндөгү уланган менин жашоом, күкүктөрдүн сайраганы менин үн салганым» – деп муңканат[3]. Мындай мотив менен кыздын өзүн-өзү өлтүрүүсү катылып тургандай. Бирок өз ыктыярысыз жашоодон үзүлүп бараткан кыздын жаны бак-даракка жана күкүк кушка айлануусу

---

[1] *Бычков, Ю. А.* Птица как символ религиозно-мифологической системы традиционной культуре этносов Сибири [Электронный ресурс] / Ю. А. Бычков. – Тюмень, 2009. – С. 1-4. – Режим доступа:https://cyberleninka.ru/article/v/ptitsa-kak-simvol-religiozno-mifologicheskoy-sistemy-v-traditsionnoy-kulture-etnosov-sibiri – Загл. с экрана., 16-б.

[2] *Соколов, В. В.* Исторические условия формирования античной философии и диалектики [Текст] / В. В. Соколов // История античной диалектики. – М.: «Мысль», 1972. – 107-108-с.

[3] *Пропп, В. Я.* Фольклор и действительность [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 27 с.

байыркы мотивдерден. Күкүк менен анимистик байланышты алган моделди көрүүгө болот. Мындай этиологиялык элементтер «Калевала» эпосунун башка варианттарында ар кандай берилген, бирок күкүк куштун адам баласынын жашоосун уланткан тотем маанисинде экендиги айкын баяндалган. «Маадай Кара» эпосунда күкүк тотем катары ачык баяндалган эмес. Бай Терекке каармандар канча келип сыйынса дагы күкүк куш тууралуу эскерилбейт, ага түздөн-түз сыйынууну көрө албайбыз. Бай Терек аркылуу, теректин ыйыктыгы аркылуу күкүктүн каармандар үчүн жашоону улоочу, жан берүүчү көктүн медиатору катары баамдасак болот. Күкүктүн алтын түстө болушу элестүү түрдө жашоонун бакубаттуулугун символдоштурат. Бул канаттуу куштун дагы бир тотемдик белгиси. Мындай тотемдик белги «Манас» эпосунда ачык мааниде сакталып калбаса да кыйыр мааниде пейзажды сүрөттөөдө же пери кыздарды күкүккө салыштырууда перинин сулуулугун арттыруу иретинде кездешет.

*Ажарын салып Саани кыз (Санирабига),*
*Беренжилүү тондору,*
*Бери ургандай теңселип,*
*Көкүлдөр көздө сеңселип,*
*Жең билекке батпаган,*
*Жел жагына ким чыкса*
*Көз көрүм жерге буркурап*
*Жыпардын жыты каптаган,*
*Күрөөкө тондой жылт этип,*
*Күдөрү тондой былк этип,*
*Күкүктөй үнү шыңк этип,*
*Желбегей тонун жамынып,*
*Дандырлуу оттой камыгып,*

*Жез комуздай зыңк этип,*
*Ордодон чыгып оолугуп,*
*Орчун улук баарына*
*Ортончу үйдө жолугуп*[1]*.*

Манас баатырдын Санирабиганы алгач көргөн сюжетинде кыздын үнү күкүктүн үнүнө салыштырылып айтылат. Демек, көктөн түшкөн перинин жанын алып жүргөн күкүк кызга жан киргизип, көркүнө көрк кошуп үн тартуулап турат. Албетте, ал жерден күкүктүн өзүн көрүүгө мүмкүн эмес, анын кызды жандантып, жашоого шыктантып сергектикти, шаңдуулукту тартуулаган тотемдик символу эмеспи. Бул салыштыруу эмнеге башка каармандарга карата айтылбайт. Мисалы, ак элечек апаларга же куралданган жигиттерге. Анткени пери жандуу күкүк – таза жана аруу. Кыз дагы периштедей таза жана аруу экендигин бул сүрөттөөдөн улам байкасак болот. Мындай салыштырма-паралеллдүүлүк кыздын образын дагы да терең ачып бергенге жардам берүүдө. Айрыкча психологиялык портретинин тартылышына көмөк көрсөткөн.

Каныкей Манаска турмушка чыгып, Чоң казатка баатырды кырк чоросу менен узатып жатып көзүнө жаш алат. Бээжинди сурап турган бул сюжетте Каныкейдин психологиялык портретинин тартылышында үнү күкүк үнүндөй зыңк этип чыгат:

*Кол башчысы Кыргыл чал*
*Доол каккан тушунда.*
*Кырмызы жоолук колунда,*
*Кырк баатырдын соңунда,*

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 5-т. – 567-б.

*Күрөөкө тондой жылп этип,*
*Күкүктөй үнү зыңк этип,*
*Аяш бери токто – деп,*
*Каныкей басты шыңк этип.*
*Каныкейден өтө албай,*
*Кайрылбай таштап кете албай,*
*Кан Алмамбет айланды[1].*

Бул сюжеттен улам Каныкейдин образына карата айтуучу күкүк үнүн көбүрөөк колдонгон. Демек, Каныкей секелек кыз кезинен тарта аруу жана жашоо тартуулаган аялзаттан болгон. Албетте күкүк үнүн салыштыруу деп айтсак кескин туура болот, бирок образдын ачылышына көмөкчү болгон аруулукту, жашоо жандануусун тартуулаган күкүктүн тотемдик белгисин катып коё албайбыз. Аны баса белгилөө биздин парз.

«Маадай Кара» эпосундагы Бай Теректеги орто кабаттан орун алган бүркүт жогоруда айтып өткөндөй «Манас» эпосунун түш көрүү мотивинде, баатырларды салыштырууда жана пейзаждык сүрөттөөлөрдө арбын кездешет. Бай Теректе күкүктөн төмөнүрөөк бутактан орун алган бүркүт жер үстүн кайтарган жана көз салган көктүн жиберген кароолчусу. Ошондуктан «Маадай Кара», «Манас», «Гэсэр», «Огуз хан», «Алтын Арыг», «Алпамыш» эпосторунун негизги баатырлары колуна бүркүт алып жанына тайган жетелеген эмес. Бүркүт баатырларды колдогон, айрым жерде адамча сүйлөп баатырга жардамга келген. Баатырдын жасаган эрдиктеринде колдоочусу катары дайыма жандап жүрсө, экинчиден бүркүт күчтүүлүктүн жана кыраакылыктын символу катары баатырдын образын дагы да көркөмдүү көрсөткөн.

---

[1] Ошол эле китеп, 269-б.

Тарых жылнаамаларынан да бүркүт кайсыл бир деңгээлде колдоочу, баатырдын зоболосун көтөргөн атрибут болгонун көрүүгө болот. Мисалы Алтын Ордонун бектерине Чыңгыз хан титул берип жатып: «Сенин багың терек, кушуң бүркүт, атың Салават, тамгаң сурку» – деген сөздөр менен коштогон. Уйшин-Майкья-бия аттуу бекке ыйгарылган. Дагы бир Кункрат-бий-оглу Сенкелэ бегине «Багың – алма, кушуң – ителги, атың Кункрат, тамгаң – ай болсун» деп ыйгарган[1]. Бүркүттү тапка келтирүү жана тайган ээрчитүү Чыңгыз хандын мезгилинде бектерге гана ыйгарымдуу болгон. Башкача айтканда башкаруучунун мындай атрибуттары анын зоболосун бийик көтөргөн. Анткени ак менен караны бирдей алып жүргөн бүркүттү тапка келтирүү бардык адамдын колунан келе берген эмес, батынган да эмес. Чыңгыз хан бектерге жашоо дарагын жана коргоочу же колдоочу катары бүркүттү (жырткыч куштардын түрүн) ыйгарган. Эл башкарып бек болуп турганда Чыңгыз хан кайсыл кушту ыйгарса ошол гана кушту колуна кондуруп, кушу жок болуп турганда асабасына, зоот кийимине же чатырына чегерип алган[2]. Баатырлардын куш агытып, тайган ээрчитип мыкты атка минип жүрүшү сөөлөтүн көтөргөн. Бүркүттү тапка келтирүү, тайганды агытуу мергенчиликтен келген. Алгачкы коомдук тапта жаныбарларды колго үйрөтүп, үйрөтүлбөй калгандарга мергенчилик кылууда бүркүттү жана тайганды колго көндүрүү кыйынга турган. Талыкпаган эмгекти талап кылган. Айрыкча бүркүттү тапка келтирип колуна кондуруп жүргөн мүнүшкөр эл

---

[1] *Аристов, А.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен [Текст] / А. Аристов; отв. ред. В. М. Плоских. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан, 2003. – 88-б.

[2] Жогорку китеп, 89-90-б.

арасында кадыр-баркка ээ болгон. «Куттуу билим» чыгармасында да эл башкарган бек мээнеттүү, чапчаң болушу керектиги айтылат. «Байлыкка карк болуп семирбе, чыныгы башкаруучуга жарашпайт» – деген акыл-насаат мазмунун камтыйт:

*Үч нерседе семиздик зыян экен:*
*Семиз куш, семиз тайган, семиз денең.*

*Үчөөнү таптоо үчүн тыкат карма,*
*Ашык кетсе артылат залал анда.*

*Табында жок куш менен – аң алабы?*
*Семиз тайган – кийикке тиш салабы?*

*Семиз дене төө сымал очорулуп,*
*Качкан олжоң карматпайт колдон чыгып.*

*Тапталбаса салган куш колуң толбойт,*
*Семиз болсо тайганың олжо болбойт.*

*А өзүң козголо албас төөдөй болсоң,*
*Азап менен тозок да тапкан олжоң!*[1]

Семиз деген сөздүн алдында куш салынбай, тайган агытылбай калса башкаруучу атанбай калышы мүмкүн экендиги жатат. Демек, башкаруучунун да эмгектенип эл башкаруусу бүркүт жана тайган аркылуу чагылдырылган. Бул сюжеттен да эпикалык мотивге тиешелүү катылып жаткан маңызды көрүүгө болот.

Якут мифологиясында бүркүт тууралуу тотемдик мифтер арбын. Алардын биринде баатырга жардам

---

[1] Куттуу билим [Текст]: дастан / [байыркы түрк тилинен котор. Т. Козубеков, сүрөтчүсү А. Акматов]. – М.: «Ник» фирмасы, 1993. – 450-б.

берген бүркүт тууралуу айтылат. Кангалас уруусунун баатыр-башчысы душманынан жеңилип туткундан качат, арып-ачып суусу жок, жандыгы жок чөлгө келип өлүмүн күтүп жатып калат. Көктө учуп бараткан каздардын бирөөсүн кайдан-жайдан белгисиз бүркүт тээп түшүрүп, баатырды ачкачылыктан аман алып калат. Ошол күндөн тарта кангалас уруусун, баатырды сактап калган кудай-куткаруучу катары бүркүт ыйык саналып калган[1]. Бүгүнкү күнгө чейин кары-картаңдары бүркүт учуп баратса куткаруучу кудай катары ыйбаат көргөзүп турушат. Аны атууга жана ага жаман сөз айтууга тыюу салынган. Мергенчи үйүнө кайтып келсе бүркүт музоону жеп жатканын көрөт. Жини келген мергенчи бүркүттү атып өлтүрүп, үй-бүлөсү менен кошо бышырып жеп алат. Арадан көп өтпөй эле мергенчи катуу ооруп калат. Аны айыктыруу үчүн Шаманды чакырып келишет. Жөрөлгөлөр учурунда Шаманга бүркүттүн жаны кирип: «Тогуз муунуңа чейин жансыз калтырбайм, муунуңду сууруп алып турам» – деген экен. Мергенчинин тогуз мууну көп жашабай оорудан (чесотка) каза боло берет. Акыркы тогузунчу мууну азыркы күнгө жетип бирок дүлөй болуп калат. Ал дагы мергенчи бабасы жашаган аймактан жер которуп кетүүгө аргасыз болот

Дүйнөлүк мифологияда бүркүт мифтик тотем, сыйкырдуу канаттуу сыяктуу түрдүү космогониялык образды чагылдырат. Мисалы грек мифологиясында Зевстин атрибуту бүркүт болгон. Ал каалаган учурда бүркүттү жер үстүнө жана жер алдына учуп баруусун буюруп

---

[1] Якутские народные сказки [Текст] [отв. ред. Тома Н. В. Емельянов, Ю. И. Смирнов.]. – Новосибирск: Наука, 2008. – 462 с. – (Памятники фольклора народов Сибири и Дальнего Востока. Т. 27.)., 179-б.

турган. Бүркүт аркылуу кабар алган. Аска бетинде колу керилип тартылган Прометейдин төшүн Зевстин бүркүтү келип чокуган. Зевс Прометейди жазаламакчы болуп бүркүтүн жумшаган. Буга параллель түндүк индеецтердин мифологиясында Зевс сымал Маниту кудайы бар, анын жер үстүнө жиберип турган бүркүтү адам баласы жамандык кылган учурда жазалаган. Кээде Маниту өзү бүркүткө айланып учуп келген[1]. Демек, адам баласына кандай колдоочулук кылса, дал ошондой адамга каршы турган кара күч катары да эки тараптуулукту алып жүрөт. Якуттардын азыркы ишениминде да бүркүт ак менен каранын ортосундагы куш төрөсү – көктөн жер алдына чейин учуп кыдырган Теңирдин жибергени. Кокустан бүркүттү атып өлтүрүп алсаң, анын канатын тебелебей асырап көмүп үстүнө таш бастыруу керек. Бастырып жатып: «Кылымдан-кылымга якут эли тирүү кезде сууга таш түшкөндөй көтөрүлбө» – деген сөздөр айтылат[2]. Демек, бүркүт жер алдынан көтөрүлүп кайра келе турган күчкө ээ экендиги якут элинде да сакталып калган. Бул теңирчилик ишенимдин үч катмарга бөлүнүп турган көк-асман жер үстүндөгү жашоо жана жер астындагы кара-күчтөр дүйнөсү тууралуу ишенииминде культташкан мотив. «Эр Төштүк» эпосунда бүркүттүн пири Зымырык (Алп каракуш) Төштүктү жер алдынан алып чыгат. «Модун эр соготох» жана «Гэсэр» эпосунда башкы каармандарды жер алдындагы Эрлик падышачылыгына бүркүт канатына кондуруп алып кирип кетет. Күкүк көктүн жер үстүндөгү жашоону улантууга

[1] *Тайлор, Э. Б.* Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б.Тайлор. – Смоленск: Русич, 2000. – 61 с.

[2] Якутские народные сказки [Текст] [отв. ред. Тома Н. В. Емельянов, Ю. И. Смирнов.]. – Новосибирск: Наука, 2008. – 462 с. – (Памятники фольклора народов Сибири и Дальнего Востока. Т. 27.)., 183-б.

жиберген медиатору болсо, бүркүт көк менен жердин, жер менен жер алдындагы Эрликтин каалгасынан өтө алган куш данакери болгон.

Бүркүт тотем катары көпчүлүк Америка, австралия урууларында алгачкы коомчулук түзүлүштө ыйык саналган, анын тырмагын тотемдик коргоочу катары уруу башчы андан соң эрдик көрсөткөн баатыры тагынган. Мындай тотемдик ишеним албетте түрк элдеринде пайда болгону менен кыйла түрдүү варианттарга өтүп кеткен. Анын канатын тебелебей, өзүн өлтүрбөй ыйык саноо байыркы тотемдик ишенимден эмеспи, ал эми анын өлүмү адамга да өлүм алып келбесин деген табу – тотемден соң жаралган. Тотем менен табунун карым-катнашынан улам бүркүт жамандыкты алып келе турган же болбосо адам жанын Эрлик падышачылыгына алып кете турган образды жараткан. Бул жерден бүркүттүн эки тараптуулукту (жакшылык менен жамандык, ак менен караны) бирдей алып жүргөн канаттуу куш катары сүүрүлүп чыкканын көрөбүз. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» эмгегинде бүркүттүн түн алып келе турган касиети да сүрөттөлөт.

*«Мейли» – деди Акдилмиш, жүрүп берди,*
*Ошол замат үйүнө кирип келди.*

*Үйгө кирип, олтуруп, ичип-жеди,*
*Кыйшайып жамбаштады, алып сергү.*

*Рум кызы жашырды жүзүн жерге,*
*Дүйнө жүзү жамынды кара көрпө.*

*Асман бетин чулгады кара бүркүт,*
*Бүт дүйнөгө чачылды пырлары бүт.*

*Төшөгүнө кыйшайды ойго батып,*
*Агасына сүйлөөрүн нени айтып.*

*Уктап кетип, ойгонсо өзү билбей,*
*Көзгө сайса көрүнгүс түн көмүрдөй[1].*

Бул ыр саптарынан көрүп тургандай асман бетин чулгаган кара бүркүт аркасынан түндү ала келет. Түндүн кирип келиши бүркүттүн элеси менен сүрөттөлүп жатат. Пейзаждык сүрөттөө катары абдан деталдуу жана көркөм берилген. Бүркүттүн жайган канатынан чачылган пырлары түндүн кирип келген күүгүм талаш картинасы көз алдыбызга тартылат. Эгер фольклордук аспектиден карай турган болсок түн дүйнөлүк мифологияда «жакшы-жаман байланышынын», «ак-кара айкалышынын», «оң-сол катышынын» бир тарабы. Түн кара күчтөрдүн ээси же түрк элдеринин ишениминде жер алдындагы Эрлик эгесинин атрибуту. Бүркүттүн да мындай ак-кара, жакшы-жаман, оң-сол сапатты алып жүргөн касиетинен жана көктүн ээлигинде учуп жүргөн данакер болгонунан улам түндү жер жүзүнө алып келе турган сапатка ээ. Бүркүттүн түн менен аалам мейкиндигинде жана убакыт мейкиндигинде байланышы болсо, адам баласы менен көктүн жиберүүчү данакери катары күн-түндү (ак-караны) алып келе турган канаттуу тотем. Албетте бул сюжет көркөм эстетикалык символиканы чагылдырып турат, бирок анын керемет чагылдырылышына тотемдик белгини негиз салгандай…

Түркolog Г. Рамстедт тарабынан кагаз бетине түшүрүлүп алынган (эстампаж) байыркы кыргыздарга

[1] Куттуу билим [Текст]: дастан / [байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков, сүрөтчүсү А. Акматов]. – М.: «Ник» фирмасы, 1993. – 293 б.

таандык Сужа жазуусунда (Монголия, Сужи-Давань аймагы. VIII–IX кк.) бүркүт же жоруну туюнткан жырткыч куштун элеси бар. Рун сымал жазуулар чегерилген таштардагы белги-тамгалар өзгөчө бир маанини туюнтуп, көчмөн уруулардын символдорун түшүндүрөрү калетсиз. Куштардын элестери чегерилген Таштыктагы табылгалар чыгыш теги боюнча Тагар мезгилине таандык. А.П.Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «бакты-таалайдын жана молчулуктун жышааны катары, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» – деп жазат[1].

«Манас» эпосунда пейзаждык сүрөттөөлөрдөн «Арчынардын башына, Улуу куш уя байлаган» – деген поэтикалык кайталоолорду кездештирүүгө болот. Улуу куш эпостун поэтикалык контекстине карай бүркүттүн образын тартат. Мындай тыянакты манастаануучу С. Мусаев да эмгегинде тастыктаган[2]. Ал эми каармандардын бүркүткө (алп кара куш, зымырык, берен, улуу куш) бет маңдай чыгуусу, аны менен кошо жер үстүнө учуусу С. Орозбаковдун вариантында кыйла мифтик негизин сактап калган. Алсак, Манастын колу кичи казатта жеңишке жетишип Кубан хан Манаска тартуу алып келет, Эр Үрбүнүн алдында башынан өткөргөн жомогун баяндайт. Мунар аттуу мусулман хан келе жатат деп алдынан тороп, анын үйрөткөн мусулманчылыгынан баш тартып каршылык көрсөтөт. Ошондо Кубан хан аппак туман капталган чөлгө түшүп, андан ары тактага минип

[1] *Каратаев, О. К.* Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О. К. Каратаев; жооптуу ред. Т. Чоротегин, П.Казыбаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 32-б.

[2] *Мусаев, С. М.* Эпос «Манас» [Текст] / С. М. Мусаев. – Фрунзе: Илим, 1979. – 4 с.

деңиз үстүндө сүзүп жаян балыктан качып кургак жерге туш болот. Ал кургактан катуу куюн башталып Кубан ханды асманга учуруп жөнөйт. Асмандан алтын капталган шаарга келип алтын кийимчен адамдарга туш болот. Акырая караган адамдар аны жактырбай ылдый түртүп жиберишет. Кубан хан өлдүм го деп ылдый кулап баратканда, кайдан-жайдан куш чыгып илип кетет:

*Отоо үйдөй куш чыгып,*
*Орто жолдо өзүмдү*
*Илип алып кеткени.*
*Чеңгелди мага салганы,*
*Бүркүт алган торгойдой*
*Былк этер жерим калбады.*
*Көтөрүп барып ушу куш*
*Бир терекке конгону,*
*Чогулта кармап өзүмдү,*
*Чокуй турган болгону[1]. [15, 68-б.]*

Орозбаков манасчынын убагында отоо үй деп көчүп-конууга ылайыкталган орточо канаттагы боз үй айтылат[2]. Мына ошол боз үйгө тең келген куш көк менен жер ортосунда ылдый түшүп бараткан Кубан ханды көрүп кармап кетет. Бул жерден бүркүттүн көк менен жердин ортосунда данакер болуп жүргөн байыркы мотивин көрүп турабыз. Ал тургай Терек башына конуп каарманды чокуюн деп турганы да жашоо дарагынан үзүп жанын

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 1997. – 4-т. – 69-б.

[2] Отоо – Ак отоо үйүн көтөрүп. – Чакан өргөө, жеңилдетилген кичинекей боз үй. Муну көбүнчө улам жайыт которуп, мал менен тез-тез көчүп-конгон малчылар же жортуулга чыккан жоокерлер колдонушкан. Жаңы үйлөнгөн жубайларга көтөрүлүп берилген чакан өргөө да отоо аталат. [107, 216-б.]

алып кетүүгө келгендей экинчи бир мотивди көрүүгө болот. Аны ыйык саноодон мурун көктүн жиберген жан алуучу жандыгы катары табу, андан соң тотем катары белгилери сакталып калган. Сюжет андан ары кызыктуу өнүгөт:

*Ачып көздү жумганча*
*Алачык үйдөй башы бар,*
*Аргамжыдай чачы бар,*
*Чоң казандай көзү бар,*
*Бир кериктей өзү бар,*
*Көчүгү жазы тайгандай,*
*Ар тырмагы киши алса*
*Найзадан мурун сайгандай,*
*Канаты экөө, аягы төрт,*
*Оозунан чыгат кызыл өрт,*
*Мени алган зор кушту*
*Ал көргөндө качырды,*
*Мени алган кушту учурду,*
*Аны алууга умтулду,*
*Мени таштап ушу куш,*
*Өзү качып кутулду.*
*Мен бакыр шондо калганы,*
*Мени чокуйм деп келип,*
*Алиги кушту качырган*
*Мен отурган теректи*
*Тиштеп жулуп алганы.*
*Куш таштап учуп кеткенде*
*Калыптырмын көрүнүп,*
*Теректи жулуп алганда*
*Жатып калдым жалпайып,*
*Топуракка көмүлүп.*
*Мурунку кушту кийинки*

*Чоң куш кууп кеткени,*
*Кутулдум куштан дегенче*
*Ар тараптан күркүрөп,*
*Үч жолборс камап жеткени[1].*

Бул зор куш бүркүттү кубалап кеткен зооморфтук, мифтик жандык. Канаты экөө, аягы төрт болгон куш бүркүттөн асыресе байыркы, кудай понтеондоруна жакын болгон алгачкы көз караштын формасындагы мифтик тотем. Албетте бул жерден эки тотемдин байланышы – эки доордун эки башка дүйнө тааным формасынын кагылышкан учурун билдирип турат. Кубандын теректен ылдый түшкөнү дароо жолборсторго учуратат. Дүйнөлүк мифологияда жашоо дарагынын үстүнкү бутагында күкүк куш, ортоңку бутагында бүркүт куштары жана дарак түбүндө дайыма ит, жолборс же арстан, карышкыр байланып турган болот. Муну Грек кумураларынан көрүүгө болот. Ал сүрөттө даракка чынжырланган арстан каршы-терши басып турат[2]. «Манас» эпосунда да бүркүт тырмагынан кутулган Кубан хан даректын түбүндөгү арстандарга урунат. Бул үчүнчү мотив – жер үстүндөгү тирилик, жырткыч жаныбарлардан айбыгуу. Көзүн чылк жумган Кубан хан үч жолборстун азуусунан кутулуу үчүн мусулманча келме келтирет. Көзүн ачса Мунар хан колун сунуп турган болот. Ушундан улам байыркы ишенимди мусулман дини сүрүп чыгарган картинаны элестүү сүрөттөөлөр менен каармандын баяндоосу аркылуу көрүп турабыз.

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 1997. – 4-т. – 69-б.

[2] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 377 с.

Алгачкы коомчулуктан кийинки доорлорго басып өткөн адам баласы бүркүттү (алгыр куштарды) колго үйрөтүп мергенчиликке колдонушкан. Ал кезде куштан коркуу сезими (табу) кыйла артка чегинген. Бирок бүркүттү куш төрөсү катары ызаат кылып, анын бардык сапатын алып калганга аракет кылып келишкен. Мисалы, албарстыны көрүү касиетине айбандардан айрыкча бүркүт ээ деп эсептелинет. Ошон үчүн кара басып жаткан аялга бүркүт алып келүү көп болгон. Ушул ишенимге ылайык бүркүтчү киши да куучулук (албарстыны оорулуудан кубалап кетирүү өнөрүнө ээ адам куучу аталган) сапатына ээ болот делип түшүнүлгөн[1]. Айрым элдердин мифологиясында жогоруда айтылып өткөндөй жакшылыктын да кабарчысы болгон. Куш бакыттын, бийликтин ээси болуп саналат. Мисалы, байыркы коло кылымында эле Борбордук Азиядагы элдер ушундай керемет күчкө ээ куш катары бүркүткө сыйынышкан. Бул жөнүндө А.П. Окладников минтип жазган: «Бүркүт молчулуктун жана бакыттын залогу катары малчылык жамаатын эң жогорку колдоочусу катары асмандын ырайымдуулук күчүн алып жүрүүчү болгон»[2]. Кытай мифологиясында Чунмин кушу сыйкырдуу, жолборс жана карышкыр менен салгылашып жеңген. Кара күчтөрдөн адам баласын коргоп турган. Чжижинин башкаруучусу Яо'го эки каректүү тири укмуш кушту белекке беришет. Ал корозго окшош болгон, бирок фениксмтин үнүндөй созулган дабыш берген. Аны шуанцзин (эки каректүү) деп да аташкан. Анын көзү эки каректен болгон. Ар бир кареги күйүп

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – I-т. – 568 б.

[2] Жогорудагы китеп,

тургандыктан эки жарык деп да аталган[1]. Кытай жомокторунда падышанын колдоочусу катары Чунмин кушу көп кездешкен тотемдердин бири. Айрым падышаларды же ханыша-бийкелерди да Чунмин деп куштун атынан эпитеттик атоо менен аташкан.

«Огуз наме» эпосунун уйгур вариантында Огуз дүйнөнү каратканы аттанганда үстүнөн бүркүт учуп жолу ачылат деп сүрөттөлөт[2]. «Огуз хан» эпосу Сибирь чөлкөмүндөгү түрк элдериндеги эпосторго караганда тарыхый-генеологиялык мотивдерди камтыйт. Андан сыйкырдуу күчтөр менен салгылашуу кыйла жокко эсе, бирок теңирчиликтин жана шамандык культтардын, тотемдик белгилердин издерин көрүүгө болот. Огуз хандын бүркүт айланган асманы ачык, көк тиреген багы жайдары деген поэтикалык саптарды кездештирдик[3]. Бак Огуз хандын уулдарын жер жүзүнө таркатып ар бирине дүнүйө берип, ат берип тукумун жаят деген генеологиялык дарактын символун чагылдырат. Дүйнөлүк мифология боюнча алып карасак, бардык элдерде кездешкен жашоо дарагы ар түрдүүчө берилген. Алар: «древо жизни», «древо плодородия», «древо центра», «древо восхождения», «небесное древо», «шаманское древо», «мистическое древо», «древо познания» жана башка. Абдан сейрек варианты: «древо смерти», «древо зла», «древо подземного царства (нижнего мира)», «древо нисхождения»[4]. Булардын ичинен түрк элдеринин элдик

---

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 672 с.

[2] *Щербак, А.* Огуз наме-Мухаббат наме [Текст] / А. Щербак. – М.: Изд. Вост. лит., 1959. – 89 с.

[3] Жогорудагы китеп, 89-б.

[4] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 398 с.

оозеки чыгармаларында жана этнографиялык булактарында көбүрөөк «көк дарагы», «шамандын дарагы», «жашоо дарагы» кездешет. «Асман тиреген көк дарагы» бул – бай теректи чагылдырган алгачкы ишеним, ал эми «шамандык дарак» культу кийинчирээк пайда болгон. Анткени асман тиреп бийик өскөн Бай терек сыпатына жараша культтук мүнөзгө ээ. Экинчи бир ой-жоромол көктүн – Теңирдин жерге дарак аркылуу түшүп турган назары. Тартуулаган жашоо чынары.

«Маадай Кара» эпосундагы Бай Терек, «Манас» менен «Эр Төштүк» эпосундагы Чынар терек, «Модун эр соготохтогу» курмандык чалган дарагы, «Гэсэрдеги» тэңэри (жандардын) дарагы, «Алтын Арыгдагы» куштар сайрап куурабай турган сыйкырдуу дарагы – генеалогиялык жашоо дарагынын эпикалык варианттары. Огуз хандын колдоочусу бүркүт болсо, анын тукумунун уланышын символдоштурган жашоо дарагы чагылдырылган. Кандайдыр бир деңгээлде бүркүттүн тотемдик белгиси да даракка параллелдүү түрдө сакталып калган. «Манас» эпосундагы чынар терек Бакайдын образына карата айтылып, терек салыштыруу иретинде колдонулуп калган. Бүркүт дагы көбүрөөк баатырларды сүрөттөөдө салыштыруу иретинде көркөм кызмат өтөйт.

*Бүркүт көздүү жутчудай,*
*Акырая карады,*
*Бүркүт тырмак алчудай,*
*Обдула туруп кармады*[1].

Бирок, бул сүрөттөөлөр аркылуу канаттуунун тотемдик белгилери орундуу сакталып калган. Канаттуунун

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 716-б.

сапатын алуу сыяктуу ички тотемдик белгини билдирет. С. Орозбаковдун вариантында бүркүттүн прототиби алп кара кушту да кездештирүүгө болот, көркөм каражат катары кызмат кылган бүркүттөн айырмаланып ал мифтик канаттуу. Арийне, алп кара куштун баатырды жер алдына алып кетүү же алып чыгуу сыяктуу байыркы мотиви кездешпейт. Манастын үстүнөн уча коштогон алп кара куш, капталдай жандаган көсөө куйрук көк бөрү, артынан ээрчиген ажыдаар (жылан) колдоочу болгон. Бул жандыктар аркылуу дүйнөлүк мифологиянын универсарийлеринин бири, мейкиндин үч катмары тууралуу ой-түшүнүк: «Жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «жер алды дүйнө» түшүнүгү берилет. «Алп кара куш арбайып, Асмандан буту тарбайып, Манаска жолдош болуптур» – делип эпосто туруктуу сүрөттөлгөндөй бүркүт кармашып жаткан жоокердин үстүндө айланып турат. Манас баатырдын бирден-бир колдоочусу бүркүт же бүркүттүн прототиби алп кара куш көктөн жиберилген. Эпосто бул – бүркүттүн коргоочу катары тотемдик белгиси. Албетте, «Манас» эпосунда бүркүткө салыштыруу иретинде баатырлардын образы, пейзажды сүрөттөөдө шаңшыган бүркүттүн айланганы сыяктуу баяндоолор аздыр-көптүр сюжеттин көркөмдүгүн чыгарып турат. Мындай сүрөттөөлөр жогоруда айтылып өткөндөй ишеним катмары «Маадай Кара» эпосунда жок, бирок бүркүттүн образынан культтук көз караштын тотемдик белгиге трансформацияланганын көрүүгө болот.

«Манас» эпосуна салыштырмалуу түрк эпосторунда образдар системасы жөнөкөй сүрөттөлүп берилген. Каармандардын психологиялык портретинин сүрөттөлүшү, эрдиктеринин көркөм сүрөттөлүшү жаныбарларга салыштыруу сыяктуу көркөм каражаттарды көрө

албайбыз. Алсак Алтын Арыг, Маадай Кара жана анын уулу Көгүдей, Эр Соготох баатырлары алдынан чыккан тоскоолдукту жеңүү максатта тынымсыз күрөшүп акыры жеңишке жетет. Каармандардын баарлашуусу, акылнасаат айтуусу сыяктуу психологиялык мамимелер аз. «Манас» эпосунда каармандардын пикир алышуусунда да жаныбарлардын аты менен айтып, психологиялык портрети жаныбарларга салыштырылып берилген. Мисалы, Чыйырды Манас менен Алмамбет эмчектеш болоорунда «Айланайын, Береним Алмамбет» – деп тосуп алат. Ошол айтылган саптан баштап эпостун аягына чейин Манас «Береним Алмамбет» деп атайт. Береним деген сөз бүркүттүн бир түрү. Жүнү көгүлтүр тарткан орточо келген канаттуу. Бийик зоодо мекендейт, оңойлук менен тапка келбеген чапчаң бүркүт[1]. Бүркүттүн сыпатына салыштырылып айтылган маани баатырларга карата айтылып калса керек. Сөздүн кийинки мааниси да баатыр, каарман, күчтүү дегенди билдирет. «Берен» деген сөз Алмамбетке сый көрсөткөн мааниде айтылган, манасчы «берен» деген сөздү салттуу поэтикалык формула катары да башка баатырлардын образын сүрөттөөдө же кырдаал ичинде каарманды жаратууда колдонуп өткөн. Мындай көрүнүштү С. Каралаевдин да, С. Орозбаковдун да вариантынан көрүүгө болот. Мисалы:

*Берен Манас кылычты*
*Белине бекем чалыптыр[2].*
*Акун шаадай каныңыз*
*Аскерге келип калыптыр,*

---

[1] Орусча кыргызча сөздүк. [Текст] / сост. К. К. Юдахин. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2015. – 1-т. – 65-б.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 83-б.

*Беш жүз миң аскер кол менен,*
*Берен Бакай зор менен,*
*Беттешип Манас барыптыр*[1]*.*

«Маадай Кара» эпосунда бүркүттүн образы гана катышса анын прототиби алп кара куш сыяктуу «Кан-Кереде» мергенчилер жөнүндөгү алтайлыктардын кенже эпосторунда жана жомокторунда кездешет. Бирок айрым эпизоддорунан алп кара куштун образын алган бүркүттү кездештирүүгө болот. Мисалы, Көгүдей баатырдын жер алдына түшкөн сюжетин карап көрөлү. Жер алдынан Эрлик хандын кызы Кара-Таадинин колуна Көгүдей-Мерген түшүп калат:

*«Келбес јерге не келгенг – дийт,*
*Келин керек болды ба? – дийт.*
*Баспас јерге не басканг, – дийт,*
*Бала керек болды ба? – дийт.*
*Сööгингди эм ортойло,*
*Сӱненгле јуртаарым», – дийт*[2]*.*

Кыз Көгүдей-Мергенди зынданга салдырып, эки алп баатырды кайтартып коёт. Ошол маалда «төрт канаттуу бүркүт» баатырды илип жогору учуп кетет. Бүркүт жер үстүнө баатырды алып чыгып атка айланат, дары булактарына жуунтуп айыктырып алат. «Эр Төштүк» эпосунда Төштүктү жер алдынан алп кара куш көтөрүп чыгат эмеспи. Айрым Саян-Алтай мифтик уламыштарында алп кара куш «Хан-Хэрдиг», «Гарудди» – деген ат менен

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 1997. – 4-т. – 239-б

[2] Маадай-Кара [Текст]: алтай. героич. эпос. – Горно-Алтайск: Алтай. книж. изд-во, 1979. – 189 с.

кездешет[1]. Суразаков «Из глубины веков» деген эмгегинде бул мифтик куш бардык түрк тилдүү элдердин мифологиясына тиешелүү «алп кара кушту» (кийин зысырык) билдирерин айткан[2]. Ал эми буряттарда жана монголдордо мергенчилер тууралуу аңыздарында алп кара куштун «Хан Хердинг» же «Хан Бүркүт» (буряттарда), «Гаруда» варианты кездешет[3]. Ал эми Австралия жергесиндеги урууларда Гаруда деген кушка бир убакта сыйынып, азыркы тапта эң көп айтылган мифтердин бири[4]. Австралия менен Саян-Алтай жергесинин ортосун канчалаган жерсуу чакырымы бөлүп турат, ошондой ыраакка карабастан алп кара куштун аты окшош болушу бир нерсени далилдейт. Алп кара куш эң алгачкы мифтик көз караште жаралган образ экендигин жана анын түпкү негизи бүркүт тотеми болгон. Балким, бүркүт адам коому мифтик көз караштан өсүп жетилген кезде (мергенчилик, дыйканчылык кылуу, коло ширетүү) кайрадан чындыкка жакын образын алган. Алп кара куш анын байыркы архаикалык варианты катары мифологиялык мотив менен бирге эпосторго сүңгүп кирген. Мындай орток мотивдер биз жогоруда карап жаткан эпостордун көпчүлүгүндө бар: каармандын жер үстүнө (жер астына да) бүркүт же алп кара куш менен учушу, алп кара куш менен салгылашуу, коргоочу катары бүркүттүн баатырды жандап учушу, жашоо дарагында бүркүттүн байыр алышы ж.б.

---

[1] К типологии тюркского фольклора [Текст] // Кыргызско-алтайские фольклорные связи: сб. ст. – Бишкек, 1995. – 20-21 с.

[2] К типологии тюркского фольклора [Текст] // Кыргызско-алтайские фольклорные связи: сб. ст. – Бишкек, 1995. – 22-б.

[3] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 215 с.

[4] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 23 с.

«Манас» эпосунда баатырдын балалык чагы Ошпурдун колуна барып кырк козунун этине тоюп, кытай-калмак балдарын чогултуп оюн кургандан башталат. «Маадай Кара» эпосунда болсо Көгүдей-Мергендин биринчи эрдиги Бай Теректи айланып чуркап ойногон бала кезинен башталат. Алгач ал аттай болгон каргалар жана дөөдөй болгон карышкырлар менен алышат. Кемпир карганы Эрлик хандын тыңчысы, карышкырды жер үстүн кыдырган чалгынчысы деп түшүндүрөт[1]. Бирок, адамзат тарыхында дүйнө таануунун алгачкы формасы катары карганын образы жакшылыкты алып келген кабарчы катары да маанини берээрин унутпашыбыз керек. Буга аргумент катары – «Давид Сасунский» («Сасна Црер») армян эпосундагы кудайлардын элчиси карга (агра) болгонун баамдасак болот. Адамзат баласына бейпилчилик да, алаамат да алып келген карганын образы элчи болуп сүрөттөлөт[2]. Якут мифологиясынан карап көрөлү. Сунтар улусунун хори уруусу (эли) карганы ата-теги жана кудайындай эсептешкен. Карга учуп бараткaнда аба-ырайын карашкан. Асман ачык, күн жаркырап турса жакшы жаңылыктар болоорун, асман кара булутка капталып күн бузулуп турса жамандыктан сактагын деп жоромолдошкон. Үйдүн чатырына карга конуп калган болсо келинди чыгарып каргага жүгүндүрүшкөн. Азыр да айрым үй-бүлөлөр бул салтты карманышат. Эгер келини үйүнөн чыгып эки колун бооруна алып тизе бүгүп жүгүнбөсө, үй-бүлө мүчөлөрүн жана каада-салтты

[1] К типологии тюркского фольклора [Текст] // Кыргызско-алтайские фольклорные связи: сб. ст. – Бишкек, 1995. – 175 с.

[2] Давид Сасунский [Электронный ресурс] / Эпос. – Режим доступа: https://w.histrf.ru/articles/article/show/david_sasunskii – Загл. с экрана., 24 с.

сыйлабаган келин экен деп сөз кылышат[1]. Ал эми антикалык мифологияда карга кудайлар менен баатырларды жандап жүргөн. Кудайлар күн жана асман менен байланыштуу болгон. Баатырлар болсо жер культу, согуш кырдаалдары жана жер алдындагы падышачылык менен байланыштуу сюжеттерде кездешет. Алар: Кронос (рим Сатурну), Аполлон, Афина (Афинанын туулгасы карга формасын алган), Асклепий[2]. Мындай каргага болгон урматты түндүк индеецтердин квакиутль уруусунан көрүүгө болот. Алардын уруулук тотеми карга, карганын белгиси ийри тумшуктуу маска болгон. Аны уруу башчысы-жрец гана тагынып, калгандары аны абдан ыйык карганын кишиси деп сыйлашкан. Тотемдик белгини көпчүлүк түрк уруулары мойнуна, мал-жандын мойнуна, үйүнө таккан болсо, бул индеец уруусу масканы алып жүргөн. Уруу башчы эч кимге көрүнбөй өзүнчө жашап, эл алдына барганда гана масканы кийип алып турган[3]. Түндүк Америкадагы дагы бир тлинкит уруусунда карганы сактоочу, куткаруучу катары карашат. Аны «Йель» деген ат менен чакырышат. Мифологиясында жана тлинкиттердин ишениминде дүйнөнү улуу суу каптап, карга конорго жер таппай көккө учат. Ал жерде кудайлар менен бир канча жыл жашап, жер жүзүндө кургакчылык пайда болгондо кайра жерге кайтарылат. Көп күн учуп келген карга чарчап балыкчылардын торуна түшүп калат (сууда сүзүп бара жаткан балырларга илинип калат, аны уруу

[1] Якутские народные сказки [Текст] [отв. ред. Тома Н. В. Емельянов, Ю. И. Смирнов.]. – Новосибирск: Наука, 2008. – 462 с. – (Памятники фольклора народов Сибири и Дальнего Востока. Т. 27.)., 189 с.

[2] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 204 с.

[3] Жогорудагы китеп, 200-б.

башчы таап алат деген варианты да бар). Аны адамдар асырап алат. Үлүлдүн үйүндө жашап жаткан адамдарга күн кудайдан от алып берет. Суу кудайынан суу жана аңчылык кудайынан олжо алып берет. Элди ачкачылыктан аман алып калган. Бирок кийин мунун баары унутулуп, карга соргок жана ууру болуп чыга келет. Ал балыкчылардын торуна илинип тумшугунан айрылганда гана соргоктугун унутат, адамдар аны куткаруучу катары коё беришет[1]. Карганын суу менен болгон байланышы деңиз жээгинде же океан тарапта жашаган көпчүлүк элдерде кездешет. Буга параллель улуу суу топонун дагы Индия, Африка, Австралия, Якутия элдеринин мифтеринен жана уламыштарынан арбын көрүүгө болот. Балким, активдүү айтылган улуу топондун сюжетине карганын образы дагы куткаруучу катары кирип кеткен. Алардын эки башка чөйрөлүк табияты бар. Карга канаттуу куш катары алгачкы тотем, улуу топон тарыхый чындыктан улам пайда болгон жана кийин уламышка айланган сыйкырдуу мотивдери бар сюжет. Швед фольклористи улуу суу топонун атайын изилдеп, библияга кургакчылык издеген карга тууралуу индеец урууларынан миссионерлер алып киргизгенин белгилейт. Окумуштуу индеец мифтеринин контаминация жолу аркылуу батышка келгенин жана андан ары библияга кирип кеткенин айтат[2]. Бул пикирден улам карга тотеми байыркы калдык катары өзүн сактап кийинки улуу топон тууралуу уламыштын сюжетине кирген, айкалышкан деген ойго келдик. Аны айкалыштыруу батыштан эмес суу жээгинде жашаган уруулардан башталган. Анткени Беринг кысыгына жакын

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С.А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 489 с.

2 Жогорудагы китеп, 203-б.

жашаган Коцебу эскимостору карганы, карышкырды жана шумкарды тотем тутушкан. Жаныбардын сыйкырдуу күчү предметке өтөт деп ишенишкен же жаныбарга тиешелүү мүчөсүнөн алып жүрүшкөн. Карганын колун мергенчилер канжыгасына байлап алышкан. Карга топон суудан куткарган канаттуу катары суудагы мергенчиликте ийгилик алып келет деп ишенишкен[1].

Кыргыз элинин уламыштарында карганын топон суудан куткарган сюжеттерин көрө алган жокпуз. Бирок, куткаруучу же колдоочубу, көктүн элчиси же жарчысыбы, айтор жогорку күчтөрдөн келген канаттуу экендиги орток жана өзөктүү. Ислам дини Орто Азия анын курамындагы түрк тилдүү элдерге киргенге чейин карга культтук, тотемдик ишенимдеги образ болгон. Анткени Минусинск ойдуңундагы айрым балбал таштардан карганын сүрөтүн көрүүгө болот. Ал тургай учурда да оймочиймелердин арасында туш кийизге карга тырмак, карга канат сүрөтүн түшүрүү сакталып калган[2]. Анын үстүнө карганы түрк элдери бүркүт сыяктуу жаман-жакшынын, ак-каранын, оң-солдун алакасын бирдей алып жүргөн куш катары карашкан. Бул балким, карганын сын-сыпатына (көрүнүшү, соргоктугу, үнү, уурулугу) жараша да болушу мүмкүн. Эки тараптуулукту алып жүргөн образ катары түрк элдеринин дүйнө таанымында калып калган. Ислам дининин кириши менен карганын жакшы тарабы унутта калып, жаман тарабы көбүрөөк айтылып калган чыгаар. Диндин Алтай, Сибирь чөлкөмүнө жайылбай токтоп калгандыгынан улам ал жерде канаттуу

[1] *Золотарев, А.* Пережитки тотемизма у народов Сибири [Текст] / А. Золотарев. – Л.: Изд-во ин-та народов Севера ЦИК СССР, 1934. – 43 с.

[2] *Каратаев, О. К.* Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О. К. Каратаев; жооптуу ред. Т. Чоротегин, П. Казыбаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 31-б.

культу Орто Азияга караганда бир канча деңгээлде сакталып калды. Канчалык деңгээлде?

«Маадай Кара» эпосунда карга кара күчтүн жарчысы болгон. Аны Көгүдей – Мерген жер алдындагы Эрликтин кушу катары кабылдап салгылашып жеңет. Өлүм менен өмүрдүн данакери, жер алдын жан алып кетүүчү карганын канаты кайрылып жер алдына бара албай калат. Эрлик Көгүдейдин жанын ала албай калат. Демек, күкүк менен бүркүт көктүн данакери, космогониялык культ башатын алып жүргөн канаттуу болсо, карга жер алды менен жер үстүндөгү кара-күчтүн байланышын билдирген. «Алтын Арыг» эпосунда карга кабарчы, ушакчы жана жаман жаңылыкты алып жүрүүчү болуп сүрөттөлөт. Алтын Арыгды домбура менен чаап эсин оодарып падыша тактысын алып, кийимин кийген Пижен Арыг эл башкарып калат. Эли өлгөн малдын этин жеп, жакыр жашайт. Ошондо даракта отурган карга-кузгун кеп салат: «Пижен Арыг ханды өлтүрүп кийимин кийип алды, бирок элин хандай башкара алган жок». Ачуусу келген Пижен Арыг куулук менен карга-кузгунду кармайын дейт. Кооз үн менен ырдап, жанына азгырат. Ошол маалда колундагы камчысы менен карга-кузгунду чаап, чала жан кылат. Канаттуулардан улуу Алп тууралуу сурайт, канаттуулар аны көргөнүн, Сары тоонун этегинде, сары деңиздин жээгинде сары улак, сары аты менен сары үйдө жашаарын айтышат. Карганы кармап, үч күн убакыт берет. Алп Саадага барып мени күтүп жатат дегин, же болбосо кузгунду өлтүрөм, тукум курут кылам – деп коркутуп карганы коё берет. Карга ойкуп-кайкып араң учуп барып, Пижен Арыгдын кабарын айтып барат. «Алтын Арыгдын» башка бир варианттарында

эки кузгун же эки карга деп сүрөттөлөт[1]. Бул эпосто карга терс каарман болгон Пижен Арыгдын кабарчысы катары кызмат кылат. Карганын байыркы ишениминдеги культун алтай жана хакас эпосторунда жоготуп бараткатанын көрөбүз. Жакшы-жаман, оң-сол, ак-каранын жарчысы болгон космогониялык карганын образы жамандыктын жарчысы катары бир тараптуулукту алган.

«Манас» эпосундагы Чоң казатка аттанган Бакайдын кырк миң аскери менен капчыгай өрдөп баратканда кытайдын кырк аяры жаан жаадырып, кар жаадырып тосуп алышат. Бакай Байкүш аярына кайрылып кытай аярлардын сыйкырын жоюуну айтат.

*Өз колумда бар бекен*
*Өнөр билген киши?» – деп,*
*Эр Бакай сурап калганы.*
*Бабылдан келген эр эле,*
*Байкүш аяр дээр эле,*
*Баатыр Кошой абаңа*
*Шакирт болгон неме эле.*
*Куркулдаган кузгундан*
*Бирөө калды көрүнүп,*
*Көрө салып кузгунду*
*Көп турбады эринип.*
*Алиги жерден Байкүшүң*
*Апсун окуп салганы.*
*Өкүмөтү Алданын*
*Табындагы шумкардай*
*Аяр Байкүш колуна*
*Кузгун конуп калганы[2].*

---

[1] Çobanoğlu, Özkul, Türk Dünyası Epik Destan Gekeneği [Text] / Özkul Çobanoğlu. – Ankara: Akçağ, 2003. – 145 s.

[2] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 3-т. – 234-б.

Асманды карадай каптап карга-кузгун учуп келет. Байкүш аяр кузгунду колуна кондуруп келиме келтирип, аны ок сымал кытай аярдын өзүнө бурат.

*Колуна келген кузгунга*
*Апсун окуп демдеди,*
*Ашыктай этке жемдеди.*
*Куйругуна үч кулач*
*Теө жүнү жиптен байлады,*
*Бу кузгунду учуруп*
*Бакеңиз жолго айдады,*
*Бооңдун шору кайнады.*
*Ок болуп кузгун жетиптир,*
*Оң көзүнөн тийгенде*
*Шилиден чыгып кетиптир.*
*Кешмир дуба керемет,*
*Кузгун аттуу ок кылып.*
*Караңгыны жок кылып,*
*Бооңдун башы жарылды,*
*Караңгысы арылды*[1].

Кытайдын Бооң аяры жумшаган кара-күчтү кузгун аркылуу кыргыздын колуна жибергени таасын сүрөттөлгөн. Карга-кузгундун көк асманды каптаганы байыркы ишенимде кара-күчтөрдүн келишинен, тактап айтканда наалат алып келген көрүнүштөн кабар берет. Ал тургай ислам сүрүп кирген мезгилдин изин да бул эпизоддон көрүүгө болот. Анткени Байкүш мусулманча келиме келтирип кузгундун кара-күчүн кайра өзүнө – кытай аярына бурат. Бул жерден ислам дини менен шаманчылыктын кагылышкан чекитин көрүүгө болот.

[1] Жогорудагы китеп, 235-б.

Албетте карга-кузгун эпостун башынан аягына чейин согуш кырдаалын же образдарды сүрөттөөдө салыштыруу жана гипербола катары катышкан. Мисалы:

*Кытайдын баары чуркурап,*
*Кузгундай учуп куркурап,*
*Таштан кулап кетишип,*
*Түшкөн жери дария,*
*Ажалдары жетишип,*
*Ташка тийип жолдогу*
*Талкаланып кол-буту,*
*Жалгызы да аман болбоду*[1].

Көбүнчө терс образдарды баяндоодо алардын терс сапатын курчутуу жана апыртуу үчүн колдонулган ыкмага айланган. Демек, карга-кузгун пейзаждык сүрөттөөлөрдөн сырткары терс кейипкердин куралы, анын образынын ачылышына көркөм салыштыруу каражаты катары кызмат кылган.

Албетте дүйнөлүк мифологияда карга-кузгун алгачкы дүйнө таанымдын тотемдик, культтук формасы болгон. Ал бара-бара мифтик – космогониялык ипостась-формасын алган.

Түрк тилдүү элдердин мифологиясында жогоруда көргөндөй эки тараптуулукту бирдей алып жүргөн куш болгон. Көктүн медиатору катары жакшы-жаман, оң-сол, ак-караны бирдей алып жүргөн канаттуу болгон. Ислам дининин келиши менен бир тараптуулукту гана сактап, жамандыкты алып келген кара-күчтүн ээси болуп кала берген. Жер менен көктүн гармониясын кармаган карга-кузгунга көк табияты берген жакшылык, актык белги

[1] Жогорудагы китеп, 235-б.

жоголуп мифтик терс персонаждардын атрибутуна айланган. Мындай магиялашкан учурларды түрк элдеринин оозеки-чыгармачылыгынан да кездештирүүгө болот. Ал эми бүркүт көк менен жердин гармониясын алып жүргөн образ катары эпикалык чыгармаларда, жомоктордо, мифтик аңгемелерде сакталып калды.

«Манас» эпосундагы баатырдын төрөлүшү жана балалык чагындагы эпизоддордо бүркүт куштарынын кездешүүсү түш көрүү мотивинде орун алган. Жакып баласыздыктан жапа чегип кайгы-муңга алдырып жүргөн болот.

*Күндө-түндө тыным жок,*
*Дүнүйө жыйдым тепеңдеп,*
*Ажал жетсе бир күнү*
*Акыретке кетем – деп, –*
*Артымда туяк болбосо*
*Артык дөөлөт нетем?!» – деп,*
*Баласы жоктон зарланып,*
*Балалууну көргөндө,*
*Байкуш Жакып арданып,*
*Ботосу жоктон зарланып,*
*Ботолууну көргөндө*
*Боздоп Жакып арданып,*
*Көңүлү түрдүү сөгүлүп,*
*Көздөн жашы төгүлүп,*
*Бир Кудайга зар айтып,*
*Бил баштаган нар айтып[1]. [14, 81-б.]*

Зарланып жүргөн Жакып көп өтпөй түш көрөт. Түшүндөгү бүркүттүн жаныбардык мүнөзүнөн мурун сырткы кебетеси көбүрөөк сүрөттөлөт.

[1] Жогорудагы китеп, 81-б.

*Урматтуу бир түш көргөнүм.*
*Кулуктап үн чыкса*
*Куштан башка үнү бар,*
*Куйрук-башы жаркылдайт,*
*Куудан аппак жүнү бар,*
*Айбат менен караса*
*Алп каракуш сүрү бар,*
*Саңоорлору сары алтын,*
*Таканак жүнү баары алтын,*
*Чырымтал жүнү чылк алтын.*
*Текөөрү болот темир – дейт, –*
*Серпкени өлгөн себил – дейт, –*
*Жар берүүчү жапар теңир – дейт, –*
*Тумшугу болот тунжур – дейт, –*
*Туяк болот канжар – дейт. –*
*Жыпар менен жуулган*
*Жибектен боону тагыпмын,*
*Алтымыш кулач жибек боо,*
*Аягына тагыпмын,*
*Ай мунарын жем кылып,*
*Абыдан сыйлап багыпмын*[1]*.*

Мында бүркүттүн алтын капталган канаттарынан, болот темир текөөрүнөн жана болот тунжур тумшугунан улам ички мүнөзүнө караганда сырткы келбетинин көп чагылдырылганын көрөбүз. Баатырдын дөөлөттүү, ырайымдуу жана акылдуу болоорунан белги бергени эмеспи. Жаныбардын же канаттуунун сырткы келбетин адамга окшоштуруу же келбетин ыйгаруу уруучулук коомдун мезгилине таандык. Денесине же жүзүнө жаныбардын келбетин түшүрүү, мисалы, жолборстун терисин

[1] Жогорудагы китеп, 98-б.

жамынып жүзүнө мурутун тартуу, бүркүттүн канатын чачына тагып мурдун кырдач кылып чийүү жана кашын калыңдатып чийүү сыяктуу ыйгаруулар тотемизмдин баштапкы баскычын билдирет[1]. «Жекече тотем» («индивидуалдык тотем») деп аталган жаныбардын сырткы келбетин ыйгаруу Түндүк Америкадагы урууларда, Австралияда жана Африка өлкөлөрүндө көп кездешет. Алтын канаттуу бүркүттүн түшкө кириши якут элинде бакыт алып келет деп ишенишет. Ал эми уламыштарында бүркүттүн бакыт ташын жиберген аңыз бүгүнкү күнгө чейин айтылат. Верхневилюй жеринде Ефрем деген киши болгон экен. Ал музоосун жоготуп издеп келе жатса, зор бүркүттүн чокуп жеп отурганын көрөт. Аны жаа менен атып өлтүрөйүн десе, үнү башкача чыгып ийилип тургандай көрүнөт. Жөн эмес деген ой менен үйүнө кетип калат. Көп өтпөй Ефрем үйүнүн жанында турса үстүнөн бүркүт айланып учат. Бутунун жанына алтын таш түшөт. Ташты алып шамандарга барса бүркүттүн ташы бакыттын ташы экенин айтышат. Бүркүт сага бакыт жиберген, аны чанда, кээ бир тандалмалуу адамга гана жиберет, өмүр өткөнчө сакта, уулдарыңа бересиң деген экен шаман[2]. Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда бүркүттүн алтын түстө болушу да жөн эмес. Бакубат ыроологон канаттуу сымал түшүнүктү билдириши мүмкүн. Түш көрүү мотивинен бүркүттүн сырткы келбетин индеец урууларындай болуп түзмө-түз ыйгарууну көрбөйбүз. Анын аян аркылуу элестүү түрдө

[1] *Тайлор, Э.Б.* Миф и обряд в первобытной культуре [Текст] / Э.Б.Тайлор. – Смоленск: Русич, 2000. – 418 с.

[2] Якутские народные сказки [Текст] [отв. ред. Тома Н.В. Емельянов, Ю.И. Смирнов.]. – Новосибирск: Наука, 2008. – 462 с. – (Памятники фольклора народов Сибири и Дальнего Востока. Т. 27.)., 181-б.

төрөлөөр баатырга алдын ала ыйгаруу белгисин баамдоого болот.

С. Каралаевдин вариантында түшүндө көктөн учуп келген барчын бүркүт Жакыптын колуна конот. Аны менен аң уулаганга чыгат. Колундагы бүркүттү коё бергенде асманга атырылып чыккан бүркүттөн жан-жаныбарлар качаарына жер таппай кайсалдашат. Жолборс менен бөрүсүн катар алып Жакыптын купулуна толот.

*Салбурун чыксам салууга,*
*Канаттын күүсү угулду,*
*Каарына карап туралбай*
*Мунун качырган жандар жыгылды.*
*Ааламды чардап учкандай,*
*Кара кулак кабылан*
*Астында болду чычкандай*[1]*.*

Түшүндөгү бүркүттүн биринчи белгиси – баатырдын төрөлөөрүнөн кабар берет, экинчи белгиси – бүркүттүн сапатын алган баатырдын элесин тартат, үчүнчү алаамат алып келген белгиси – дүйнөнү башкарганы жана Жакыптын көкүрөгүндөгү калмактардан жер кезип качканын жоюу, элин чогултуп жерине келүү. Мындай белгилердин ичинен бүркүттүн сапатын чагылдырган баатырдын элесин тарткан белги тотемдикке көбүрөөк жакын. Аян аркылуу берилген бүркүттүн сапаты элестүү жана көркөм берилген:

*Кара чаар жолборс, каманды*
*Каршы-терши жарыптыр,*

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 91-б.

*Кайыр кылган бир жан жок*
*Канаттуунун баарысы*
*Астына түшүп калыптыр.*
*Көтөрсө боосу сексен төрт,*
*Ал бүркүттүн серп алган жагы*
*кызыл өрт,*
*Күн чыгышка көтөрүп*
*Салбурунга барыпмын,*
*Азуулуунун баарына*
*Мен акыр заман салыпмын*[1]*.*

Чапчаңдык, алгырлык, күчтүүлүк, кыраакылык сапаттарды ыйгаруу ички тотемге тиешелүү. Бул ыр саптардан бүркүттүн мүнөзүн төрөлөөр баатырга ыйгарган ички тотемдин белгилерин көрсөк болот.

Түш көрүү мотивинде «Манас» эпосунун эки вариантында тең бүркүт көктөн учуп келет. Көктүн жиберген коргоочусу катары да кароого болот. Коргоочу же көктөн жиберилген колдоочу белгини баса белгилеп кетүү парз. Салбурун эпизодунда мергенчиликке чыккан баатыр Манас колуна ак шумкарды кондуруп чыгат. Ал жерде ак шумкар башчынын атрибуту катары кызматта болсо, элестүү түрдө бүркүт баатырдын образын сүрөттөп жатканда кездешип жүрүп олтурат. С. Каралаевдин вариантында бүркүт Көк Теңирдин жиберген колдоочу жана коргоочусу катары берилген. Эпостун көпчүлүк жеринде Теңири Манас деп айтылат. «Айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй, асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй» Манас баатыр Теңирдин уулу сыяктуу чагылдырылат. С. Орозбаковдун вариантында болсо ислам дини көбүрөөк орун алгандыктан Теңири Манас деген

[1] Жогорудагы китеп, 92-б.

атоо жокко эсе. Бирок ошондой болгон учурда да бүркүттүн көктөн келген куш катары сүрөттөлөшү таң калдырбай койбойт. Теңир менен көктөн келген бүркүт кушу Манас баатырга параллелдүү коргоочулук, кут даарыган, культтук белгини символдоштурат.

Буряттардын «Гэсэр» эпосунда көк менен жердин ортосун айланып учкан куш болот деп сүрөттөлүп өтөт. Бирок ал пейзаждык сүрөттөөдөн дароо Гэсэр баатырдын тэңгэри жашаган ааламдан жер үстүнө түшүрүлгөн өзгөчө бала болгону айтылат. Куштун көккө (Теңирге) жакын жашаганы да бул эпосто орун алган. Тэңэр сөзү эки айкалышкан сөздөн куралган, буряттардын маанисинде алганда асман тэн-төбө, бийик, андан ары көк; гэр – боз үй, чатыр, үй дегенди билдирет[1]. Монгол «Гэсэрин», бурят «Гэсэрин» жана перс «Ясны» жомогундагы Гэрспаны окумуштуу Хомонов В. салыштырып жатып теңри кайсыл бир учурда тотем болгонун, дүйнөнү үй элестетишкен адамдар жана жаныбарлар ар бири өздөрүн теңри (жан) сезишкенин айтат[2]. Буряттардын элдик оозеки чыгармаларында тэңэри бир чоң дүйнөнү жана ал дүйнөдө абдан көп тэңгэри жашаары берилген. Бардык тэңгэри өзүнүн чыгыш тегин буряттык аталыш менен атайт: Эсэгэ Малан, Атай Улаан, Сэгээн Сэбдэг жана башка[3] [85, 36-б.]. Эпосто 99 тэңгэри бар. Алардын айрым гана аттары саналып, калгандары жаратылыш кубулуштары менен сүрөттөлөт. Булар биздин

---

[1] *Хомонов, М. П.* Бурятский героический эпос «Гэсэр» [Текст]: эхирит-булагат. вариант / М. П. Хомонов. – Улан-Удэ: Бурят. кн. изд-во, 1976. – 52 с.

[2] *Хомонов, М. П.* Бурятский героический эпос «Гэсэр» [Текст]: эхирит-булагат. вариант / М. П. Хомонов. – Улан-Удэ: Бурят. кн. изд-во, 1976. – 53 с.

[3] *Костюхин, Е. А.* Типы и формы животного эпоса [Текст] / Е. А. Костюхин. – М.: Наука, 1987. – 36 с.

түшүнүгүбүзчө арбактарга сыйынуу. «Гэсэр» эпосундагы баатырдын алгач тэңгэриде жашап жер үстүнө келгени, грек мифологиясындагы кудайлардын жашаган Олимп чокусунан келгендей элес калтырат. Албетте, баатырдык эпостордо негизги каарман сыйкырдуу көрүнүштүн коштоосу же баатыр төрөлөөрдө ар кандай алдын ала айтуулар сыяктуу мотивдер менен коштолот. Гэсэр көктө кудайдын уулу болсо, жер үстүнө келгенде адам баласына айланат. Анын жөн эмес сыйкырдуу күчкө ээ баатыр экендигин алдын ала билдирүү үчүн көктө жашаган жашоосунан башталат. Албетте бул эпосто теңирчилик изи терең, баатырдын төрөлүшү жана андагы куштун ордун көрсөтүү максатта кайрылууга муктажбыз. Анын үстүнө С. Каралаевдин «Манасындагы» Теңири Манаска параллелдүү жагы бар, Гэсэр да Теңирден келген баатыр болуп сүрөттөлөт.

«Манас» эпосундагы баатырдын төрөлүшүндөгү эпизоддор боюнча карасак, окуя бала Манастын Ошпур койчунун колуна баргандан башталат. С. Каралаевдин вариантында козуну табыштаган Ошпур жакага түшүп кеткен учурда бала Манас кырк козуну союп, этине тоюп кытай-калмак балдарды топтоп ордо атышып кырк күн жатат. Чырдашып кеткен балдарды торойто чаап уктап жатып калат. Калмактардын жылкы айдаган башчысы Канжаркол келип төрт баланы өлтүрүп этин тартып жеп алат. Уктап жаткан Манас ойгонуп Канжарколду өлтүрүп салат. Кайрадан эт бышыралы деп турса оттук жок болуп, козусун издеп келген Жырынтанын оттугун тартып алышат. Ал Манастан араң качып кутулат. Келип калган Ошпур чакчалекейди көрүп Жакыпка даттанып барат. Чардап жаткан балдардын арасындагы Манаска кырк чилтен жолдош болуп сүрөттөлөт.

*Жыйнаганы кырк бала*
*Ээсиз калган каран кой*
*Тең жарымын эр Манас*
*Талаага сойгон көрүнөт.*
*Оолукмасы бек кармап,*
*Адам билгис ой кылган,*
*Койду союп талаага*
*Ала-Тоодой той кылган.*
*Түнөп турган жерине*
*Түптүү мазар орногон,*
*Он экиде кылыгы*
*Мындай адам болбогон.*
*Талаага салган алачык,*
*Ал алачык жанына*
*Кай адам барган жанашып,*
*Бир жак бурчу алачык –*
*Манас баштап кырк бала*
*Кенен ордо аткандай,*
*Бир жак бурчун карасаң*
*Сексен киши жөн эле*
*Кең-кесири жаткандай.*
*Койду кырган жерине*
*Короолоп мазар орноптур,*
*Муну Мустайыптар колдоптур,*
*Үч айланган жерине*
*Үйдөй мазар орноптур,*
*Ошол кезде Манасты*
*Үстүртөн Кудай оңдоптур.*
*Кырк чилтен, Кызыр Ныязы*
*Ошол күнү Манаска*
*Кыйындап жолдош болуптур*[1]*.*

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 164 б.

Каралаевдин вариантында кырк чилтен Манастын жолдошу болуптур деген сөз айкашы менен эле бүтүп калат. Кырк чилтенге жолугушуусу жана Акбалтайдын кеңеши менен Кошойду көздөй жөнөгөнү тууралуу башка бир эпизоддо айтылат. Негизи баатырдын өлүмүнө чейин кырк чилтен дайыма жолдош болуп сүрөттөлөт. Ал элестүү түрдө колдоочу катары баяндалса, көркөм образдын ачылышына көмөкчү көркөм каражат катары да кызмат кылган. Поэтикалык формула катары Манастын кандай гана кырдаалда болбосун образын ачуу максатта колдонулуп олтурган.

*Кырк чилтен экен жолдошу,*
*Чилтендин бирөө сур жолборс*
*Асты жагын баштаптыр,*
*Эң астында беш адам*
*Белгилүү жолун чалыптыр,*
*Кара чаар кабылан*
*Капталында чамынып,*
*Жолун баштап алыптыр*[1]*.*

Кырк чилтен дайыма карышкыр болгон эмес, айрым учурда бул ыр саптагыдай сур жолборско, сойлогон ажыдаарга айланып турган. С. Орозбаковдун вариантында болсо кырк чилтен козуну көтөрүп бараткандa жалгыз бөрү болуп, көздөн кайым болоордо кырк бөрүгө кубулуп жок болуп кетет.

Орозбаковдун «Манасында» козу кайтарып балдар менен чүкө атышып ойноп жүргөн болот. Бир козуну бөрү үңкүргө көтөрүп кирип кеткенин көрөт. Аркасынан

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 247 б.

барса кырк азаматтын зоот-кийимдери менен тигиле тиктеп турган жеринен кездешет.

*«Козуга убал болор – деп,*
*Баарын жесе каапырдын*
*Карыны араӊ толор» – деп,*
*Бала чуркап калганы.*
*Бара жаткан балага*
*Бөрү көзүн салганы*
*Көтөрүп алып козуну*
*Качып карышкыр кеткени,*
*Чала-була куйруктап,*
*Кууган менен жетпеди.*
*Тогузунда коркпогон*
*Эрлиги эмей неткени!*
*Көтөргөн бойдон көк бөрү*
*Тоодон ашып кеткени.*
*Көз учкан бийик тоо экен,*
*Карышкыр кирип кеткени,*
*Козунун канын кубалап*
*Артынан Манас жеткени.*
*Жетип барып караса*
*Аттары бар канаттуу,*
*Адамдан башка санаттуу,*
*Аргымак, бөөдө минишкен,*
*Аземдүү тонду кийишкен,*
*Ак жолуна киришкен*
*Бир үӊкүрдө кырк киши –*
*Бир өтөктө жык киши*[1]*.*

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – І-т. – 179-б.

Кырк киши тегерете отуруп дасторконду мол толтуруп, козунун жартысын жеген бөрүдөн дайын жок. Жарты козусу аман-соо маарап байланып турган болот. Бала Манас айраң-таң калып козусун бир карап, кырк кишиге тегерете бир карап суроо узатат:

*«Жартысын жеп козунун,*
*Көтөрүп алып кетти – деп,*
*Көрдүм эле көз менен,*
*Бу козуга нетти? – деп,*
*Көтөрүп келип козумду*
*Карышкыр кайда кетти? – деп,*
*Кана, карап турган адамдар*
*Айтыңарчы кепти?» – деп,*
*Бала минтип сурады.*
*«Көпкөрүнөө көзүмчө*
*Төгүлдү козу каны деп,*
*Өлгөндөй болду жаны – деп,*
*Эми келип бу жерден*
*Эч бир жерде тагы жок*
*Тирүү көрдүм аны – деп,*
*Мына, тирүү турат козум – деп,*
*Сураганым ушу» – деп,*
*Бала токтоп калганы*[1]*.*

Кырк киши бири-бирин карап ууртгарынан жылмайып унчукпай туруп калышат. Бала тапанданып токтобой сөзүн улайт:

*Ит сүрөттүү, тик кулак,*
*Бир кулач жерди бир чурап,*

[1] Жогорудагы китеп, 181-б.

*Козума, бөрү жеткени,*
*Козумду кызыл кан кылып,*
*Көтөрө качып кеткени.*
*Таштуу кырдан ашты эле,*
*Жалгыз менден качты эле,*
*Жаны чыгып шашты эле.*
*Бөрү кайда кетти? – деп,*
*Бөлөкчө кылба кепти – деп,*
*Бу сиздерге, нетти? – деп,*
*Кууп келдим бөрүнү,*
*Бөрү качып сиздерге*
*Салган экен жөнүнү*[1].

Кырк киши обдулуп ордунан туруп, баланы тегеректеп өз жайын түшүндүрүп берет.

*Адамдар анда кеп айтат:*
*«Аңдап көр, балам – деп, айтат*
*Бөрү болгон биз – деди,*
*Бөлөкчө жансыз сиз – деди.*
*Кызыр Илияс* деген бар*
*Сизди кырк күндөн бери издеди.*
*Кырк чилтен деген биз – деди,*
*Козуңа салган тиш – деди,*
*Тиш орду барбы из? – деди.*
*Аңдап көрчү аңтарып*
*Козуңуздун куйругун,*
*Биздер тутуп жүрөбүз*
*Бир Кудаанын буйругун.*
*Кубаттуу болор тирлигиң,*
*Кудаанын билгин бирлигин,*

[1] Жогорудагы китеп, 182-б.

*Көрбөй туруп ынанып,*
*Көңүлдүн чыгар кирлигин!*
*Бербердигер бир Алда*
*Бар! – деп, билгин ката жок,*
*Туудурду дебе, ата жок,*
*Тууй турган эне жок,*
*Туш келишер неме жок,*
*Өзгө тууган – урук жок,*
*Өзүнөн бөлөк улук жок,*
*Өкүмүнө чаара жок,*
*Өзү бар, андан бала жок,*
*Өзүнөн бөлөк даана жок!*
*Кирпик ирмем кидирген*
*Капилети болбогон,*
*Макулуктун баарысын*
*Базилинде колдогон,*
*Эгер амир кылса асман-жер*
*Бир мистеге толбогон*
*Жараткан бардыр Кудайың*
*Жан-жаныбар баарысын*
*Колдоп турат жудайын.*
*Болсо сенде дил – деди,*
*Болжоп акты бил – деди.*
*Ак ислам динине*
*Азбай балам кир!» – деди*[1].

Бул ыр саптардан Орозбаковдун жекече кошкон вариантын баамдасак болот. Кырк чилтендин бала Манаска келиши менен ислам динине киришин үгүттөгөн ислам дининин өкүлү катары маанини берип турат. Бирок

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – I-т. – 184 б.

анын бөрү болуп кубулушу байыркы бөрү тотеминин белгисин да сиңирип алган. Ислам дини менен исламга чейинки ишенимдин калдыктарынын бетме-бет келгенин кырк чилтендин образынан көрүүгө болот.

*Кадыр Алда күчү – деп,*
*Кабарынан болуңуз.*
*Баса турган бутуңуз,*
*Кудуреттин күчү – деп,*
*Көңүлүңө тутуңуз.*
*Көкүрөк, жүрөк, дилиңиз*
*Кудаанын үйү экен – деп,*
*Куп ошондой билиңиз!»*
*Кырк чилтен айта салганы,*
*Бир силкинип бирөө*
*Көк бөрү боло калганы*[1].

Алланы айтып акыл-насаат айткан кырк чилтен бөрүгө айланып кетет. Чегебай Манастын аркасынан келип калганда Кырк чилтен аны Чегебай деп атаба, мындан ары Куту бий болсун. Сага жөлөк жолдош болсун, сени жандаган дос болсун деп көздөн кайым болот. Куту бий экөө козуну жетелеп жакага келип кырк кишиге, бөрүгө таң калышат. Жөн козу эмес, союп эч кимге айтпай этине тоёлу деп акылдашат. Отун чогултуп оттук издеп турганда калмак чал келип «Ошпурга айтам, козуну четинен кырып жеп атышат» – деп ачуусуна тийет. Манас чалды аттан оодарып, оттугун тартып алат. Ал araң качып кутулуп Ошпурга айтып барат. Орозбаковдун вариантында Кырк чилтендин эпизоду ушуну менен бүтөт.

Кырк чилтен Орто Азия чөлкөмүнө, Эне-Сай аймагына иран соодагерлери менен келип кирген. Иранча

[1] Жогорудагы китеп, 186-б.

чил – кырк, тен, тан – дене, киши дегенди билдирет. Орозбаковдун вариантына окшоп С. Каралаевде дагы исламдын изи байкалат. Ак селдечен, айкырса үнү азандай бийик чыгат:

*Кыядан түштү кырк киши,*
*Кырк чилтендин өзү экен,*
*Бөрү болуп кубулган*
*Аты Алейкисалам өзү экен,*
*Өзү турмак береки*
*Караган кара көзү экен,*
*Карышкыр болуп кубулуп,*
*Манаска жолукканы жүргөнү*
*Белестен чыкты беш киши*
*Ак селдеси казандай,*
*Айкырса үнү азандай,*
*Зорлугу тоонун теңиндей,*
*Айбаты жанды жегидей,*
*Шай атамдын өзү экен[1].*

Арийне, мындай исламдын материалдык сүрөттөлөшүнөн сырт руханий чакырыгы Алланын атынан эмес Кудайдын атынан жиберилген Кызырмын деп колдоочу катары баяндалат.

*Айкашкан жоого киргенде,*
*Шыдыр жолуң төтөлөйм,*
*Ооздуктан алып, кулунум,*
*Өзүм кармап жетелейм[2].*

---

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 263-б.

[2] Жогорудагы китеп, 264-б.

Иран мифологиясында чилтен сыйкырдуу күчкө ээ болуп, көзгө көрүнбөй адамдар арасында жүрүп сүйгөн кишисин колдогон. Аруу, таза жана ыйык рух. Кээде кайырчы, думана болуп кубулуп сүйгөн кишисине жолугуп жол көрсөткөн[1]. Кыргыздар аны кайып эрен деген аталыш менен да алмаштырып аташкан. Кыргыз эли теңирчилик жана шаманчылыкка жакын болгондуктан исламга чейин жаратылышка жакын болушкан. Кайберен деп бир көзгө көрүнүп кайра жок болуп кеткен жаныбарларды да мергенчиликте атап айтышкандыктан теке, аркар, бугу, маралдарга да айтылып калган. Балким ушундан улам жаныбарлардын да кырк чилтен менен маанилеш айтылып калышы жана образдуу кырк чилтендин жаныбарга кубулушу мүмкүн. Түрк урууларына тиешелүү болуп келген бөрү тотеми да исламдын келиши менен Кызырга, чилтенге, шайык же шаймерденге алмашыла баштаганы эпоско кирип калган. Мындай чиеленишкен кырк чилтендин образынан бөрүнүн колдоочулук белгисин көрүүгө болот. Бирок эки вариантта тең кырк чилтен деп эпостун башынан аягына чейин орун алганын көрөбүз.

Каралаевдин вариантында Жакыптын түшүн Акбалтай жоруп олтуруп Манастын бирден-бир колдоочусу кырк чилтен болоорун алдын ала айтат.

*Кара калмак, манжууга*
*Чоң Жинди атка коё көр!*
*Ушул бүгүн тууган балаңдын*
*Колдогону – Кожосан,*
*Жөлөгөнү – кырк чилтен.*

---

[1] «Манас» энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред.; «Мурас» илимий пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 1-т. – 379-б.

*Бул балаңды көргөндө*
*Адам тапкыс ой кылгын,*
*Жылма болгон жылкыңдын*
*Көбүн союп, той кылгын!*[1]

Түштөгү бүркүттүн сүрөттөлүшүнөн да кырк чилтендин колдоочу жолдош болоору айтылганы бөрү менен кырк чилтендин байланышуусу сыяктуу. Бүркүт кыйыр жолу аркылуу, тактап айтканда түш көрүү мотиви аркылуу кырк чилтендин колдой турганынан да аян берет. Мындай кызыктуу байланыш табигый көрүнүштөрдүн эле бири болуп саналат. Тотем жаныбарларынын адамды колдой турган учурун сүрүп чыгаруу менен иран элинин түшүнүгү кыйла улуттук аң-сезимдин ордун ээлеп калган. Ал эми XVI-XIX кылымдарда Кыргызстандын аймагында ислам дининин күчү кирип баштаганда кызыр, шайык, ак селдечендер жана Алланын амири деген түшүнүктөр кырк чилтендин образына сүңгүп кирген. Кырк чилтен кыйла татаалдашкан форманы алган.

Кырк чилтен чыгыш элдеринин уламыштарында көп кездешет, жада калса тарыхый жылнаамаларында да жазылып калган. Мисалы, лакайлардын санжырасында падыша Газневи Махмуд атын сынамакка Дугони саяпкерди чакырат. Атынын күлүк эмес экенин, жору аттан күлүк чыгаарын айтып кырк күн ичинде күлүккө айландырат. Падыша ызаланып башын алмай болот. Дугони аргымагын минип иниси (ат бакты) Думбугул менен качып кетет. Алар бара жаткан дарыянын жээгинен сандыкты көрүшөт. Сандыкты ачса эки сулуу кыз чыгып

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 107-б.

аларга үйлөнүшөт. Бул кыздардын санжыра-уламышы башка окуядан башталат.

Ибрагим пайгамбардын Анар деген карындашы болуптур. Анар түн жарымында жоон топ эркектерге барып жүргөнүн кошуналар көрүп калат. Ибрагимге кабарласа, ал «ыйык чилтендер» менен жолугушканын билип карындашын күнөөлөбөйт. Падышага каңшаар бат эле жетип экөөнү каарданып өлүм жазасына тартууну буюрат. «Анар да ак, мен да акмын» деп кайталай берет Ибрагим. Өлүктөрдү өртөп жиберсе да ошол үндөр угула берген имиш. Сууга чачтырып ийсе падышанын багына агып барат, вазирдин жана падышанын кыздары сууга жуунуп жатканда бойлоруна бүтүп калат. Аларды падыша өлтүртөйүн дегенде баш кесер желдет сандыка салып агызып ийет[1].

Кырк чилтендин «Манас» эпосунда катмарланган варианты орун алганын көрдүк. Тотемдик жаныбарлардын жана иран элинин ишеними менен исламчылыктын кыртышы бир мотивди аткарууда – колдоочулук. Биздин максат бул жерден тотемдик белгини алып чыгуу жана талдоо. Көрүп тургандай кырк чилтендин сыйкырдуу кубулуусу «Манас» эпосунун Каралаев, Орозбаков варианттарында бирдей бөрүгө айлануусу менен баяндалат. Бөрү алгачкы уруучулуктан тартып XX кылымдын башына чейин тотем катары сакталып келген. Кыргыз элинде азыркы күнгө чейин бөрүнүн тотемдик белгилери бар.

Бөрү дүйнө элдеринин бардыгында учурай турган тотем болгон, бара-бара элдик оозеки чыгармачылыкка ар түрдүү формада (мифтик, культтук, экзогамиялык, табу,

---

[1] *Каратаев, О. К.* Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары [Текст] / О. К. Каратаев; жооптуу ред. Т. Чоротегин, П.Казыбаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 204 б.

партеногенезистик) кирип кеткен. Алгачкы коомдо бөрү көпчүлүк Европа жана Азия элдеринин ыйык да, коркунучтуу да эсептеген тотеми катары эки тараптуулукту алып жүргөн. Европа элдеринин азыркы күнгө чейинки мифтик уламыштарында бөрүгө айланган адамдар жөнүндө айтылып келет (оборотень: Вервольф (нем.), Виавульф (англ. саксон), Вилктаки (литовс.)). Абхаз элинде карышкырга айланган адам айылды кыдырып малдуулардын малына кол салып же аларды дубалаган. Скандинавия мифологиясында карышкыр Фенрира, жер ээси катары кезип аймакты кайтарган. Ал абдан чоң бөрүнүн сырттаны катары сүрөттөлөт. Анын апасы дөө аял Ангрбода болгон. Ангрбоданын Ермунганда-жыланы, өлүүлөр өлкөсүнүн падышасы – Хель аттуу дагы эки баласы болот. Карышкыр дөө аялдын айтканы менен болуп, айрым учурларда малчылардын малдарын көтөрүп кетип турган[1].

Бөрү тотеми Орто Азия, Алтай жана Монголия, Сибирь чөлкөмүндө кеңири тараган. Анын көк түрктөр менен байланышы тыгыз болгон. Түрк сөзүнүн пайда болгонуна чейин эле көктүн жиберген уруу колдоочусу катары карашкан. «Түрк» деген сөздүн өзү «күчтүү, чымыр» дегенди түшүндүрөт. А.Н. Кононовдун айтканына караганда бул жыйынды ат болуп, кийин уруулук бирикменин этностук атына айланып кеткен[2]. Бөрүнүн балдарыбыз, биз түркпүз деген жазуулар да түрк менен бөрү сөзүн параллель алып жүргөн учур болгонун айгинелейт. Бул бирикмеге Ашина уруусу кирген. V к. тарыхтын аренасына

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 65 с.

[2] Гумилев, Л. Н. Байыркы түрктөр [Текст] / Л. Н. Гумилев. – Бишкек: Ариал-Принт, 1999. – 20-б.

чыккан, анын бардык өкүлдөрүнө ошол мезгилдеги уруулар аралык тил – сянби тили, т.а. байыркы монгол тили болгон. Ошол мезгилде бул буйруктун, базардын, дипломатиянын тили болгон. Окумуштуу Гумилев бул тил менен Ашина уруусу 439-жылы Гобинин түндүк чет-жакасына өткөнүн айтат. «Ашина» деген сөз «бөрү» дегенди билдирет. Түркчө бул – бөрү же карышкыр, ал эми моңголчо шоно // чино деген сөз. «А» – кытай тилиндеги урматтоонун префикси. Демек, «Ашина» «айкөл бөрү» дегенди билдирет. Кытайлашууга дуушар кылынбаган бул сөз араб жазуусунда Шанэ деген ат менен сакталып калган[1]. Кытай булактарында түрктөргө кол салуу аскердик планында көчмөндөрдү чилдей таратып, бөрүлөргө кол салуу керек деген жазуу камтылган. Ашина алдында бириккен түрк-монгол урууларынын башчылары да бөрү аталган. Мисалы, Сянби ханышасы күйөөсүн бөрү касиетиндеги хан деп эсептеген. Желегинде жана калкандарында бөрүнүн баштары тартылган сүрөт дайыма орун алган[2].

Ашина уруусуна тиешелүү уламыштардын биринде Хси-Хай элине душмандар тийип, элди кырып жалгыз калган эркек баланы колу-бутун кесип мунжу кылып таштап кетишет. Аны бөрү эне келип эмизип, тамак-аш ташып багат. Бала чоңойгондо бөрү сулуу кызга айланат, экөө үйлөнөт. Алардан тараган балдар Ашина уруусун негиздейт. Түрк мифологиясы эмгегин жазган Бахаеддин Өгел Кытай жазма булактарынан табылган тобалардын уламышын келтирет. Тобалар көк түрктөрдүн курамына кирип, бирок Кытай чек арасына жакын жашаган уруулардан болгон. Уламышында Као-чы (кытай

[1] Жогорудагы китеп, 19-б.
[2] Жогорудагы китеп, 21-б.

булактарындагы аталышы, окумуштуулар дөөлөс, төөлөс деп чеч.) элинин Каганы кыздарын теңирге турмушка берүүнү көксөйт. Анткени кыздары абдан сулуу жана акылдуу, эмгекчил болушат. Алар Теңирге гана татыктуу деп эсептеп, кооз кийимдерди кийгизип тоо башына алып барат. Тоо башында отурган эки кыз канча күн өткөнү белгисиз көктөн түшкөн теңирдин белгиси такыр көрүнбөй коёт. Ошондо эркек карышкырдын жакындап калганын көрүп кичүү кызы бөрүнү жиберген экен, мен бөрүгө турмушка чыгам деп бөрү менен кетип калат. Алар үйлөнүп бөрү менен Кагандын кызынан Као-чы эли тараган имиш[1]. Дагы бир бөрү тууралуу уламыш Усундарга таандык, Бань Гу жазып калтырган маалымат боюнча гунндар усундардын өлкөсүнө кол салып, башчысынын жөргөлөп жүргөн уулу Кун-мону өлтүрө албай чөлгө таштап кетишет. Анын үстүнөн карга каалгып учуп бир кесим эт таштаса, жанына бөрү эне келип эмизип аман алып калат. Гунндардын ханы (Модүй шанүй деп айтылып жүрөт кийинки изилдөөлөрдө) баланы жөн бала эмес экенин туюп жанына алып чоңойтот. Ал баладан бөрүдөй чапчаң жана шамдагай аскер чыгат. Аны усундардын башчысы кылып дайындайт[2]. Бөрү уламыштарда тотем катары коргоочулук жана айрым бир уруулардын ата-теги катары белгилүү. Эпикалык чыгармаларда бөрү көп грандуу функцияга өтүп кеткен.

«Манас» эпосундагы кырк чилтендин бөрүгө айланганы колдоочу тотемдик белгиден кабар берсе «Огуз хан» эпосунда Огуз ханга жол көрсөтүүчү катары жолдоштук кызматты аткарат. Огуз хан жер кыдырып

---

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – 1-т. – 18 s.

[2] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – 2-т. – 610 s.

жерлерди уулдарына бөлүштүрүп жүргөндө көп жерден адашат. Адашууда бөрү көрүнө калып жол көрсөтөт. Карлуктардын жерине келгенде Огуз хандын алдына жарык түшүп, көк жүндүү жана көк көздүү карышкыр адамча сүйлөйт. Мындай адамча сүйлөп кайрылуу типтүү мотивдердин бири. Анын байыркы мифтик тотемден тартып сыйкырдуу жомоктор жана эпикалык чыгармаларга чейин кирип кеткенин көрөбүз. «Аскерлериңди жана бектериңди алып менин аркаман бар» – дейт карышкыр. Анын аркасынан жүрүп отуруп жоон топ элге туш келет. Анын атын карлуктар деп коёт. Бөрүнүн адамча кайрылышы космогониялык доордон эсхотологиялык мезгилге өткөн мифтешкен мезгилге таандык деп Е.М. Мелетинский белгилейт[1]. Мелетинскийдин оюу боюнча бөрүнүн адамча сүйлөгөнү, кудайлар карама-каршы туруп бири-бири менен согушкан мифтик мезгилдин учуруна таандык. Ал эми В.М. Жирмунский адам менен сүйлөшкөн бөрүнү кереметтүү жомоктордон трансформацияланган сюжети катары карайт. Түпкү негизи адам баласынын дүйнөгө болгон көз карашындагы аллегориялык мифтик понтеондо жатат деп эсептейт[2]. Мындай карама-каршылыктуу ойлордун чечимин чыгарууда бөрү адамдын дүйнөгө болгон көз карашындагы мифтик формада жанданган жандык экендигин аңдап турабыз. Бирок мифтик аспектиден кароо менен дүйнө элдеринин ишениминде жаныбарлар социалдык-этнографиялык тарыхый чындыкты алган культ болгонун эске алуубуз керек. Пропптун айтымында фольклордун эң баалуу тарабы тарыхый-чындыктын

[1] Мелетинский, Е. М. От мифа к литературе [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Рос. гос. гуманит. ун-т, 2001. – 44 с.

[2] Мелетинский, Е. М. От мифа к литературе [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Рос. гос. гуманит. ун-т, 2001. – 45 с.

камтылышында[1]. Пропптун пикирине кошулуу менен кыргыз элинин жана түрк тилдүү элдердин эпосторунда бөрү культтук мотивди алып жүргөн тотемдик белгини сактап калган деп айтаар элек. Анын эпоско элдик оозеки уламыштардан, жомоктордон киргени табигый көрүнүш, тарыхыйлуулук принцибин сактаган. Анын үстүнө түрк уруулары жашаган аймакта карышкырды ата-теги катары кароо, уруунун атын, хандардын атын, жоокерлерди атоо тотем тутуу культунун бирден-бир негизи. Бул тарыхый чындык.

Огуз хан жөнүндө эпостон башка толгон-токой варианттагы уламыштар да сакталып калган. Ал уламыштарда Огуз хан өзү карышкыр белдүү, аюу көкүрөк, киш (жапайы жандык) желкелүү, бука буттуу алп катары чагылдырылат[2]. Мындай сүрөттөөлөр да «Манас» эпосундагы Манас баатырдан тартып Алмамбет, Сыргак, Чубак, Кошой, Жолой сыяктуу баатырларга жаныбарлардын сырткы келбетин ыйгарып сүрөттөө мүнөздүү. Зооморфтук белгилер менен баяндоо эпикалык баатырдын бирден-бир өзгөчөлүгү. Биринчиден алар тотемдик дүйнөнүн белгилери болсо, экинчиден элдик чыгармалардан сугарылып кирген тарыхый чындыктын кайсы бир деңгээлин камтыган. Е.А. Костюхиндин «Типы и формы животного эпоса» деген эмгегинде жаныбарлардын элдик чыгармаларга айланып калыптанышы тотемдик ишенимден, андан кийин гана мифтик формадан тураарын айтат. Тотем менен мифти дүйнөнү көрүү гана эмес сезүү фактысы катары карайт – ал факты ыр, жомок, уламыш, баян, аңыз, элдик тамсилдер, эпикалык ырлар,

[1] Пропп, В. Я. Фольклор и действительность [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 84 с.

[2] Каратаев, О. К. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 237-б.

эпостор болуп ар түрдүү формалардан тураарын белгилейт[1]. Мындай фактылыкты биз «Манас», «Огуз хан» «Маадай Кара» эпосторунан көрө алабыз. Түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында тотемдик белгилердин камтылышы да дүйнөнү кабылдоонун фактылык материалы катары баштапкы катмарында сакталып кала берген. Бирок мезгил өткөн сайын түрдүү мотивдерге өзгөргөн. Алсак «Маадай Кара» эпосунда Көгүдей-Мергендин алгачкы бала кездеги эрдиктеринин бири, карышкыр менен карганы өлтүрүп жан-жаныбарларды аман сактап калат. Карга менен карышкыр душман катары сүрөттөлүп Алтай ээси кемпирдин айтымында кара күчтүн жиберген желдеттери болуп баяндалат. Мындай тескери мотивдин алтай эпосунда орун алышы карга сыяктуу да карышкырдын эки тараптуулукту алып жүргөн сапатка ээ болгондугун билдирет. «Гэсэр» эпосунда да баатыр жер үстүндөгү алптар менен согушуп, аларга жардамга келген карышкырлар менен да алышат. Карышкырдын көк түрктөрдө тотем катары саналса, алтайлыктарда, монголдордо кара-күчтүн ээси катары да эсептелген. Жакшы-жаманды, ак-караны бирдей алып жүргөн образ катары кароого болот. Мындай жуурулушкан көрүнүш албетте эпостордо орун алып калган, бирок көктүн жиберген көк бөрүсү сыяктуу негизги мотив түрк элдеринин эпосторунда салттуу түрдө сакталып калды. Эгерде алгачкы мезгилдерде тотемдик түшүнүктөрдүн өкүм сүрүшүнө байланыштуу көөнө чыгармаларда чагылдырылган жырткыч жаныбарлар урууну же эпикалык каармандарды колдой турган магиялык мүнөздөгү кейипкер болуп катышса, баатырдык эпостордун

[1] Костюхин, Е. А. Типы и формы животного эпоса [Текст] / Е. А. Костюхин. – М.: Наука, 1987. – 35 с.

эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында мурдагы тотемдик-колдоочулук, коргоочулук касиети унутулуп же жумшарып, эпикалык салттарда гана алардын аты аталып, кыймыл-аракеттери өтмө мааниде чагылып, көркөм каражаттын милдетин аткарып калган[1]. «Ач бөрүдөй жулушуп, аябай жатып урушуп» деген салттуу поэтикалык формула «Манас» эпосунда баатырларга карата «Көкөтөйдүн ашында», «Чоң казатта», «Манастын бала чак» эпизодунда кайталанып турган формулалардан. «Көк бөрү» улуттук оюну да бөрүлөргө көркөм салыштыруу менен аты ошондой айтылып калган чыгаар. Анткени бөрүлөр жаратылышынан аң уулаганда ар тараптан чыгып, корумдап, кубалап жетип чабуул коёт. Бөрү аң уулап жатканда абдан айлакер жана акылдуу болот. Жеткен олжосун жулмалап, бири-биринен тартып жешет. «Көк бөрүнүн» оюнчулары да улакты жулмалап тартып, карматпай кеткен тарап улактын этин жешкен. Алар жеңишке жетти дегенди билдирген. Бул оюн алгач аскерлерди машыктырууда стратегиялык оюндардан болгон. Дагы бир версиялардан улак тартыш салттуу оюндардан келип чыккан деп айтылат. Үйлөнүп жаткан жаш жубайлардын үйлөнүү үлпөтүндө, балалуу болгондо же аш-тойлордо эки тарап улак тартышкан. Күйө баланын жолдоштору улак тартышка түшкөн. Улакты карматпай кыз-күйө отурган үйгө же кыздын ата-энесинин өргөсүнө улакты алып келип ташташкан. Бул да сый урматтын белгиси катары бааланган. Кээде той өткөрүп жаткан үйдүн алдына алып келип, той ээси жеңишти

---

[1] «Манас» энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред.; «Мурас» илимий пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 1-т. – 159-б.

кимге ыйгараарын өзү чечкен[1]. Айрым Г.Н. Симаков сыяктуу этнографтар бул оюнду мергенчилердин бөрүгө ууга чыкканынан башталган дешет. Карышкырды ат менен кубалап барып союл менен бир чаап өлтүрүп, өлтүргөн мергенчи аны өңөрүп алып айылына чаптырган. Аны кубалаган атчан башка мергенчилер жеткен болсо тартып алышкан. Ким тезинен өңөрүп айылга жеткирсе, олжо ошонуку болгон. Бул мергенчиликти «бөрүчө олжолоо», «бөрү олжо» деп аташкан[2]. «Көк бөрү» оюнунун мындай кызыктуу этимологиясы арбын. Алардын түпкү чындыгы окшош: бөрүнүн сапатына окшотуп аталган оюндун мүнөзүнө жараша аталып калганы. Биздин оюбуз боюнча да «Көк бөрү» оюну бөрүлөрдүн кулк-мүнөзүн алган жигиттердин кызуулук менен ойногонунан улам аталып калган. Биринчиден оюндун физиологиялык сапаты окшош келсе, экинчиден түрк тилдүү элдерде байыртадан бөрү тотем катары орчундуу орунда болгон, аны эркек кишиге ыйгаруу генетикалык мүнөздөн. Руханий жана физиологиялык жактан бөрүлөрчө кармашкан оюнчулардын элестүү картинасы аргасыз «бөрүлөрдүн кармашын» көз алдыңа тартат.

Жыйынтыктап айтканда «Манас» эпосундагы кырк чилтендин бөрүгө кубулган катмарын жана баатырларды сүрөттөөдө көркөм каражат катары колдонулган бөрү сөзү башка түрк эпосторуна салыштырмалуу коргоочулук тотемдик белгини сактап калган. Ал подтекст катары берилип салыштыруу, эпитет болуп поэтикалык тилдин көркөм каражатына айланган. «Көсөө куйрук көк

---

[1] Жогорудагы китеп, 334-б.

[2] К типологии тюркского фольклора [Текст] // Кыргызско-алтайские фольклорные связи: сб. ст. – Бишкек, 1995. – 50 с.

бөрү, Көкжал эрдин жөкөрү» – делип Манаска карата да айтылган.

«Манас» эпосундагы баатырдын үйлөнүшү сюжетинде жаныбарларга байланыштуу көрүнүктүү эпизоддор Манастын Кумайыктуу, Ак кула аттуу жана Ак шумкардуу болушу. С. Орозбаковдун вариантында Манас төрөлгөндө кула бээ ак кулалуу кулун тууйт. Каралаевдикинде болсо Манас менен бир убакта Ак кула эмес Торучаар туулат. Ак куланы кийин данга алмаштырып алат.

*Бүгүн куу катының шумкар тууйт,*
*Сенин кула бээң бүгүн тулпар тууйт*
*Бүгүн Кызыр айткан азылзат ушул,*
*Кабылан Манас шер уулуң*
*Казатка минер ат ушул.*
*Бүгүн экөө бир күн туулду,*
*Биттейинде бирикти,*
*Кенедейде кезикти,*
*Керишке минчү мал ушул.*
*Артык тулпар мал болот,*
*Алты ай минсе арыбайт.*
*Алтымыш асый болгуча*
*Азуу сөйкөп карыбас,*
*Куйругу саяң, жалы аз,*
*Кулан кууса куткарбас,*
*Сөөгүнүн баары көпкөк таш,*
*Астындагы мингени*
*Батырак өлөр өмүр аз*[1].

Башкыр элинин «Урал батыр» эпосунда баатырдын Ак бузаты, Огуз хандын Бозаты, Көгүдей мергендин

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 107 б.

тулпары, Эр Төштүктүн Чал куйругу да баатырдын жакын досу катары айтылат. Алар Ак кула сымал Манас баатыр төрөлгөндө бир убакта туулган эмес, бирок баатырды алып учкан куюн сымал канат болушу жана адамча сүйлөп жардам бериши анимистик алакадагы дос экендигинен кабар берет.

Баатырдын ат минип, ит жетелеп, колуна куш кондурган образ салттуу жана типтүү мотивдерден. Түрк элдеринде ат бирден-бир эркек жоокердин жоодо минген канаты, көчкөндө алдындагы жол арбыткан жандыгы, согушта жардамчы куралы катары эң маанилүү орунда турган. Ит менен куш мергенчиликтен улам калган. Мезгил өткөн сайын мергенчилик азайып ит менен кушту бардык жоокер алып жүрө алган эмес. Аны башкаруучуларга тартуулап, аны кайсы бир деңгээлде көңүл ачуучу аңчылыка пайдаланышкан. Бирок түрк эпосторунда айрыкча «Манаста» ит менен куш баатырдан бөлүнгүс жан шериги катары баяндалат. Чыныгы каарман-баатырдын образын бул атрибуттар дөөлөттүү, берендүү жана көркөмдөп ачканга жардам берет.

Жылкы баласы кайсы бир учурда культтук жаныбар болгон. Айрым археологиялык казуулар көрсөткөндөй Алтай жана Кыргызстандын кургандарында адам менен кошо аттын сөөгү көмүлгөн. Керек болсо ат жабдыктары дагы алар менен бирге орун алган[1]. Абхаз нарт элинде аттар канаттуу болуп көпчүлүк жомокторунда жана уламыштарында Араш деген ат менен берилет. Ал баатыр менен бир убакта төрөлүп, жоодо бирге болуп, бирге баатыр менен кошо өлгөн. Аны өзгөчө ыйык

---

[1] Бартольд, В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 32-б.

деп эсептешкен[1]. [113, 82-б.] Дүйнөнү таануудагы жылкынын мифтик формасы кудайлардын дүйнөсүнө аралашып адамча сүйлөгөн жаныбар болгон. Мисалы, грек мифологиясында Арейон аты тууралуу айтылат. Ал адамча сүйлөп акыл үйрөткөн ат болот. Посейдон менен Деметрадан төрөлгөн ат болуп кудай пантеону катары кабыл алынат. Посейдондон качкан Деметра жылкыга айланып бир үйүргө кошулуп кетет, аркасынан издеп барган Посейдон атка айланып, ал дагы үйүргө кошулат. Алардын никесинен Арейон жаралат. Башында Посейдондун аты болуп андан кийин Геракл жана Адраст ээлик кылат. Арейон баатырларга адамча сүйлөп жардам берген[2]. Жылкы баласын адамдар кудайлаштыруудан кийинки көз караштагы мезгилде кудайлардын жерге жиберген аруу жана таза заты катары образды алган. Жалкы мүйүздү (единорогду) Индия, Африка, Орто Азия, Грек мифологиясынан кездештирүүгө болот. Анын азыркы учурда Шотландия жана Британия гербинен көрүүгө мүмкүн. Грек мифологиясында аруулуктун элеси катары берилет. Аны таза, аруу кыз гана колго үйрөтө алган. Көргөн адам бактылуу делинип, анын мүйүзү ооруган адамды айыктырган[3]. Орто кылымдарда Европада мүйүздүү жылкынын элеси жандандырылган. Айрыкча христиан баяндамаларында Мария же Иса пайгамбар менен байланыштырып айтышкан. Балким грек мифологиясындагы аруу кыздын колго үйрөтүшүнө байланыштуу орто кылымда Мариямга да тийиштүү карашкан. Мындай мүйүздүү жылкынын сүрөттөлүшү

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х томах / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 2. – 82 с.

[2] Жогорудагы китеп, 84-б.

[3] Жогорудагы китеп, 355-б.

С. Орозбаковдун вариантында да берилет. Манастын кытай-калмак колу менен кармашуусунда Асанаш жылкысын минген дөөсү чыгат.

*Дөбөт аттуу балбаны*
*Бил жарабайт экен деп,*
*Башында мүйүз бир атты,*
*Баса минип алганы.*
*Анын жайын айтайын,*
*Асанаш деген жылкы дейт,*
*Ат өңдөнөт туягы,*
*Алтымыш айры бугудай,*
*Шаңкайып турат сыягы.*
*Котостой болгон мүйүзү,*
*Кулагы жок көзү бар,*
*Куруган малдын өзү бар,*
*Куйругу куштун канаттай,*
*Ыраңы кызыл манаттай[1],*

Бул ыр саптардан Асанаш жылкысы «жалкы жылкынын» (единорогдун) элесин тартат, бирок анын өңү ак эмес кызыл, куйругу канаттуунукундай болуп аны дөө минип чыгат. Ак жана аруу «жалкы жылкынын» карама-каршылыгы баяндалган. Албетте байыркы жалкы жылкынын моделин сактап дөөлөрдүн образына ылайыкталып өзгөрүүгө учураган. Душмандын колу канчалык күчтүү, сүрдүү жана сыйкырдуу болсо Манас баатырдын жана кырк чоросунун да абройу арткан. Душмандын сыйкырдуу колун сүрөттөөдө мифтик жандыктар көп орун ээлеген. Бул жагдайда дөөнүн келбетин абдан олуттуу

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 262-б.

кылып баяндоо максатында мүйүздүү жылкынын элеси терс зооморфтук жандык катары берилген. Алоокенин кыргызга кысым кылып Анжиянды кармап турган кезинде короосундагы ажайып жандыктардын ичинен «мүйүзү бар аты бар» – делип айтылат:

*Илбирси бар, чөөсү бар,*
*Желмаян-айса төөсү бар,*
*Мүйүзү бар аты бар,*
*Бу дүнүйө жаандан*
*Кулак уккан баарысын*
*Күткөн экен каркыбар[1].*

Асанаш деп ат коюлбаса дагы мүйүздүү аттын берилиши менен жалкы жылкынын мифтик элементтери эпосто сакталып калганын айгинелейт.

«Манас» эпосунда жылкы баласын курмандыка чалуу эпизоддору да арбын кездешет. Эгерде алгачкы коомчулукта жылкы баласын тотем тутушса, эмнеге курмандыкка чалынууда деген суроо туулат. Көк жиберген жылкыны, башкача айтканда адам үчүн эң ыйык болуп турган жаныбарды курмандыкка чалуу, көккө жалынып терең урматын билдирүү же абдан кыйынчылык учурунда аргасыздан барган кадамбы?

Буура (пура) алтайлыктардын шамандарынын диний лексикологиясында кенен пайдаланылган термин болгон. Алтай түздүгүндөгү жана Тоолуу Алтайдагы телеуттардагы шамандар бул термин менен кансыз (муунтулуп өлтүрүлгөн) курмандыкка чалынган жылкынын жана анын көрүнбөгөн көмүскөлүү шеригин аташкан экен. Түндүк алтайлыктарда (теленгит, куманды, челкандар)

[1] Жогорудагы китеп, 438-б.

«бура» ыйык духтардын жана Кудайлардын мингич атын аныктаган. Көк Теңир «бураны» шамандарга жардамчы, колдоочу иретинде жөнөтүп турат имиш. Айрым шамандар диний ритуал учурунда «буранын» жардамы менен «көк асманга» көтөрүлүп турушкан. Шор, куманда, түндүк телеут, качин, сагай шамандары бураны (пура) башкы жардамчы жана колдоочу катары билишип, аны бул дүйнөдөгү өзүнүн өмүрү, жашоосу менен бир карашкан[1].

Жылкы баласынын этин азыркы тапта түрк элдеринен Түркиялыктар жебейт. Алар аны биринчиден адамдын канаты десе, экинчиден адамга жардамга келген куткаруучу катары карашат. Осмон түрктөрүндө жылкыны абдан зарыл учурларда, согуш алдында же падышаны такка отургузууда жылкыны Кудай жолуна деп курмандыкка чалышкан. Демек, малдын арасынан курмандыкка чалынган эң ыйык жаныбардын аркасынан көк эмиринин көңүлү бурулат деген түшүнүк болгон. Мындай түшүнүктү «Манас» эпосунан да көрүүгө болот. Баласыздыктан зээни кейиген Жакып жылкы пири Камбар атаны курмандыкка чалып жалынган. Жылкынын өзү эмес Камбар атанын ай туякка чалынышы да Кудай-Таалага берилип жалынганынан кабар берет.

*Жаратканга жалынып,*
*Камбар ата айгырды*
*Ай туякка чалды эми,*
*Айгырды Жакып сойду эми,*
*Этине мыктап тойгондо*
*Ак каңкыны жазданып,*

---

[1] Каратаев, О.К. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 86 б.

*Кыбыланы баштанып,*
*Жакып бай уйку салды эми*[1].

Демек, кайсыл бир учурда жылкы баласы адам үчүн культтук мүнөздө болуп, эпикалык чыгармаларда изин сактап калган. Анын баатырга шериктеш, канаты, досу жана руханий байланыштагы жаныбар болгон сюжет кеңири. Бул сюжет «Огуз ханда», «Алтын Арыгда», «Гэсэрде», «Алпамышта», «Маадай Карада», «Модун Эр соготохто» орун алган. «Эр Төштүктө» архаикалык мотив катары ат адамча сүйлөп баатырга жардамга келет. Түрк тилдүү элдердин эпосторунда ат адамча сүйлөбөсө дагы баатырга айрым бир кыйынчылыкта жардам берген жерлери кездешет. Аларда «Манас» эпосундагы сюжеттердегидей аттын кездешүүсү арбын эмес. Баатырдын аты гана сүрөттөлүп, душманы атка минсе-минет, минбесе жок. Атка сыйынуучулук эмес аяр мамиле кылынганы баяндалат. Мисалы Көгүдей Мерген атын аяп аны коё берет да Эрликтин эгеси менен күрөшөт. «Алтын Арыгда» баатыр кыздын аты ал эрдик жасаганда гана минген аты катары айтылат. Огуз хан ат менен дүйнө жүзүн кыдырып, уулдарына жерлерди бөлүп берген. Образдар системасында жылкыга окшоштуруу же салыштыруу сыяктуу көркөм функциясын көрө алган жокпуз. «Манас» эпосундагы өзгөчөлүк – жылкы баласынын жеке сүрөттөлүшүнөн баштап образдар системасында салыштыруу, согуш талааларында баатырдын жардамчысы, анимистик байланышты билдирген тотемдик белгилери бар жандык катары берилген.

[1] Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 105-б.

Манас баатырдын үйлөнүшү ири сюжетинде кездешкен дагы бир жаныбар атрибуту Кумайык. Кумайык баатыр менен кайсыл бир деңгээлде анимистик байланышта болгон, көктөн куш аркылуу жиберилген жандык болот. Түрк эпосторунан Кумайыкка түспөлдөшкөн итти кезиктире алган жокпуз. Бир гана Огуз хандын Ит-баракка каршы чыккан салгылашында бар. Жер-жерлерди каратып келе жаткан Огуз хан Барактын жерине келет. Ал жаныбардан башкача дөөдөй болгон ит болот. Аны менен үч күн, үч түн согушуп жеңишке жетет. Ошондо бүтүндөй Барак уруусу келип Огуз хандын колун кысат, Огуз хан эки дарыя ортосундагы аралда аскери менен калып калышат. (Дарактын түбүндө бир аскеринин келинчеги уул төрөп, атын Кыпчак коюшат. Бахаеддин Өгел кыпчак сөзүн «Агач когугу» (жыгачтын кобулу) сөзүнөн алынып калган чыгаар деген версияны айтат[1]. Барак башында ит катары сүрөттөлүп андан кийинки окуяда адам түспөлүндөгү уруунун элесин берет.

Барак сөзү Махмуд Кашгаринин эмгегинде жүнү сары ит катары берилет[2]. Ал эми байыркы түрк сөздүгүндө «BARAQ – собака с лохматой и длинной шерстью, отличается необычной стремительностью и ловкостью, считается лучшей среди охотничьих собак (МК 248)» – делип тайган түспөлдүү ит жөнүндө айтылган[3]. Бул сөз Орто Азия көчмөндөрүндө кеңири тараган маани экендиги билинип турат. Анын тотемдик белгисин «Огуз хан»

---

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – 1-т. – 88 s.

[2] Mahmud, Kaşgari. Divani Lügat-it Türk Dizini. Ankara: Türk Dil Kurumu, 2003. – 261 s. [Электронный ресурс] / Mahmud Kaşgari. – Режим доступа: www.achiq.org/pitikler/dlt-pdf (29.12.2016) – Загл. с экрана., 22 с.

[3] Древнетюркский словарь [Текст] / ред. В. М. Насилов, Э. Р. Тенишев, А. М. Щербак. – Л.: Наука, 1969. – 83 с.

эпосунан көрүүгө болот. Барак аттуу ит менен алышкан Огуз хандын алдына Барак уруусунун өкүлдөрү чыга келет. Алар кадимки аскерлердей алышып адамча каршылыктарды жаратат. Демек, итти тотем туткан уруу аталышы барак болгон. Тотемдик белгини билдирген барак уруусу эпосто айбаттуу жана чапчаң келген. Огуз ханды буктурмага алган. Тарыхта барак көк түрктөр, уйгурлар жана Енисей кыргыздары үчүн бааланган жана ыйык саналган. Барак ата, ит уулу, барак уулу, барак кулу сыяктуу кытай жазмаларында маалыматтар катталган[1]. Буга мисал биздин бабабыз Кулбарак аталып, анын атын балдары жана неберелери бүгүнкү күндө алып жүрөт (Чоң атабыздын сөзү боюнча, бир кездерде кыргыздар иттин төрөсү баракты ыйык санаган жана кошуна элдердин койгон аты менен Бaрактын уулдары деп аталган).

Огуз хандагы барак (ит) душман катары сүрөттөлүп, анын тотемдик белгини камтыган жаныбар эмес, тотемдик белгини алып жүргөн уруу жөнүндө айтылат. «Огуз хан» эпосунда иттин түрк элдеринде орчундуу орунда тургандыгын гана биле алабыз. Демек, «Огуз ханга» салыштырмалуу «Манас» эпосунун бирден-бир өзгөчөлүгү – Кумайыкты кайыптан жаралган, көк жиберген куштан келген, Көктүн эгеси Манаска тартуулаган сыяктуу тотемдик белгини жана анимистик байланышты көркөм жеткиликтүү негизде берилгендиги. Байыркынын изи таасын сакталып калган.

«Манас» эпосундагы баатырдын эрдиктери «Чалгын» жана «Чоң казат» эпизоддорунда таасын сүрөттөлгөн. Бул эпизоддордо орун алган куу кулжа, өрдөк, түлкү «Маадай Карада» дээрлик кездешпейт. Көгүдей

---

[1] Karadoğan, Ahmet, Türk Şahıs Adlarında Hayvan Kültü [Text] Ahmet Karadoğan // Milli Folklor. – 2015. – № 57. – 114 s.

Мергендин гана жер алдынан алып чыккан аты эликке айланып көгүлтүр сууга салып айыктырып алат. Көгүдей Мерген үйлөнө турган кыздын атасы Кер балыктын канатын жана кара аюуну алып келсин деген тапшырма берет. «Модун Эр Соготохто» да балыкчыныкындай тору бар Эр Соготох улуу деңизден улуу балыкка туш келет.

Манастын атайын балык өңдүү жандыктар менен алышканы тууралуу эпизод жок. Бирок балык жана балык сымал жандыктар С. Орозбаковдун вариантында ар кайсы эпизоддордо арбын кездеше берет. Мисалы, Адам балык, төө балык, Асылгыям, Кер балык, Куш балык, Көк балык, Ача балык, Суушу куш балыгы, Өрт балыгы.

Манастын колу жол тартып орустарга жолугуп алардын балык кармагандарына таң калышат. Алмамбет аскерлерди Лина (Лена) дарыясынын жээгинде тындырып жатканда суушу куш балыгы тууралуу сүрөттөлөт:

*Сууда түрлүү калык бар,*
*Суушу куш деген балык бар,*
*Качырып тиет адамга,*
*Кастыгы бар көп жанга.*
*Канаты чапкан кылычтай,*
*Эки бөлөк болосуң*
*Кадам басып жылышпай.*
*Дариядан сак бол – деп,*
*Эр Алмаң айтты элге кеп*[1]*.*

Илиямор баатырдын Туңгак аюу менен алышып, көк балыкты жеңгени жана балыкты тамак катары Манастын колуна тартуулаганы сөз болот. Бул сапарда Манас баштаган кол Мардуба чалдын элине келет. Азар

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 24-б.

дарыясынын жээгинен миң түркүн суу жандыктарына туш келишет. Алардын ичинен башы адам, денеси балык болгон Адам балыкты көрүшөт:

*Адам балык анда бар,*
*Ал дайранын ичинде*
*Албан түрлүү жандар бар.*
*Төө балык деген мында бар,*
*Төгүн дебей тыңдап ал.*
*Адам балык өзү бар.*
*Өнө боюн өлчөөрсүз,*
*Алты сөөм аяктай*
*Акырайган көзү бар*[1]

Адам балык суу ээси катары баяндалып аскерлерге зыяны жок, көрүнө калып жок болуп кетет. Шумерлердин мифологиясында башы адам көрүнгөн, аягы балык бөлүнгөн Кулулу балыгы кездешет[2]. Адам балыкка параллелдүү түрдө Асылгыям да төмөнкүчө сүрөттөлөт:

*Асылгыям деген жан,*
*Тептегерек чарадай,*
*Тегирмендин ташындай,*
*Тегеренип айланган,*
*Ортодо башы, көзү бар,*
*Кырданып суудан качырса*
*Аткан октой өзү бар*[3].

---

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 184-б.
[2] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 564 с.
[3] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014 – 6-7-т. – 298-б.

Алтайлыктардын жаратылыш эпосунда Теңир Үлген үч балык жаратып жер үстүнө ыргытат. Алар чоңоюп жер үстүн жондоруна кармап турушат. Үчөө үч багытты карап жерди үч тараптан кармап турушкан.

*Tanrı Ülgen durmamış, ayrıca vermiş salık,*
*Bu dünyanın yanma, yaratılmış üç balık.*
*Bu büyük balıkların, üstüne dünya konmuş,*
*Balıklar çok büyükmüş, dünyaya destek olmuş*[1]

Дүйнөнү балык жаратат деген мындай ишеним карга-кузгундун суудан сактап калат деген сыяктуу алгачкы коомчулукта «дүйнө эмнеден жаралган?» – деген суроого жооп издеген алгачкы дүйнө көз карашында жаралган. Айрым элдерде балык алгачкы тотемдерден болгон. Бул ойду да В.Я. Пропп жомоктордун сюжетин салыштырып жатып балыкты жеп бойго бүтүү сыяктуу мотивди талдоого алган, аны алгачкы тотемден келип чыккан мотив деп эсептеген. Буга мисал катары жаңы Гвинеянын папуастары адамдын теги балыктан келгенин жана балыкты тотем тутуп, сүрөтүн тартып жүрүшкөнүн айткан. Балдары он жашка чыкканда уруу болуп чоң балыктарды кармашкан. Балыктын жылтырак канатын баланын колуна жана бутуна шыбашкан. «Сенин ата-бабаң ага тиешелүү экенин билишиң керек» – деп ата-энеси жөрөлгөлөрдү жасашкан[2]. Балыктын бала менен болгон байланышы Манастын аярлары менен Панус хандын Атыла аярынын кармашында берилет (бул сюжет экинчи бөлүмдө талдоого алынган). Жогоруда айтылгандай

[1] Bahaeddin, Öğel, Türk Mitolojisi [Text]: 2 т. / Öğel Bahaeddin. – A.: Türk Tarih Kurumu, 2010. – 1-т. – 28 s.

[2] Пропп, В. Я. Фольклор и действительность [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 227 с.

Атыла аяр Манастын алты аярынан жеңилип анын баласы да жарадар болуп калганда, колдоочусу түлкү келип колуна балыкты кусуп берет. Балыкты баласына берип аман алып калат. Бирок балык душман болгон Атыланын баласына карата айтылат. Мифтик балыктар дагы пейзаждык сүрөттөөдө жана Эсенкандын, Алоокенин жандыктары айтылып жатканда да берилет. «Манас» эпосундагы балыктын мындай терс ипостасты алганы таң калдырды.

Байыркы кыргыздар жашаган аймакта «алабуга» аттуу балык болору, анын жегенге жарамдуулугун чыгыш тарыхый булактары чагылдырат. Арийне, энесай кыргыздары балыкты «суу хурты» («суу курту») деп аташып, жегенден жийиркенишкен. Ичүүгө жарамдуу суунун балык жыттанып калбасы үчүн тосушуп, тоолордун кырлары аркылуу өткөн атайын арыктарды чыгарышкан[1]. 1758-жылы кыргыз-буруттар Волга боюна көчүп конушкандыгы маалым. Алар эң сыйлуу «ак сөөк кыргыз» уругун түзүшкөн. Алардан чыккан айрымдары алабуга аталып кеткен. Алабуга – энесайлык кыргыздарда тамакка жарамдуу балыктын аталышы катары белгилүү болгон. Бул этностук аталыш «балыкчылык менен кесиптенгендер» деген маанини да туюнтушу толук ыктымал[2]. Балким Энесайлык кыргыздар алабуга балыгын жебестен ыйык тутуп анын атын өздөрүнө ыйгарып алгандыр. Көчмөн катары балык жебесе дагы балык жөнүндө айтылган ишеним жана тотемдик калдык эпикалык чыгармаларга сиңип кеткенине күбөбүз.

---

[1] Каратаев, О. К. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк / О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 59-б.

[2] Жогорудагы китеп, 23-б.

«Манас» эпосуна салыштырмалуу алтайлыктардын архаикалык жаратылыш эпосторунда балыктын дүйнөнү кармап турган мотиви байыркы мотивдерден калган. Ал эми «Маадай Карада» Көгүдей Мерген Кер балык менен үч күн, үч түн согушуп анын куйругун кыя чаап, канатын ханга алып келет. Демек, «Маадай Кара» эпосунда балык культу, балык тотеми жоголуп анын душман катары чыгышы көчмөндөрдүн балыкты маанисиз жана кунарсыз, пайдасыз жандык катары караганынан улам келип чыккан. «Манас» эпосунда Кер балык деңизде жашаган абдан чоң балыктардын дөөсү деп айтылат.

«Манас» эпосунда мифтик балыктар сыйкырдуу, коркунучтуу жана ар түрдүүчө сүрөттөлөт. Алардын арасынан жана сүрөттөлүшүнөн, поэтикалык тилинен жана каармандардын катышынан тотемдик белгилерди көрө алган жокпуз. Бир гана Атыла аярдын баласы чарчап бапатканда балыкты оозантып, аман алып калган жери – тотемдик белгини билдирет деп айта алабыз. Байыркы тотемдик ынанымда балык – тукум улоо, балалуу болуу жана балыктан адамзат жаралган, жерди балык жараткан дегенди билдирет.

## Жыйынтык таблицасы

Түрк элдеринин эпосторунда жаныбарлардын тотемдик белгилери боюнча жалпы окшоштуктар жана айырмачылыктар

| | «Манас» | «Маадай Кара» | «Алтын Арыг» | «Огуз хан» | «Гэсэр» |
|---|---|---|---|---|---|
| **Канаттуу куштар** | Жаман-жакшынын жарчылары | Жакшылыктын жарчысы, Карга эрликтин элчиси | Көк куштары | | Бүркүт, карга-кузгун көктүн данакери |
| **Бөрү** | Жаман-жакшы бирдей алып жүрөт. Колдоочу, коргоочу. | Бөрү жамандыктын белгиси, карга экөө душман. | Бөрү жол көрсөтүүчү | Бөрү жол көрсөтүүчү, коргоочу, колдоочу | Жол көрсөтүүчү |
| **Арстан Жолборс** | Коргоочу, колдоочу. Мифтешкен образдары да кездешет. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. | Арстанга, жолборско эр жүрөктүү деп салыштырылат. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. |
| **Түлкү** | Митаам душмандын кубулган аяры, тыңчысы, чалгынчы. | Эрликтин жер үстүндө тинтип жүргөн тыңчысы. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент; Терс кейипкерлер салыштырылат | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент; | Эрликтин тыңчысы. |
| **Куу кулжа** | Чалгынчы, тыңчы, кубулган сыйкырга ээ. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент; | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент; | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент – кубулуп алдынан качып берет; | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жылкы (жалпы типтүү-лүгү бирдей функция аткарат)** | Адамдын канаты, руханий байланыш-тагы жандоочу жаныбары. | Адамдын канаты, руханий байла-ныштагы жандоочу жаныбары, жардам-чысы, куткаруучу. | Эрдикте-ринде минген аты. | Адамдын канаты, руханий байланыш-тагы жандоочу жаныбары. | Эрдик-теринде минген аты. |
| **Ит** | Баатырдын атрибуту, жакын досу, Кумайык. | __________ | ___________ | Баатырдын аңчылык-тагы атрибуту. Деталдуу берилген эмес. Барак уруусу менен согушунда иттин тотемдик белгилери бар. | __________ |
| **Мифтик жандык-тар: балык** | Балыктын ар түрдүү мифтешкен формасы кездешет: терс ипостась; Аярдын баласына берилет – тукум улоо тотемдик белгиси (терс каармандар). | Кер балык – терс ипостась; Баатырдын алдына коюлган тапшырма. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. | Пейзаждык сүрөттөөдө көркөм элемент. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жашоо дарагы – алдынан жылан сойлоп, көктөн кушу учуп, тегерене жан-жаныбар байыр-лайт.** | Чынар терек – Манас. Манастын алдынан ажыдаар сойлоп, үстүнөн алп кара куш бутун тарбайтып колдойт. Тегеренип жандап арстан-жолборс колдойт. Кырк чилтендин байыркы тотемдик формасын камтыган бөрүгө айланганы да бар. | Бай терек – Маадай Каранын байыр-лаган жери. Уулу Көгүдей Мерген чуркап ойноп чоңоёт. Бай теректин алдынан жылан сойлойт, үстүнкү бутакта бүркүт, анын үстүндө күкүк отурат. Аны тегеренип бөрү, аюу, каман жана жолборс жүрөт. | Кайың – Алтын Арыгдын кездешкен багы. Кайың сулуу жана жанга жагымдуу болот. Алтын Арыг душман-дарды жеңгенде кайың бүрдөйт. | Дарак – Огуз хан сыйынып курмандык чалган жер. Барак уруусу менен согушуп аралдагы дарак түбүндө жашап, анын уулдарынан Кыпчак төрөлөт. | Суу жээгиндеги дарак – Эр Соготох көккө кайрылып «мен киммин» деген суроого күн күркүрөп, дарак кутуга айланып андан кемпир чыгат да ата-теги тууралуу айтып берет. |

## ЖЫЙЫНТЫК

С. Орозбаков менен С. Каралаевдин айтуусундагы «Манас» эпосундагы жаныбарлар жана алардын тотемдик белгилери системалуу иликтенди. Фольклордук, этнографиялык жазма жана оозеки-эпикалык булактарда, тарыхый булактарда, кол-өнөрчүлүктө, археологиялык материалдарда, тектеш түрк эпосторунда тотем жаныбарларынын іздери кездешет. Алардын «Манас» эпосундагы тотемдик белгилерине байланышы терең.

«Манас» эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы сюжетте басымдуулук кылган орду боюнча үч тематикада кездешет:

Мотивдер: түш көрүү мотиви; баатырдын керемет бойго бүтүүсү, керемет төрөлүү ж.б.;

Образдар системасы: каарманды жана аны коштогон жан-жаныбарлардын архаикалык өңүттө сүрөттөлүшү;

Кырдаалды сүрөттөөдө: согуш көрүнүшүндө, баатырлардын эрөөлүндө ж.б. жаныбарлардын тотемдик белгилеринин көркөм функциясы.

«Манас» эпосундагы тотем жаныбары – С. Орозбаковдун вариантында кырк чилтендин бөрүгө айланган образы. «Манас» эпосунда бөрүдөн башка жаныбарлар коргоочулук, колдоочулук тотемдик белгилерине ээ. Шердин этин же жүрөгүн жеп, анын сапатын балага алуу ички тотемдик белги болсо, кырк чилтен-бөрүнүн бала Манасты колдогону сырткы тотемдик белги. Баатырды тотем жаныбардын сапатына окшотуп салыштыруу – ички тотемдик белги болсо, баатырды сүрөттөөдө

жандап жүргөн тотем жаныбарлардын образдуу сүрөттөлүшү – сырткы тотемдик белги эмеспи.

Манас баатыр минген аты Ак кула, Кумайык, Ак шумкар менен анимистик байланышта. Манасты коргогон жана колдогон образдуу жаныбарлар: кара чаар кабылан, жолборс, арстан, бөрү, алп кара куш, сойлоочу ажыдаар баатыр менен анимистик байланышта. Тотемдик белгиси – колдоочулук, коргоочулук; анимистик элементтери – көк жиберген рухий күч аркылуу байланышы бар.

Бир жаныбарда тотем менен табу белгилеринин аракатышын көрүүгө болот. Маселен, «Манас» эпосундагы балык – тотемдин да, табунун да белгисин алып жүрөт. 1) Аярлардын салгылашында согушту токтотуп антагонист аяр **баланы куткаруу** иретинде **балыкты берип, аман алып калуу;** 2) Илья Муромецтин зор көлөмдөгү Көк балыкты жеңип, этин Манастын колуна тартуу кылат. Тартууну алышканы менен **этине тийбестен** деңиз жээгиндеги орус элине таратып жиберишет.

Мифтик жандыктар кылыч куйрук, баяс, тайбас, куяс жаныбарларынын түпкү негизи бир, анын архетиптик модели – арстан. Жабыр баян мифтик жандыктын архетиптик модели – жолборс. J(c)abır – رباج – фарс тилинен коогалаң, кооптуу, коркунучтуу дегенди да билдирет[1]. Арстанга болгон тотемди бир учурда мифтешкен көз караш сүрүп чыгарып канаттуу арстан, кылыч куйрук баяс, жабыр баяны пайда болгон. И. Молдобаевдин «Манас» – историко-культурный памятник кыргызов» – деген эмгегинде төмөнкүчө пикир келтирген: «Не выяснено, каким образом появились в строках эпоса такие названия

[1] Devellioğlu, F. Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lugat [Текст]: энцикл. сөздүк 24. baskı / Ferit Devellioğlu. – Ankara: Aydın Kitabevi Yayınları, 2007. – 121 s.

неизвестных животных, как баяс, жабыр баян, кылыч куйрук и др»[1]. Биздин оюбуз боюнча жабыр мифтик жандыгынын ортого чыккан ареалы – Орто Азия чөлкөмүнө иран сөзү менен бирге тараган. Булардан элдик оозеки мифтик окуялар менен бирге эпикалык чыгармаларга сүңгүп кирген. «Манас» эпосундагы тотемдик белгини генетикалык талдоодо гана көрө алабыз. **Ал эми табунун элементтерин алардын орун алган сюжеттериндеги сүрөттөлүшүнөн байкоого болот. Айрым эпизоддордо каармандардын үрөйү учуп бир четинен коркуп турса, экинчиден коркуудан аны урматтоо жана ыйбаа көрсөтүү белгилери чагылдырылган. Бул табунун белгилери жана тотемдик белгилер бир кыйла катмар алдында калган.**

«Манас» эпосундагы куштардын көркөм чагылдырылышы сюжет ичинде көркөм параллелизмди; жөнөкөй жана татаал, салыштырмалуу жана ошондой эле өтмө параллелизмди камтыйт. Мисалы пейзаждык сүрөттөөдө куш жаратылыштын бир көрүнүшү болсо, ошол көрүнүш мотивдерде жаратылыштан келген жарчы, адам үчүн көктүн кабарчысы, каармандын психологиялык портретин баяндоодо адам менен руханий байланышта болгон анимистик биримдик. Бул өзөктүү, байыркы-мифологиялык параллелизм болуп саналат. Ал эми мотивдерде орун алган куштардын тотемдик белгилери «коргоочу», «колдоочу», «пир» катары кызмат аткарат. Эпикалык чөйрөгө тиешелүү болгон көчүп-конмо тотемдик параллелизмдердин бири. Ал бардык баатырдык окуяларда кездеше берет. Куштун мындай ыйыктыгы байыркы космогониялык мифке ылайык изин калтырышы

[1] *Молдобаев, И. Б.* «Манас» историко-культурный памятник кыргызов [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 93 с.

мүмкүн. Анткени дүйнөлүк мифтердин көбүндө куш көктөн учуп келип, дүйнөнү жараткан деп айтылат. Мисалы, 12-15-кылымда Жапон аралында Айн урууcу мына ушундай ишенимде жашаган. Жогорку дүйнөнүн ээси Пасе Камуй суу каптап турган жер жүзүнө ыйык кушту – Айн кушун жиберген. Ал зор канаттары менен каккылап, буттары менен челип отуруп кургакты жараткан. Адамдар жаралганда алардын колдоочусу жана жарчысы болуп калган[1]. Сибирь чөлкөмүнүн элдери дагы мына ушундай ишенимди кармануу менен башкачараак ой-түшүнүктү алып келишкен. Өрдөк, суу чулдук, ак куу төмөнкү дүйнөдөн келсе карга, бүркүт жогорку дүйнөдөн учуп келип Жер шарын жараткан имиш[2]. **Мындай байыркылыктын архетиптик моделин дагы «Манас» эпосунан көрүүгө болот эле, Алмамбеттин Ызгыч кушту айыктырып аман алып калышы, тагдырлаш экендигин түшүнүү жана аны ыйык саноо, Жакыптын түшүнө кирген бүркүттү баатырдын колдоочусу катары ыйык тутуу, Умай эненин куш сымал көктөн учуп келип наристени колдогону ж.б. Жыйынтыктап айтканда куш тотеминин сюжет ичинде кездешкен төмөнкүдөй параллелизмдерин кездештирүүгө болот:**

*Ыйык, өлтүргөнгө болбойт;*
*Жер шарына жарчы;*
*Адам баласына кабарчы;*
*Адам баласынын колдоочусу.*

[1] Мифы народов мира [Текст]: энцикл. в 2-х т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: НИ Большая Рос. энцикл., 1998. – Т. 1. – 43 с.

[2] *Бычков, Ю. А.* Птица как символ религиозно-мифологической системы традиционной культуре этносов Сибири [Электронный ресурс] / Ю. А. Бычков. – Тюмень, 2009. – С. 1-4. – Режим доступа:https://cyberleninka.ru/article/v/ptitsa-kak-simvol-religiozno-mifologicheskoy-sistemy-v-traditsionnoy-kulture-etnosov-sibiri – Загл. с экрана., 3 с.

Экинчи бөлүмдүн экинчи параграфында жаныбарларды тарыхый өңүттөн кароо менен дүйнөлүк мифологияга (түндүк индеец, корей, жапон, грек мифологиясы; түрк элдеринин мифологиясы) кайрылып алардын чагылдырылышын кол-өнөрчүлүктөн, тарыхый жазма булактарынан иликтөө болду. Комплекстүү изилдөөгө алуу менен **«Манас» эпосундагы ири жандыктардын орду жана дүйнөлүк маселени чагылдырган өзгөчөлүгү – байыркы тотем жаныбарларынын жана мифтик жандыктардын өзгөргөн формасында орун алышы. Алсак Асанаш жылкысы (Европа элдери, грек мифологиясы – единорог) «жалкы мүйүз» мифтик образды камтыйт, Алп кара куш (тектеш түрк элдеринде-Зымырык, перс-Демурх, кытай-Феникс) колдоочу тотемдик белгини алып жүрөт, карга (ителмендер, кутх, коряктар, куйкынаку, тлинкиттер-йел, кутх) кабарчы болсо, өрдөк (венгр-лебедиас, түндүк муз океан элдери, түндүк Америкалык индеецтердин айрым уруулары) тыңчы катары кызмат кылат.**

«Маадай Кара» эпосундагы күкүк Бай теректин үстүнкү бутагынан орун алган. «Манас» эпосунда Каныкей күкүккө окшоштурулуп сүрөттөлөт. Айрым түрк элдеринин ишениминде күкүк аруулуктун, тазалыктын символу. Кумайыкты багууда салт боюнча аруу, таза аялзаттын колуна багылышы керек эле. Манас Кумайыкты Каныкейге бакканы берет. Демек, күкүктүн тотемдик белгиси Каныкейдин образына көркөм параллелдүү чагылдырылган.

«Манас» менен «Эр Төштүк» эпосундагы Чынар терек, «Маадай Кара» эпосундагы Бай Терек, «Алтын Арыгдагы» куштар сайрап куурабай турган сыйкырдуу дарагы, «Огуз хандагы» дарактын кабыгынан кыпчактар

жаралган сыйкырдуу дарагы жана «Модун эр Сого-тохтогу» курмандык чалган дарагы, «Гэсэр» эпосундагы тэңэри (жандардын) дарагы – генеалогиялык жашоо дарагынын эпикалык варианттары, мифопоэтикалык модели. Жашоо дарагын курчап турган мифологемалар – жаныбарлар жана алардын тотемдик белгилери.

Манастын Чынар терекке айланышы жана аны жан-жаныбар жандашы Көк эгесинин жиберген бирден-бир түгөнгүс мурасы катары кыргыз элинин көз карашы болсо, экинчиден улуттук аң-сезимдин негизги мүнөзү катары да улуттук уюткуну чагылдырышы мүмкүн. Манастын Чынар терек катары айтылышы жөнөкөй эпикалык саптарда эле таасын айтылган. «Көкөтөйдүн ашында» Манас Кошойду күрөшкө түшүүгө көндүрүп жатканда намыс тууралуу сөз козголуп, баатырдын Кошойго айтып жаткандагы эпизоддо берилет:

*Оболоп чыккан чынармын,*
*Кош көрбөсө Кудурет*
*Омурулуп сынармын.*
*Азуусу болот арыстан*
*Ажыдаар керептир,*
*Ар бутагы алтындан*
*Асмандап чыккан теректир,*
*Ар канча айтсаң, Абаке,*
*Намыс эрге керектир!*[1]

Ал эми канаттуу куштардын генетикалык негизин билдирген тотемдик белгилер бир болгону менен эпостордо айырмачылыктар бар. Мисалы бүркүт, карга хакас-алтай

[1] Манас [Текст]: 9 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 85 б.

элинде жаман-жакшыны бирдей алып жүргөн канаттуу катары берилет. Тува жана буряттарда карга куткаруучу белгини берсе, кыргыздарда терс кейипкердин образын алган. Бүркүт эпосто коргоочу, колдоочу жана баатыр менен анимистик байланышта болгон. Бул белгилер ак шумкар кушуна, алп кара кушка да тиешелүү.

Эң негизги сюжеттерден баатырдын аты, кушу, ити жана колдогон жаныбарлары боюнча тектеш түрк элдеринин эпосторундагы баатырлардын атрибут жаныбарларына салыштырылды. Алардын окшоштук жана айырмачылыгын көрсөтүү менен бирге тарыхый генетикалык тамырын иликтеп «Манас» эпосундагы өзгөчөлүгү баса белгиленди. Жылкы, ит жана куштун түпкү негизи алгачкы тотемге барып такалат. Алардын элементтери «Манас» эпосунда сакталып калган. Биринчиден ат, ит жана куштун баатыр менен болгон анимистик байланыш элементин көрүүгө болот, экинчиден иттин кайыптан жаралгандыгы жана куштун көк жиберген жандоочусу, жылкынын баатыр менен жаны бир катары берилиши сыяктуу культтук элементтери бар. **Алтын арыг жана Көгүдей мерген атты согуш эрдиктеринде гана минишкен. Огуз хан атты уулдарына жер бөлүштүрүү сапарында гана пайдаланган. «Манас» эпосунда болсо, Манас төрөлгөн учурда эле Ак кула да бир убакта туулат (СОВ). С. Каралаевдин варинтында Кула бээ кулун тууп, Торучаар Манастын Ак куланы данга алмаштырып алганга чейинки минген аты болот. Бала менен кулундун анимистик байланышы бир убакта жарык дүйнөгө келүү мотиви аркылуу чагылдырылган.**

**Бөрү «Огуз ханда», «Манаста» колдоочулук милдет аткарса, «Алтын Арыгда» аңдыган душманы катары**

**пейзаждык сүрөттөөдө көрүнө калат. «Манас» эпосундагы кырк чилтендин бөрүгө кубулгандан кийинки бөрүнүн образы «тотем» катары берилет. Анткени үңкүргө барып жаныбарга жолугуу, андан колдоо алуу байыркы тотемге ишенүүдөн келип чыккан мотив.** Манасты (СОВ) же Алмамбет баатырды (СКВ) сүрөттөөдө көркөм каражат катары колдонулган бөрү сөзү башка түрк эпосторуна салыштырмалуу коргоочулук тотемдик белгини сактап калган. Ал подтекст катары берилип салыштыруу, эпитет катары поэтикалык тилдин көркөм каражатына айланган: «Көк жал Алмаң», «Бөрү көздүү Сыргак», «Бөрү Алмаң», «Бөрү Манас».

«Манас» эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы жана тотемдик белгилери боюнча төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

«Манас» эпосундагы тотем жаныбары – С. Орозбаковдун вариантында кырк чилтендин бөрүгө айлангандан кийинки бөрүнүн образы. «Манас» эпосундагы тотемдик белги – түш көрүү мотивиндеги бүркүт, керемет бойго бүтүүдөгү шердин этине талгак болуу, образдар системасындагы көркөм кызмат аткарган жаныбарлардын коргоочулук, колдоочулук милдеттеги тотемдик белгилери. Образды ачууда тотем жаныбардын сапатына окшотуп сүрөттөө – ички тотемдик белгини билдирет.

Манас баатырдын минген аты Ак кула, Кумайык, Ак шумкар менен анимистик байланышта. Манасты коргогон жана колдогон образдуу жаныбарлар: кара чаар кабылан, жолборс, арстан, бөрү, алп кара куш, сойлоочу ажыдаар баатыр менен анимистик байланышта. Тотемдик белгиси – колдоочулук, коргоочулук; анимистик элементтери – Көк Эгеси жиберген руханий күч аркылуу байланышы бар.

Умай эненин жана Кумайыктын архетиптик модели бир болушу мүмкүн, ал улуу куш – Кумай жору. Мифтик жандыктар кылыч куйрук, баяс, тайбастын архетиптик модели – арстан. Жабыр баян мифтик жандыктын архетиптик модели – жолборс.

«Манас» эпосундагы балык – тотемдин да табунун да белгисин алып жүрөт (Аярлардын согушундагы балык жана Илья Муромецтин Көк балыкты жеңип Манастын колуна тартуу кылышы, Кер балык, Адам балык, Төө балык, Асылгыям, Кер балык, Куш балык, Көк балык, Ача балык, Суушу куш балыгы, Өрт балыгы). Бир жаныбарда тотем менен табу белгилеринин ара-катышын көрүүгө болот.

Байыркы тотем канаттуу-куштарынын «Манас» эпосундагы көркөм параллелизми учурайт. Алар: Алп кара куш, Ызгыч куш, күкүк, бүркүт. Тотемдик белгилери:

*Ыйык, өлтүргөнгө болбойт;*
*Жер шарына жарчы;*
*Адам баласына кабарчы;*
*Адам баласынын колдоочусу.*

«Маадай Кара» эпосундагы күкүк Бай теректин үстүнкү бутагынан орун алган. «Манас» эпосунда болсо Каныкей күкүккө окшоштурулуп сүрөттөлөт. Түрк элдеринде жана кыргыз элинде күкүк аруулуктун тазалыктын символу. Кумайыкты багууда да салт боюнча аруу, таза аялзаттын колу керек болгон. Манас Кумайыкты Каныкейге бакканы берет. Демек, күкүктүн тотемдик белгиси Каныкейдин образына көркөм параллелдүү чагылдырылган.

«Маадай Кара» эпосундагы Бай Терек, «Манас» менен «Эр Төштүк» эпосундагы Чынар терек, «Модун эр согохтогу» курмандык чалган дарагы, «Гэсэрдеги» тэңэри (жандардын) дарагы, «Алтын Арыгдагы» куштар сайрап куурабай турган сыйкырдуу дарагы, «Огуз хан» эпосундагы дарактын кабыгынан кыпчактар жаралган сыйкырдуу дарагы – генеалогиялык жашоо дарагынын эпикалык варианттары.

«Манас» эпосундагы Манас өзү образдуу түрдө «жашоо дарагы» болушу мүмкүн. Анын бутунун алдында ажыдаар сойлойт, аны тегеренип кара чаар кабылан, жолборс, арстан, бөрү колдойт, көктөн алп кара куш коргойт. Түрк эпосторунда бул типтүү көрүнүш – жашоо дарагын жан-жаныбарлар курчап турат.

«Манас» эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы жана алардын тотемдик белгилери эпостун тилинин байышына көмөкчү болгон. Улуттук аң-сезимдин руханий калыптанышында активдүү роль ойногон. Анын эпосто архаикалык көз караштан тарта бүгүнкү күнгө чейинки катмарланган, ар тараптуу, улуттук маданий жана ишеним системасынын баалуу фольклордук эпикалык булагы катары орду терең.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

**Негизги булактар:**

1. **Манас** [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча; түз.: А. Жайнакова, А. Акматалиев. – Бишкек: Турар, 2010. – 1008 б.
2. **Манас, Семетей, Сейтек.** Орток вариант [Текст]: эпос. – Бишкек: Кыргызстан, 1999. – 775 б.
3. **Манас** [Текст]: эпос / Ш. Рысмендеевдин варианты боюнча; түз.: А. Жайнакова. – Бишкек: Газета KG, 2013. – 325 б.
4. **Манас** [Текст]: эпос / М. Мусулманкуловдун варианты боюнча; түз.: Ж. Өмүралиева. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 727 б.
5. **Манас** [Текст]: эпос / Б. Сазановдун варианты боюнча // түз.: З. Кулбаракова. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 666 б.
6. **Манас** [Текст]: эпос: 2 т. / кыскартылып бириктирилген вариант. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. – 1-китеп. – 434 б.
7. **Манас** [Текст]: эпос: 2 т. / кыскартылып бириктирилген вариант. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1959. – 2-китеп. – 405 б.
8. **Манас** [Текст]: 4 т. / Орозбак уулу С. варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1-китеп. – 400 б.
